КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА
МАДАНИЯТ МИНИСТРЛИГИ
К.ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ ЫСЫК-КӨЛ
МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

***МАМЫТОВ ЖУМАШ***

# Эскирген сөздөр менен диалектизмдердин лингвостилистикасы

КАРАКОЛ – 2002

ББК 81.2(Ки)
М-22
УДК 809.1(575.2)

Мамытов Жумаш

М-22 Эскирген сөздөр менен диалектизмдердин лингвостилистикасы (К.Тыныстанов атын.Ысык-Көл мамл.ун-ти). –Каракол, 2002 – 200 б.
ISBN 9967 – 423 – 13 – 7

**Жооптуу редактор:** КР УИАнын академиги, филология илимдеринин доктору, профессор Орузбаева Б.Ө.

**Рецензенттер:** филология илимдеринин доктору, профессор Усубалиев Б.Ш.;
филология илимдеринин доктору, профессор Иманов А.И.
И.Арабаев атындагы КМПУнун кыргыз тили кафедрасы (кафедра башчысы, профессор Ибрагимов С.И.)

Монография көркөм чыгармаларда экспрессивдүү сөз каражаттары катары колдонулган эскирген сөздөр менен диалектизмдердин семантикалык-стилистикалык табиятын талдоого арналат. Көркөм адабияттын тилинин адабий тил менен болгон карым-катышы, кыргыз адабий тилинин пайда болуу мезгили, шарты, анын диалектилик базасы ж.б. маселелер каралат. Тарыхый доордун колоритин түзүүдө эскирген сөздөрдүн образдык-эстетикалык кызматы талданат. Ошондой эле көркөм чыгармаларда диалектизмдердин аткарган стилистикалык функциялары мүнөздөлөт.

Монография илимий кызматкерлерге, жогорку окуу жайларынын окутуучуларына жана студенттерине, жалпы билим берүүчү мектептердин тил жана адабият мугалимдерине багытталат.

М 4602000000 – 02 ББК 81.2(Ки)

ISBN 9967 – 423 – 13 – 7
© ЫМУ, 2002

## КИРИШҮҮ

Жазуучунун жеке стилин, чыгармачылык устаттыгын туура түшүнүп, терең талдай билүү үчүн көркөм чыгарманын тилин иликтеп үйрөнүүнүн мааниси чоң. Анткени «тил болгон жерде стиль да бар» (М. Ауэзов). «Жазуучунун чыгармачылыгы, анын автордук жүзү, анын каармандары, темалары, идеялары жана образдары жазуучунун тили аркылуу жүзөгө ашырылат да, жалпы эле анын чыгармачылык жүзүн тили аркылуу гана аңдоого мүмкүн. Жазуучунун тилин жакшылап изилдебей, терең түшүнбөй туруп, анын стилин, поэтикасын, көз карашын аныктоо мүмкүн эмес. Ким жазуучунун чыгармаларынын текстинин өзүн, жазуучунун тилин жакшы билген жана терең үйрөнгөн болсо, ал аны ошончолук так аныкташы жана туура кабылдоосу мүмкүн», – деп жазган бул тууралуу академик В.В. Виноградов (1956: 6). Ошондуктан кыргыз көркөм адабиятынын, ошондой эле айрым жеке жазуучулардын тилин лигвистикалык аспектиде изилдөөнүн теориялык да, практикалык да зор мааниси бар. Атап айтканда, конкреттүү көркөм чыгарманын тилдик формасы менен анын идеялык мазмунунун, образдык системасынын ортосундагы биримдикти көрсөтүү, чыгармаларынын идеясын жана образдарын ачуу, аларды көркөмдөп берүү үчүн кыргыз жазуучуларынын эне тилдин тигил же бул катмарынан пайдалануудагы ийгиликтерин жалпылоо жана ошону менен бирге көркөм максат үчүн тилдик материалдарды тандап алууда айрымдарынын чыгармачылык практикасында кетирилип жүргөн кээ бир кемчиликтерди ачып көрсөтүү аркылуу жандуу адабий процесске көмөктөшүү сыяктуу маселелерди чечүү милдети кыргыз филологдорунун алдына коюлган учурдун маанилүү талаптарынан болуп эсептелет.

Көркөм чыгарманын жана жеке жазуучунун тили филологиянын эки тармагында – тил илиминде да, адабият таанууда да изилденет. Бирок бул экөө көркөм адабияттын тилине карата эки башкача мамиле кылат. Тилчи көркөм чыгарманын тилин изилдөөдө тилдик бирдиктерден жана категориялардан, алардын уюштурулушунан чыгарманын көркөм эстетикалык мазмунуна карай барса, анын тескерисинче, адабиятчы чыгарманын идеялык – көркөмдүк мазмуну тилдик каражаттар аркылуу кантип ишке ашкандыгын иликтейт. Мындайча түшүндүрүү жалпы жонунан туура болгон менен, бул маселе конкреттештирүүнү, тактоону талап кылат. Тилчи адабий чыгарманын мазмунуна канчалык даражада тереңдеп кире алат, ал эми адабиятчы үчүн изилдөөнүн башкы объектиси болгон чыгарманын идеялык-көркөмдүк мазмуну тил аркылуу кандайча жүзөгө ашырылат деген суроо ачык, так түшүндүрүлбөстөн, күңүрт бойдон калып келе жатат.

Кыргыз тил илими менен адабият таануусунда да бул сыяктуу ачык эместик, так эместиктердин болуп келе жаткандыгын эскерте

кетүүгө тийишпиз. Биринчиден, көркөм чыгарманын идеялык мазмуну менен аны берүүнүн тилдик көркөм каражаттары бири-бирине эриш-аркак болуп, формасы менен мазмуну диалектикалык биримдикте каралбай келе жаткандыгында. Экинчиден, жалпы элдик тилдин системасында көркөм адабияттын тилинин, көркөм кептин стилинин спецификалык маңызы ачылбай, «адабий тил» менен «көркөм адабияттын тили» деген түшүнүктөрдүн ортосуна ачык чек коюлбай, көркөм кептин стили менен адабий тилдин функционалдык стилдеринин өз ара карым-катышы так аныкталбай келе жатат. Ошол себептен изилдөөчүлөрдүн кээ бирөөлөрү көркөм чыгарманын текстине жергиликтүү элдик тилден (говорлор менен диалектилерден) кирип калган айрым элементтерден четтеп, аларды эч кандай далилсиз эле курулай жерий баштаса, экинчи бирөөлөрү диалектизмдерди ылгабай эле пайдалана берүүнү сунуш кылышат. Бири-бирине таптакыр карама-каршы, ошондой эле экөө тең туура эмес бул тенденциялардын көркөм чыгармачылык практикада да орун алып келе жаткандыгын байкоого болот. Үчүнчүдөн, тигил же бул көркөм чыгарманын идеялык-көркөмдүк мазмунун жана сюжеттик композициялык курулушун талдоого арналган адабият таануу мүнөзүндөгү эмгектерде, же көркөм сын мүнөзүндөгү макалаларда жазуучунун стилине жана тилине байланыштуу сөз болуп калса, адабиятчылар «адабияттын биринчи элементи» (М.Горький) болгон тилдин тереңине үңүлүп кирүүнүн ордуна, үстүртөн гана «чыгарманын тили» дегенге «көркөм», «элдик», «элпек», «жеткиликтүү», «түшүнүктүү», «жатык», «шыдыр», «так», «карапайым», «супсак», «чоркок» деген сыяктуу эч нерсени ачып түшүндүрүп бере албаган атрибуттарды, эпитеттерди жамоо менен чектелишет. Тилчи окумуштуулар болсо адабий чыгарманын жандуу көркөм текстинен сөздөрдү, сөз тизмектерин, сүйлөмдөрдү жулуп алышат да, аны кан-сөөлүнөн ажыратып, жалпы тилдик категориялардын, эрежелердин негизинде «анатомиялык анализ» жасап киришет. Көркөм чыгарманын тилин мындайча талдоонун «эң сонун» үлгүсү катары «Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү» (1983) аттуу китепчеге кирген Н. Шаршеев менен Б. Тойчубекованын макалаларын көрсөтүү жетиштүү болот го деп ойлойбуз. Ал макалаларда көркөм кептин бөлүнбөстүгүн, бүтүндүгүн эске албастан, көркөм сөз каражаттарын Н.Шаршеев (1983:74-84) сөз түркүмдөрү, зат атоочтун жөндөмө, сан категориялары, ат атоочтун түрлөрү, этиштин чактары боюнча «жиликтесе», Б. Тойчубекова (1983:109-146) көркөм чыгармада колдонулган жөнөкөй сүйлөмдөрдү жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, буйрук сүйлөм, илептүү сүйлөм, бир составдуу, эки составдуу сүйлөм, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч, каратма, кириндi жана сырдык сөздөр деп синтаксиске тийешелүү бардык категориялар боюнча бөлүштүрүп, алардын ар биринин адабий чыгармада көркөм каражат катары кызмат кылаары кыргыз жазуучуларынын

чыгармаларынан алынган көптөгөн мисалдардын негизинде далилдөөгө өтө ынтызарлык менен аракет жасаган.

Жалпы лингвистикалык адабиятта бул маселелер жаңыдан коюлуп, көркөм адабияттын тилин изилдөөдөгү так эместиктер, ачык эместиктер азыр эле белгиленип жаткан жери жок. Бирок бул маселелер али күнгө чейин тактоону талап кыла турган, толук бир бүтүмгө келип, аталган түшүнүктөрдүн чектери ачык ажыратылып, изилдөөнүн илимий так методдору иштелип чыга элек маселелерден болуп эсептелет. Ошондуктан бул тууралуу академик В.В.Виноградов: «Лингвистикалык жана адабият таануу дисциплиналарынын катарында жазуучунун тили, көркөм адабияттын тили жөнүндөгү илимдин алган ордунун анык эместиги, жазуучунун жекече «тилинин» (стилинин) бүтүндөй көркөм адабияттын тилине карата жана жалпы адабий тилдин стилдерине карата катышы жөнүндөгү маселени түшүндүрүүдөгү так эместик, **стиль** деген сөздү көп түрдүү мааниде колдонуу – ушулардын бардыгы адабий көркөм чыгармага лингвистикалык талдоо жасоонун ыкмаларындагы келишпегендикке, туруксуздукка жана адабиятты стилистикалык жактан изилдөөнүн максатын тар мааниде, көпчүлүк учурда карама-каршы мааниде түшүнүүгө таасирин тийгизген жана азыркыга чейин таасирин тийгизип да жатат», - деп белгилеген (1959:50).

Көркөм чыгарманын тилин жана андагы тилдик каражаттарды лингвистикалык планда жана адабият таануу планында изилдөөнүн максатына жана милдеттерине жараша төмөнкүдөй типтери бар (Березин Ф.М., Головин Б.Н., 1979:32-36):

1) Көркөм текстте колдонулган тилдик бирдиктер, категориялар менен жалпы эле тилдеги ошол бирдиктердин, категориялардын ортосундагы бөтөнчөлүктөрдү аныктоо, көркөм адабиятты тейлөөчү кептин тилдик курамын жана тилдик түзүлүшүн билүү максатындагы **элементтик – системалуу (тилдик) изилдөө** тиби. Мындай изилдөөнүн предмети деп төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот: Көркөм текстте колдонулган тилдик каражаттар, ал каражаттардын системалары менен жалпы тилдеги ошондой эле каражаттардын, алардын системаларынын ортосундагы өз ара мамилелер; көркөм кептин тилдик – структуралык типтери, аларды түзүүчү элементтер жана алардын түзүлүш өзгөчөлүктөрү.

Көркөм кепти жана андагы тил каражаттарын элементтик – системалуу изилдөөгө мисал катары «Алыкул Осмоновдун поэзиясынын тили», «Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын тили», «Түгөлбай Сыдыкбековдун романдарындагы эскирген сөздөр», «М. Абдукаримовдун «Жашагым келет» романындагы диалектизмдер», «Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы фразеологизмдер» ж.б.у.с. темаларды көрсөтүүгө болот.

2) Көркөм кепте колдонулган тил каражаттарын башка функционалдык стилдерде, жанрларда, адабий агымдарда, багыттарда, айрым авторлордун стилдеринде колдонулган тил каражаттары менен, ошондой эле көркөм кептин тилдик курамын, тилдик структурасын башка кеп стилдеринин тилдик курамы, тилдик структурасы менен салыштырып, алардын ортосундагы бөтөнчөлүктөрдү аныктоо үчүн тексттик (стилдик) изилдөө тиби талап кылынат.

Мында белгилүү бир чыгармада колдонулган, же белгилүү бир автор колдонгон тилдик бирдиктер, категориялар менен башка бир чыгармадагы, башка автордогу бирдей аталган тилдик бирдиктер, категориялар салыштырылып изилденет. Ошондой эле бир автордун же чыгарманын тилинин структурасы да салыштырылып изилдениши мүмкүн. Ошентип, негизинен кепти жана андагы тил каражаттарын стилдик жактан изилдөө дайыма салыштырмалуу болот. Изилдөөнүн мындай тибине мисал катары «К. Жантөшев менен Т. Сыдыкбековдун романдарынын лексикалык структурасын салыштырып изилдөө», «Ч.Айтматовдун прозалык публицистикалык жана драматургиялык чыгармаларындагы сөз маанилеринин образдуулугу», «Көркөм, публицистикалык жана илимий чыгармалардын тилиндеги жөнөкөй сүйлөмдөргө салыштырма байкоо жүргүзүү», «А. Токомбаевдин прозасындагы жана поэзиясындагы этиш сөздөрдүн кептик бөтөнчөлүктөрү», «Б.Сарногоев менен Т.Кожомбердиевдин поэзиясындагы оозеки-сүйлөшүү лексикасынын колдонулуш өзгөчөлүктөрү», «Т.Касымбеков менен Ш.Абдрамановдун чыгармаларындагы диалектилик лексиканы колдонуудагы айырмачылыктар» ж.б.у.с. темаларды көрсөтүүгө болор эле. Тилекке каршы, кыргыз тил илиминде мындай типте бир да изилдөө иши жүргүзүлө элек.

3) Кепти жана андагы тил каражаттарын стилистикалык жактан изилдөө көркөм чыгарманын мазмунуна жараша ар кандай тилдик бирдиктердин жана категориялардын образдык-эстетикалык функцияларын жана мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо; көркөм тексттин мазмунуна байланыштуу кептин тилдик структураларынын образдык-эстетикалык жактан аракеттенүүсүн жана ага көз карандылыгын аныктоо. Бул учурда изилдөөнүн предмети болуп көркөм тексттин кептеги тил каражаттарынын жана тилдик структураларынын ошол тексттин мазмунуна карата, айрым авторлордун чыгармачылыгынын, адабий мектептер менен багыттардын, көркөм адабияттын жанрларынын жана башкалардын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө карата мамилелери эсептелет. Мында кепте колдонулган тилдик каражаттардан, кеп тизмегиндеги алардын уюштурулушунан (жайгаштырылышынан) чыгарманын идеялык-көркөмдүк мазмунуна карай баруу менен «тилдик форманын» адабий

мазмунга көз карандылыгы жана адабий мазмундун тилдик бирдиктердин жана категориялардын аткарган кызматына тийгизген таасирлери аныкталат. Бул багыттагы изилдөөлөргө мисал катары «С.Эралиевдин лирикасында татаал сүйлөмдүн интонациясынын таасирдүүлүк функциясы», «Тарыхый доордун колоритин түзүүдө эскирген сөздөрдүн образдык-эстетикалык кызматы», «Элет турмушун сүрөттөөдө диалектизмдердин көркөм каражат катары колдонулушу», «Ай, күн, жылдыз, нур, жаз сөздөрүнүн сүйүү лирикасындагы эстетикалык ролу» деген сыяктуу проблемалык маселелерди сунуш кылууга болор эле. Көркөм чыгарманын тилин изилдөөдө бул сыяктуу темалар да окумуштуулардын көңүлүн анчейин өзүнө бура элек.

4) Көркөм кепте колдонулган тил каражаттары, айрым авторлор тандап алган (же өздөрү жараткан) кеп структуралары менен адабий тилдик норманын, мезгилдин эстетикалык идеалынын, адабий методдун, багыттын, жанрдын эстетикалык талаптарынын ортосундагы дал келүү даражасын баалоо көркөм адабияттын тилин **нормативдик – сын көз менен карап изилдөөнүн** милдетине кирет. Бул учурда изилдөөнүн предмети болуп көркөм чыгарманын тилдик каражаттарынын адабий тилдин нормасына карата мамилеси, жазуучунун кебинин тилдик структурасынын эстетикалык идеалга карата мамилеси эсептелет. Көркөм чыгарманын тилин мындайча изилдөө кыргыз тил илиминде жана адабият таануусунда али колго алына элек маселелерден. Бирок ал мүмкүн жана келечекте жүзөгө ашырууга болот. Мындай изилдөө көркөм адабияттын сапатын жакшыртууга активдүү көмөк көрсөтмөк. Ушул багытта төмөнкү сыяктуу болжолдуу темаларды сунуш кылууга болор эле: «А.Токомбаевдин көркөм тили жана XX кылымдын биринчи жарымындагы адабий тилдин нормасы», «К. Тыныстановдун көркөм чыгармаларынын тили жана анын кыргыз жазма адабий тилинин нормасынын калыптанышына тийгизген таасири». «Т. Касымбековдун романдарындагы адабий тилдик нормадан четтөөлөрдүн максатка ылайыктуулугу», «К. Жантөшевдин көркөм тили жана 50-жылдарга чейинки кыргыз окурмандарынын эстетикалык табити», «Ч.Айтматовдун кийинки романдарынын тили жана XX кылымдын аягындагы тилдик табит» ж.б.

5) Кептеги тилдик каражаттарды жана алардын уюштурулушун **адабият таануу максатында изилдөө** өз алдына адабий образ, же мүнөз түзүүдө тилдик каражаттардын катышын аныктоо, ошондой эле чыгарманын идеялык-эстетикалык мазмунун ачууда кеп структурасынын таасирин аныктоо милдеттерин коет. Бул учурда изилдөөнүн предмети болуп образдын, мүнөздүн, чыгарманын идеялык-эстетикалык мазмунунун тил каражаттарына жана кеп структураларына карата мамилеси эсептелет. Бир караганда, көркөм чыгарманын мазмунунан аны туюнтуунун каражаттарына карай баруу

жолу бардык эле адис филологдорго белгилүү болгон сыяктуудай көрүнгөнү менен, кыргыз адабият таануусунда «Ыманбайдын образын түзүүдө тилдик каражаттардын катышы», «Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы көркөм образдарды жаратууда лексикалык жана фразеологиялык каражаттардын катышы», «Акын Жолон Мамытовдун поэзиясынын тилинин лирикалык каармандын образын берүүгө тийгизген таасири» деген сыяктуу атайын изилдөөлөр али аздык кылат.

Кыскасы, жогоруда белгилүү болгондой, көркөм адабияттын тилин изилдөө тил илиминин алдына да, ошондой эле адабият таануу илиминин алдына да ар биринин өз-өзүнө тиешелүү, ошол эле учурда экөөнө тең катышы бар көптөгөн проблемаларды коет.

Козголгон маселени ар тараптан изилдеп, коюлган проблеманы дароо эле чече коюу бирди-жарым окумуштуунун колунан келе турган оңой-олтоң иш эмес. Ал элдин жана тилдин тарыхы менен, адабият теориясы жана практикасы менен, тил илиминин грамматика (морфология, синтаксис), фонетика, фонология, лексикология, фразеология, стилистика, диалектология, орфография, пунктуация ж.б. сыяктуу толуп жаткан жактары менен чиеленише байланышкан. Ал үчүн көптөгөн окумуштуулардын (тилчилер менен адабиятчылардын), көркөм сөз чеберлеринин (жазуучулар менен акындардын) биргелешкен күч-аракеттери талап кылынат, узак убакыттар зарпталат. Аталган проблемага арналып көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлүп, ондогон, жүздөгөн илимий макалалар, монографиялык эмгектер жазылары бышык.

Сунуш кылынып жаткан эмгек көркөм адабияттын тилине тиешелүү болгон көптөгөн маселелердин ичинен көркөм чыгармаларда экспрессивдүү сөз каражаттары катары колдонулган эскирген лексика менен диалектизмдердин семантикалык-стилистикалык табиятын талдоого арналат.

Бул эки башка лексикалык каражатты бир изилдөөнүн объектиси катары кароонун себептери төмөнкүчө:

- Эскирген сөздөр да (историзмдер менен архаизмдер), диалектизмдер да азыркы жазма адабий тилдин сөздүк курамынын периферииясында турат. Алар оозеки жана жазма кепте тең сейрек колдонулат жана карым-катнаш жасоодо, пикир алышууда көмөкчү кызмат аткарат.

- Алардын экөө тең, стилистикалык жактан алганда, бейтарап лексикадан айырмаланып, экспрессивдүү-эмоционалдуу лексиканын катарына кирет. Ошондуктан алар адабий тилдин функционалдык стилдери (илимий, публицистикалык, официалдуу-иш кагаздарынын стилдери) үчүн анчалык зарыл эмес болсо, көркөм сүрөттөөнүн жандуу булагы катары жазма адабий чыгарма үчүн өзүнчө бир эмоционалдуу-экспрессивдүү катмарды түзүп, өтө зарыл каражат катары кызмат кылат.

Эскирген сөздөр да, диалектизмдер да көркөм чыгармада белгилүү бир доордун тилдик, же адабий агымдын стилдик өзгөчөлүктөрүн, же кайсы бир аймакка, социалдык катмарга тиешелүү адамдардын оозеки-сүйлөө кебинин өзгөчөлүктөрүн элестетүүчү, көз алдыга келтирүүчү адабий ыкманын – стилдештирүүнүн каражаты катары колдонулат. Тилди стилдештирүү аркылуу жазуучу өткөн тарыхый доордун, кайсы бир өлкөнүн, тигил же бул аймактын жергиликтүү колоритин түзүүгө жетишет, ошондой эле каармандардын кебинин индивидуалдуулугун көрсөтө алат.

- Тилдеги өнүгүү дайыма эле бир кылка боло бербейт, бир эле тилдин ар башка формаларында (мисалы, адабий тилде жана диалект, говорлордо) тилдик өнүгүүнүн ар башка этабындагы көрүнүштөрү бир учурда жашап калышы ыктымал (мисалы: ад.т. *ээ*//диал. *эге*//б.түрк. *egд*, *igд*, ДТС, 165, 204-б.; ад.т. *тоо*//диал.*тоw*//*таЃ*//б. түрк. *тay*, ДТС, 526-б.; ад.т. *боо*//диал. *баЃ* (*белбак*)//б. түрк. *вay*, ДТС, 77-б., ад.т. *муун*//диал.*буун*//б. түрк *воуп*, ДТС, 109-б.; ад.т. *мурун*//диал. *бурун*//б. түрк. *вurип*, ДТС, 126-б.; ад.т. *буудай*//диал.*бугдай*//б. түрк. *вuƴ‘ai*, ДТС, 120-б.).

Ошондуктан айрым бир сөздөр адабий тилде эскирүүгө дуушар болуп, колдонуудан чыгып, архаизмге айланып кеткен менен, жергиликтүү диалект, говорлордо жашоосун уланта берүүсү мүмкүн, б.а. адабий тил үчүн «эскирген» деп эсептелген сөз ошол эле учурда диалектилик сөз катары жашап кала берет. Мындай учурда аларды диалектилик фактыбы, же эскирген сөзбү, ажыратууга мүмкүн болбой да калат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **эскирген сөздөр** менен **диалектизмдерди** бир темага бириктирип, аларды көркөм чыгармадагы стилдештирүүнүн каражаты катары бир проблемага байлап карагандыгыбыздын себеби ушул болду.

Көркөм чыгарманын тилинин курулуш материалы болуп тилдин лексикалык каражаттары: моносемия менен полисемия кубулуштары, омоним, синоним, антоним сөздөр, төл сөздөр менен сырттан кирген сөздөр, эскирген сөздөр менен жаңы сөздөр, жалпы тилдик лексика менен диалектилик лексика, профессионализмдер менен жаргонизмдер, арготизмдер, ал гана эмес, вульгаризмдер, варваризмдер да, оозеки лексика менен китептик лексика, фразеологизмдер менен идиомалык туюнтмалар, айтор, көркөм чыгарманын темасына, идеялык маани – маңызына, сюжеттик негизине, композициялык түзүлүшүнө, образдык системасына жараша бардык сөз байлыктары бүтүндөй кызмат кылат. Кыргыз тилинин жогоруда саналып өткөн лексикалык сөз байлыгынын ичинен эскирген сөздөр менен диалектизмдерге кыргыз жазма адабиятынын фактысында көркөм сүрөттөө каражаты катары лингвостилистикалык

иликтөө жүргүзүп, алардын семантикалык-стилистикалык функцияларын аныктоону негизги максат кылып койдук.

Бул максатты ишке ашырыш үчүн төмөндөгүдөй маселелерди чечүү милдеттери коюлду:

- Көркөм чыгарманын тили менен адабий тилдин карым-катышын аныктоо. Бул маселени аныктоо үчүн «адабий тил» деген түшүнүктү тактап алуу зарылчылыгы келип чыгат. Ал эми бул түшүнүк мыйзамдуу түрдө кыргыз адабий тили качан, кандай шартта түзүлдү, кыргыз эли улут болуп калыптанганга чейин адабий тили бар беле? деген суроолорго барып такалат;

- Улуттук адабий тилдин кептик катнашуунун «адабий эмес» формаларынан болгон өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

- Көркөм адабияттын тилинин адабий тилдин функционалдык стилдерине карата болгон мамилесин аныктап көрсөтүү;

- Эскирген сөз жөнүндөгү жалпы маселени, анын түрлөрү – историзм, архаизм жана хронизмдердин ортосундагы жалпылыктарды жана айырмачылыктарды, алардын бөлүнүштөрүн аныктоо, тактоо;

- Көркөм адабияттын тилин стилдештирүү, стилдештирүүнүн максаты, стилдештирүү менен колориттин ортосундагы өз ара мамиле, стилдештирүүнүн ыкмалары жана принциптери, анын түрлөрү жана каражаттары деген сыяктуу маселелерди чечүү;

- Тарыхый доордун көрсөткүчү катары историзмдердин тилди тарыхый стилдештирүүдөгү семантикалык–стилистикалык табиятын конкретүү тарыхый көркөм чыгарманын фактысында ачып көрсөтүү;

- Көркөм чыгарманын фактысында архаизмдерди өткөн доордун тил өзгөчөлүгүн берүүнүн каражаты катары сыпаттоо;

- Тарыхый көркөм чыгармада эскирген сөздөрдүн маанилерин чечмелөөнүн ыктарын ачып көрсөтүү;

- Автордук баяндоо менен каармандын кебинин ортосундагы өз ара карым – катышты чечмелеп көрсөтүү;

- «Диалектилик сөз», «диалектилик лексика» жана «диалектизм» деген терминдердин түшүнүктөрүн тактап аныктоо, диалектизмдерди түрлөргө бөлүштүрүү;

- Жергиликтүү колоритти берүүнүн стилистикалык каражаты катары кыргыз жазуучуларынын, акындарынын көркөм чыгармаларынын фактысында диалектизмдердин семантикалык–стилистикалык табиятын ачып көрсөтүү, диалектизмдерди колдонуунун принциптерин, колдонуу ыкмаларын аныктоо;

- Кыргыз адабиятынын практикасында көркөм сүрөттөөнүн каражаты катары диалектизмдерди пайдаланууда кетирилген айрым кемчиликтердин себептерин ачып көрсөтүү.

## I БАП
## КӨРКӨМ АДАБИЯТТЫН ТИЛИ МЕНЕН АДАБИЙ ТИЛДИН КАРЫМ-КАТЫШЫ

Көркөм адабияттын тилине байланыштуу башка маселелер жөнүндө сөз козгоодон мурда, кыргыз элинин жалпы улуттук адабий тилинин калыптанышы жана өнүгүш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, «адабий тил» жана «көркөм адабияттын тили» деген түшүнүктөрдүн ортосундагы карым-катышты, алардын адабий эмес тилдик каражаттарга карата болгон мамилелерин аныктап алуу зарыл.

Академик В.В. Виноградов: «Адабий тил – тигил же бул элдин, кээ бир учурда бир нече элдин да, жазуусунун жалпы тили – көбүнчө жазуу жүзүндө, кээде оозеки түрдө да берилген расмий - иштиктүү документтердин, мектепте окутуунун, жазуу түрүндө турмуштук катнашуунун, илимдин, публицистиканын, көркөм адабияттын, маданияттын бардык көрүнүштөрүнүн тили", -деген аныктама берип келип, андан ары адабий тил сыяктуу өтө эле ар башкача түшүндүрүлүп келе жаткан тилдик көрүнүштү табуу кыйын экендигин белгилеген. Биреөлөрү адабий тил дегенди сөз чеберлери, жазуучулар тарабынан "жакшыртылган" жалпы элдик тил деп түшүнүшсө, экинчилери адабий тилди оозеки кепке, сүйлөшүү тилине каршы турган жазуу тили, китептик тил деп эсептешет. Үчүнчүлөрү адабий тил дегенибиз белгилүү бир эл үчүн жалпы мааниге ээ болгон, диалект жана жаргондордон айырмаланган тил болот деген пикирлерин айтышат. Бул көз карашты жактагандар адабий тил жазууга чейин эле элдик оозеки чыгармачылыктын тили катары жашашы мүмкүн деп далилдешет (Виноградов В.В.,1978:288).

«Адабий тил», адабий тилдин «жазма тил» менен «оозеки тилге» карата болгон катышы, кыргыз адабий тилинин пайда болуу мезгили, шарты, анын диалектилик базасы жөнүндөгү маселеде кыргыз тил илиминде, ал гана эмес, бир эле изилдөөчүнүн ар башка эмгектеринде ырааттуу бир пикирге келген көз караш жок.

Кыргыз адабий тилинин пайда болуш, калыптаныш, өнүгүш проблемаларына арнап бир нече илимий макалаларын жазган окумуштуу профессор К.К. Сартбаевдин эмгектеринде кыргыз адабий тилинин эле эмес, жалпы эле «адабий тил» деген түшүнүк боюнча да анын көз карашынын ырааттуу эместиги байкалат. Тактап айтканда, эмгектеринин бир жеринде адабий тил болуш үчүн жазманын болушу милдет эмес деген пикир айтылат: «Жазма жок болсо да, адабий тилдин болушу мүмкүн, оозеки сүйлөшүү речинде ...» (Сартбаев К.К., 1972: 206). Бул жерде К.К.Сартбаевдин пикири академик

Л.В.Щербанын: «адабий тил» менен «жазма тил» деген түшүнүктөрдү чаташтырбай, так ажырата билүү керек, ар бир жазма тил адабий тил боло алат, бирок адабий тилдин жазма тил болушу милдет эмес. Мунун ачык мисалы болуп чечендик сөздүн ар кайсы түрлөрү эсептелет. Ошондой эле буга элдик чыгармачылыктын бардыгы (жомоктор, частушкалар, жөнөкөй эле аңгемелер, анекдоттор да) кирет», (Щерба Л.В., 1957: 115) -деген пикири менен үн алышып турат. К.К. Сартбаев кыргыз адабий тилинин пайда болушун да ушул өңүттөн караган учурлары бар: «Оозеки адабият жазма адабияттын өнүгүшүнө өзүнүн таасирин тийгизет. Бул жагынан **кыргыздын элдик чыгармаларынын тили адабий тилге жатат**» (Сартбаев К.К., 1983: 201) (астын сызган – Ж.М.). «Кыргыздар оозеки чыгармаларга бай, анын «Манас» эпосу - көлөмү жагынан дүйнөдө теңдешсиз уникалдуу чыгарма. Ошондой эле кенже эпостор, элдик ырлар, макал-лакаптар, жомоктор, табышмактар ж.б. чыгармалардын түрлөрү көп. **Мына ошол элдик чыгармалардын тили жалпы элдик адабий тил болуп эсептелет**» (Сартбаев К.К., 1979: 132) (астын сызган – Ж.М.). Ошол эле эмгектеринде адабий тилдин пайда болушун жазма менен байланыштырып карайт. «Адабий тил» деген түшүнүк биринчи кезекте «көркөм адабияттын тили» деген түшүнүктү ичине алат. Мына ошондуктан адабий тилди кээде «жазма тил» же «китеп тили» деп атап, оозеки сүйлөшүү тили менен карама-каршы салыштырышат.

«Адабий тил» элдин жазуу маданиятынын өнүгүшүнө тыгыз байланыштуу» (Сартбаев К.К., 1979: 127). «Адабий тил деген түшүнүк адатта жазма менен байланыштуу. Бул жагынан алганда, адабий тил - жазма адабият аркылуу тиешелүү нормалары, стилдик тармактары такталган, калыпка салынган коомдук функциялары кеңири орун алган байланыш куралы». (Сартбаев К.К., 1979: 128). «…адабий тилдин пайда болушу, калыптанышы, андан ары өнүгүшү сыяктуу маселелердин бардыгы жазуу менен, жазуудан пайдалануу менен байланыштуу» (Сартбаев К.К., 1972: 207). «Жазма тил – адабий тилдин калыптанышынын негизги белгиси» (Сартбаев К.К., 1972: 209). «Кыргыз тили совет бийлигинин жылдарында гана жазма адабий тил катарында калыптанууда» (Сартбаев К.К., 1970: 213). Ушундай эле мазмундагы пикирлерин К.К. Сартбаев «Языковедение в Киргизии» (1985) деген эмгегинде да кайталайт (автордун оюн тагыраак бериш үчүн цитаталар орусча берилди): «Национальный период развития киргизского языка занимает особое место в процессе формирования и развития литературного языка …». «Киргизский язык относится к числу младописьменных, ибо как литературный язык он свое

подлинное развитие получил лишь в советское время» (Сартбаев К.К., 1985: 9). «Литературный язык – прежде всего письменный язык народа, язык школьного обучения, официально-деловых документов, письменно - бытового общения, науки, художественной литературы, публицистики, всех проявлений культуры и общественной жизни» (Сартбаев К.К., 1985: 10) - деп келет да, андан ары автор: «Киргизский литературный язык дореволюционного периода не имел и не мог иметь такой письменной традиции. Поэтому общенародный киргизский язык со времени создания национальной письменности сразу начал выполнять функции письменного литературного языка» (Сартбаев К.К., 1985: 10) –деген пикирин улантат. Бул цитатадан көрүнүп тургандай, жалпы элдик кыргыз тили революциядан мурунку мезгилде деле адабий тил формасында жашап, улуттук жазмасынын түзүлүш мезгилинен тартып жазма адабий тилдин милдетин аткарып калгандай ой берилген. Мейли, буга макул дейли. Анда китептин ошол эле бетинде: «Литературный язык в отличие от устного разговорного языка, от диалектов, характеризуется нормативностью. Его нормы обязательны для всех, кто на нем говорит», -деген туура пикир бар. Эгер андай болсо, революциядан мурдагы жалпы улуттук (элдик) жазмасы болбогон тилде адабий норманы кантип калыптандырууга, аны кантип сактоого болот? Ал норманын ошол тилде сүйлөгөндөрдүн бардыгы үчүн милдеттүүлүгүн кантип камсыз кылууга болор эле? Биздин пикирибизче, оозеки сүйлөшүү тилинде, диалектилерде бардыкка бирдей адабий норманы сактоого эч мүмкүн эмес. «Формирование киргизского письменного литературного языка и его всестороннее нормирование было невозможно без создания национальной письменности», -деп туура пикир айтат К.К. Сартбаев ошол эле китебинин дагы бир жеринде (1985:44).

Кыскасы, К.К. Сартбаевдин сөз болуп жаткан маселе боюнча айткандарынан кандайдыр бир бүтүмгө келген бирдиктүү түшүнүктү алууга мүмкүн эмес.

Кыргыз адабий тилинин пайда болуу мезгили жөнүндө академик Б.М.Юнусалиевдин көз карашы белгилүү даражада ырааттуу, далилдүүрөөк берилген. Бирок анда да бир маанилүү эмес. 1954-жылы жарыяланган «Кыргыз адабий тилинин маанилүү маселелери» аттуу илимий макаласында: «Адабий тилдин чыгышы басма адабиятка, басма сөзгө тыгыз байланыш. Революцияга чейинки жергиликтүү диалектилердин негизинде жаңы эле пайда боло баштаган (Түндүктө Тоголок Молдо жана башкалар, Түштүктө Молдо Нияз ырчынын кол жазмалары) азын-оолак кол жазма адабият, ыңгайлуу тарыхый шарттар болбогондуктан, жалпы элдик адабий тилдин түзүлүшүнө

алып келе албады ... Улуу Октябрь революциясы кыргыз элин басма сөз менен кошо адабий тилге да ээ кылды ... 1924-жылы чыга баштаган тарыхта кыргыз тилиндеги басма сөздүн туңгучу – «Эркин-Тоо» (азыркы – «Кызыл Кыргызстан» – «Советтик Кыргызстан») газетасы кыргыз советтик басма адабиятты учурган уя болуу менен катар, адабий тилдин түзүлүшүнүн да биринчи кирпичтерин койду», (Юнусалиев Б.М., 1954: 318) -десе, 1962-жылкы «Адабий тилибиздин диалектилик базасы жөнүндө» деген макаласында жогорку айтылган пикири андан ары дагы конкреттештирилип: «Адабий тил» деген түшүнүк бардык түрдөгү адабияттын тилине, ошонун ичинде оозеки жана жазма адабияттын, илимий жана техникалык адабияттын, күндөлүк басма сөздүн жана официалдуу канцеляриялык иш жүргүзүүнүн тилине колдонулат. Адабияттын бул түрлөрүнөн революцияга чейин оозеки чыгармачылык кең орун алып, көркөм адабият кол жазма түрүндө гана (мисалы, Тоголок Молдо, Молдо Нияз ырчы ж.б.) пайда боло баштаган эле. Фольклордук эстеликтер да, бирин-эки кол жазмалар да жергиликтүү диалектилик тилде түзүлүп, элге тараган. Элдин кылымдар бою башынан өткөргөн окуяларын эске салган «Манас» сыяктуу сүйүктүү эстеликтери, эмгекчилердин муң-зарын ырдаган Токтогул сыяктуу төкмө акындардын чыгармалары, айрым кол жазмалар диалектилик (жергиликтүү) тилде жашаса да, алар элге тез жана кең таралышы аркылуу диалектилерди бири-бирине жакындатууда, жалпы элдик тилдин иштелип чыгыш процессин тездетүүдө баа жеткис роль ойногондугун эске албай коюуга болбойт. Бирок бул – саясий бирдиксиз, бытыранды элдин феодалдык-патриархалдык доорунa туура келген тар маанидеги, төмөнкү баскычтагы адабий тили эле.

Жогорку баскычтагы жалпы элдик адабий тилдин түзүлүшү Улуу Октябрь революциясына, анын натыйжасында кыргыз элинин бирдиктүү улутка айланышына байланыштуу», (Юнусалиев Б.М., 1962: 342) - деп, мурдагы көз карашына бир кыйла өзгөртүү киргизген. Көрүнүп тургандай, баса белгиленбесе да, адабий тил (мейли, төмөнкү баскычта болсун) оозеки адабият аркылуу, бирди-жарым кол жазма түрүндөгү көркөм чыгармалар аркылуу да түзүлүшү мүмкүн деген пикир айтылып жатат.

Ал эми кыргыз элинин маданиятын изилдеген окумуштуулардын бардыгы дээрлик революцияга чейин кыргыздар тутап сабатсыз болуп, эч кандай жазуудан пайдаланган эмес, оозеки чыгармачылыгы гана өнүккөн деген пикирди айтышкан. Мисалы, тарыхчы А.Каниметов кыргыз элинин маданияты жөнүндөгү макаласында: «Кыргыздардын оозеки чыгармачылыгында он миңден ашуун

эпикалык чыгармалары бар; жазуусу болбогондуктан, анда бардык маанилүү окуялар, турмуш-тиричиликтин жана коомдук ой-пикирдин бардык кыймыл-аракети чагылдырылган; революцияга чейин кыргыз тилинде бир да китеп жана газета басылып чыккан эмес, эл туташ сабатсыз болгон» (Каниметов А., 1962: 290-291) –деп жазса, С.С.Данияров Октябрь революциясынын алдындагы кыргыз элинин маданиятынын ал-абалы жөнүндө «Революцияга чейинки мезгилдерде өзүнүн жазуусу, демек, басма адабияты болбогон кыргыз элинин рухий маданиятында негизги орунду жанры жана формасы жагынан укмуштуудай бай жана ар түрдүү оозеки-поэтикалык чыгармачылык ээлеген», (Данияров С.С., 1983: 60) –деп мүнөздөйт. Ошону менен бирге эле С.С. Данияров XIX кылымдын аягы менен XX кылымдын башында Кыргызстанда пайда болгон жазгыч акындардын алгачкы кол жазма түрүндөгү чыгармаларын да белгилеп кеткен. Бирок Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин кол жазма түрүндөгү чыгармалардын саны өтө эле аз болгон жана дээрлик туташ сабатсыз кыргыз элинин адабиятынын негизги формасы болуп оозеки эпикалык жана лирикалык поэзия кала берген – деп көрсөтөт (Данияров С.С., 1983: 65).

Кыргыз жазуусу жөнүндө С.С. Данияров - айрым жергиликтүү илимпоздордун эмгектеринде Совет бийлиги орногонго чейин эле кыргыздардын өзүнүн улуттук жазуусу болгон деген сыяктуу эч бир негизсиз айтылган далилсиз пикирлер учурайт; жазуу жана жазма тил деген эки түшүнүктү айырмалай билүү керек; Октябрь революциясына чейин Орто Азиянын жана Казакстандын элдери жана айрым түрк элдери араб алфавитин өздөрүнүн тилине ар кандай деңгээлде ылайыкташтырышкан; бирок ал бул элдердин тилдеринин лексикалык, фонетикалык жана башка өзгөчөлүктөрүн чагылдырып бере алган эмес; араб графикасынан негизинен мусулман дин өкүлдөрү пайдаланышкан, ал эмгекчилердин калың катмарына тараган эмес – деген жыйынтык пикирин айткан (Данияров С.С., 1983: 187).

Ч.Т. Айтматов да «Советская тюркология» журналына берген интервьюсунда жакынкы эле өткөн мезгилде кыргыздарда жазуу маданиятынын бар экендигинен шек санаган (Айтматов Ч.Т., 1988:116). Академик-тилчи Б.Ө.Орузбаева да кыргыздарда революцияга чейин өзүнүн улуттук жазуусу болбогонун белгилөө менен, «Общенародные черты киргизского языка, как вполне сформировавшиеся и устоявшиеся его свойства, прослеживаются прежде всего в языке произведений устного народного творчества – монументального сказания «Манас» и малых форм эпических

произведений («Тёштюк», «Курманбек», «Кожожаш», «Эр Табылды», «Жаныш-Байыш», «Кедейкан» и др.).

Общенациональный же киргизский литературный язык сложился лишь после Октябрьской революции на базе языковых черт всех диалектов (говоров) с большим отражением фонетических и лексических особенностей северной группы говоров», (Орузбаева Б.Ө., 1997: 287) – деп жазат жакында эле жарык көргөн «Языки мира» (серия «Тюркские языки») деген көп томдуу энциклопедиялык басылмадагы «Кыргыз тили» аттуу макаласында. Тилчи Э.Абдулдаев да, негизинен, ушундай эле пикирде болгон (Абдулдаев Э., 1998:5). Биз да жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттери үчүн арналган «Азыркы кыргыз тили: Фонетика жана лексикология» деген окуу куралыбызда: «Кыргыз тили Октябрь революциясына чейин, негизинен, эки гана функция аткарып келген. Атап айтканда, кыргыздардын күнүмдүк турмуш-тиричилигинде пикир алышуунун каражаты катары кызмат аткарган, ошондой эле элдик оозеки чыгармачылыктын тили болгон. Кыргыз тилинде «Манас» баштаган элдик оозеки чыгармачылыктын бай үлгүлөрү жаралган. Бирок оозеки түрдө дүйнөлүк поэзиянын океаны «Манасты» жараткан «жазуусуз» кыргыз эли мурда өзүнүн улуттук жазма адабий тилине ээ боло алган эмес ... Кыргыз эли өзүнүн кыйла кылымдык өнүгүү тарыхында ар кандай жазуу системасынан анча-мынча пайдаланып келгендигине карабастан, улуттук жазмасына Октябрь революциясынан кийин гана жетишти. Демек, кыргыз жазма адабий тили советтик түзүлүштүн жемиши болуп эсептелет», – деген ойду айткан элек (Мамытов Ж., 1999:4).

Ал эми айрым окумуштуу – түркологдордун пикирлери башкача мүнөздө болгон. 1940-жылы эле өзүнүн «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» кыргыз жазуусу жана адабий тили жөнүндө сөз кылып, академик К.К.Юдахин: «Октябрь социалисттик революциясына чейин сабаттуу кыргыздар (алар аз эле болгон) кыргыз тилине өтө эле начар ылайыкташкан араб алфавитинен пайдаланышкан жана чагатай (байыркы өзбек) тили деп аталган тилдин үлгүсүн туурап жазышкан», (ЮКРС:6)– деп жазса, 1957-жылы академик И.А. Батманов: «Кыргыздар Октябрь революциясына чейин эле тамга жазуусунан пайдаланып келген, жазуусу болгон, бирок андай жазуу алардын тилинин олуттуу өзгөчөлүктөрүн көрсөтө алган эмес», (Батманов И.А., 1957: 56) - деп жазган.

СССР Илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, профессор С.Е.Малов да ушул көз караште болгон (Малов С.Е.,1941: 99-100). Профессор Х.К. Карасаев кыргыз орфографиясынын тарыхы

боюнча жазган макаласында: «Кыргыз эли араб тамгасын колдоно баштаган мезгилден тартып, Октябрь революциясына чейин кол менен жазылган официалдуу документтерди, адабий чыгармалардын кол жазмаларын калтыргандыгы жана бир нече китепче чыгарылгандыгы көптөн бери эле коомчулукка белгилүү», (Карасаев Х.К., 1970:73) – деген пикирин айткан. Кыргыздын официалдуу документтеринин тилин изилдеген белгилүү окумуштуулар В.М.Плоских менен С.К.Кудайбергеновдор – революцияга чейин Орто Азиянын көптөгөн башка түрк элдери сыяктуу эле кыргыздар да араб алфавитин пайдаланып, эски өзбек (чагатай) тили деп аталган тилде өздөрүнүн аз сандагы документтерин жана санжыраларын жазышкан – деп белгилешкен (Плоских В.М., Кудайбергенов С.К., 1968:75).

Мына ошентип, окумуштуулардын айрымдары кыргыздардын мурда жазуусу болгон эмес десе, кээ бирлери кыргыз элинин революциядан мурда эле жазуусу болгондугун айтышкан. Бирок тилчи-түркологдор бул пикирлерин кеңири аргумент келтирип далилдебегендиктен, кыргыздарда жазуусу, адабий тили болгон эмес деген пикир өкүм сүрүп келген.

Россия Улуттук Илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, профессор Э.Р.Тенишев мындай пикирге кошулууга болбой тургандыгына негиз кылып, жакында эле жарык көргөн «Кыргыз адабий тилинин тарыхы (улутка чейинки мезгил)» деген эмгегинде академик В.В.Виноградовдун – адабий *тилди изилдөө* дегенибиз бул сөздүн эң кеңири маанисинде адабиятты изилдөө менен тыгыз байланыштуу; адабий тилди изилдөө ошол элдердин тилинин жана адабиятынын жалпы тарыхынан ажырагыс, анткени адабий тил деген терминди мындай же тигиндей деп түшүнгөн учурда да баарыдан мурда тилдин жана адабияттын тарыхына дуушар болобуз; адабий тил менен байланыштуу болгон жазуу, адабият, илим сыяктуу көрүнүштөр маданияттын тарыхынын орбитасына да киргендиктен, ошону менен адабий тилди изилдөө белгилүү бир элдин маданий тарыхы менен да байланышат; ошону менен бирге адабий тил агартуунун эң реалдуу куралдарынын бири болуп эсептелет, бул деген адабий тилди иликтөө билим берүүнүн, мектептин маселелери менен да байланышы бар дегендикти билдирет (1967:100-101) – деген пикирин келтирген. Ушул негизде алганда, тарыхый же азыркы абалдагы адабий тилди изилдөөдө элдин адабиятына, маданиятына, тарыхына, билим берүүсүнө да токтоло кетүүгө туура келет.

“Адабий тилдин болгондугунун өзүн тексттер менен гана бекемдөөгө мүмкүн: эгер тексттер бар болсо, адабий тил да бар, тексттер жок болсо, адабий тил да жок, тексттердин бардык

жыйындысы гана адабий тилдин байлыгы жөнүндө, жанрдык жана стилистикалык көп түрдүүлүгү жөнүндө түшүнүк берет", - деп жазган Э.Р.Тенишев. Андан ары: "Мындай көз караш кесе айтылган пикир катары болбошу керек – анткени кеп адабий тилдин китептик –жазуу модификациясы жөнүндө болуп жатат", - деп эскертет (1997:37). Бирок ал кыргыз элинин улутка чейинки адабий тилинин болгондугун революциядан мурда пайда болгон басылма жана кол жазма түрүндөгү тексттердин негизинде гана далилдөөгө аракет кылган. Элдик оозеки чыгармачылыктын бай казынасын түзгөн макал-лакаптардан тартып, улуу эпос "Манаска" чейинки кыргыз элинин фольклору жөнүндө бир да ооз ачкан эмес. Биздин пикирибизче, бул жерде "текст" деген түшүнүк бир жактуу - "жазма текст" жөнүндөгү түшүнүктү гана туюнтуп калган сыяктуу. Ал эми текст жазма да, оозеки да болушу мүмкүн. Бул тууралуу М.Холлидей минтип жазган: "Текст-операционная единица языка, подобно тому как предложение есть его синтаксическая единица; текст может быть письменным или устным; он включает как специфическую разновидность литературно-художественный текст, будь то хайку* или гомеровский эпос". (Halliday M.A.K. Linguistic Function and Literaru Style. –In: Explorations in the Functions of Language.London, 1974, p.107*. Хайку (хокку) - үч саптан жана он жети муундан турган япондордун лирикалык ыры. Цитата жана шилтеме И.В. Арнольддун «Стилистика современного английского языка» (1981) деген китебинен алынды, 35-бет).

Ошентип, адабий тил болуш үчүн жазма тексттин да, оозеки тексттин да болушу шарт экен. Мына ошол оозеки адабият жана кол жазма түрүндөгү адабият аркылуу саясий бирдиксиз, бытыранды элдин феодалдык –патриархалдык доорунда эле түзүлгөн адабий тили жөнүндө XX кылымдын 60- жылдарынын башында эле академик Б.М.Юнусалиевдин айткан адилет пикирин жогоруда келтиргенбиз. Кыргыздарда оозеки текст (фольклор) да, жазма текст да мурда болгон. Кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгы жалпыга маалым. Революцияга чейин кыргыздар пайдаланган жазма тексттери жөнүндө азыноолак сөз кылалы.

XX кылымдын башында, 1911-1914-жылдарда, кыргыз тилинде араб ариби менен төрт китеп басылып чыккандыгы белгилүү. 1911-жылы Казанда Молдо Кылычтын «Кысса-и-зилзала» деген китеби басылып чыккан. 1913-1914-жылдары Уфада Осмоналы Сыдык уулунун «Мухтасар тарых Кыргызия» («Кыргыздардын кыскача тарыхы») жана «Тарых кыргыз Шадмания» («Шабдан жеринин тарыхы») деген китептери басылган. Ошондой эле Уфа шаарындагы «Галия медресесинде» окуган кыргыз Эшенаалы Арабаев жана казак

Хафза Сарсикеевдер түзгөн «Алифба йаки төтө оку» китеби 1911-жылы Уфадагы «Товарищество Каримова, Хусаинова» деген типографиядан басылган. Бул алиппе китеби кыргыз жана казак балдарына арналып жеңилдетип түзүлгөн. Булардан тышкары 1980-жылдардын аягында окумуштуу Сатыбалды Мамытов Казань университетинин китепканасынан буга чейин белгисиз болгон «Форьядлар» (арабча – «ыйлоо» дегенди билдирет) аттуу кыргыз китебин тапкан (Мамытов С.,1990:141-152). Бул жыйнак 1908-жылы июнь айында Каракол шаарынын кыргыз-татар коому аркылуу басмаканага берилип, революцияга чейин Казандагы эң прогрессивдүү басмаканалардын бири болгон «Шараф» электротипографиясында Сабыр Габделмановдун ысымы менен басылып чыккан. Сабыр Габделмановдун улуту татар экен. Бирок ал жаш кезинен тартып өз тагдырын кыргыз элинин тагдыры менен байланыштырып, кыргыз элинин тилин, адеп-салтын, үрп-адатын, турмушун терең үйрөнүп, жазган чыгармалары менен XX кылымдын башындагы кыргыз маданиятынын өнүгүүсүнө чоң салым кошуп, улуттук адабиятыбызды байыткан. Булардан башка окумуштуулар да араб алфавити менен жазылып, басмадан чыккан материалдар бар экендиги жөнүндө кабарлашкан. Мисалы «Манас» эпосунун үзүндүсү «Кыз Сайкал» 1896-жылы Казань университетинин типографиясында араб тамгасы менен өзүнчө китеп болуп чыккан. «Манас» эпосунун экинчи үзүндүсү 1899-жылы Казань шаарындагы К.Чирковдун типографиясында басылган (Мамытбеков З., 1964).

XVIII-XIX кылымдарда араб алфавити менен кыргыз тилинде жазылган кол жазма түрүндөгү бир кыйла материалдардын сакталып калгандыгы белгилүү.

В.М.Плоских менен С.К.Кудайбергеновдордун изилдөөлөрүнө караганда, улуу жүздөгү казактар менен түндүк кыргыздардын 1847-жылкы тынчтык келишими, ага чейинки Россиянын карамагына кошуп алуу жөнүндөгү кыргыз бийлеринин Петербургга, Омскиге жаздырган каттары уйгур же өзбек молдолорунан окуган кыргыз тарабынан араб алфавити менен жазылган (Плоских В.М., Кудайбергенов С.К., 1968). Бул пикирди Х.К.Карасаев да: «Россия өкмөтүнө жазган каттарды кыргыздын өз адамдары жазгандыгы жана кыргыз тилинде жазылгандыгы талашсыз», -деп бышыктаган (Карасаев Х.К., 1970:74-75).

Ж.Ш. Шүкүров Алматынын тарыхый архивинен араб алфавити менен кыргыз тилинде жазылган жана авторлору да кыргыз болгон үч документти тапкан. Алардын биринчиси 1854-жылга, экинчиси 1861-жылга, үчүнчүсү 1863-жылга таандык (Шүкүров Д.Ш., 1952: 69-72). XX

кылымдын алтымышынчы жылдарында Казак Илимдер академиясынын академиги А.Х. Маргулан СССР илимдер академиясынын Азия элдеринин институтунун архивинен (р. II, оп. 4. №36) тапкан, Ч.Валиханов жаздырып алган «Көкөтөйдүн ашы» сыяктуу кол жазма да белгилүү (Маргулан А., 1971. Бул кол жазма 1994-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине карата «Ала - Тоо» басмасынан жарык көргөн).

XIX кылымдын биринчи жана экинчи жарымында жазылып, автору өз кол тамгасы менен калтырган акын Молдо Нияздын санаттарынын биринчи кол жазма китебинин табылып (1957-жыл), анын изилдениши (Юнусалиев Б.М., 1970: 48-72), экинчи жана үчүнчү кол жазма китептеринин (1962, 1988-жылдар) жана башка чыгармаларынын табылышы, акыры алардын өзүнчө китеп болуп басылып чыгышы* өткөн кылымда кыргыздар колдонгон жазуу жөнүндөгү баа жеткис маалымат болуп эсептелет.

Молдо Нияздын кол жазмасынын алфавитин, орфографиясын, тилинин жалпы кыргыздык белгилерин, фонетикалык, морфологиялык жана лексикалык жактан диалектилик өзгөчөлүктөрүн изилдеп, академик Б.М. Юнусалиев төмөнкүдөй жыйынтыкка келет: «1. Молдо Нияздын санаттары түштүк-батыш (ичкилик) диалектисинин фонетикалык, морфологиялык, лексикалык өзгөчөлүктөрүн чагылдыруу менен кыргыз тилинде жазылган. 2. Изилдөөгө алынып жаткан кол жазма XIX кылымда кыргыз элинде жазма эстеликтердин болгондугунун дагы бир далили болуп эсептелет» (Юнусалиев Б.М., 1970:72).

Мезгили жактан Молдо Нияздан кийинки экинчи жазгыч акын Нурмолдо (1838-1920-жж.) болгон. Акындын айрым чыгармаларынан үзүндүлөр оозеки түрдө мурда эле эл арасына тараган. Бирок, чынында, 1996-1997-жылдары Жалал-Абад облусынын жергиликтүү басмаканасынан жарык көргөн чакан эки кичинекей китепчеси көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө бурду. Көрсө, Нурмолдо кадыресе гана төкмө акын болбостон, ар тараптан жөндөмдүү жана жогорку маданияттуу адам болгон экен (Эркебаев А., 1999: 125). Бул жөнүндө анын өзүнүн чыгармалары ачык-айкын кабар берет.

Нурмолдо азыркы Жалал-Абад облусынын Ала-Бука районундагы Кош-Терек айлында төрөлүп, жаш чагынан мусулманча сабатын ачып, андан ары Наманган шаарындагы кыргыз медресесинен билимин тереңдетиптир. Орто Азия, Чыгыш Түркстан (Кашкар,

---

* Молдо Нияз. Санат дигарастар. Арап тамгасындагы эски жазмадан азыркы тамгага Т. Зулпукаровдун көмөгү менен көчүргөн, китеп кылып түзгөн жана баш сөзү менен сөздүктөрүн, кошумчаларын жазган Омор Сооронов. -Бишкек: Учкун, 1993.

Үрүмчү), Индия (Кашмир), Чыгыш Арабстан шаарларына сапар чегип, саякатка барыптыр, анда ар түрдүү өнөр кесипке ээ болуптур. Акын кыргыздын«Манас» баштаган элдик оозеки чыгармаларын гана эмес, дүйнөлүк, өзгөчө чыгыш поэзиясын жана философиясын да эң сонун билген адам болгон. Маселен, анын чыгармаларында Аристотель, Аль-Фараби, Фирдоуси, Низами, Жами, Навои, Саади, Бабур, Машраб, «Шахнаме», «Хамсэ», «Мажнун менен Лейла», «Фархад менен Ширин», «Бабур-наме», «Маджму атут таварих», Дамаск, Кашмир, Сайрам, Отрар, Кашгар, Фергана, Ташкен жана башка даңазалуу ысымдар, чыгыш поэзиясынын дөөлөттөрү, шаарлардын аттары жыш аталат. Нурмолдо өзүнүн атактуу замандаштары Балыгооз, Чонду, Сартбай, Калыгул, Куш ырчы, Чоң ырчы, Молдо Нияз, Арстанбек, Жөжө, Жамбул, Молдо Тойчу, Молдо Кылыч, Женижок, Токтогул сыяктуу кыргыз, өзбек, казактын акындарын жакшы билген жана алар менен катыш-байланышта болгон (Эркебаев А., 1999:125-126).

Демократ акын Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов), жазгыч акындар Ысак Шайбеков, Абылкасым Жутакеев, Талип Молдо, Алдаш Молдо жана башкалар да революцияга чейин эле өздөрүнүн чыгармаларын араб арибинде жазышып, эл арасына кол жазма түрүндө таратып келишкен.

Бул кол жазмалардын жана басылмалардын негизинде кыргыздар араб алфавитин XIX кылымдын биринчи жарымынан баштап колдоно баштаган болсо керек деген жыйынтык чыгарууга болбойт. Кыргыздар араб алфавитин бул мезгилдерден мурда да колдонуп келген болуу керек. Бул жөнүндө академик И.А. Батманов 50-жылдарда эле: «Кыргыздардын арасында араб алфавитинен пайдаланган адамдардын болгондугу жөнүндөгү маалымат XIX кылымдын 60-жылдарына чейин жетет, бирок араб алфавити кыргыздардын арасына алда канча мурда тараган», – деп жазган (Батманов И. А., 1957: 58).

Жогоруда адабий тилдин тарыхы адабияттын тарыхы, маданияттын тарыхы, элге билим берүүнүн тарыхы менен тыгыз байланышта боло тургандыгы жөнүндө сөз болгон эле.

1976-жылдан тартып Кыргыз Илимдер академиясынын тарых институту атайын экспедиция уюштуруп, өткөн мезгилдерге тиешелүү даректүү эстеликтерди – кол жазмаларды жана эски басылган китептерди – таап, иликтеп келе жатат. 1976-1980-жылдарда эле экспедиция Фергана, Борбордук Тянь-Шань жана Ысык-Көл жээгинин көп райондорунда текшерүү жүргүзүп, кыргыз калкынын арасынан

эски 500 түрк, тажик жана араб тилдеринде жазылып басылган жана литография жолу менен чыгарылган басылма, 200гө жакын кол жазма жана ондогон документтерди жыйнашкан. Ал табылгандардын көпчүлүгү XIX кылымга же XX кылымдын башына тиешелүү, сейрек кол жазмаларды гана XVIII кылымда жазылган деп эсептөөгө болот, бирок алардын арасында XII-XVI кылымдардагы кол жазмалардын көчүрмөлөрү да бар. Кызыктуу олжолордун ичинде Хафиз менен Бедилдин, Омар Хайям менен Жаминин, Алишер Навои менен Физулинин ырлары кирген басылма, литография, кол жазма түрүндөгү китептердин болгондугу өзгөчө кызыктуу. Дагы бир белгилеп кете турган нерсе: басмадан чыккан китептер алыс жактардан: Ташкен Казан, Бухара, Стамбул, Лакхнау жана Кашпурдан алынып келинген (Акыркы экөө Индиянын шаарлары экени белгилүү). Экспедициянын мүчөлөрүнүн түрк жана нагыз кыргыз тилдериндеги ырлардын жыйнактарын жана дептерлерди табышкандыгы зор кызыгууну жаратты (По следам памятников. 1982: 136-139; Э.Маанаев, В.М.Плоских 1983: 90-93).

«Археологиялык экспедициялардын тапкандары, көп сандагы араб, фарсы, түрк тилдүү китептер менен кол жазмалар Кыргызстанда эбактан бери кол жазма салты болгондугу жөнүндө күбөлөйт. Ал, сөзсүз, мектепте билим берүүнүн жардамы менен кубатталып жана өнүктүрүлүп келген» (Тенишев Э.Р., 1997:40) деген пикирин айтуу менен, Э.Р.Тенишев XIX кылымдын ортосунан баштап, XX кылымдын башында Кыргызстанда көптөгөн медресе, мектептер ачылгандыгын жана ал мектеп, медреселерде жалаң гана дин окутулбастан, эне тили (түрк тилдеринин бири), арифметика, геометрия, география, жаратылыш таануу, тарых сыяктуу билим берүүчү сабактар да окутула тургандыгын далилдүү фактылар аркылуу көрсөткөн. Буга далил катары, Д.Айтманбетовдун изилдөөлөрүнөтаянуу менен, 1892-жылдын маалыматы боюнча, Кыргызстанда жети медресе, анын бешөө Ош шаарында болгондугун, ал эми 1914-жылы Ош үйөзүндө 1172 окуучу 88 медреседе билим алып жаткандыгын келтирет.Ошондой эле 1913-жылдын 1-январында Бишкек үйөзүнүн 21 таза көчмөн кыргыз болушунда 59 мектеп болуп, анда 1182 эркек бала жана 131 кыз окугандыгын, Пржевальск үйөзүнүн 26 болушундагы 28 мектепте 2276 эркек бала жана 42 кыз окугандыгын факт катары кепилге тарткан.

Бул фактыларга кошумча катары «Zaman Кыргызстан» газетасынын катар үч санына жарыяланган тарых илимдеринин кандидаты Жаманкараевдин «Кыргыз эли туташ сабатсыз беле?» деген макаласында берилген цифраларды келтире кетсек, кыргыздардын

канчалык даражада сабаттуу болгондугу дагы ачыгыраак боло түшөт. Анын маалыматы боюнча 1883-жылы Ош үйөзүндө (азыркы Ош облусунун үчтөн бир гана бөлүгү) 86 мектеп, медресе болуп, аларда 940 бала окуган, 1914-жылы 230 мектеп жана 83 медресе иштеген. Окуучулардын саны 4 миңден ашкан. 1913-жылы Бишкек жана Пржевальск үйөздөрүндө 130 кыргыз мектеп, медресе иштеген. Алардан 2375 бала, 200 кыз окуган. Жыйынтыктап айтканда, Түркстан крайындагы кыргыздар жашаган он үйөздүн үчөөндө эле 443 мектеп, медреселер болгон (Жаманкараев А., 1997:8).

Революциядан мурда азыркы Кыргызстандын аймагы административдик жактан ошол кездеги Түркстан чөлкөмүнүн төрт облусуна кирчү. Ошондуктан кыргыздардын балдары облустардын борборлору – Ташкен, Кокон, Самарканд, Верныйдан (Алматы) жана үйөздөрдүн борборлору – Олуя-Ата (Тараз), Маргалаң, Анжиян, Наманган, Кожент шаарларындагы мектеп, медреселерден, жаңы ыкма (усули Жадид), жергиликтүү орус мектептеринден жана гимназиялардан да окушкан. Мүмкүнчүлүгү бар кыргыз жаштары Түркстан чөлкөмүндөгү, ошонун ичинде Кыргызстандагы окуу жайларын бүткөндөн кийин алыскы Бухара, Уфа, Казан, Кашкар, Стамбул, Мисир, Оренбург, Варшава, Киев жана Омбу сыяктуу шаарлардан окууларын улантышкан (Жаманкараев А.,1997).

Жогоруда келтирилгендер өткөн мезгилдеги кыргыздардын жогорку маданияты жана билимдүүлүгү, тилдерди билүүгө, поэтикалык жана илимий чыгармаларга ээ болууга умтулууларынын айныксыз күбөсү боло алат (Тенишев Э.Р., 1997:41).

Бул сыяктуу көптөгөн фактыларга жана материалдарга филологиялык олуттуу талдоо жүргүзүп келип, белгилүү тилчи-түрколог Э.Р. Тенишев жогоруда аталган эмгегинде кыргыздар, жок дегенде эле, XVIII кылымдан баштап араб жазмасындагы адабий тилине ээ болгон деген жыйынтыкка келген (Тенишев Э.Р., 1997:47).

Окумуштуунун кеңири тарыхый фактыларга таянган өтө терең талдоосунан келип чыккан жыйынтык пикирине кошулбай коюуга болбойт.

Улуттук доорго чейинки жана улуттук мезгилдеги адабий тилдердин өнүгүшүнүн законченемдүүлүктөрүнүн ортосундагы айырмачылык жөнүндө академик В.В. Виноградов: «Нормы – еще очень зыбкие в период феодализма, замыкаются в то время в узких пределах письменно-литературного языка и не оказывают заметного влияния на народный разговорный язык и его диалектные ответвления. Нормализация национального языка неразрывно связана

с расширением влияния литературного языка на народно-разговорный язык, особенно в связи с образованием литературно-разговорной формы национального языка и с характерным для периода национального развития процессом нивелировки диалектов, объединения их в интердиалект. В эпоху национального развития устойчивая нормализация охватывает все стороны литературной речи, в том числе и произношение», - деп көрсөтөт (Виноградов В.В.,1963:6-7).

Улуттук доорго чейинки бирдиктүү нормасы жок адабий тилден бирдей нормага түшкөн улуттук жазма адабий тилге өтүүнүн мыйзамченем-дүүлүктөрүн так аныктоо үчүн революцияга чейинки бардык болгон жазма булактарды толук жыйнап, алардын тилин ар тараптан терең изилдөө зарыл.

Албетте, улуттук мезгилдеги адабий тилдин калыптанышын жана өнүгүшүн жазуудан ажыратып кароого болбойт. Бирок жазуунун болушу улуттук мезгилдеги адабий тил үчүн негизги шарт болгон менен, анын бирден бир жеке белгиси да эмес. Анткени адамдардын ортосундагы тилдик байланыштын адабий эмес формаларынан улуттук адабий тилди айырмалай турган дагы башка бир канча маанилүү сапаттардын болушу керек: лексикалык, фонетикалык жана грамматикалык жактан белгилүү бир нормага салынгандыгы; бир тилдик жамааттын бардык мүчөлөрүн бирдей тейлөөгө жөндөмдүүлүгү; тилдик катнашуунун бардык чөйрөлөрүндө колдонулуу мүмкүнчүлүгү; анын ар кандай функционалдык стилдерге бөлүнүшү жана сөз чеберлери тарабынан узак убакыттар бою иштетилүү процессинде калыптанышы – мына ушулардын бардыгы, жалпысынан, улуттук адабий тилди мүнөздөөчү маанилүү сапаттар.

Туруктуу нормага салынган адабий тил ушул тил аркылуу бириккен адамдар жамаатынын бардык мүчөлөрүнүн ортосунда кептик (речтик) катнашуунун жогорку, эң өркүндөтүлгөн формасы катары жашайт. Белгилүү тилдин бардык көрүнүштөрүн өзүнө баш ийдирген атайын эрежелерди бекем сактоо адабий тилдин жалпы улуттук масштабда катнашуунун маанилүү каражаты катары кызмат аткарышы үчүн өтө зарыл. Демек, жалпыга милдеттүү эрежелерге, биринчи кезекте, орфографиянын жана пунктуациянын закондору менен жөнгө салынып турган адабий тилдин жазма формасы баш иет. Ошондой эле, сабаттуу, билимдүү, маданияттуу кишилердин оозеки кеби да жалпыга милдеттүү орфоэпиялык нормалардан четте турбайт. Ал да адабий айтуунун жана сөздөрдү колдонуунун иштелип чыккан эрежелерине туура келет.

Жалпы улуттук адабий тилден айырмаланып, күнүмдүк тиричиликтеги ээн-эркин сүйлөшүүдө колдонулган жергиликтүү говорлор, территориялык диалектилер сыяктуу кептик катнашуунун төмөнкү формалары нормага салынбай, стихиялуу түрдө өнүгөт. Аталган «төмөнкү» формалар окумуштуулар атайын иштеп чыккан жана алар тарабынан көзөмөлдөнүп туруучу нормага багынбайт.

Адабий тилдин ар кандай нормалары узак убакыттар бою тилдик каражаттарды кылдаттык менен иргөөнүн натыйжасында жалпы элдик тилдин негизинде сөз устаттары, жазуучулар, маданий жана саясий ишмерлер, окумуштуулар, журналисттер тарабынан иштелип чыгат. Жалпы элдик тилдин өркүндөтүлгөн, кылдаттык менен иргелген жана жакшыртылган формасы болуу менен бирге, адабий тил өзүнүн табигый тамыры болгон элдик оозеки тилден эч качан ажырап калбайт. Ал дайыма көркөм сөз чеберлеринин чыгармачылыгын азыктандырып туруучу жандуу булак болуп эсептелет.

Кыргыздын улуттук жазма адабий тили кыргыздын жалпы элдик оозеки тилинин негизинде түзүлгөн жана ошого таянуу менен өнүгүп жатат. Ал эми «Манас» эпосунун тили, анын лексикалык байлыгы, өзгөчө таасирдүү көркөм сөз каражаттары кыргыздын жалпы элдик оозеки тилинин эталону болуп эсептелет. Ушунун негизинде «Манас» эпосунун жалпы колдонулган лексикалык катмары, грамматикалык сөз формалары жазма адабий тилибиз үчүн да айныксыз норма катары колдонулушу шарт.

«Адабий тил» менен «элдик тилдин» ортосундагы мына ушундай ажырагыс байланыш жөнүндө А.М. Горький: «Тилдин эл тарабынан түзүлө тургандыгын эске сала кетүү керек. Тилдин адабий жана элдик тилге бөлүнүшү дегенибиз – «чийки» тил жана сөз усталары тарабынан иштелип чыккан тил дегендикке жатат. Муну биринчи болуп эң сонун түшүнгөн киши Пушкин болду. Элдик тил материалдарынан кандайча пайдалануу керек экендигин жана аны кантип иштеп чыгуу керек экендигин да ал биринчи болуп көрсөттү», - деп адилет айткан (Горький М., 1951:185).

Демек, адабий тилдин нормасы – узак убакыттар бою элдик тилди кылдат иштеп чыккан сөз чеберлери менен илимпоз-филологдордун талыкпас эмгегинин жемиши. Ошондуктан ал норманы баалабай коюуга, ага карата курулай шарттуулук же формалдуулук катары кароого болбойт. Адабий норманы бекем сактоо гана улуттук тилди улуттун бардык мүчөлөрүнүн ортосундагы катнашуунун толук баалуу каражаты, ой-пикирди калыптандыруунун жана жүзөгө ашыруунун кубаттуу куралы болушун камсыз кылат.

Кыргыздын улуттук жазма адабий тили – жаш адабий тил, ал элдик оозеки тилге таянып өнүгүүдө. Жаш чырпыкты саябалуу дарак кылып өстүргөн сыңары, кыргыз жазма адабий тилинин мындан ары да өркүндөп өсүшү үчүн сөз чеберлери менен илимпоз-филологдор өтө кылдат мамиле кылып, анын грамматикалык түзүлүшүн, лексикалык-фразеологилык курамын өркүндөтүүгө, анын стилистикалык тармактарынын татаалдашып, орфографиялык жана орфоэпиялык нормаларынын стабилдешүүсүнө дайыма кам көрүү керек (Юнусалиев Б.М., 1985:318-328; 1985: 371).

Улуттук адабий тил, ошол тилдик жамааттын бардык мүчөлөрү үчүн жалпы бирдей болуу менен, анын коомдук бардык талаптарын камсыз кылууга тийиш. Ал турмуштун түрдүү кырдаалдарында, адамдардын өндүрүштүк, маданий жана саясий ишмердигинин бардык чөйрөлөрүндө колдонулат. Октябрь революциясынан кийинки кыргыз элинин турмушундагы зор өзгөрүүлөр кыргыз тилинин коомдук милдетин аябай кеңитти. Кыргыз тили улуттук жазма адабий тил болуп түзүлүп,калыпанды. Өзгөчө анын мамлекеттик тил статусуна ээ болушу анын коомдук кызматынын андан бетер өркүндөшүнө зор өбөлгө түзүүдө. Элибиз өз тилинде башталгыч жана орто мектептерде, колледждерде жана жогорку окуу жайларында билим алып, өз тилинде ар кандай коомдук-саясий иштерди толук жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Кыргыз тилинде илимдин жана техниканын ар түрдүү тармактары боюнча илимий терминологиясы иштелип чыгып, көптөгөн окуу китептери, окуу куралдары, сөздүктөр, көп томдуу Кыргыз Совет энциклопедиясы ж.б. түзүлдү. Көп сандаган саясий, илимий эмгектер, көркөм адабий чыгармалар жазылып жатат. Толуп жаткан газета-журналдар чыгарылат. Азыр кыргыздар дүйнөлүк адабияттын бай казынасын түзгөн адабий мурастарды өз тилинде окушат. Буга салыштырмалуу тилдик катнашуунун төмөнкү формаларынын колдонулуш чөйрөлөрү чектелүү болот, башкача айтканда, карапайым тил, өзгөчө жергиликтүү говорлор, үй ичинде, үй-бүлөдө, өз ара сырдашканда, же социалдык чектелген кырдаалда тар чөйрөдөгү адамдардын катнашуу талабын канааттандырууга гана жөндөмдүү.

Улуттук адабий тил бүтүндөй улуттун бардык талабын камсыз кылат. Ошондуктан ал өзүнүн лексикалык, фразеологиялык курамы боюнча да, фонетикалык жана грамматикалык түзүлүшү жактан да ар түркүн, бай келет. Коомдук турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө адамдар өз ара мамилелешип, алдына койгон максаттарына жараша турмуштун түрдүү жактарын өз ичине камтыган таасирдүү тилдик

мүмкүнчүлүккө ээ болушу керек. Тилдик катнашуунун ушул сыяктуу көп кырдуулугу жана ошого жараша коомдун көп жактуу, ар түркүн тилдик каражаттарды керектөөсү жалпы улуттук тилдин системасында функционалдык стилдердин болушун шарттайт*. Ошентип, жалпы улуттук адабий тилдин бир нече функционалдык стилдерге бөлүнүшү - анын эң маанилүү жана мүнөздүү белгилеринин бири.

Жалпы адабий тилдин стилдери дегенибиз – анын нормага келтирилген системасынын чегинен чыкпай турган, белгилүү коомдук максатка жана колдонулуу чөйрөсүнө жараша өз ара бири-биринен таасирдүү сүрөттөө каражаттарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн комплектилери боюнча айырмаланган түрлөрү болот. Алар өздөрүнө тиешелүү сөздүк курамы, ошондой эле айрым грамматикалык кошумча маанилери жана белгилери боюнча да бири-биринен айырмаланат. Адабий тилдин функционалдык стилдери жөнүндө сөз болгон учурда, баарыдан мурда, анын негизги эки түрү: оозеки жана жазма формалары эске алынат.

Элдик оозеки сүйлөшүү тилинин негизинде калыптанган кыргыз адабий тилинин бул эки түрү лексикалык курамы жана грамматикалык (морфологиялык, синтаксистик) түзүлүшү жагынан өз ара бири-бирине жакындыгы менен мүнөздөлөт. Булардын ортосундагы айырмачылык көбүнчө фонетикалык жагына тиешелүү.

Адабий тилдин китептик – жазма түрү өз кезегинде тилдин коомдук милдетине, башкача айтканда, адамдардын ортосундагы тилдик катнашууда кайсы максат менен колдонулуп, кандай кызмат аткаргандыгына жараша дагы атайын стилдик түрлөргө же тилдин функционалдык стилдерине бөлүнөт.

Кыргыз жазма адабий тилинде бир кыйла калыптанып калган функционалдык стилдер катары: официалдуу-административдик, юридикалык, канцеляриялык ж.у.с. чөйрөлөрдө колдонулуучу **иш кагаздарынын**; мезгилдүү басма сөздөрдө, газета- журналдык билдирүүлөрдө, агитациялык-пропагандалык материалдарда пайдаланылуучу **публицистикалык**; илимий монографияларда, окуу китептери менен окуу куралдарында, илимий макалаларда ж.б. колдонулуучу **илимий** стилдерди көрсөтүүгө болот (Адабий тилдин функционалдык стилдери жөнүндөгү жалпы маселелерди караңыз: Чижик-Полейко А.И., 1962, 1964, Гвоздев А.Н., 1965; Розенталь Д.Э., 1974; Ефимов А.И., 1969; Арнольд И.В., 1981; Барлас Л.Г., 1978;

* Стиль жана функционалдык стиль деген түшүнүктөр жөнүндө толугураак караңыз: Барлас Л.Г. Русский язык. Стилистика. –М.: Просвещение, 1978, 36-57-б.

Кожин А.Н., Крылова О.А., Одинцев В.В., 1982; Аширбаев Т., 2000 ж.б.).

Стилдик жактан мындай дифференциациялануунун калыптанышында жана өнүгүшүндө орус адабий тилинин тийгизген таасири чоң. Анткени мамлекеттик маанидеги документтер: закондор, уставдар, указдар, буйруктар, өкмөттүк билдирүүлөр, директивалар, жоболор, инструкциялар, токтомдор, келишимдер, эл аралык шартнамалар, ноталар жана башкалар орус тилинде жазылып, андан кыргыз тилине которулуп жарыяланган. Жалпы мамлекеттик, партиялык маселелерди көтөргөн публицистикалык чыгармалар, макалалар, кабарлар да көпчүлүк учурларда борбордук басма сөздөрдө жарык көрүп, анан улут тилдеринде жергиликтүү газета, журналдарда басылып келген. Республикабызда илимий-изилдөө иштери орус жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлөт. Азыркыга чейин математика, физика, химия, биология сыяктуу табигый илимдер жана техника боюнча эмгектер, окуу китептери менен окуу куралдары көбүнчө орусчадан которулуп алынууда. Албетте, орус тилинин мындай таасири кыргыз тилинде өз бетинче стилдик түрлөрдүн калыптанышына жана алардын кеңири түрдө аракеттенүүсүнө бир кыйла жолто болгондугу да жашыруун эмес. Өзгөчө бул жагынан илимий стилдин өнүгүшү бир кыйла эле аксаган. «Кыргыз тилиндеги илимий адабияттар көп учурда орус тилинен которулган адабияттар, кыргыз тилинде илимий эмгектер, негизинен, гуманитардык илимдер боюнча, анын ичинде кыргыз филологиясы боюнча жазылган. Мына ушул жагдайларды эске алганда стилдин башка түрлөрүнө караганда илимий стиль азыркы мезгилде анчалык кеңири өнүгө элек» (Сартбаев К.К., 1979: 136). «Кыргыз адабий тилинин илимий стили филологиялык адабияттардын негизинде өнүккөн, ал эми стилдин башка тармактары боюнча жаңыдан түзүлүү, өнүгүү абалында гана деп айтууга болот» (Мураталиева Ж., 1983:85).

Кыргыз адабий тилинде расмий-иш кагаздарынын стили жөнүндө да бардыгы өз жайында деп айтууга болбойт. Өзгөчө акыркы үч-төрт он жылдыктын ичинде айыл-кыштактан тартып, район, область, республикага чейинки мекемелердин көпчүлүгүндө иш жүргүзүү орус тилинде болуп, коомдук, мамлекеттик, партиялык мекемелерде, уюмдарда, ишканаларда жыйындар, чогулуштар, конференциялар жана башка коомдук иш чаралар орус тилинде өткөрүлүп, токтомдорду, чечимдерди орус тилинде жазуу өнөкөткө айланып кеткен. Мунун өзү кыргыз тили мамлекеттик статус алган азыркы күндө да иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүүгө кесепетин тийгизип келе жатат.

Жалпы улуттук адабий тилдин байлыгы, анын башка көрсөткүчтөрү менен катар, тилдик катнаштын ар кандай чөйрөлөрүн бири-биринен чектөөгө жөндөмдүү келген өнүккөн стилистикалык системасынын болушу менен да аныкталат. Эне тилинин стилистикалык мүмкүнчүлүктөрүн туура пайдалана билүү - ар бир маданияттуу адам үчүн зарыл болгон эң маанилүү кептик көнүмүш. Тескерисинче, белгилүү жагдайга ылайыктуу сөздү, же сөз тизмегин, сөз айкаштарын тандап колдоно албагандык кептин мазмуну менен формасынын бири-бирине шайкеш келбей калышына алып келет. Бул шайкеш келбестик, эгер автор тарабынан атайын мыскыл, азил каражаты катары пайдаланылбаган болсо, кандайдыр бир жагымсыз, сандырактаган нерсе катары кабыл алынат.

Адабий тилге тиешелүү стилистикалык каражаттардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн байлыгына жараша бир эле мазмундагы ойду ар түрдүү ыкмалар менен берүүгө болот. Ошондуктан кепте колдонулган тигил же бул сөздү, анын стилистикалык өзгөчөлүгүн эсепке албай туруп, четке кагууга, же аны пайдаланууга тыюу салууга болбойт. Тигил сөздү пайдаланса болот, мунусу жарабайт деген сыяктуу стилистикалык рекомендация да мүмкүн эмес. Өз орду менен колдонулса, тилде бардыгы жакшы. Бул тууралу А.С.Пушкиндин «Чыныгы табит баланча сөздү, түкүнчө сөз түрмөгүн жөндөн-жөн эле четке кагып салууда эмес, шайкештикти жана ылайыктуулукту сезе билүүдө» деген осуятын эсте бекем сактоо керек (Пушкин А.С., 1937:52).

Адабий тилдин функционалдык стилдеринин системасына карата көркөм чыгарманын тили же көркөм кептин стили жөнүндөгү маселеге өзүнчө токтолуу керек. Стилистика боюнча адабияттарда бул маселеге тиешелүү негизинен эки түрдүүчө көз караш бар*. Окумуштуулардын бир тобу (А.Н.Гвоздев (1965), А.И.Ефимов (1969), Р.А. Будагов (1962;1967), М.В. Панов (1962), М.Н. Кожина (1983), И.Р.Гальперин (1958), Т.Аширбаев (2000 а) ж.б.) көркөм чыгарманын тилин адабий тилдин функционалдык стилдеринин системасына кошушат.

* Көркөм адабияттын тилинин өзгөчө статусу жөнүндөгү маселе боюнча үч түрдүү көз караш бар деп эсептеген окумуштуулар да жок эмес. Бул тууралуу караңыз: Стилистика русского языка. Под редакцией Н.М. Шанского. –Л.: Просвещение, 1982, с. 23-24. Бирок мындан биз бири-биринен принципиалдуу түрдө айырмаланган үч түрдүү көз карашты эмес, эки түрдүү эле көз карашты көрдүк. Аталган окуу куралынын авторлору «язык художественной литературы рассматривается в курсе стилистики на правах особой разновидности литературного языка» (с. 240) деген көз карашты колдоо менен бирге эле, « ... по существу, уже выделилась в особую научную (и учебную) дисциплину стилистика художественной речи. В вузе ей посвящаются курс «Лингвистический анализ художественного текста», спецкурсы типа «Язык художественных произведений» и т.д. Изучение стилистики языка художественной литературы противопоставляется изучению «нехудожественных», собственно-коммуникативных стилей: официально-делового, научного, публицистического, разговорного» (с. 10) деген пикирди да айтышат.

Б.А. Ларин, В.В. Виноградов баштаган башка изилдөөчүлөр (Г.О.Винокур (1959), В.Д. Левин (1955), Н.А. Рудяков (1977), О.А.Крылова (1982), Х.Р. Курбатов (1978), Б.Ш. Усубалиев (1994) ж.б.) аны жалпы улуттук адабий тилдин башка стилистикалык тармактары менен бир катардагы функционалдык стиль деп кароого каршы чыгышат. Б.А. Ларин жыйырманчы кылымдын жыйырманчы жылдарынын башында жазган көркөм кептин түрлөрү жөнүндөгү макаласында эле көркөм кепти «кадыресе» тил менен бирдей деп кароого аракет кылган стилдин башка теоретиктеринин пикирин чечкиндүүлүк менен четке кагып: « ... изучение литературных видов речи прежде всего должно быть направлено на эстетические их свойства, как отличительные; именно они определяют систему применения языковых элементов в литературном творчестве»,- деп жазган (Ларин Б.А., 1974;28).

Көркөм чыгарманын тилинде жалгыз гана анын өзүнө таандык, адабий тилдин функционалдык стилдеринин эч кайсынысында болбогон белгилер жана өзгөчөлүктөр бар. Көркөм адабияттын тилинин спецификалык өзгөчөлүк-төрүнүн негизи болуп, көркөм чыгармадагы тилдин өзгөчө функциясы эсептелет. Көркөм чыгармада тил жалаң эле анын жардамы менен сөз устаты өзүнүн чыгармасын жараткан курал, инструмент гана эмес, ошол көркөм чыгарманын өзүн түзгөн материал да боло алат. Адабият теориясы боюнча америкалык адистер Уэллек менен Уоррен бул пикирди образдуу түрдө төмөнкүдөй түшүндүрөт: «Язык является материалом писателя в самом буквальном смысле слова. Каждое литературное произведение является, так сказать, выборкой из данного языка совершенно так же, как мраморная скульптура может рассматриваться как глыба мрамора, от которой отколоты некоторые куски». (Цитата И.В. Арнольддун китебинен алынды. Караңыз: Стилистика современного английского языка, 1981, 16-бет). Сөз искусствосу катары адабияттын эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп тилдин мына ушул эки жактуу функциясы эсептелет. Ошондуктан көркөм адабиятта тилдин аткарган кызматы адамдардын ортосундагы кадыресе тилдик катнашууда аткарган кызматынан бир кыйла айырмаланат.

Сөздүн көп маанилүүлүгү иш кагаздарында же илимий стилде ойду так түшүндүрүүгө жолто кылса, көркөм адабиятта, өзгөчө поэзияда, көп маанилүүлүк сөзсүз керек. Көркөм адабиятта ар бир сөз ойду калыпташтыруунун жана аны жүзөгө ашыруунун гана куралы болбостон, эстетикалык маани туюнтуунун да куралы болуп кызмат аткарат. Демек, көркөм адабиятта пайдаланылган ар бир сөз же тилдин башка элементи эстетикалык функцияга ээ болуу менен,

адамдар ортосунда катнаштын кадимки утилитардык, практикалык функцияларынан олуттуу түрдө айырмаланып турат. Сөздүн эстетикалык маанисинде, анын интеллектуалдык мазмунуна караганда, экспрессивдүүлүк, таасирдүүлүк басымдуулук кылат. Ушундан улам көркөм тилде маанилик сыйымдуулук жана көп пландуулук, ошондой эле кептеги өзгөчө көркөм түстүн болушу келип чыгат. Көркөм адабияттын тилинин башкы жана ажырагыс сапаты мына ушунда. Ошондуктан көркөм чыгарманын тилин талдаган кезде дайыма окурмандын көп пландуу эстетикалык кабыл алуусун аныктай турган эң кеңири контекст жана ар бир жеке сөз негизге алынуу керек. Мында адабий чыгарманын текстинин бузулбастыгы жана бөлүнбөстүгү бекем сакталышы зарыл.

Сөздөр өздөрүнүн жаратылышынан эле образдуу келет. Ал аздыр-көптүр тилдин бардык эле функцияларына тиешелүү. Бирок сөздү кайра-кайра пайдалана берүүдөн, анын образдуулугу көп учурда жоголуп, сезилбей да калат. Көркөм чыгарманын тилинде болсо сөзгө тиешелүү бул алгачкы, адепки образдуулук дайыма жаңы күч менен күтүлбөгөн жерден жылт этип чыга келет. Ар бир көрүнүктүү жазуучунун поэтикалык сөз чеберчилиги мына ушул эчак көнүмүшкө айланган эски сөздүн алгачкы кооздугун «жарк эттире» билүүсүнөн да көрүнөт. Кээ бирде көркөм чыгарманын образдуулугу тар, чектелген мааниде түшүнүлөт. Көп учурда, көркөм кептин образдуулугу жөнүндө кеп кылганда, жазуучу колдонгон тигил же бул тилдик тропторду: салыштырууларды, метафораларды, метонимияларды ж.у.с. гана эске алышат. Бирок кеңири көркөм контекстте алганда, образдуулук ар бир жөнөкөй эле сөздүн маанисинде көрүнөт. Автор түз, номинативдик мааниде колдонгон сөздүн да контекст аркылуу жашырынып жаткан образдуулугу жана көп пландуулугу ачылышы мүмкүн.

Кыргыз тилчилеринен биринчилерден болуп көркөм кеп эстетикасын изилдеген аалым Б. Усубалиев көркөм кептин негизги касиетине - образдуулукка ар тараптан кеңири токтолуп келип, кыргыз акын-жазуучуларынын көптөгөн чыгармаларына талдоо жүргүзүү менен, «кадыресе тилде жалкы маанилүү эле сөз көркөм чыгармада колдонулганда жумурулуктун натыйжасында көп мааниге ээ болуп калат ... ошол сөздүн маанилеринин баары бир эле учурда тегиз катышат, башкача айтканда, реализацияланат» (Усубалиев Б., 1994:64), - дейт да, мисал катары жалпы элдик тилдеги *байчечек* деген жалкы маанилүү сөздүн жазуучу М. Гапаровдун «Байчечек» аттуу аңгемесинде өсүмдүктүн атын билгизген түз, номинативдик

маанисинен тышкары образдуу дагы бир нече маанилерге ээ болгондугун көрсөтөт. Ал маанилер: 1) «назиктик, ийкемдүүлүк, башкача айтканда, адам табиятынын өтө жумшактыгы, шартка көз карандылыгы – адамдын байкуштугу»; 2) «балалык»; 3) «кайдыгерлик» (Усубалиев Б., 1994:65). Ошол эле илимпоз кыргыздын чыгаан акыны Алыкул Осмоновдун жалпы окурмандарга аттын кашкасындай таанымал «Жибек кийген эрке кыз» аттуу ырына лингвостилистикалык илик жүргүзүү менен, ал ырдагы *жамгыр, кыз, колхозчу ата, жибек, эрке* деген сөздөрдүн көркөм алкакка түшкөндө кандайча семантикалык жылышка учурап, кантип сөз маанилеринин катмарланып татаалданышына алып келгендигин көрсөтөт. Мисалы, «жамгыр» сөзү өзүнүн тике мааниси менен катар «периштелик», «аруулук» деген да мааниге ээ; ушундай эле семантикалык жылышка «кыз» деген сөз да учураган: кыз-periште ↔ кыз-байкуш ж.б. (Усубалиев., 1994:162-191).

Дагы мисалга Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан 1865-жылы Ташкент алдында орус аскерлери менен кокондуктардын беттешүүсүндө аскер башы Алымкул аталыктын өзүнүн удайчысы колдуу навыт болгон эпизодду сүрөттөгөн үзүндүнү келтирели: «Жанындагы нөкөрлөрүнөн кымкуутта аскер башы ажырай түшкөн эле. Бир гана удайчысы ээрчип жүрдү. Ал эч адашпай, эч калбай көлөкөсү сыяктуу ээрчип жүрдү. Аты да *кара*, өзүнүн ирени да *кара*, түнөрүңкү, суз, муздак болучу. Эриндерин бек кымтып, агы көрүнбөгөн кичинекей жылтыр көздөрүн былк эттирбей, аскер башыны дайыма тиктеп жүрдү. Колунда милтелүү *кара* мылтык, милтесинен такыр чок өчүрбөйт ... Удайчы эки жакты бат-бат каранды. Анын агы көрүнбөгөн жылтыр көздөрү диртилдеп, аскер башынын далысынан өтө баштады. Бул эмнеси? Ал атынан леп ыргып түшө калды. Ага эч ким серп салбады. Жан кулактын учунда бараткан ызы-чууда эч ким байкабады. *Кара* атынын далдасына өзүнүн *кара* денесин жашыра берип, атынын *кара* жалынан мылтыктын учун ашыра сунду. Шашты. Жүрөгү лакылдап, аскер башынын далысын кароолго токтото албай, өзүнөн өзү чоочуп, селт деп мылтыкты кайра тартты. Акактап оозун ачкан бойдон дагы эки жакты бат-бат каранды. Дароо эниле, *кара* жалдан мылтыкты дагы ашырышка батынды ... Көз ирмемде мылтык үнү тап этти! ... Аскер башы селт дегендей болуп түзөлө түштү да, акырын ийилип ээрдин кашына өбөктөп туруп калды ...»(Сынган кылыч, 9 – 10 – беттер).

Алынган үзүндүдө *кара* деген сөз жыш учурады. Текст боюнча бардык учурда *кара* номинативдик, түз мааниде *кара ат, кара ирен,*

*кара мылтык, кара дене, кара жал* болуп, өң, түс маанисинде колдонулган. Бирок романда *кара* номинативдик өң, түс маанисинен тышкары өзүнүн аскер башчысына, аталык Алымкулга, ал аркылуу эл–журтуна, өлкөсүнө кылган чыккынчылыкты, кыянаттыкты, ашкан кара ниеттикти, кара санатайлыкты образдуу кылып көрсөтүп жатат.

Ошентип, көркөм чыгарманын контекстиндеги ар бир сөздүн образдуулугу, көп маанилүүлүгү жана көп пландуулугу көркөм адабияттын тилин адамдардын ортосундагы катнашуунун башка функцияларынан айырмалап турат.

Көркөм адабияттын тилин жалпы элдик адабий тилдин функционалдык стилдери менен бир катарга коюуга болбой тургандыктын дагы бир себеби - ал кандай гана стилге салыштырганда өзүнүн стилистикалык мүмкүнчүлүктөрү боюнча алда канча сыйымдуу жана кеңири. Көркөм чыгарманын текстине адабий тилдин кадыресе функционалдык стилдеринин кайсынсынын болбосун элементтерин киргизүүгө мүмкүн. Албетте, көркөм чыгармага жогорку стилдердин элементтерин киргизүү чыгарманын контекстине, сюжеттик-композициялык структурасына жараша көркөмдүк жактан жүйөлүү (мотивировкаланган) болушу зарыл; ал өзүнүн кадыресе эмес колдонулушу менен эстетикалык жаңы функцияга ээ болот. Көркөм чыгармада жазуучунун коомдук-саясий көз карашын ачып көрсөткөн публицистикалык чегинүүнүн болушу мүмкүн, бирок бул чегинүү эч качан куру максат (самоцель) катары кабыл алынбайт. Көркөм прозалык чыгарманын текстине анын органикалык составдуу бөлүгү катары илимий, философиялык, тарыхый экскурстардын киргизилиши ыктымал. Бирок мында да көркөм прозада илимий мүнөздөгү чегинүү негизги жана үстөмдүк абалга ээ боло албайт. Романдын же повесттин бүтүн контекстинде алар эстетикалык кызмат аткарып, текстке анча-мынча стилизациялык түс берет. Көп учурда адабий чыгарманын ичине иштиктүү документтер да киргизилет. Маселен, Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын көркөм текстине Түркстан генерал-губернатору Кауфман менен Кокон ханы Кудаярдын ортосундагы каттар, Түркстандагы саясий согуштук кырдаалдар жөнүндө фон Кауфмандын Россиянын согуш министрине жазган билдирүүлөрү, отчеттору, Россия менен Кокондун ортосундагы шартнаамалар сыяктуу бир нече расмий документтер киргизилген. Бирок иштиктүү-расмий стилдин элементтери, сөзсүз, көркөм чыгармада стилистикалык жактан кайра иштелип чыгат да, көркөм контекстке киргизилиши жүйөлүү болуп, эстетикалык функцияга ээ болот.

Көркөм адабияттын тили жалпы колдонулуучу «стандарттуу» адабий тилден өзүнүн функционалдык кеңдиги жана бардыгын кучагына камтыгандыгы менен гана айырмаланбайт. Алар тилдик туюнтуунун адабий эмес каражаттарына карата болгон мамилелери боюнча да бири-биринен принципиалдуу түрдө айырмаланышат. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, нормага салынган адабий тил адамдар ортосундагы катнашуунун жогорку формасы катары анын төмөнкү формаларына: говорлорго, диалектилерге карама-каршы коюлат. Көркөм адабияттын тили, нормага келтирилген стандарттуу адабий тилдин функционалдык кандай гана стилине караганда, тилдик катнашуунун мындай төмөнкү формаларына алда канча чыдамдуу келет. Иш кагаздарына, илимий иштерге тиешелүү стилде таптакыр колдонууга болбой турган кептин диалектилик түрмөктөрү, эгер жазуучу тарабынан көркөм мазмун менен шартталган болсо, аны көркөм адабияттын текстине киргизүүгө толук мүмкүн жана жөндүү да болот. Бул жагынан алганда: «Көркөм адабияттын тили адабий тилден кеңири болуп калат экен, себеби, белгилүү өлчөмдө болсо да, адабий эмес тилдик каражаттарды – диалектизмдерди, жаргонизмдерди ж.у.с. өз ичине киргизет» (Барлас Л.Г., 1978:120).

Орус адабиятынын тарыхында көркөм сүрөттөөнүн мындай жандуу булагынан И.С. Тургенев (Марканова Ф.А., 1955), А.Н.Некрасов (Копорский С.А., 1947; Паршина В.А., 1969:30-38), Л.Н.Толстой (Артеменко Е.П., 1958; Ефремов А.Ф., 1966; Ананьева В.П., 1970:25-31; Селиванов Г.А., 1971; Воробьева С.А., 1971), А.П.Чехов (Магин В.А., 1960), А.М. Горький (Ильенко С.Г., 1955; Васильев Л.М., 1955; Митрофанов Г.Ф., 1959), В.Г. Короленко (Платонова К.И., 1969: 149-154), Д.Н. Мамин-Сибиряк (Пьяных Л.И., 1969: 132-150; Муравьева В.Н., 1952) сыяктуу сөз устаттары зор чеберчилик менен пайдаланышкан болсо, кийинки мезгилде М.А.Шолохов (Ряшенцев К.А., 1949; Гальченко И.Е., 1961; Колтаков С.А., 1961), -М., Пришвин (Степанова Т.А., 1967: 32-42), П.П. Бажов (Чижик-Полейко А.И., 1953) В. Белов (Паникаровская Т.Г. 1970: 111-124; Малков Л.И., 1972: 48-54; Бугрий Е.Ф., 1986), В.Солоухин, Б.Можаев, В. Тендряков, В.Астафьев (Ососветский И.А., 1971), В.Фоменко (Тихомирова М.С., 1966: 41-45), В. Липатов (Храмцова В.П., 1971:95-104), Правдухин (Костюков В.М., 1974: 206-224), К.Ф.Седых (Василенко А.Ф., 1967) жана башка жазуучулар турмушту реалдуу сүрөттөп көрсөтүү максатында өздөрүнүн чыгармаларына диалектизмдерди кеңири киргизишкен. Диалектизмдер В. Маяковский менен С. Есениндин (Жбанкова Т.С., 1972: 155-169) поэзиясында да таасирдүү көркөм каражат катары пайдаланылган.

Кыргыз көркөм адабиятында жергиликтүү колоритти түзүү, турмушту реалдуу сүрөттөө, персонаждардын тилин типтештирүү жана индивидуалдаштыруу, сүрөттөөнүн объектисин этнографиялык жактан сыпаттоо, предметти кыска, так атоо, эмоционалдык-экспрессивдик кошумча түс берүү, образдуулукту күчөтүү жана синонимдик катарларды пайда кылуу сыяктуу стилистикалык максатты көздөп түштүк темасына арналып жазылган Т.Касымбековдун «Сынган кылыч», «Кел кел», «Жетилген курак», М.Абдукаримовдун «Жашагым келет» (Бейшекеев Н., 1965), «Жаңырык» (Мукамбаев Ж., 1969), М. Борбугуловдун «Элеттик жигит» романдарында, К.Бобуловдун «Түштүк кызы», Ш.Абдрамановдун «Күл азык», «Дыйкандар», «Тагдыр», «Жарык дүйнө» роман, повесттеринде, М. Гапаровдун повесть, аңгемелеринде диалектизмдер бир кыйла кеңири колдонулат. (Мукамбаев Ж., 1969 а: 149-160; 1969в; Бекназаров К., 1987).

Бирок жалпы кабыл алынган адабий нормадан мындай чегинүүлөр сөз устаттарынан чоң чеберчиликти, өтө кылдаттыкты талап кылат. Пушкин эскерткен «шайкештик жана ылайыктуулук сезими» жөнүндө өзгөчө ушул жерде эстен чыкпашы керек. Кичине эле аша чапкандык көркөмдүктү толук бойдон жоюуга алып барышы ыктымал. «Чыныгы көркөм чыгарманын тили жалпы элдик тилдин негизинен өтө эле алыстап кете албайт, андай болгондо ал жалпыга түшүнүктүү болбой калат» (Виноградов В.В., 1959:219).

«Стандарттуу» адабий тилдин функционалдык стилдеринен көркөм чыгарманын тили жазуучулар тарабынан башка тилдин лексикалык, фразеологиялык элементтерин колдонушу боюнча да айырмаланат. Маселен, А.Токомбаев «Таң алдында» романында Алымкулдун өлүмүнө байланыштуу «кызайлык» акын Эсенбайдын көңүл айтуусун бүтүндөй казак тилинде берсе, Т.Касымбеков «Сынган кылыч» романына өз ыгы менен кынаптап, өзбек, казак, татар тилдеринен сөз түрмөктөрүн, сүйлөмдөрдү киргизген. У. Абдукаимов «Майдан» романында орус, немец сөздөрүн чеберчилик менен колдонгон. «Ашырбай» аттуу аңгемесинде А. Токомбаев «Хальт!», «Эгип дих! (колго түш!)», «Рус гут, зер гут (орус жакшы, абдан жакшы!)», «О, донер веттер! (О, каран түн, каран түн!)» деген немец сөздөрүн пайдаланган.

Акырында, көркөм кептин мүнөздүү белгиси катары ошол эле тилдин өткөн доорлоруна тиешелүү болгон архаикалык элементтерди жана автордук стилистикалык неологизмдерди, окказионалдык сөздөрдү да эсептөө керек. Көркөм чыгарманын мүнөздүү белгиси болуу менен автордук неологизмдер, окказионалдык сөздөр жана

архаизмдер адабий тилдин иштиктүү жана илимий стилдери үчүн таптакыр жараксыз. Мындай сөздөр публицистикада анча-мынча кездешиши мүмкүн. Анткени жалпы улуттук адабий тилдин башка стилдерине караганда публицистикалык стиль бир катар белгилери боюнча көркөм, адабияттын тилине жакын турат.

Көркөм адабияттын тилинин спецификалык өзгөчөлүгүн, анын стилистикалык жактан «ачыктыгын», тилдик каражаттарды колдонуу жагынан чектелбегендигин эске алуу менен, аны функционалдык стилдердин системасына киргизүүгө болбой тургандыгы жөнүндө акад. В.В. Виноградов: «Стиль» деген түшүнүктү көркөм адабияттын тилине карата колдонгондо, маселен, иштиктүү же канцелярдык стилдерден, ал гана эмес публицистикалык жана илимий стилдерден да башкача мазмунга ээ болот. Улуттук көркөм адабияттын тили китептик-адабий жана элдик-сүйлөө кептеринин башка стилдери, типтери же түрлөрү менен таптакыр бирдей эмес, бирок аларды өзүнчө бир комбинацияларда жана функционалдык жактан өзгөрүлгөн түрдө өз ичине алып, аларды пайдаланат»,– деп көрсөтөт (Виноградов В.В., 1955:85).

В.Д. Левин да ушул көз караштын негизинде: көркөм адабият адабий тилдин функционалдык стилдеринен айырмаланып, көркөмдүк жактан жүйөлүү болсо, сүйлөшүү кебинен, тилдин диалект, жаргон, профессионалдык лексика өңдүү адабий эмес элементтеринен да пайдалана ала тургандыгын, азыркы көркөм адабияттын материалы катары бүтүндөй тил, анын маанилүү жана таасирдүү каражаттарынын бүт байлыгы, кеңири тармактарга бөлүнгөн бардык стилистикалык системасы кызмат кыла тургандыгын жана азыркы адабияттын тилинин көп стилдүүлүгүн белгилеп келип, көркөм адабияттын тили тилдик стилдерден принципиалдуу түрдө айырмаланган көрүнүш экендигин көрсөтөт (Левин В.Д., 1955: 73,77,97).

И.В. Арнольд «Азыркы англис тилинин стилистикасы» аттуу китебинде көркөм адабияттын өзүнчө функционалдык стили болбойт деген көз карашты кубаттап: «Адабий норма стилистикалык жактан нейтралдуу жана көркөм адабиятта ар түрдүү функционалдык стилдер ар түрдүүчө айкалышып колдонулат; анын үстүнө көркөм эффект көбүнчө так ушул стилдердин кагылышуусуна байланыштуу болот», - деп көрсөтөт (Арнольд И.В., 1981:249).

В.П. Мурат: «Көркөм чыгармада жалпы элдик тилдин каражаттарын өзгөчө чыгармачылык менен колдонгон учурда жаңы категория - тигил же бул тилдин туюнтуу каражаттарынын системасын изилдөө менен тике байланышкан проблемалардын алкагынан четке

чыгып кете турган эстетикалык категория келип чыгат», «көркөм адабияттын стилин (өзгөчө функционалдык стиль катары) бөлүүгө мүмкүн эмес, анткени бүтүндөй көркөм адабияттын тилине тиешелүү боло турган эч кандай жалпы тилдик өзгөчөлүк жок», – деп белгилейт (Мурат В.П., 1957: 17,22).

Л.Г. Барлас болсо, «көркөм адабияттын тилинин өзгөчөлүгү ага таандык болгон эстетикалык функция менен тыгыз байланыштуу. Искусствонун бир түрү катары көркөм адабияттын спецификациясынан келип чыккан эстетикалык функция көркөм кептин арсеналына тартылган тилдик каражаттардын ар түрдүүлүгүн, кенендигин жана байлыгын шарттайт. Эстетикалык функция аларды бириктирет жана бул функциясыз, албетте, көркөм кепти искусствонун бир көрүнүшү катары талдоого мүмкүн эмес», – дейт (Барлас Л.Г., 1978:123).

Б. Усубалиев кадыресе кептен көркөм кептин (көркөм стилдин) өзгөчөлүгү жөнүндөгү маселеге кеңири талдоо жүргүзүү менен, көркөм кептин өзгөчөлүгү катары: 1) көркөм кептин жумурулугу, бүтүндүгү жана бөлүнбөстүгү; 2) көркөм кепте ыргактын (ритмдин) жаңы сапатка ээ болушу; 3) көркөм кептин диалогдуулук жана көп үндүүлүк касиети; 4) көркөм кепте тилди колдонуу техникасынын өзгөчөлүгү; 5) көркөм кептеги көп маанилүүлүк; 6) көркөм кепте сөздүн ички формасы; 7) көркөм чыгармада контекст катары бүтүндөй көркөм тексттин өзү кызмат кыла тургандыгы; 8) көркөм стилде функционалдык стилдердин бардык түрү колдонула берерлиги; 9) көркөм чыгармадагы синтаксистик жана фонетикалык өзгөчөлүктөр сыяктууларды белгилеп келип, «Мына ушул өзгөчөлүктөрдүн ар бири майда булактардын баары бир дайрага куйган сыяктуу эле бир кубулушка барып такалат. Ал – образдуулук. Көркөм чыгарма чындыкты образ аркылуу чагылдырып, ойлоонун образдуу түрүнө жата турган соң, образдуулукту көркөм чыгарманын жаны катары кароо абзел», - деген жыйынтыкка келет (Усубалиев Б., 1994: 101).

Башка окумуштуулар тарабынан да (Е.Г. Еткинд (1961:106), Н.Д.Кузнец, Ю.М.Скрябнев (1960: 121-122) ж.б.) көркөм адабияттын тилин адабий тилдин функционалдык стилдеринин системасына киргизүүгө болбой тургандыгын далилдей турган дагы көп аргументтер келтирилүүдө.

Бирок, «көркөм адабияттын тили» деген түшүнүктү «адабий тил» деген түшүнүктөн жана анын функционалдык стилдеринен айырмалап кароо менен бирге, алардын ортосунда органикалык тыгыз байланыштын бар экендигин эч качан унутпообуз керек. Көркөм адабияттын тилинин негизин жалпы элдик тил, анын ичинде улуттук

жазма адабий тил түзөт. Ошол эле учурда улуттук адабий тилдин калыптанышында жана өнүгүшүндө көркөм адабияттын тили өзгөчө зор роль ойнойт. «Көркөм адабияттын тили чындыгында улуттук тилдин «өзөгү» болуп эсептелинет. Көркөм адабияттын тилинин ролу улуттук тилдин өнүгүшүндө ушунчалык зор, анткени улуттук тилдин өзү көрүнүктүү жазуучулардын аты менен ажырагыс байланышта каралат» (Барлас Л.Г., 1978: 122).

Ошондой эле, адабий тилдин функционалдык стилдерин көркөм адабияттын тилинен жасалма түрдө ажыратуу мүмкүн эмес. Адабий тилдин өнүгүшүндө көркөм адабияттын тилинин мааниси өтө зор. Жазуучулар, көркөм сөз устаттары, өздөрүнүн чыгармаларында элдик оозеки тилдин жандуу булагынан көркөм сүрөттөөнүн таасирдүү каражаттарын, жаңы ыкмаларын издеп табышып, бара-бара аларды жалпы улуттук адабий тилге сиңирүү менен, аны тынымсыз байытып турат.

Демек, жалпы улуттук адабий тилдин жана анын стилистикалык тармактарынын өнүгүшүндө, байышында көркөм сөз чеберелерине зор роль таандык.

## II БАП

## ТАРЫХЫЙ ДООРДУН КОЛОРИТИН ТҮЗҮҮДӨ ЭСКИРГЕН СӨЗДӨРДҮН ОБРАЗДЫК -ЭСТЕТИКАЛЫК КЫЗМАТЫ

### 1-§. Эскирген сөздөр жөнүндө жалпы маселелер.

Объективдүү чындыктын бардык көрүнүштөрү дайыма кыймылда, өзгөрүүдө, өсүп-өнүгүүдө болгондуктан, тил да объективдүү чындыктын конкреттүү көрүнүшү катары тынымсыз өнүгүүдө болот. Тилдин башка деңгээлдерине караганда адамдардын өндүрүштүк практикасы менен тикеден-тике катышта болгон сөздүк курам өзгөчө өзгөрмөлүү келет. Ал адамдардын өз ара катнашуу талабын камсыз кылуу үчүн дайыма жаңы сөздөр менен толукталып турат. Ошондой эле катнаш жасоо үчүн зарыл болбой калган сөздөр эскирип, колдонуудан чыгып калат.

Тилдин лексикасынан сөздөрдүн жана анын маанилеринин эскирип чыгып калышы – тилдин өнүгүшүндөгү узак убакытты талап кыла турган татаал процесс. Кээ бир сөздөр тилдин өнүгүшүнүн бир мезгилинде активдүү колдонулуп келип, бара-бара пассивдешип, акыры таптакыр элдин эсинен чыгып калышы, же айрым кош сөздөрдүн, кошмок сөздөрдүн, туруктуу сөз айкаштарынын, ажырагыс сөз тизмектеринин, макал-ылакаптардын компоненти катары гана колдонулушу мүмкүн. Мисалы: *арык-торук, бала-чака, кир-кок, кыз-кыркын, абысын-ажын, чогуу-чаран, уруш-кериш, сорпо-шилең, кеп-келеч, жаан-чачын, каргыш-илкиш, төркүн-төз, чала-моңол, жай - баракат* деген сыяктуу кош сөздөрдүн экинчи түгөйлөрү; *кара өзгөй, кара мүртөз, кеч курун, калы килем, өрө кийиз, чар карга, коң карга, ак жуумал, бир жаңсыл, төрт түлүк, көк шилти, орто саар, төш жары, өнө бою* деген кошмок сөздөрдүн тутумундагы *өзгөй, мүртөз, курун, калы, өрө, чар, коң, жуумал, жаңсыл, түлүк, шилти, баракат, саар, жары, өнө* деген бөлүктөрү; *чайыттай ачык, сай сөөгү сыздоо, бите карын, орой көзү чарай, суй жыгылуу, кырды бычак, жер жибирине жетүү, керегеси кердеп, азат бою тик туруу, сөөгү сөпөт болуу* -деген фразеологизмдердин тутумундагы *чайыт, сай, бите, карын, орой, чарай, суй, кырды, жебир, керде, азат, сөпөт* деген; *«Ай! дээр ажа жок, кой! дээр кожо жок», «Ар кимдин жери - өзүнө мисир», «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт, жаман эрге мал бүтсө, жанына коншу кондурбайт»* деген макалдардын *ажа, мисир, торсук* сыяктуу компоненттери азыркы кыргыз тилинде өз бет алдыларынча колдонулбайт. Алардын айрымдарынын маанилерин байыркы

эстеликтердин жана тектеш же тектеш эмес башка тилдердин берген маалыматтары боюнча гана аныктоого мүмкүн.

Мисалдар келтирелик.

1. Кош сөздөр боюнча:

*арык-торук:* торук – монг. турах – арыктоо (МРС:124);

*бала-чака:* чака – түркм. чага – бала (Туркм РС:715);

*кир-кок:* кок – б.түрк. qoγ, акыр-чикир, шыпырынды (ДТС:452), б.уйг. qoq чаң, топурак (ДТС:457), як. (ЯРС:167), алт. (ОРС:82) кир; монг. хир-кир (МРС:526);.

*кыз-кыркын:* кыркын б.түрк., б.уйг. qïrqïn 1. күң; 2. кыз (ДТС:82);

*абысын-ажын:* ажын монг. күйөөсүнүн инисинин аялы (МРС:26);.

*уруш-кериш:* кериш б.түрк. keriš талаш, тартыш, доо (ДТС:301), алт.уруш (ОРС:80-81)

*сорпо-шилең:* шилең монг. шелен сорпо (МРС:657);

кеп-келеч: келеч б.түрк. keläčü сөз (ДТС:296);

төркүн-төз: төз б.түрк. töz тек, негиз, түп (ДТС:582);

*чала-моңол:* моңол б.түрк. moŋul//muŋul//muŋqul акылсыз, акмак, келесоо (ДТС:346).

*Жай - баракат:* баракат ар. фдраѓдт бейпил, тынч, жыргал, мамыраган (КӨС:59).

Бул сыяктуу тилибиздин азыркы өнүгүш абалында түгөйлөрүнүн бирөө же экөө тең лексикалык маанилерин жоготкон синонимдик кош сөздөргө Б.Ө.Орозбаева атайын «Кош сөздөр жөнүндө айрым пикирлер» (1957) деген макаласын арнап, көптөгөн кош сөздөрдүн лексикалык мааниге ээ болбой калган түгөйлөрүнүн этимологиясын алыскы жана жакынкы тектеш тилдердин Берген маалыматтарына таянуу менен чечмелеген (1995: 14 - 48). Кош сөздөрдүн маанисин жоготкон түгөйлөрүнүн этимологиясын изилдөөгө кийинки эмгектеринде да кеңири орун берген (1964: 228 – 261; 1994: 67 – 74; 2000: 56 - 62)

2. Кошмок сөздөр боюнча:

*Кара өзгөй:* б.түрк. özkäj берилген, ынак, кыйышпас, «өз киши» (ДТС:395). Кара менен бирге келгенде, анын тескерисинче болгон болуу керек (?);

*кара мүртөз:* мүртөз ар. мортэд(д) таш боор, мээримсиз, катаал, ырайымсыз (КӨС:203);

*калы килем:* калы ир. гали килем (КӨС:136);

*коң карга:* коң б.түрк. qoŋ: qoŋ et булчуң, булчуң эт, сулп эт (ДТС:456);

*көк шилти:* шилти арыктаган, өтө арык мал же киши (КӨС:290);

*өнө бою:* өнө б.түрк. öpä асманга атып чыгуу, көкөлөп чыгуу (ДТС:385);

3. Туруктуу сөз айкаштары боюнча:

*бите карын:* ир.-ар. бита-барып турган+карын ар.

гарун (чыгыш уламыштарында ач көз сараң бай) (КӨС:71,143);

*орой көзү чарай:* орой ир. руй-бет, өң, жүз, кебете, кешпир;

чарай ир. чырай - өң, жүз, ажар (КӨС:217,283);

*кырды бычак:* кырды (кырды-кырды түш. диал. жоюу, жок кылуу) (ЮКОС:495);

*жер жеберине жетүү:* жебир (жебире-быдылдап сүйлөй берүү, келжирөө, көп сүйлөө) (ЮКОС:242);

*керегеси кердеп:* керде-жыңалач болуу (ЮКОС:377);

*сөөгү сөпөт болуу:* сөпөт ир. сэфид 1. Ак, апакай, 2. өтм. Кагырап куурап калган сөөк (КӨС:246)

4. Макал-лакаптардан:

*ажа:* бир гана макалда жолугат, башчы, чоң (ЮКОС: 23) Салыштыр: б.түрк. azu//aču ата (кудайга жалынганда) (ДТС:74).

*кожо:* ир. хадже: 1. ээ, башчы, ээлөөчү. 2. дин. Мухамеддин Фатима деген кызынан тарагандар «кожо» деген наамга ээ болуп кеткен (КӨС:156);

*Мисир:* б.түрк., б.уйг. Misir//Mïsïr энчилүү ат (ДТС:345,346). Египет (Мысыр) (РКС:986).

*торсук:* алт. чанач (ОРС:157), кырг. көбүнчө кымыз сактоочу жана ташуучу чанач (ЮКОС:754)

Мындай компоненттер кыргыз тилинин өнүгүшүнүн өткөн мезгилдеринде кеңири колдонулган да, кийин түрдүү себептер менен биротоло унутулуп, ажырагыс тизмектин тутумунда гана сакталып калган.

Башка бир сөздөр тилдин активдүү запасынан чыккан менен, али элдин эсинде сакталып, же күнүмдүк кепте катышпаса да, тигил же бул кырдаалга жараша элдик оозеки адабиятта, көркөм адабиятта, тарыхый чыгармаларда азыр да колдонула берет.

Сөздөрдүн эскириши коомдук түзүлүштүн өзгөрүшү, өндүрүштүн маданияттын, илимдин, техниканын жана ошого байланышту адамдардын ички дүйнөсүнүн, көзкарашынын өнүгүшү менен шартталган тилден сырткаркы экстралингвистикалык фактор менен жана тилдин ички спецификалык закон ченемдүүлүктөрү менен шартталган интралингвистикалык факторлор менен да байланышат.

Тилдеги эскирүү дайыма эле бир калыпта, бирдей темп менен ту сызык боюнча боло бербейт. Өзгөчө эски коомдук-саясий түзүлүшкө жашоо-тиричиликке байланыштуу болгон сөздөр коомду формациялардын алмашышы менен өтө көп санда эскирүүгө дуушар болот. Октябрь революциясынан кийин кыргыз тилинде көп сөздө эскирип, активдүү сөздүк курамдан чыгып калган эле. Мисалы *падыша, олз, бий, болуш, ыстарчын, манап, кул, күң, жалчы, букара токол, бүбү, бакшы* ж.б. Ал эми азыркы учурда кебелбестей сезилге улуу держава – СССРдин кулашы менен Кыргыз Республикасы өзүнү суверендүүлүгүнө ээ болуп, коммунисттик идеологиядан баш тартып өлкөнү демократиялаштыруу процесси жүргүзүлүп, коомду экономикалык структурасы түп тамырынан бери реформаланып рыноктук мамилеге өтүү мезгилинде мурдагы социалисттик коо мезгилиндеги кыйла түшүнүктөр эскирүүгө дуушар болуп, Адам менен кошо ал түшүнүктөрдү атаган көптөгөн сөздөр да эскир баштагандыгы биздин көз алдыбызда өтүп жатат. Атап айтсак, X кылымдын 90-жылдарына чейин эле ыйык сөз катары ардакталы келген *Советтик Социалисттик Республикалар Союзу – СССР, Кыргы Советтик Социалисттик Республикасы – Кыргыз ССРи, Советти Союзунун Коммунисттик партиясы – КПСС, Бүткүл Союзду Ленинчил Коммунисттик Жаштар Союзу – ВЛКСМ, комсомо пионер, октябрят, социализм, социалисттик чарба, колхоз, совхо* деген сыяктуу сөздөрдүн келечекте кыргыз тилинин активдүү сөздү курамынан чыгып, пассивдүү лексиканын катарына өтүп кетиш күмөнсүз болуп калды.

Бирок эскирген, ал Адам эмес биротоло жок болуп кеткен сөздө да азыркы тилде кайра жанданып, жаңыдан түз же өтмө маанилерге болушу, жаңыча стилистикалык түскө, мүнөзгө жана колдонулу чөйрөгө өтүшү мүмкүн. Маселен, *эсепчи* деген сөз мурда «күндү чыкканына, батканына жана жылдыздардын абалына жараша аб ырайы тууралуу алдын ала айтуучу адам» (ЮКОС: 965) деген маани билгизген. Мисалы: «*Эсепчини* жут алат» (макал). Азыр бу маанисинде эскирген сөздөрдүн катарына кирет. Бирок ал кийи «счетовод» маанисине ээ болду (ЮКОС:965). Мисалы: «*Эсепчи* эмес

Чотун урган сайын Акиясынын тарсылдатып басканын элестеп турат да» (Т.С.) «Силер аны жакшылап уюштуруп, жумушка чыгара албай отурасыңар, жолдош счетовод, - деди Жапар *эсепчиге* карап» (К.Б.).

*Жүргүнчү* деген сөз мурда «кербен менен соода кылган соодагер» маанисинде болгон (ЮКОС:275). Азыркы күндө «пассажир» деген мааниде колдонулат. «*Жүргүнчүлөр* мамык отургучтарда чалкалай терезеден урган июндун жалбыз жыттуу абасынан кенен дем алышат» (К.О.)

Ошондой эле Октябрь революциясына чейинки коомдук түзүлүшкө байланыштуу болгон *жеддет, кул, мырза* деген сөздөр азыркы учурда да «ырайымсыз, таш боор, зулум» (КТТС:201), «бирөөнүн эркинен чыкпаган, бирөөнүн айтканын ээрчиген, өз алдынча, өз эркинче аракети болбогон адам» (КТТС:385), «берешен, март, жоомарт» (КТТС: 446) деген өтмө маанилерде колдонулат.

Бул процесс азыркы күндө да уланып жатат. Маселен, учурдагы тилдик саясатка, элибиздин тилге карата көзкарашынын, улуттук аң-сезиминин өзгөрүшүнө жана тилибиздин мамлекеттик статус алышына байланыштуу мурда эскирүүгө дуушар болуп, пассивдүү сөздүк запаска өтүп кеткен *жумурият* (республика), *мыйзам* (закон), *дарс* (лекция), *дарскана* (аудитория), *усул* (метод), *жамаат* (коллектив), *аким* (райондун, шаардын башчысы), *төрага* (председатель), *аалым* (окумуштуу, илимпоз) сыяктуу сөздөр кайрадан жаңырып колдонула баштады.

Демек, тилдин лексикасынан тигил же бул сөздүн чыгып калуу себептери, шарттары бардык эле учурда бирдей эмес; «эскирген» деп аталган сөздөрдүн эскирүү даражасы, алардын азыркы учурда колдонулушу да ар түркүн. Ошондуктан эскирген лексиканы алардын эскирүү себептерине, бүгүнкү күндөгү тилде колдонулуу мүмкүнчүлүктөрүнө жана стилистикалык функциясына жараша типтерге, түрлөргө бөлүштүрүп кароо зарылчылыгы келип чыгат.

Эскирген сөздөр, алардын түрлөрү, типтери, эскирүү себептери жана даражалары, азыркы адабий тилде колдонулушу сыяктуу маселелер жалпы эле лексикология, стилистика боюнча адабияттарда көп эле айтылган. Булардын бардыгында тең тилдин активдүү сөздүк курамынан тигил же бул себеп менен сүрүлүп чыгуунун натыйжасында эскирүүгө дуушар болгон лексикалык катмар жөнүндө түшүнүк берилгени менен, ушул түшүнүккө байланыштуу «эскирген лексика», «архаизм», «историзм», «хронизм» деген сыяктуу терминдердин колдонулушу жана түшүндүрүлүшү боюнча лингвистикалык адабияттарда али толук бирдиктүү пикирлер жок. Окумуштуулардын

бир тобу «архаизм» деген терминди жалпы эле «эскирген сөз» же «эскирген лексика» деп синоним катары карайт. Маселен, Л.А.Булаховский эскирген лексиканын ордуна «архаикалык лексика» же «архаизм» деген терминди пайдаланат да, аларды стилистикалык мүнөзүнө жараша эки категорияга: а) материалдык архаизмдерге, б.а. колдонуудан чыккан жана эски заманга тиешелүү нерселерди, түшүнүктөрдү билдирген сөздөргө жана б) стилистикалык архаизмдерге, б.а. эскиликтин оттеногу болбогон башка сөздөргө параллель боло турган синоним сөздөргө бөлүштүргөн (1952:76). Р.А.Будагов да архаизмди жалпы эскирген сөз менен катар коет да, эки түргө - архаизм-историзмдерге жана стилдик архаизмдерге ажыратып берген (1965:99-104). Ошондой эле, О.С. Ахманова (1957:272-274), А.Н.Гвоздев (1965:93-95), Б.Н.Головин (1983:68-69), Б.И. Косовский (1974:140-142), А.М. Искоз, А.Ф.Ленкова, Л.Р. Зиндер жана башкалар да эскирген сөз маанисинде «архаизм» деген терминди пайдаланышат. Бирок бардыгы дээрлик архаизмдердин ичинде эки башка мүнөздөгү катмардын бар экендигин белгилешет.

Демек, мында «архаизм» – жалпы эле эскирген сөздүн да, историзмдин да, хронизмдин да, архаизмдин да эквиваленти катары колдонулуп жатат. Чындыгында, илимий термин полисемиялуу болбостон, жеке, так мааниде болушу керек. Бул жалпы эле илимий терминге коюлуучу талап.

Лингвисттердин экинчи тобу – Е.М. Галкина-Федорук (1954), Н.М.Шанский (1954:27-33), Д.Э. Розенталь (1968:49-51), А.В. Калинин (1966:103-114), Ф.К. Гужва (1973:87-89), К.А. Левковская (1956:56-63), И.Р.Гальперин (1958:67-71), И.В. Арнольд (1959:308-310), Л.И.Баранникова (1973:138-141), Г.Г. Мусабаев (1954:70-72), А.Махмутов (1963:6-13) жана башкалар тилдин активдүү лексикасынан биротоло чыккан, же чыгып бараткан сөздөрдүн бардыгын жалпысынан «эскирген лексика» деп атоо менен, алардын эскирүү себебине, азыркы тилдин сөздүк курамы менен болгон карым-катышына жана лингвостилистикалык функциясына карай историзмдерге жана архаизмдерге бөлүштүрүп карашат.

60-жылдардан кийин историзм жана архаизмдердин ортосундагы аралык көрүнүш катары, айрым коомдук-саясий түшүнүктөрдүн өзгөрүлгөн мазмунуна ылайык келбей эскирип калган сөздөрдү хронизмдерди өзүнчө бөлүү тууралуу пикирлер пайда болууда. Мындай пикир биринчи жолу В.Ф. Алтайская тарабынан сунуш кылынган (1960:14-20). Чындыгында тилде бир эле учурда историзмдин да, архаизмдин да белгилерине ээ болгон көрүнүштөр

кыйла учурайт. Ошондуктан буларды өз бетинче бөлүп кароо илимий жактан да, методикалык жактан да максатка ылайык келет.

Эскирген сөздөрдүн - историзмдер менен архаизмдердин - көркөм адабиятта сүрөттөөнүн лексикалык каражаты катары, өзгөчө тарыхый көркөм чыгармаларда тилди стилизациялоонун каражаты катары колдонулгандыгын изилдеген бир кыйла илимий макалалар, атайын диссертациялык эмгектер бар. Ал изилдөөлөрдө эскирген сөздөрдүн жалпы тилдин лексикалык системасында алган орду, тигил же бул стилде, адабий жанрда көркөм сүрөттөөнүн каражаты катары аткарган кызматы сыяктуу маселелер камтылган. Мындай изилдөөлөрдүн катарына орус тили боюнча В.К. Фавориндин (1947), В.В.Степанованын (1951,1955,1957), А.И.Пауткиндин (1957), В.И.Кононованын (1954,1958,1973), Н.С. Кононованын (1964, 1966), В.Д. Левиндин (1959), Н.Т.Пронинанын (1960), М.Г.Чхиквадзенин (1963), М.Н. Нестеровдун (1969,1972), А.В. Алпатовдун (1970), чет тилдер боюнча Г.Р. Петаштын (1966), А.П. Ялышеванын (1970,1971), Е.В. Гулыганын (1969,1973), түрк тилдери боюнча А. Махмутовдун (1963), Ш.У. Рахматуллаевдин (1963), Э. Кылычовдун (1969) жана башкалардын эмгектерин атоого болот.

Кыргыз тил илиминде эскирген сөздөр атайын илимий изилдөөнүн объектиси катары окумуштуулардын көңүлүн өзүнө бура элек. Бул маселе боюнча жалпы маалымат мектепке жана жогорку окуу жайларына арналган окуу китептеринде, окуу куралдарында гана берилген. Атап айтсак, И.А.Батманов, Г. Бакинова, Ю. Яншансиндин азыркы кыргыз тили боюнча 1959-жылы жарык көргөн жогорку окуу жайларына арналган окуу китебинде эскирген сөздөр жөнүндөгү маалымат жарым бетке жетпейт. Анда «Тилдеги колдонуудан чыгып бараткан, эскирген сөздөр же айрым сүйлөмдөр архаизмдер (эскирген сөздөр) деп аталат» деген аныктама берилип, эскирген сөз менен архаизм синоним катары түшүндүрүлөт (1956:78-79).

Педагогикалык окуу жайлары үчүн С. Давлетов, Ж. Мукамбаев, С.Турусбековдор жазышкан кыргыз тилинин окуу китебинде да архаизм деген термин жалпы эле эскирген сөз менен бирдей мааниде берилген. Бирок мында жогоркуга караганда эскирген сөздөр жөнүндө бир кыйла кененирээк токтолуп, алар семантикалык, лексикалык, лексико-фонетикалык жана лексико-морфологиялык архаизмдер деп бир нече түрлөргө бөлүштүрүлгөн (1968:56-58).

Эскирген сөздөр жана анын түрлөрү жөнүндө бир кыйла кеңири маалымат азыркы кыргыз тилинин лексикология бөлүмү боюнча 1971-жылы түзүлүп, жогорку окуу жайларына арналган биздин окуу куралыбызда берилген (Мамытов Ж., Кулумбаева З.1971: 45-58). Бул

окуу куралында жалпы эле эскирген сөздөр историзмдерге жана архаизмдерге бөлүштүрүлөт да, эскирген сөздөрдүн типтеринин ортосундагы негизги айырмачылыктар көрсөтүлөт. Ал эми архаизмдер болсо эскирүүнүн натыйжасына карай лексикалык, семантикалык, фонетикалык, морфологиялык архаизмдерге бөлүштүрүлүп, алардын тилдеги стилистикалык функциялары тууралында сөз болгон. Бул окуу куралынын оңдолуп, толукталып экинчи басылышында эскирген лексика жөнүндө бөлүм түп тамырынан кайра иштелип чыгып, историзмдер менен архаизмдерди алардын эскирүү себептерине, бүгүнкү күндөгү тилде колдонулуу мүмкүнчүлүктөрүнө жана стилистикалык функциясына жараша мүнөздөөчү белгилерине кеңири токтолуп, алардын ортосуна ачык-айкын чек коюлган. Историзм деп аталган лексикалык бирдиктер алардын структурасына жана мазмунуна карай ич ара лексикалык историзмдер, семантикалык историзмдер жана фразеологиялык историзмдер деп бөлүштүрүлгөн (МамытовЖ.,1999:172-186).

Кыргыз лексикологиясы боюнча жогорку окуу жайларына арналып чыккан башка окуу китептеринде эскирген сөздөр (С.Өмүралиева менен А. Сапарбаевде «көөнөргөн сөздөр») жөнүндө учкай гана түшүндүрмөлөр берилип, негизинен, жогоруда аталган окуу куралындагы пикирлер, ойлор кыскача кайталанган (Ахматов Т., Мукамбаев Ж., 1978:139-146; Ахматов Т.К., Өмүралиева С., 1990:209-211; Сапарбаев А., 1997:173-183; Абдулдаев Э., 1998: 215-220).

Э. Абдулдаев, А. Турсуновдор түзүшүп, 1973-жылдан бери бир нече ирет басылган орто мектептин IX-X класстары үчүн кыргыз тилинин окуу китебинде да эскирген сөздөр тарыхый сөздөргө (историзмдерге) жана архаизмдерге бөлүштүрүлгөн.

Ал эми азыркы учурда пайдаланылып жаткан орто мектептин 6-7-класстары үчүн арналган кыргыз тилинин окуу китебинин кийинки басылышында эскирген сөздөргө жана анын түрлөрүнө атайын аныктама берилип, ага тиешелүү түшүнүктөрдүн ажырымы ажыратылбастан эле, мисал катары *абайы, дүрүйө, кете, дарайы* деп аталган ар кандай кездемелердин аттарын, *туулга, күбө, күрөөкө, чарайна* деген сыяктуу жоо кийимдери менен жасалгаларын, *баран, очогор, келте, күрзү, калкан, селебе, саадак, комокой, түпөк, кыйгак, кирич* сыяктуу жоо жарактарын жана анын бөлүктөрүн билдирген сөздөрдү да, ошондой эле азыр ордуна *жолдош, жөлөк, таяныч, караан* сөздөрү колдонулуп кеткен *эш* деген сөздү да жана Октябрь революциясынан кийин пайда болуп, бир топ убакыт кеңири колдонууда жүргөн *уруят* (эркиндик), *кеңеш* (совет), *уюшма* (колхоз), *катчы* (секретарь) сыяктуу сөздөрдү да көрсөткөн.

Көнүгүү үчүн тапшырмаларда да ушул сыяктуу жоо карактарынын, кийим-кечектердин, ар кандай кымбат баалуу кездемелердин аттарын атаган сөздөр менен бирге азыр колдонуудан чыгып, ордуна башка сөздөр колдонулган архаизмдер аралаш берилет (Исаев Д., Кудайбергенов С., Үсөналиев С., 1990:42-45). Ал эми Б.Ө.Орузбаеванын «лингвистикалык терминдердин орусча – кыргызча сөздүгүндө» «Устаревшие слова - эскирген сөздөр» деп которулат да, архаизмдерге шилтөө жасалат (1972: 314). Ал эми архаизмге «тилдин сөздүк составынан пассивдүү запасына кирүүчү, колдонуудан чыгып калган же сейрек колдонулуучу сөздөр» деген аныктама берилген. Мында да эскирген сөз менен архаизмдин маанилери так ажыратылбаган (1972: 27).

Жогоруда айтылгандардан белгилүү болгондой, кыргыз тил илиминде эскирген сөздөр атайын илимий изилдөөнүн объектиси катары лексикологиялык жактан толук сыпатталып жазыла элек. Эскирген сөздөр, аларды классификациялоо жана ага байланыштуу терминдер кыргыз тилинин окуу китептери менен окуу куралдарында,сөздүктөрдө ар кайсы авторлор тарабынан ар башкача түшүндүрүлүп, чаржайыт колдонулуп келе жатат. Албетте, аталган тилдик бирдиктин табиятын кеңири планда изилдөө гана мындай баш аламандыктан куткарат. Ошондуктан эскирген сөздөрдүн көркөм чыгармада аткарган эстетикалык функцияларын аныктай турган лингвостилистикалык багытта гана изилдөө жүргүзбөстөн, эскирген сөздөрдүн жалпы маселелерине да токтолобуз, себеби «эскирген сөз», «историзм», «архаизм», «хронизм» деген түшүнүктөрдүн жана алардын түрлөрүнүн ортосундагы чектерин бири-биринен так ажыратып албай туруп, алардын эстетикалык кызматы жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, кыскача болсо да, жогоруда аталган маселелерди чечмелөөгө аракет кылмакчыбыз.

**Эскирген лексика** деп азыркы тилдин лексикалык деңгээлинде мезгил жактан борборду түзгөн бейтарап лексикага карата перифериялык абалдагы, мазмуну жана формасы боюнча эскирген бардык сөздөрдү эсептөө менен, аларды историзм, архаизм жана хронизм деп үч типке бөлүштүрөбүз (Лексикалык деңгээлдеги борбор менен перифериянын ортосундагы катыш жөнүндө караңыз: Гулыга Е.В., 1969; Ялышева А.П., 1970).

1. Элдин өткөн турмушуна байланыштуу түшүнүктөрдүн жоюлушу менен бирге активдүү сөздүк запастан чыгып, бирок белгилүү тарыхый доордун көрсөткүчү катары али азыркы тилде колдонулган сөздөр ***историзмдер*** деп аталат.

Историзмдер төмөнкүдөй белгилер менен мүнөздөлөт:

1) Историзмдердин тилдин активдүү сөздүк запасынан чыгышы экстралингвистикалык факторлорго, башкача айтканда, коомдун социалдык, саясий, маданий өнүгүш тарыхына байланышат. Алар элдин өткөндөгү коомдук-саясий, маданий-социалдык турмушуна, согуш иштерине жана башкаларга байланыштуу болгон сөздөрдүн ар кандай лексикалык-семантикалык топторун өз ичине камтыйт.

2) Историзмдер азыркы учурда эскирүүгө дуушар болгон нерселердин, буюмдардын, түшүнүктөрдүн бирден-бир аталышы болуп эсептелет. Ошондуктан ал өзү атаган реалий менен бирге эскирет да, анын азыркы тилде эч кандай синоними, варианты болбойт.

3) Эскирген түшүнүктүн бирден-бир жекече аталышы болгондуктан, өткөн доорду сүрөттөөгө арналган көркөм, тарыхый, илимий чыгармаларда авторлор историзмдерди колдонбой кое албайт жана алардын бардыгында бирдей номинативдик функцияны аткарат.

4) Историзмдердин азыркы тилде синониминин болбошу жана эскирген түшүнүктү жекече аташы анын көркөм чыгармада доордун колоритин түзүү үчүн автордук баяндоого да, персонаждардын кебине да бирдей эле тиешелүү болушуна мүмкүндүк берет.

Историзмдерге айланып кеткен тилдик бирдиктерди түзүлүшүнө жана мазмунуна карай өз ара лексикалык историзмдер, семантикалык историзмдер, фразеологиялык историзмдер жана историзм-макалдар деп төрт топко бөлүштүрүү максатка ылайыктуу.

Эскирген түшүнүккө байланыштуу историзмге айланган жекече лексеманы **лексикалык историзм** деп атайбыз. Буга *хан, бек, черүү, нөкөр, күрсү, соот, туулга, айбалта, сырбараң, наркескен, добулбас, чыңыроо, накери, ордо, чеге, зоолу, зындан, бакшы, бүбү, жайчы* сыяктуу эски түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр кирет.

Эгер эскирген түшүнүк менен бүтүндөй сөз байланышпай, анын айрым гана мааниси эскирүүгө дуушар болсо, анда **семантикалык историзм** же **историзм – маани** деп атоо туура болот. Маселен, *жигит* деген сөз «улан, бойго жеткен эркек бала, эр жеткен эркек» жана «эр, тайманбаган, тартынбаган адам, азамат» деген маанилеринде азыркы тилде кеңири колдонулса, анын «манаптын, болуштун жана бийлөөчү таптын кызматын кылып, жандап жүргөн адам, малай» (КТТС:209) деген мааниси семантикалык историзмге айланган; *саан* деген сөздүн «саала турган мал», «саала турган, саалуу учуру жеткен маал, убак» деген азыркы маанилеринен башка «күчүн сатып эмгектенген акысы үчүн убактылуу сүтүн ичишке алынган мал» (КТТС:512) деген

тарыхый мааниси болгон. Ошондой эле, *аксакал, бийлик, ураан, чыгым* сыяктуу сөздөрдүн «айыл башкаруучусу, патриарх» (КТТС:35), «бийдин мансабы, ал үчүн алына турган салык» (ЮКОС: 133), «согуштук чакырык» (КТТС:648), «манаптардын чыгымдаган каражаты үчүн элден жыйналган салык» (ЮКОС:881-882) деген маанилери историзм-маанилер болот.

Элдин турмушундагы эскирген түшүнүктөрдү туюнткан тилдеги туруктуу сөз айкаштары **фразеологиялык историзмдер** деп аталат. Маселен, *сөөгү меники, эти сеники* (уулун окутуу үчүн молдого берерде айтылуучу сөз), *журт агасы* (уруудагы жогорку мансаптуу адам), *таман акы* (көбүнчө мал баккандыгы үчүн төлөнүүчү акы), *балта чабар* (айбалта менен куралданган аскерлер), *бел куда* (төрөлө элек балдарына кудалашуу), *бешик куда* (бешиктеги балдарына кудалашуу), *боз дөбө* (жоонун жеке балбандары беттешүүчү дөбө), *чөп ооз* (жайлоодон пайдалангандыгы үчүн алынган акы), *акыр заман* (диний түшүнүк боюнча дүйнөдө жашоо тиричилиги токтолуу мезгили), *калилет дүйнө* (диндик түшүнүктө «жалган дүйнө»), *кара черүү* (жергиликтүү администрацияны шайлоо учурунда мурунку кандидатураны жактоочу топ), *ак черүү* (жергиликтүү администрацияны шайлоо учурунда жаңы кандидатура койгон топ), *кызыл чок* (жергиликтүү башкаруу органдарынын чабарманы) деген сыяктуу туруктуу сөз тизмектери элдин өткөндөгү жашоо-тиричилигине, ишенимдерине, башкаруу бийлик түшүнүктөрүнө байланыштуу болгондуктан, азыркы тилдин активдүү сөздүк курамында өтө сейрек учурайт.

Элдин коомдук-саясий турмушундагы, жашоо-тиричилигиндеги, дүйнөнү таанып-билүүсүндөгү эскиче түшүнүктөр менен байланышкан макалдарды **историзм-макалдар** деп атайбыз. Маселен, *«Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн», «Падыша кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес», «Кембагалды сыйласаң, чокою менен төргө өтөт», «Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба», «Тоок куш эмес, катын киши эмес», «Молдо киши – катын киши, катын киши – жарым киши», «Кул кутурса, кудукка кайырмак салат»* деген сыяктуу макалдар бийлөөчү таптын көз карашын билгизип, азыркы түшүнүккө карама-каршы келет.

II. Историзмдерден айырмаланып, элдин турмушундагы түшүнүктөрдүн, нерселердин эскириши менен бирге эскирбестен, түшүнүк ошол бойдон калып, аны туюнткан сөз же маани гана ордун башка сөзгө бошотуп берүү менен, тилдин активдүү сөздүк курамынан

биротоло чыгып, элдин күндөлүк кебинде такыр унутулуп калга сөздөр жана маанилер *архаизмдер* деп аталат.

Архаизмди мүнөздөөчү белгилер төмөнкүлөр:

1) Архаизмдердин эскириши көбүнчө интралингвистикалы факторлорго байланыштуу, башкача айтканда, тилден тигил же бу сөздүн чыгып калышы ал туюнткан кандайдыр бир түшүнүктү эскириши менен шартталбастан, синоним, полисемия, варианттуулу сыяктуу тилдик көрүнүштөр менен байланышат. Тактап айткандa тилде синоним болгон сөздөр бири-бирине толук дал келсе, алардын ичинен бирөө гана калып, калганы колдонуудан чыгып калат. (Биро тилде мындай көрүнүштөр өтө сейрек учурайт). Маселен, 30-жылдар орус тилинде, ошондой эле кыргыз тилинде да *аэроплан, самолет* деге сөздөр бирдей колдонулуп келген болсо, кийин *аэроплан* колдонууда чыгып, тилде *самолет* сөзү гана калды. же болбосо, кийинки зл жылдары *окуучу* деген сөздүн «мектепте окуган бала» жана «кител газеталарды окуй турган адам» (КТТС:461) деген маанилеринин бири биринен так айырмалоо үчүн кийинки маанисинде *окурман* деге уңгулаш сөз колдонула баштады. Натыйжада *окуучу* деген сөздү экинчи мааниси эскирүүгө учурап, кош маанилүү сөздөн же маанилүү сөзгө өттү.

Архаизмдердин тилдин сөздүк курамынан сүрүлүп чыгып калу жана алардын ордуна башка сөздөрдү колдонуу себептери түшүндүрүү историзмдерге салыштырганда алда канча татаал нерс ал атайын лингвистикалык изилдөөлөрдү талап кылат.

2) Архаизмдер азыркы учурдагы жашап жаткан көрүнүштөрдү эскиче аталышы болгондуктан, анын азыркы тилде сөзсүз синоним же варианты болот. Ал өзү атаган чындыкты түшүндүрүүчү азыркы тилдеги сөз менен стилистикалык-семантикалык катнашты түзө Демек, мындан айтылуучу ойго жараша синонимдик катнашта турга архаизм менен азыркы тилдеги сөздүн ылайыктуусун тандап алуу мүмкүнчүлүк түзүлөт.

3) Архаизмдердин азыркы тилде синоними бар болгондуктан тарыхый темага арналган көркөм чыгармаларда аларды азыркы сөздөр менен алмаштырууга толук мүмкүн болор эле, антке архаизмдер конкреттүү тарыхый доорду тике мүнөздөй албайт. Биро жазуучулар көп учурда чыгармалардагы тарыхый боекторду күчөтү үчүн, кадыресе гана номинативдик функцияда эмес, стилистикалык максатта архаизмдерди пайдаланышат.

4) Архаизмдер историзмдер сыяктуу тарыхый колоритти түзүүнү гана каражаты болбостон, персонаждарды кептик жакта

мүнөздөөнүн жана айтылган сөзгө экспрессивдүү-эмоционалдуу түс берүүнүн да каражаты болуп кызмат аткарат. Алар автордук кепте окуя кейипкердин көз карашында бааланып жаткан учурда колдонулат.

Историзмдер тилдин лексикалык жана фразеологиялык деңгээлине гана тиешелүү көрүнүш болсо, «архаизм» деген термин менен тилдин фонетикалык жана грамматикалык системасындагы эскирген көрүнүштөр, б.а. тилдин тарыхый өнүгүшүндө колдонуудан чыгып калган айрым тыбыштык жана грамматикалык каражаттар да аталат.

Биз бул жерде тилибиздеги лексикалык архаизмдер жөнүндө гана сөз кылабыз да, аларды эскирүү даражасына жана азыркы тилде колдонулуп жүргөн синонимдери же варианттары менен болгон катышына жараша нагыз лексикалык, семантикалык, лексика-фонетикалык, лексика-морфологиялык архаизмдер деп өз ара топторго бөлүштүрөбүз.

Ордун башка сөзгө бошотуп берүү менен толук бойдон колдонуудан чыгып калган сөздөр *нагыз лексикалык архаизмдер* деп аталат. Буга мисал кылып, *абырак* (сылыктык, жөн билгилик), *ажайыпкана* (музей), *бозгун* (эмиграция), *бозгунчу* (эмигрант), *дарылпунун* (университет), *дарыскана* (аудитория), *жаныгма* (фельетон), *жарнама* (приказ), *зарынчылык* (романтика, романтизм), *имла* (орфография), *коолу* (токтом, чечим), *парман* (буйрук), *сыныл* (класс), *төңкөрүш* (революция), *уруят* (эркиндик) сыяктууларды көрсөтүүгө болот. Нагыз лексикалык архаизмдерге жалаң эле жеке лексемадан турган жөнөкөй сөз түрүндөгү архаизмдерди гана киргизбестен, эки уңгунун биригишинен турган кошмок сөз түрүндөгү архаизмге айланган атоолорду да киргизебиз. Буга мисал катары *Кеңештер бирдиги же Кеңештер союзу* (Советтер Союзу), *бирикме чарба* (колхоз), *жай байлык* (жеке менчик), *тегизчил турмуш* (социализм), *өкүмөт өнөрү* (өнөр жай), *кыр көрсөтүү* (демонстрация), *сөз жарыштыруу* (дискуссия), *чоң чогулуш* (митинг), *түп киндик* (борбор), *жер майы* (нефть), *жер тиргизүү* (меллиорация), *от араба* (поезд), *кара кашка* (квитанция) сыяктууларды көрсөтүүгө болот.

«Эркин-Тоо» газетасынан төмөнкүдөй мисалдарды кезиктиребиз: «*Кеңештер бирдигиндеги* биздин майрам, эмгекчилердин кубаныч күнү» деп саналат» (1927, 1-май). «Бүткүл зуот-пабриктердин жана тышкы соода иштеринин эмгекчилер колунда болушу, мунун үстүнө ички соода жана кеперетиптердин күндөн күнгө илгерилеп кеңип бара жаткандыгы, *жай байлыкка* тоскоол болуп, уйумдашкан,

тартиптешкен эмгекчилерди *тегизчилик турмушуна* карай жетеле бара жаткан жолдор болот» (1926, 11-январь). «Биз алдыңкы жыл жалгыз гана *өкүмөт өнөрүн* оңоо жолунда эмес, балки айыл чарбан алга жөнөтүү жолунда айыл-кыштактардагы күчү аз жана орт дыйкандарга карыз берүү үчүн далай акча берүүбүз керек болот (1926, 8-январь). «Сыяз бул маселелер менен убакытты өткөрүп, *сө жарыштырууну* керексиз таап, бул ойдун жаңылыштыгы негизсиздигин түшүндүрдү» (1926, 11-январь). «Жыл сайын 1-май күн бардык капиталчыл мамалекеттердеги жумушчулар көпчүлүктүн *кы көрсөтүүлөрүн, чоң чогулуштар* өткөрүп, ошону менен катар би убакта иш таштоолор уйуштуруп турушат» (1927, 1-май).

Мындай архаизмдерди жыйырманчы жылдар ичинде жазылга көркөм чыгармалардан да учуратабыз. Мисалы:

«*Туп киндигиң* Маскөөдө,
Түркүгүң турат Ташкенде
Куп дөөлөткө жолуктук,
Кулак салба эч кепке» (Тог.М. Кедейлерге насият).
«Күчтүү, күлүк *от араба*
Алга карай зыркырайт» (А.Т. От араба, 1929).

Архаизмдер элдин эсинен биротоло чыгып, анын ордуна азырк тилдеги синоними колдонулгандыктан, узак мезгилди ичине камтыга жазма традициясы болбогон тилдерден андай сөздөрдү табуу жан анын азыр ордун баскан эквивалентин так көрсөтүп, кийинки сө менен алмашуу мезгилин, себебин аныктоо кыйынчылык туудура Кыргыз тилинин өнүгүшүнүн бардык учурун мүнөздөй алуучу жазм эстеликтердин жоктугу кыргыз тилинде мурда колдонулуп, кийи ордун башка сөздөргө бошотуп берген сөздөрдүн изин табуу кө учурда кыйынчылык туудурат. Ошол себептен биз кыргыз элини улуттук басма сөзүнүн пайда болуш мезгилинен бери карай, көбүнч коомдук-саясий, илимий жана официалдуу терминдерде пайда болго архаизмдер жөнүндө сөз кылуу менен гана чектелебиз.

Колдонуудан бүтүндөй сөз чыкпастан, анын айрым мааниси ган архаизмге айланып, калган же жаңыдан ээ болгон маанилери мене тилде жашоосун уланта берсе, мында **семантикалык архаизм** ж **архаизм-маани** келип чыгат. Маселен, бүгүнкү күндө да тилибизд кеңири колдонулган бир кыйла сөздөрдүн жыйырманчы кылымды 20-30-жылдарында башка да маанилерде колдонулгандыгын жана а маанилердин азыр эскирип калгандыгын ошол кездерде чыккан газет журналдардан, чыгармалардан алынган мисалдардан көрө алабыз.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле пайда болгон *башкарма* деген сөз «Эркин-Тоодо» азыркы берген маанилеринен башка «редакция» деген мааниде да колдонулган: «*Башкармага* жиберилген макалаларда жазуучунун толук адреси болсун» («Эркин-Тоо», 1924, 7-ноябрь).

«Эркин-Тоодо» *мал* «товар», *топурак* «территория», *эсеп* «отчет», *тил* «партия, мекеме, коомдор тарабынан басылып чыккан газета, журнал-орган» маанисинде да колдонулган. Мисалы: «Беш-Жыгачта бир кеперетип бар, болгону менен *малы* өздөрүнүн мүчөсүнөн артпайт» (1926, 8-январь). «ТССР *топурагында* агартуу жолу менен Кызыл Азыйа темир жолунда 6 окуу журтунда 688 кишиге кесипчилер тарбыйасы берилип жатат» (1926, 11-январь). «Эркин-Тоо» кыргыз эрктүү облусунун облустук кемунус партыйа, облустук аткаруу кемитети, облустук кошчу, жаштар кемитети жана кесипчилер уйумунун *тили* болуп чыгат» (1926, 4-январь). «Мунун үчүн барлык кемитет калык алдында кылган ишинен *эсеп* берүүгө тийиш» (1926, 11-январь). «Кезитибиздин өткөн сандарында Орусия Кемунистер партиясынын борбор кемитетинин *эсеби* тууралуу баяндамалар басылып өттү» (1926, 11-январь).

Жаңы тыбыштык формага ээ болуу менен, мурунку кебетесинде эскирүүгө дуушар болгон сөздөр **лексика-фонетикалык архаизмдер** деп аталат. Азыркы кездеги жазылышынан жана айтылышынан айырмаланган *кезит, кемесия, кемунус, кемсомол, кемитет, кеперетип* деген сөздөр да «Эркин-Тоодо» ушул тыбыштык формасында жазыла турган. Мисалы: «Эркин-Тоо» *кезитинин* түпкүлүктүү мээлеген максаты: калың кыргыз калкын, анын ичинде кедей-кембагал шордууларынын көзүн ачып, саясы агым менен тааныштырып тарбияламак» (1924, 7-ноябрь). «Орус кыштактарына шайлоо өткөрүү үчүн болуштук шайлоо *кемесиясы* жана кызматкерлери менен кең жыйналыш кылып, өзүбүз кыргыз селенийаларына кеттик» (1926, 8-январь). «Кеңеш өкмөтүнүн иштерин орундоо жолунда ленинчил *кемсомолдор* чоң орун алат» (1926, 4-январь). «Эркин-Тоо» кара кылды как жарган адил, чын сүйлөгүч, кеңештер өкмөтү, *кемунус* партийасынын бикирин, максатын бей-бечарага жая турган кыргыз автономиялуу өкүмөтүнүн тили болмок» (1926, 7-ноябрь). «Жалгыз болуштук аткаруу *кемитети* ыраак жерде болгондуктан, айыл иштерге керегинче тааныша албайт» (1926, 8-январь). «Жайылганда ушу күнгө чейин бир да *кеперетип* ачылбаган» (1926, 8-январь) ж.б. Азыр бул сөздөр адабий тилде лексикалык-фонетикалык архаизмдерге айланып, интеллигенттер, жаштар тарбынан бул сөздөр толук орус тилинин

нормасында өздөштүрүлүшүнүн натыйжасында, жазма жана оозеки кепте *газета, комиссия, комсомол, коммунист, комитет, кооператив* түрүндө гана колдонулат.

Ошондой эле мурдатан оозеки чыгармаларда жолуккан кээ бир жер-суу аттары, элдердин аттары азыркы адабий тилде фонетикалык жаңы түр алып, мурдагы аталышы архаизмге өткөндүгүн байкоого болот.

Мисалы: «Биреөндү айдайм *Оролго*,
Биреөндү айдайм *Эренге*
Биреөндү түшүрөм акыр тереңге»
«Туурасы *Эртиш* суу болсун,
Аягы *Орол* тоо болсун,
Бир чети *Тебит* чөл болсун».
«Эки күнү жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
*Маңгулага* кирип кетиптир»
(«Манас»)
«*Оогандын* элин Курманбек
Калмактардай ойлойбу»
(«Курманбек»).

Мындагы *Орол, Эртиш, Тебит, Маңгул, Ооган* деген аттар азыр *Урал, Иран, Иртыш, Тибет, Монгол, Афган* болуп колдонулат. Лексика-фонетикалык архаизмдерди жыйырманчы-отузунчу жылдарда жазылган көркөм чыгармалардан да жолуктурабыз. Мисалы:

«*Фабрик, зоотто* иштеген,
Өпкөсүн оозго тиштеген,
Жумушчулар тургула» (А.Т., Өкмөт ээлерине, 1924).
«Боюңа *зоот* орноп булап түтүн,
Баш кошуп, бактылуу элдер жыйып күчүн …
Чыгарсын түрлөндүрүп машиналар»
(К.М. Ысык-Көл сүрөттөрү, 1930).
«Келгиле пахта терелик,
Ылдам-ылдам бүткөрүп,
*Фабрикке* берелик» (К.М. Пахтачы кыздын ыры, 1932).
«*Кеперетипке* член болуп,
Алдың беле анык толук» (М.Э., 1928).

Азыркы кезде колдонулган сөз менен уңгулаш болуп, андан сөз жасоочу мүчөсүнөн гана айырмаланган архаизмдер **лексика-морфологиялык архаизм** деп аталат. Маселен, бүгүнкү күндөгү адабий тилибиздеги *жумушчу, уюм, башчы, социалисттик, капиталисттик, капитализм, идеалист, империалист* деген сөздөрдүн ордуна мурда ушул эле сөздөргө уңгулаш, бирок мүчөсү боюнча айырмаланган *жумушкер, уюк, баштык, сатсыйалчыл, капиталчылык, идеялчыл, империалчыл* деген сөздөр колдонулуп келгендигин «Эркин-Тоонун» жана ошол кезде чыккан көркөм чыгармалардын материалдары далилдейт. Мисалы: «Партияны *жумушкерлер* менен күчөтүү иштери башка тетик менен жүрө бермекчи болду» (1926, 11-январь), «Шайлоо болордон мурун партия *уюктары* менен кеңешип, кемсомолдо мүчө болгон жаштардын жыйылыштарын чогултуп, аларды шайлоого катыштырууга үндөп кызыктырсын» (1926, 4-январь). «Кыргыз институту ачылары менен бирге жанына ленинчил жаштар *уюгу* ачылды» (1926, 8-январь). «Облустук партия комитетинин үгүт-насыят бөлүмүнүн *баштыгы* Айтмат уулу» (1926, 18-январь). «Чет мамлекеттерде *сатсыйалчыл* курулуш жок. Анда *капиталчылык* өкүм сүрөт» (1927, 1-май).

«Кубулжуп *жумушкердин* үнү чыгат,
Болгонсуп, улуу тойго күрөш-эңиш»
(К.М. Ысык-Көл сүрөттөрү, 1930).

«Ант берип *социалчыл* турмуш үчүн,
Жөнөштү сапар чегип көп жаңы адам»
(М.Э., 1930)

III. Азыркы тилде жашап жаткан түшүнүктүн өзгөрүлгөн мазмунуна ылайык келбей калып эскирүүгө дуушар болгон сөздөр **хронизмдер** деп аталат.

Историзмдерден хронизмдин айырмасы бар. Ал туюнткан түшүнүк жоюлуп кетпейт, бирок анын мазмуну өзгөрүлөт, же мазмунунун көлөмү кеңийт. Ошондуктан анын эскиче аталышы түшүнүктүн жаңы көлөмүнө жана мазмунуна туура келбей калат да, башка ат менен алмашылат. Маселен, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын аталышы ушундайча өзгөрүлгөн.

Эскирген сөздүн бул түрү мазмуну өзгөрүлгөн түшүнүктүн жаңы аталышы менен синоним боло албашы боюнча архаизмдерден да айырмаланат. Маселен, *РСДРП, РКП(б), ВКП(б), КПСС* өз ара бирибирине синоним эмес.

XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башталышында Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын биринчи аты өзү

түшүндүргөн атына туура келген, бирок бара-бара түшүнүктүн көлөмү жана мазмуну өзгөрүлгөн. Ошондуктан анын мурунку аталышы ага туура келбей калат. Ошентип, ал аталыш эскирген катары эсептелип, кийинки туюнткан түшүнүккө көбүрөөк туура келген башка ат менен алмашылган. РСДРП (Россиялык социал-демократиялык жумушчулар партиясы) 1918-жылдын мартында партиянын VII съездинде РКП(б) - Россиялык коммунисттик (большевиктер) партиясы болуп жаңыча аталды. В.И. Ленин бул наамдын алмаштырылышын VI съездге жасаган докладында төмөнкүдөй негиздейт: «Социалчыл-демократиялык партия» деген наам илимий жактан туура эмес», «Жумушчулар өздөрүнүн мамлекетин түзгөн кезде, алар буга келип жетти: демократизм – буржуазиялык демократизм – деген эски түшүнүк биздин революциянын өнүгүү процессинде арка жакта калып калды». «Социалисттик кайта түзүлүштөрдү баштап, биз өзүбүздүн алдыбызга, акыр аягында ... коммунисттик коомду куруу максатын ачык-айкын коюуга тийишпиз. Мына ошондуктан коммунисттик партия деген наам илимий жактан бирден бир туура наам болуп саналат» (Ленин В.И., 1957:124-125).

Кийинчерээк, 1922-жылы декабрда, Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун – СССРдин түзүлүшү менен РКП (б)нын наамы партиянын бүткүл союздук масштабдагы жетекчилик ролуна туура келбей калат. Ошондуктан XIV съездде РКП (б) – ВКП (б)га (Бүткүл союздук Коммунисттик (большевиктер) партиясына) алмаштырылды.

ВКП (б) 1952-жылы XIX съездде КПСС – Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы деген наамга өзгөртүлдү.

Ошондой эле өзгөрүү жаштардын коммунисттик союзунда да болду. Россиялык коммунисттик жаштардын союзу – РКСМ 1918-жылы 29-ноябрда негизделген. Ал Россия Федерациясынын жаштарын бириктирген. Комсомолдун VI съездинде, В.И. Ленин өлгөндөн кийин, лениндик идеяга кыйшаюусуз берилгендиктин белгиси катары уюмдун атына «Лениндик» деген дагы бир аныктама кошулду да, РЛКСМ болуп аталды. Бардык союздук республикаларда жаштардын коммунисттик союзунун түзүлүшү менен РЛКСМ кеңейген түшүнүккө туура келбей калды да, 1926-жылы комсомолдун VII съездинде ВЛКСМ (Бүткүл союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу) менен алмаштырылды.

Мына ошентип, коммунисттик партиянын жана жаштардын коммунисттик союзунун наамынын өзгөрүшү түшүнүктүн көлөмүнүн кеңейиши менен байланыштуу. Бир кыйла кеңири жаңы мазмунга

туура келбей калган түшүнүктүн эскиче аталышы башкалар менен алмашылат да, колдонуудан чыгып, хронизмге айланат.

Советтик Армиянын мурдагы аталыштары РККА – Жумушчу – Дыйкан Кызыл Армиясы (1918-жылы февралда түзүлгөн), Кызыл Армия (1944-жылга чейин) да хронизмге жатат.

Хронизмдер тар чөйрөгө тарайт жана истроизмдерге, архаизмдерге караганда аз санда болот.

Эскирген сөздөрдү, өзгөчө историзмдер менен архаизмдерди, кыргыз жазуучулары, акындары өздөрүнүн чыгармаларында тилди тарыхый стилдештирүнүн - өткөн доордун колоритин түзүүнүн жана катышуучу адамдардын тилдик өзгөчөлүктөрүн берүүнүн каражаты катары, ошондой эле көтөрүңкү маанайды, патетикалык, салтанаттуу-риторикалык тонду берүү жана шылдың, келеке, мыскыл, какшык, тамаша, күлкү үчүн да пайдаланышат.

## 2-§. Кыргыз көркөм адабиятындагы стилдештирүү проблемасы.

Кыргыз жазма адабиятында элибиздин өткөн тарыхына арналып, ар кайсы жанрда жазылган бир нече тарыхый жана тарыхый-революциялык темадагы чыгармалар бар. А. Токомбаевдин «Өлбөстүн үрөнү» аттуу тарыхый драмасы Түндүк Кыргызстандын Россиянын карамагына өтүшүнө арналса, анын ыр менен жазылган «Таң алдында» («Кандуу жылдар») романы кыргыз элинин падышалык самодержавиеге жана жергиликтүү бай-манаптардын эзүүсүнө каршы улуттук боштондук үчүн болгон 1916-жылкы көтөрүлүшүн сүрөттөгөн. Элибиздин турмушундагы оор мүшкүл болгон он алтынчы жылдын окуялары акын, жазуучуларыбыздын көбүнүн көңүлүн бурган. Ошол себептүү кыргыз жазма адабиятынын өнүгүү мезгилинде эле бул темага арналып, К.Баялиновдун «Ажар» повести, М. Элебаевдин «Узак жол» автобиографиялык романы, Ж.Турусбековдун «Ажал ордуна» драмасы жаралган. К. Жантөшевдин «Каныбек» романы, А. Токомбаевдин «Күндүн чыгышы» драмасы, Т.Сыдыкбековдун «Зайыптар», К.Баялиновдун «Боордоштор» үчилтиктери тарыхый-революциялык окуяларды чагылдырат.

Кыргыз элинин өткөндөгү тарыхый турмушун реалисттик менен көркөм сүрөттөп көрсөтүүдө Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романы жанрдын таламдарына кыйла төп келет. Ал - кыргыз адабиятынын тарыхында тарыхый роман жанрынын бардык мүнөздүү белгилерине ээ болгон биринчи көркөм чыгарма. Анткени «Чыныгы тарыхый роман үчүн зор тарыхый окуялар, жаркын мүнөздөр керек ...

Тарыхый романдын сөзсүз болуучу белгиси – анда элдин эсинде сакталган анык тарыхый адамдардын катышуусу зарыл» (Щербина В.Р.,1955:113-117). «Сынган кылычтын» башкы каармандары, алардын иш аракеттери – анык тарыхый адамдар, болуп өткөн чыныгы тарыхый окуялар. Бул тууралу белгилүү адабиятчы З.С. Кедрина Т.Касымбековдун «Сынган кылычы» ырасы менен кыргыз романистикасында биринчи тарыхый роман экендигин, ага негиз болуп конкреттүү фактылар, образдар менен реалдуу жасалган иш-аракеттер алынгандыгын белгилеп көрсөткөн (1975). Роман кыргыз элинин турмушундагы эң оор, азаптуу мезгилдердин бири болгон Кокон хандыгынын эзүүсүн жана Түштүк Кыргызстанды Россиянын куралдуу күч менен каратып алышынын тарыхый чындыгын сүрөттөөгө арналган.

Көркөм адабияттын башка жанрларынан айырмаланып, тарыхый жанрдагы чыгарма көркөм чындык менен бирдикте объективдүү тарыхый чындыкты да туура чагылдырып берүүгө тийиш. Улуу сынчы В.Г. Белинскийдин сөзү менен айтканда «Тарыхый роман илим катары тарых менен искусствонун кошулган чекити сыяктанат ... Тарыхый романды окуганыбызда ... өзүбүз романдагы окуя өтүп жаткан доордун замандашы, өлкөнүн гражданы болуп калган өңдөнөбүз» (Белинский В.Г., 1954:42). Мына ушуга байланыштуу тарыхый көркөм чыгарманын автору чече турган бир катар спецификалык адабий проблемалар келип чыгат. Буга тарыхый фактыны көркөм пайдалануу, тарыхый-турмуштук колоритти түзүү жана ошол тарыхый доордун тилин чагылдыргандай өзгөчө тилди иштеп чыгуу сыяктуу маселелер кирет. Ал эми тарыхый чындыкты, доордун колоритин берүү үчүн тилди стилдештирүүгө жетишүү зарыл.

Бул жагынан алганда, Т. Касымбековдун «Сынган кылычынын» тили көркөм адабияттагы тарыхый стилдештирүүнүн бүтүндөй системасы катары атайын талдоого арзыйт.

Кыргыз тил илиминде көркөм адабияттын тилин стилдештирүү проблемасы али күн тартибине коюла элек. Ал түгүл «стилизация» деген термин кыргыз тилинин лингвистикалык терминдеринин сөздүктөрүнөн орун алган эмес. Маселен, Б.Ө. Орузбаеванын «Лингвистикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгүндө» мындай термин жок.

Көркөм адабияттын тилин стилдештирүү проблемасы стилдештирүүнүн максаты, стилдештирүү менен колоритти ортосундагы өз ара мамиле, стилдештирүүнүн ыкмалары жана принциптери, түрлөрү жана каражаттары деген сыяктуу маселелерди өз ичине камтыйт.

Стилистиканын маселелери боюнча жалпы лингвистикалык адабияттарда «стилизация» деген терминди ар башка түшүнүүлөр бар. Атап айтсак, кай бир авторлор «стилизация» деген түшүнүктү ойду жазуу жүзүндө формулировать этүү, ой-пикирди тил аркылуу так берүү үчүн автордун иш-аракети катары эски маанисинде колдонушса*, башкалар бул терминге терс маани берип, кандайдыр бир стилге жасалма формалдуу окшоштуруу катары түшүнүшөт (БСЭ 40, 1956:644; ЛЭ II, 1938:36-37; Долинин К.А., 1961:83). Окумуштуулардын үчүнчү чоң тобу бул терминди көркөм чыгарманын тилинде кандайдыр бир стилдин белгилерин, доордун, улуттун, жергиликтүү калктын, социалдык жана профессионалдык катмарлардын тилинин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн берүү сыяктуу азыркы маанисинде пайдаланышат (Фаворин В.К., 1947; Пауткин А.И., 1957; Кононова В.И., 1958; Левин В.Д., 1959; Пронина Н.Т., 1960; Филкова П., 1962; Чхиквадзе Н.С., 1963; Кононова Н.С., 1966; Петаш Г.Р., 1966; Нестеров М.Н., 1969; Алпатов А.В., 1970; Шмелева И.Н., 1970; Ялышева А.П., 1971; Михайловская Н.Г., 1972; Лапин В., 1972; Гулыга Е.В., 1973; Сагдуллаев Д.С., 1973).

Ошентип, көркөм адабияттагы «тилдик стилдештирүү» деген түшүнүктү жазуучунун атайын максат менен бүтүндөй бир чыгармада, же анын айрым бөлүктөрүндө, баштан аяк бүт баяндоодо, же жалаң гана катышуучу персонаждардын кебинде кандайдыр бир доордун, улуттун, жергиликтүү калктын тилинин өзгөчөлүктөрүн, функционалдык стилдин, ошондой эле жеке жазуучунун, адабий агымдын, жанрдын стилдик өзгөчөлүгүн элестетип берүү үчүн болгон иш-аракети катары түшүнсө болот.

Көркөм чыгарманын колорити же анын мүнөздүү өзгөчөлүгү автор пайдаланган көркөм сүрөттөө каражаттарынын бардыгынын жыйындысынан түзүлөт. Ошондой эле «колорит» деген түшүнүк ар кандай доордун, өлкөнүн, элдин, коомдун, кесиптин мүнөздүү

---

* «Слово «стилизовать», - пишет польский литературовед С. Скварчинска, - появляется в европейских языках и проявляет различную жизненность в различные периоды. Вероятно оно было создано только итальянскими гуманистами («stilisare») и перешло из итальянского в другие языки, например в немецком – Краммер употребляет его впервые в 1678 году («Reallexicon der deutschen Literatur geschichte», Berlin, 1928-1929, s. 229). Сначала оно значило «сформулировать письменно». Это значение еще существует в современном бытовом языке, включая одновременно понятие шлифовки содержания в процессе письма ... Но в течение XIX века слово «стилизация» начинает все более уточняться вследствие изучения самого явления и определения значения этого понятия. Стилизовать – это значит сознательно уподоблять свой стиль требованиям совершенного, идеального стиля или одного из функционирующих стилей ... В этом смысле слово это приобрело исключительное распространение к концу XIX века». S. Skwarczynska, La stylisation et sa place dans la science de la litterature. «Poetics. Poetyka. Поэтика», 1961, Warszawa, p. 53. (Цитата В.Ю. Троицкийдин «Стилизация» деген макаласынан алынды. // «Слово и образ» аттуу макалалар жыйнагы. М., 1964 -Ж.М.).

өзгөчөлүктөрүн чагылдырууну да билгизет. Колоритти берүүнү негизги каражаты болуп чыгарманын тилин стилдештирүү эсептеле Демек, реалисттик колоритти берүү тилдик стилдештирүүнү натыйжасы, максаты болот, бирок колорит экстралингвистикалы каражат менен, башкача айтканда, сүрөттөлүп жаткан окуяны мазмуну аркылуу да берилиши мүмкүн.

Тилдик мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү элестетип көрсөтүүнү белгиле үчүн лингвистикалык адабияттарда колдонулуп жүргөн «колорит» деген түшүнүк «стилдештирүү» деген түшүнүккө жакын (Ахманов СЛТ: 200, 454). Бирок «стилдештирүү» деген түшүнүктүн мааниси «колорит» деген түшүнүккө караганда кененирээк. Анткени көркөм адабиятта белгилүү бир өткөн доордогу же кайсы бир өлкөдөгү ж территориядагы элдин тилин, социалдык же профессионалды катмарлардын тилинин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн гана стилдештирбестен, жеке жазуучунун стилин, адабий агымдын жа жанрдын тилин да стилдештирүүгө болот. Мына ушул жагынан алы караганда аталган түшүнүктөр өз ара айырмаланышат.

Көркөм чыгармада реалисттик колоритти түзүү үчүн жалпы эл адабият тарыхында тилди стилдештирүүнүн төмөнкүдөй түрлөр кездешет:

1. Тилди тарыхый стилдештирүү;
2. Тилди улуттук стилдештирүү;
3. Тилди локалдык стилдештирүү;
4. Тилди социалдык стилдештирүү;
5. Тилди профессионалдык стилдештирүү;
6. Адабий үлгүнүн тилин стилдештирүү.

Стилдештирүүнүн акыркы түрүн дагы төмөнкүдөй майда түрлөргө бөлүүгө болот:

а) жеке жазуучунун тилин стилдештирүү;
б) адабий агымдын тилин стилдештирүү;
в) белгилүү жанрдын тилин стилдештирүү.

1. Стилдештирүүнүн түрлөрүнүн ичинен жазуучулардын чыгармачылык практикасында **тилди тарыхый стилдештирүү** көбүрөөк колдонулат. Анын үстүнө тарыхый стилдештирүү менен стилизациянын башка түрлөрү көп учурларда кабатташып кездешет, башкача айтканда, тарыхый доордун колоритин түзүү үчүн, жалпы эл эскинин элесин берген стилистикалык каражаттардан тышкары, башка өлкөнүн, башка элдин улуттук белгисин, жергиликтүү калктын жашоо тиричилигин, ар кандай социалдык катмарлардын рухий дүйнөсү профессионалдык топтордун турмуш шарттарын элестеткен ар түрдү

каражаттар да кызмат кыла тургандыгын көрүүгө болот. Тарыхый атмосфераны сездирүү үчүн ошол доорго тиешелүү болгон белгилүү адабий жанрды имитациялоо (тууроо) да чоң мааниге ээ.

Тарыхый жанрдагы көркөм чыгарманы жаратууда, анын сүрөттөлгөн доорго ылайыктуу тилин түзүүдө жазуучулар эки түрдүү кыйынчылыкка дуушар болушат. Атап айтканда, өздөрүнүн чыгармаларын бүгүнкү күндүн окурмандарына арнап жазган жазуучулар тарыхый персонаждарды азыркы окурмандардын тилинде сүйлөтсө, тарыхый-көркөм чындыкты бурмалаган болор эле. Ал эми, мунун тескерисинче, качанкы бир өткөн доордун тилдик өзгөчөлүгүн майда-баратына чейин реставрациялап, калыбына келтирсе, ал чыгарма бүгүнкү күндүн окурмандарына түшүнүксүз, толук жеткиликсиз болуп калат. Ал гана эмес, реалисттик көркөм сүрөттөөдөн натурализмге өтүп кетиши да ыктымал. Ошондуктан мындай темада чыгарма жараткан жазуучу иштин эки жагына тең көңүл буруусу зарыл, тактап айтканда, чыгармада сүрөттөлүп жаткан доордун тилдик өзгөчөлүгүнө мүнөздүү болгон лексикалык, грамматикалык каражаттарды кылдаттык менен тандап алып, аны азыркы тилге ыгы менен сиңирүү керек. Ошону менен бирге өткөн доордун тилдик өзгөчөлүгүнүн элементтерин каармандардын кебине гана киргизүү автордук баяндоо менен кейипкердин кебинин ортосунда кескин контрастты түзүп, чыгарманын бүтүндүгүнө залалын тийгизет. Ошол үчүн доордун өзгөчөлүгүн мүнөздөөчү элементтер, стилизациялык каражаттар белгилүү өлчөмдө автордук баяндоодо да орун алышы – закондуу көрүнүш. Бул чыгарманын бир бүтүндүгүн камсыз кылат.

Тилди тарыхый стилдештирүүнүн каражаты болуп, биринчи кезекте, эскирген лексика – историзмдердин жана лексикалык архаизмдердин ар кандай типтери эсептелет. Ошондой эле, тарыхый стилдештирүүнүн лексикалык каражаттарынын катарына морфологиялык архаизмдерди, эски кайрылуу, саламдашуу формулаларын, башка тилдерден кирген лексиканы да кошуута болот. Тарыхый көркөм чыгарманын автору көркөм текстке тарыхый документтерден, эски ырлардан, курандын сүрөөлөрүнөн үзүндүлөр, айрым фразалар, афоризмдер киргизүү, инкрустациялоо (көркөм текстке, каармандардын тике жана өздүк эмес тике сөзүнө тарыхый документтин тилин киргизүү) аркылуу да тилди тарыхый стилдештирүүсү ыктымал.

Өткөн доорго мүнөздүү сүйлөмдөрдүн конструкцияларындагы өзгөчөлүктөр, кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы байланыш, сөздөрдүн орун тартиби сыяктуу

синтаксистик каражаттар аркылуу да белгилүү даражада тилди тарыхый стилдештирүүгө жетишүү мүмкүн. Бирок бул маселе өзүнчө токтолууну талап кылгандыктан, биз тарыхый стилдештирүүнүн кеңири колдонулуучу лексикалык каражаттары жөнүндө гана сөз кылмакчыбыз.

2. Тарыхый темага арналып жазылган көркөм чыгармада жалаң эле өткөн доордун колорити гана берилбестен, сюжеттик кырдаалга жараша башка өлкөнүн, башка элдин турмушу да сүрөттөлүшү ыктымал. Мындай учурда ошол өлкөнүн, ошол элдин жашоо-тиричилигин, экономикалык-саясий абалын, үрп-адатын, диний ишенимин, тилдик өзгөчөлүгүн мүнөздөөчү көркөм сүрөттөөнүн каражаттары талап кылынат, башкача айтканда, тилди улуттук стилдештирүү зарылчылыгы келип чыгат. Тилди улуттук стилдештирүү сүрөттөлүп жаткан элдин тилинин айрым мүнөздүү элементтерин көркөм чыгарманын боюна сиңирүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Жазуучулар тилди улуттук стилдештирүү үчүн негизинен лексика-фразеологиялык каражаттарды пайдаланышат. Автордун баяндоого, же каармандардын кебине сүрөттөлүп жаткан элдин тилине тиешелүү айрым сөздөр, сөз түрмөктөрү, фразалар киргизилет. Маселен, А. Токомбаев «Таң алдында» романында кытай жерине качып барган качкындардын турмушуна байланыштуу окуяларды сүрөттөгөн учурда башка тилге таандык төмөнкүдөй сөздөрдү колдонгон:

«Бекитип эки жылга башын байлап,
Токону малайлыкка алды *дорго*». (482)
«Алымкул Үрүмчүгө кетти дегин,
*Доотайга* билдирем деп элдин жайын». (483)
«Төлөктүн күнү тууган, адам сатат,
*Шаныя, доотайына* жүзү жарык». (501)
«Бир күмүш *зээрин* берди, кошуп *даачан,*
«Адашым аман бол» деп колдон алып» (494)
«Жарты *му* энчилеген аянтым жок,
Кай жерге терим тамса, менин жерим». (494)
«Мен дагы өзүңөрдөй качкынмын деп,
Экөөнө эки *жаачын* бере салды». (497)

Мындай чет тилдик лексиканы К. Жантөшевдин «Каныбек» романынан** да жолуктурабыз. Мисалы: «-Ай, куураган турмуш ай! Эч

* Аалы Токомбаев (Балка). Тандалган чыгармаларынын үч томдук жыйнагы. II том. Роман жана дастандары. -Фрунзе: Кыргызстан, 1972. Кашаада беттери көрсөтүлөт.
**Касымаалы Жантөшев. Тандалган чыгармалар. I том. Каныбек /роман/. -Фрунзе: Кыргызстан, 1972. Кашаада беттери көрсөтүлөт.

болбоду дегенде бир *му* жерим болсочу – деп, Ли көзүнүн жашын кылгыртып туруп, - эми Алым келип калса кантем? – дегинче көчөдөн Алым кирип келди.

- *Хома!* – деп, Алым күлүп аттан түштү.

- *Хо*, - деди да, Ли-Чан акырын ордунан туруп, Алымдын атын алды». «*Жин-Ху-А Ли - Чандын* энеси ... *Сан - Же* болсо *Ли - Чандын* карындашы». «-Ой, ой ... качкыла! *Шэтайдын* уулу менен *Шаңыянын* уулу жорго салдырып келе жатышат деп, базардагы эл как жарылып эки жакка качып калышты». (402-404). Келтирилген мисалдардан көрүнгөндөй, кытай жериндеги элдин коомдук турмушунун өзгөчөлүгүн мүнөздөөчү *дорго, доотай, шэтай, шаңыя* сыяктуу бийлик адамдарын атаган сөздөр, *зээр, даачан, жаачын, му* деген сыяктуу акча белгилерин, аянт бирдиктерин билгизген сөздөр, *хома!, хо!* сыяктуу саламдашуу формулалары тилди улуттук стилдештирүүнүн лексикалык каражаты катары кызмат аткарган. Ошондой эле чет өлкөнүн улуттук колоритин түзүүдө адам аттары да ушундай эле стилизациялык функцияга ээ боло тургандыгын сезүү кыйын эмес.

Тилди улуттук стилдештирүүдө фразеологиялык түрмөктөр, афоризмдер, макал-ылакаптар зор мааниге ээ болот. Текстке орундуу киргизилген макал-ылакаптар элдик акылмандыктын, элдик салттын көрсөткүчү катары улуттук колоритти берүүдө ролу чоң.

Тарыхый стилизациядагыдай эле улуттук саламдашуу, кайрылуу формулалары, ички сезимди (кубанууну, кайгырууну, таң калууну) билгизген сырдык сөздөр да стилизациялык маанилүү каражат болуп эсептелет.

Тилдин улуттук өзгөчөлүгү бүтүндөй бир фразалар, кептин үзүндүлөрү аркылуу да берилиши мүмкүн.

3. Көркөм адабиятта жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү элестетип берүү **тилди локалдык стилдештирүү** аркылуу жүзөгө ашат. Локалдык стилдештирүүнүн каражаттары болгон диалектизмдер, территориялык дублеттер көбүнчө каармандардын кебинде, айрым учурларда автордук баяндоодо да колдонулуу менен, жалаң гана жергиликтүү өзгөчөлүктү чагылдырбастан, тарыхый колоритти түзүү үчүн да пайдаланылат.

4. **Тилди социалдык стилдештирүү** да көркөм чыгармаларда коомдогу социалдык катмарлардын кулк-мүнөзүн, рухий дүйнөсүн ачып берүү үчүн стилистикалык каражат катары колдонулуу менен бирге, локалдык стилдештирүү сыңары эле тарыхый доордун элесин берүү үчүн кызмат кылат. Социалдык стилдештирүүнүн каражаттары – жаргонизмдер, арготизмдер, варваризмдер, чет тилдик сөздөр,

социалдык топтордун тилдик өзгөчөлүгүн мүнөздөөчү касиетке ээ болуу менен, бардык учурда дээрлик каармандардын кебинде колдонулат. Автордук баяндоодо окуя персонаждардын атынан сүрөттөлгөн учурунда гана пайдаланылышы мүмкүн.

5. Тилди стилдештирүүнүн локалдык жана социалдык типтерине жакын дагы бир түрү - **профессионалдык стилдештирүү.** Мында чыгарманын каарманын кесиби боюнча сүрөттөп көрсөтүү максаты коюлат. Бул терминологиялык мүнөздөгү сөздөрдү, профессионалдык жаргонизмдерди айрым каармандардын кебине, же чыгарма айтып берүү (сказ) формасында жазылган болсо, автордук баяндоого да киргизүү аркылуу кадыресе узуалдык ык менен да, ошондой эле кайсы бир функционалдык стилди, маселен, илимий, официалдуу-документтик, публицистикалык стилдерди имитациялоо аркылуу да жүзөгө ашат.

Кыргыз жазма адабиятынын практикасында стилдештирүүнүн жогоруда аталган түрлөрүнөн тарыхый доордун тилин жана улуттук тилдин жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн стилдештирүү бир топ кеңирирээк орун алган. Анын калган түрлөрү (улуттук, социалдык, профессионалдык стилизациялар) жогоркуларды толуктоочу катарында кызмат кылат. Ал эми тарыхый жанрдагы чыгармада, атап айтканда, Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романында стилдештирүүнүн аталган бардык түрлөрү, ыктары жана каражаттары өткөн тарыхый доордун реалдуу колоритин түзүүгө багындырылган. Ошондой эле өткөн доордун тилдик, стилдик өзгөчөлүктөрүн элестетүүдө адабий үлгү боюнча стилдештирүүнүн ичинен белгилүү адабий жанрды – аралашма түрки менен жазылган эпистолярдык форманы, эски чыгыш поэзиясынын рубаи, бейт, касыйда сыяктуу түрлөрүн имитациялоо да өз ордун тапкан.

Өткөн доордун реалдуу элесин берүүдөгү негизги ык болуп көркөм чыгарманын тилин тарыхый стилдештирүү эсептелерин жогоруда айттык.

Тарыхый романда доордун колоритин берүүнү кандай стилизациялык каражаттар аркылуу жүзөгө ашыруу керектиги жөнүндө окумуштуулардын, жазуучулардын ортосунда эки түрдүү көз караш бар. Алардын бирдаары «доордун тил проблемасы лексикалык жакка караганда, синтаксистик жактан көбүрөөк чечилиши керек»*, «архаикалык лексемаларды кандайдыр бир атайылап колдонуусуз эле, синтаксистик архаизмдер текстти стилдештирүүнүн таасирдүү

---

*Советтик жазуучулар союзунун 1943-жылы 12-15-сентябрда болуп өткөн кеңешмесинде Л. Тимофеевдин чыгып сүйлөгөн сөзүнөн. //Литература и искусство. 1943, №12.

каражаты боло алат» (Ярцева В.Н., 1969:217) дешсе, башкалары тарыхый романдын тилинин өзгөчөлүгүн көрсөтүүдө негизги жүк лексикалык каражаттарга түшө тургандыгын айтышат. А.М.Горькийдин сөзү менен айтканда, «биздин адабияттагы биринчи чыныгы тарыхый романдын»* автору, советтик көрүнүктүү жазуучу А.Н. Толстой өзүнүн «Петр Биринчи» аттуу тарыхый романынын тили жөнүндө: «Сиздер көрүп тургандай, «Петрдун» персонаждары, албетте, алардын күнүмдүк тиричилигинде болгон көп сөздөрдү жана түшүнүктөрдү эсепке албаганда, азыркы эле тилде сүйлөшөт»**, - деп жазган. А.Н. Толстой бул жерде тарыхый темадагы чыгарманын тилинде лексиканын ролун баса көрсөтүү менен, чыгарманын идеялык жана көркөмдүк мазмунун ачууга жарамдуу болгон таасирдүү каражаттарды тандап алуунун зарылдыгын да белгилейт. Демек, жазуучунун алдына сүрөттөлүп жаткан доордогу социалдык жана экономикалык турмуштун типтүү көрүнүштөрүн так өзүндөй кылып ачып берүү милдети коюлат. Мындан өткөн мезгилде бул көрүнүштөрдү билгизген «доордун нагыз сөздөрүн» колдонуунун зарылчылыгы келип чыгат. Албетте, мындан, тарыхый романдын тилин изилдеген учурда, анын грамматикалык өзгөчөлүгүнө көңүл буруунун зарылдыгы жок деген жыйынтык чыкпашы керек. Ошондой болсо да, доордун колоритин түзүп, реалдуу элесин тартуу үчүн өтө кызык, ар түркүн жана ачык-айкын материалды лексика берерин эстен чыгарууга болбойт. Ал эми грамматика болсо өтө жай өзгөрөт жана ал анчалык маанилүү эмес бир аз гана өзгөрүүгө учурайт. Буга байланыштуу азыркы тилде жок болуп кеткен айрым формаларды колдонуу бүгүнкү күндүн окурмандарынын текстти түшүнүүсүн кыйындатаар эле. Ошол себептүү академик В.В.Виноградов: «Жазуучу үчүн жалпы улуттук нормадан сөздүк состав жагынан гана бир кыйла чечкиндүү жана алыс кетүүгө мүмкүн» - экендигин эскертет (1951:146).

Жазуучу көркөм чыгарманы жаратуу үчүн эне тилинин бай казынасынан ошол чыгарманын сюжеттик жана идеялык-көркөмдүк мазмунун ачып берүүгө жарамдуу болгон таасирдүү сөз каражаттарын тандап алат.

Бардык башка көркөм чыгармалар сыяктуу эле тарыхый жанрдагы көркөм чыгарманын тилдик негизи болуп ошол чыгарма жаралган учурдагы тил эсептелет. Демек, Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романы азыркы кыргыз тилинде жазылып, анын негизги

---

*А.Н. Толстойго жазган каттан. Цитата «А.Н. Толстой – кандидат в депутаты Совета Союза Верховного Совета СССР» деген китептен алынды. –Леноблиздат, 1937, стр. 11.

**«Новый роман и новый сценарий. В гостях у Алексея Толстого». //Литературный Ленинград. 1934, 20 июля, №33.

лексикалык сүрөттөө каражаты катары азыркы тилибиздин жалпы элдик сөз байлыгы кызмат кылган. Ошондуктан өткөн доордун тарыхый колоритин түзүү үчүн пайдаланылган лексикалык каражаттарды да азыркы кыргыз адабий тилинин позициясынан кароого тийишпиз. Себеби тарыхый романдын тили да бардык башка адабий чыгарманын тили сыяктуу эле «жалпы улуттук тилдин аспектисинде түшүнүлөт жана бааланат» (Виноградов В.В., 1951:146).

Кыргыз тилинин сөздүк курамынын эң негизги бөлүгүн жалпыга кеңири түшүнүктүү жана бүгүнкү күндө активдүү колдонулган жалпы элдик лексика түзөт. Жалпы элдик лексикага кирген сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгү сөздүк курамда узак кылымдар бою жашап азыркы кыргыз тилинде да пикир алышуунун активдүү курулуш материалы катары жашоосун улантууда. Эне тилибиздин лексикалык уюткусу болгон жалпы элдик лексикасыз тилдин өзүнүн жашап турушу жана адамдардын ортосундагы пикир алышуунун да, ошондой эле адабий чыгармада көркөм сүрөттөөнүн да эң маанилүү каражаты катары кызмат аткарышы мүмкүн эмес. Ал бүткүл улуттук жамааттын бардык мүчөлөрү үчүн зарыл болгон турмуштук маанилүү түшүнүктөрдү туюнткан сөздөрдүн бардыгын өз ичине камтыйт.

Жалпы элдик лексика жалпы улуттук адабий сөздүктүн негизин түзөт. Мындагы сөздөрдүн көпчүлүгү колдонулуш жагынан өтө туруктуу келет жана бардык стилде, жанрда бирдей колдонула берет. Ошону менен бирге өткөн доорду сүрөттөөдө ошол мезгилге таандык болгон лексикалык катмарга кайрылбай коюуга да мүмкүн эмес, себеби «тарыхый баяндоодо ... сүрөттөлүп жаткан предметтин өз эски номенклатурага дуушар кылат» (Виноградов В.В., 1935:54).

Ошондуктан Т. Касымбеков өзүнүн «Сынган кылыч» романында кыргыз элинин Кокон хандыгынын мезгилиндеги турмушун таамай сүрөттөө, доордун нагыз атмосферасын так чагылдырып көрсөтүү үчүн азыркы адабий тилибиздин лексикалык, грамматикалык байлыгын пайдалануу менен бирге, стилизациялык каражат катары эскирген сөздөрдү -историзмдерди жана архаизмдерди да колдонот.

Академик В.В. Виноградов: «Көркөм адабияттын тили жалпы элдик, жалпы улуттук тилге караганда байыркы тилдин (старинной речи) архивдик фондусуна, элдик жергиликтүү говорлорго, адабий эстеликтердин тилине эркинирээк кайрыла алат, бирок ал жалпы элдик тилдин структурасынан, негизинен, анын грамматикалык түзүлүшүнөн жана негизги сөздүк фондусунан көбүрөөк чегинип кете албайт, антпегенде ал жалпыга түшүнүктүү болбой калат» - (1951:14 деп, көркөм адабиятта архаикалык каражаттарды колдонуу зарыл жактуу экендигин, бир жагынан, жазуучу архаикалык лексика

колдонууга тийиш болсо, экинчи жактан, анын жалпыга түшүнүктүүлүгүн камсыз кылуу зарылдыгын көрсөтөт.

## 3- §. Историзмдер – тарыхый доордун көрсөткүчү.

Белгилүү доордун материалдык көрсөткүчү, мүнөздөөчү белгиси катары историзмдер каармандардын кебинде да, автордук баяндоодо да кеңири колдонулат. «Сынган кылыч» романындагы историзмдер чыгарманын мазмунуна, анда сүрөттөлгөн окуяларга жараша тематикалык жактан бай жана ар түркүн, алардын аткарган стилистикалык кызматтары да бирдей эмес.

Романдагы окуя, негизинен, Шералы хан көтөрүлүп, Кокондун тагына минип, таажысын кийген 1842-жылдан башталып, Түштүк Кыргызстандын Россиянын карамагына кирген 1876-жылга чейинки мезгилди ичине алган менен, Шералынын так талашууга укугун негиздеш үчүн, Ажыбай датканын узак аңгемеси аркылуу Амир Темир Көрөгөндүн династиясынын санжырасы айтылып, Шералыга чейинки Кокон хандары жөнүндө сөз болот. Бекназар баатыр кыргыздардын «качанкы бир өткөн өтүмүшүнөн» тамсил айтат. Окуянын чордону Фергана өрөөнүндө өткөн менен, сюжеттик түрдүү кырдаалдар окурманды Чаткал, Алай тоолоруна, Сары-Өзөн-Чүй, кең Таласка, Бадахшан, Каратегинге, Афганстан, Индостан өлкөлөрүнө жетелеп барат. Ордодогу шаан-шөөкөттөр, тымызын аңдышуулар менен элеттеги бейгам тиричилик, амал үчүн жааттатшып кан төгүүлөр, сарай төңкөрүштөрү менен карапайым букаралардын өз ара ырайымдуулуктары, жаат талашып, миң сан колду опат кылган кандуу кыргындар менен эмгекчи элдин боштондук үчүн күрөшү, падышалык Россияга карата, бир тараптан, Кокондун бийлик ээлерине карата, экинчи тараптан, эзилген эмгекчи элдин мамилелери романдын сюжеттик өзөгүн түзөт.

Эмгекчи элдин терисин сыйрып, канын соргон хандар, бектер, бийлер, даткалар менен өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун жагып күн өткөргөн коргоосуз шордуу бечаралар – романдын каармандары.

Роман сюжеттик жактан ар түрдүү көп сандаган окуяларды өз ичине камтыган бир бүтүндүктү түзөт. Кылдаттык менен иргелген архивдик тарыхый материалдар, окуяларды өз көзү менен көрүп, ал окуяларга өздөрү аралашкан адамдардын жазган жазмалары, каттары менен куйма кулак карыялардан сурамжылап чогулткан элдик уламыштар, болумуштар чыгарманын сюжеттик эриш-аркагына чеберчилик менен кыналыштырылган.

Ар бир сюжеттик бөлүктүн мазмунуна жараша тарыхый жан көркөм чындыкты берүү үчүн жазуучу ылайыктуу сүрөттө каражаттарын тандайт жана ошол аркылуу окурманга өз ою жеткирүүгө аракет жасайт. Ошол себептен «Сынган кылыч романынын сүрөттөө каражаттары көп кырдуу жана стилистикалы жактан таасирдүү.

Романда тилди тарыхый стилдештирүүнүн каражаттары катар историзмдердин ар кандай типтери – лексикалык, семантикалы фразеологиялык историзмдер жана историзм-макалдар кеңи пайдаланылган.

I. **Лексикалык историзмдер**. «Сынган кылычта» колдонулг историзмдердин ичинен турмуштун ар кыл жактары менен ти байланыштуу жана тематикалык жактан өтө ар түрдүү тиби бол лексикалык историзмдер эсептелет. Аларды төмөнкүдөй бир не тематикалык топторго бөлүштүрөбүз.

1) **Коомдук-саясий турмушка байланыштуу историзмде** Жазуучу Кокон хандыгынын коомдук-саясий түзүлүшүнүн маңызы ачып, окурмандын көз алдына элестүү кылып жеткирүү үчүн, коомд социалдык жана экономикалык турмушу менен байланыштуу болг историзм сөздөрдү кеңири колдонот. Романда мамлекеттин бийл ээсин, башкаруучусун атаган *өкүмдар, хан, падыша (падиша, падиш паша)* деген сөздөр жыш учурайт. Мисалы: «Ал убакта *өкүмдарл* атак үчүн жанына ырчы, чоорчу, чечен топточу экен» (4 «*Өкүмдардын* алдына таазим кылып келели дешип, шаардын б атанган адамдары көп тартуулары менен ордого агып келе башташ (84). «- Чоң атасы Хажы качан *өкүмдар* болду эле?» (273). «*Х* Кылкылдаган көпчүлүк заматта бир жалп деп тизе бүгүп, баш ур жыгылышты» (142). «- *Хан* менен оозмо-ооз сүйлөшөр бекен ушу?» (31). «- *Падышам* … Эмне болду? Эмнеге капасың? … Шер унчуккан жок» (109). «- *Падиша* … деди акырын Жаркын айым бет үңүлүп. Шерали көзүн ачты» (109). «- Бардык замандарда, бард убактарда паша өзү өкүмдар боло берген эмес. Жол – акылды (Казыйдын сөзүндө, 85). «Калназар парваначы аргасыз күнк этт Сиздин *пашалык* эркиңиз, өкүмдар …» (330). Мисалдард көрүнгөндөй, романда *өкүмдар, хан, падыша, падиша, паша* де историзмдер семантикалык жактан бирдей мааниде колдонулган э Булардын ортосунда стилистикалык да айырмачылыктар б *Өкүмдар* жеке Кокон мамлекетинин бийлик ээси эмес, жалпы

---

*Мисалдар бул жерде жана мындан кийин романдын төмөнкү басылышы боюнча алынат жана каша ичинде китептин бети көрсөтүлөт: Төлөгөн Касымбеков. Сынган кылыч. Тарыхый роман. –Фрунзе: Кыргызстан, 1971.

мамлекет башчысы катары кеңири мааниде колдонулган. Ошондуктан «Ошол так талашуу коогасында Бухаранын *өкүмдардарлары,* кимиси болсо да, өзүлөрү менен өзү алышып, быяктагы Фаргананы кармап турууга кубатсыз болуп калат», - (48) деген сүйлөмдө *өкүмдар* деп Бухара эмирлери да аталат. Бул сөз автордук баяндоодо да, кейипкерлердин кебинде да бирдей колдонулат. *Хан – Кокон мамлекетин башкаруучу монархтын официалдуу аты. Падыша* (падиша) деген историзм Кокон ханына кайрылууда гана кейипкерлердин кебинде учурап, автордук баяндоодо Россия мамлекетинин падышасы маанисинде берилет. Мисалы: «Абил кийин орус администрациясы келгенге дейре *падышадан* алган өзгөчө жарлык катары караламан элди көп жылы чарк имерип бийлөөгө укук болуп берген ошол кагазды көзүнө сүртүп, тооп кылып, көлөкөсү узарып, үңкүйүп карап калды» (565). Бул историзмдин *падишах* түрүндөгү варианты бардык мамлекеттердин өкүмдарлары жөнүндөгү баяндоолордо, же аларга кайрылууларда көтөрүңкү-салтанаттуу тон берүү үчүн колдонулгандыгы байкалат. Мисалы: «Кийин ... о кийин ... Султан Бабыр бүткүл Индустанга *падишах* болуп турган чагында быякка элчи жиберип, баласына суроо салдырган дейт» (Ажыбай датканын аңгемесинен, 47). «- Аталык таксыз *падишах*, тажысыз *өкүмдар*» (Казыйдын кебинде, 86). *«- Падишах*, - деди Абдылла бек отурбай, - баатыр Оуган элинин Сиздей акылман эгесине жылкы атпайдан күлүк ат тартуулап келдим, өз атымды ... ээрин албай ... тартуулап келдим» (531).

*Паша* сөзү каармандардын кебинде *падыша* деген сөздүн түштүк диалектилик варианты катары колдонулат да, орус падышасы маанисинде *Ак Паша* түрүндө учурайт. Мисалы: «Же *Ак Паша* тараптан жортуул жок, же хан тараптан кысым жок» (204). «- Көргүлө! Бизге кол көтөргөн, улук *акпашаага* кол көтөргөн мына ушундай болот! Көрүп алгыла ... -деп кыйкырып турду Насирдин» (513). Романда *паша* мындан башка да маанилерде колдонулат. Түркстандын генерал-губернатору жергиликтүү элдин тилинде *жарымпаша* аталган. Мисалы: «Азыр да Кудаяр-хан *жарымпашадан* аскер чакыртуу жагына оол калды» (285). «Кудаяр хандын артында *жарымпаша* турат» (310). «*Жарымпаша* десе *жарымпаша,* Түркстандын генерал-губернатору Бүткүл Россиянын ээсинен чексиз укук алган, «Кауфман I» атыккан киши» (520). Себеби «Түркстандын генерал-губернатору Кауфман Ортоазия хандары менен согуш жарыялоо жана тынчтык келишимин түзүүгө чейин укугу бар кеңири полномочиеге ээ болгон» (Жамгерчинов Б., 1959:312).

Жергиликтүү калк оозеки кепте мамлекеттин бийлик ээсин гаı эмес, орус генералдарын да *паша* аташкан. Маселен, романı каармандардын кебинде генерал Черняев «*Чырнай паша*», генера Скобелев «*Искөбул паша*», генерал Головачев «*Галавачы паша* генерал Вейнберг «*Вей паша*» деп берилген. Мисалы: «Аскербаш чарчаңкы улутунду: - *Чырнай паша* кылычташууга жеткирбей өзүн огу келгидей аралыктан бери өтпөй, кууп атып кырмакчыбы» (4). «- Уккан эмессиңерби? Ташкенге *Чырнай паша* кирди» (Абилд кебинде, 33), «Мына тууган, амирин тутаар замат ордо бизди *Чырн пашага* аттандырат турбайбы. Куп, аттаналы, Ордо *Чырн пашаныкындай* түз, алыска атар, бат атар мылтык берсин (Бекназардын кебинде, 38). «Исхактын ирени бопбоз болуп кетти. Сыягы *Искөбул паша* менен алдыртан алакага келүүгө аракети бард ..."» (481). «Момун туталана сүйлөдү: - ... сени баш кылып баарыбызд атка таңып барып, *Искөбул пашадан* сыйлык алат имиш ...» (51 «*Искөбул паша* менен Насирдиндин издегени биз экен! – деп муңканд Момун» (518). «Абдулазиз «Жаны эле ширин булардын!» деп, же көрүп, артынан чакырая тиктеп: -Бек! *Галавачы пашага* жиг чаптыра көрүң, бек! ... деп үн салды» (422). «Эшик ага кирди: Өкүмдар, *Вей паша* ...» (366). Кыргыз тилинин котормо жаı түшүндүрмө сөздүктөрүнүн эч биринде *паша* деген сөздүн бул мааниı катталган эмес. Романда биринчи жолу ушундай мааниı колдонулган. Бул жерде орус генералдарынын «*паша*» аталышы ган эмес, алардын фамилияларынын бузулуп айтылышы да жергиликт улуттук стилизациялоо каражаты катары кызмат кылат. Мында стилизациялык каражат автор дүйнөгө персонаждын көзү мен карап, ошол аркылуу каармандын ой толгоосун, сезимин, кайгысы кубанычын, маанайын берген учурда, автордук контекстте да учурай Мисалы: «Исхакты жолмо-жол ой басты. Коконго кирип ордо отуруп алса кандай болот эле? Күч кана буга? Кудаяр бир жагына анын күчүгү Насирдин бир жагынан коргон тегеренип шимшиго көркоо карышкыр сыяктуу түн жамынып жортуп жүрүшөт. Коконд жаман дубалы *Искөбул пашанын* замбирегине туруштук кыла алаб Анан эмне деп Кокон барышыбыз керек? –Жүрөгү солк этип, Исх аттын тизгинин жыйды» (493). «Ал шакшак таңылган бутун сун таштап, сеңсел кара көрпө жакалуу ак тонду желбегей жамыны Исхак төрдө мисирейип, жаагы карышып калгансып, такыр ооз ачпа өз оюу менен өзү алек болуп, өзүн-өзү унутуп отурду. Нөкөрлөр кимиси ар кандайча жоруп, ар кимиси ар кандайча сунуш айтып, талашып, кобурашып жатышты. Исхакты жалжал карашат. А Исх тунжурайт. Абал оор. Эл бузулду. Кол бөлүндү. Бир жагынан к

кысып, бир жагынан куралы күчтүү ыкыбалдуу *Ыскөбүл паша* кысып, чабуул кылууга да, чегинүүгө да жер тарыды. Эмне кылуу керек? Анын оюн он талаа кылган да ушул эле» (490).

Кадыресе автордук баяндоодо булар эч өзгөрүүсүз эле колдонулат. Мисалы: «*Генерал Черняев* боз чаптуу дөңдө жалгыз көздүү дүрбү салып турду» (3). «*Генерал Скобелев* мурутунан күлүп, Анжияндын кантип кымкуут болуп, кантип өрттөнүп жатканын дүрбү менен көрүп, Ак-Чакмактын-Дөңүндө тамаша чегип турду» (485). «*Генерал Головачев* Ангрен өзөнүндө Зулпукар баштаган 6 миң колду тосуп беттешти» (389). «Кудаярхан *генерал Вейнбергдин* камырабаганын көрүп, такыр чүрүшүп, ындыны өчүп, өзүнчө онтогондой болду» (367).

Романдагы окуя ар кандай сюжеттик кырдаалга жараша Кокон хандыгынын территориялык жана хронологиялык чектеринен чыгып, башка мамлекеттерде, башка өлкөлөрдө, башка мезгилдерде, башка доорлордо да өтө тургандыгын жана алар тууралуу сөз козголоорун жогоруда айткан элек. Ошондуктан романда Кокон хандыгы менен кандайдыр бир карым-катышта, алакада болгон чет өлкөлөрдүн, мамлекеттердин өкүмдарларынын наамын, титулдарын атаган историзмдер да романда стилизациялык каражат катары кызмат аткарат. Маселен, XIV кылымдын орто ченинде Орто Азияда кубаттуу мамлекетти түзгөн, Чынгызхан тукумунан чыккан, Азияны багындыруучу Тамерлан (Аксак Темир) «*амир*» аталган жана анын мурасчылары да *«амир», «шах», «султан»* деген титулдарга ээ болушкан. Мисалы: *«- Амир Темир Көрөгөндүн* чексиз зор өлкөсү өзүнүн көзү өткөн соң, жок дегенде, жүз жылга бүтүн турбады. Мураска алып, ар шаарда, ар элде бийлик жүргүзүп турган балдары бири-бирине баш койбой, ар кимиси ар жакка чоюп, эң акырында өлкө бытырап кетти. *Амир Темир Көрөгөндүн Миран-Шах* деген бир уулунан *Султан-Мухаммад*, андан Абдусаид, андан Өмөр-шайх. Фаргана ошол Өмөр-шайхтын энчиси болгон. Бир күнү ал дагы Самарканддагы улуу *амирден* өз алдынча болуп алды. Өмөр-шайх учуп өлүптүр. Ошондо тун уулу Бабыр он эки жашар экен. Ал ошол 899-жылы атасынын ордун басып *султан* болуп көтөрүлөт. Султан Бабыр акылы жетик, кайраттуу азамат чыгып, *Амир Темир* бабасынын өлкөсүнүн бөлүнгөнүн бириктирем деп, чачылганын жыйнайм деп, кол баштап чыгат» (Ажыбай датканын аңгемесинен, 44-45). Ошондой эле, *амир, амиран* деп, Бухара эмиратынын өкүмдары, Афганстандын башкаруучусу да аталат. Мисалы: «Бухара *амиринин* жардамы менен Кудаяр-хан такка кайра келди! (157). «Кокондун бүт эли, бүт жери Бухара-и-Шарифдин бактылуу *амираны* Насрулла-

баатыр хандын адил бийлиги астында ыкрар болду деп жар чакырты Коконго өзүнүн бегин коюп кетиптир» (Ажыбай датканı аңгемесинде, 51). «- Өзүңүз билесиз, Оугандын *амиринин* алдына ку кол барбайлы ...» (Абдылла бектин кебинде, 577). «Кабыл алуу бүт *Амир* жуп жөнөөрдө кула аргымакты кайра Абдылла бектин алды тарттырды» (533). Сөз арасында *хорезмшах* жөнүндө да сөз бол Мисалы: «Бул бир сөздүү адам. Муну келберсиген *хорезмш* бухаранын *амири,* алардын сөөлөтү ашынган ордолору, шаан-шөкө токтото албаган» (475).

Каратегиндин бийлөөчүсү *«шаа»* аталгандыгы төмөн сүйлөмдөрдө кездешет: «Кокондогу ич ара кымкуутунан пайдалань Каратегин вилаети өз алдынча болуп, беги *Райым-шаа,* өз ага *Музафар-шааны* кууп салып, бийликти тартып алган эле. *Музаф шаа* Коконго качып келген» (435).

Байыркы кыргыздар жөнүндө өткөн өтүмүш айтылып, анда ал өздөрүнүн башчысын *«ажо»* деп атагандыгы жөнүндө автор эскерт «О ... илгери, жер заманда бир каардуу *ажо* «Күндүн чыккан жери күндүн баткан жерине жортуул кыламын. Жолго будоо бол алтымыштан ашкан кары калбасын, бүт кырылып ташталсын!» буйрук кылган экен. Буйрук буйруктай аткарылат... Нечен күн, не түн жол жүрүп, *ажонун* көп колу зэн чөлгө түш келет» (539). Азыр кыргыз тилинде учураган «Ай!» дээр *ажа* жок, «кой!» дээр кожо ж деген макалдагы *ажа* ошол *ажо* менен байланыштуу болуу кер «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» К.К. Юдахин *ажа* деген сөздүн б гана ушул макалда учурарын белгилеген жана аны «жашы улуу киш (старшой) деген мааниде которгон (ЮКОС:23). «Байыркы т сөздүгүндө» *ажого* тыбыштык жагынан жакын *ачу (ačи)//ажу(a* деген сөз берилген. Мааниси жагынан кудайга жалынганда "а (отец) дегенди билдирет деп которулган (ДТС:6,74).

Россия империясынын монархы, жогоруда көрсөтүлгөнд *падыша, ак падыша, ак паша* деген сыяктуу кыргызча аталышта менен катар, *император* деген эң жогорку наамга, титулга да болгон. Мисалы: «Насирдин-хан менен жүз көрүшкөн соң Ф Кауфман согуш министрлигине: «Өкүмдар *императорго* кынк эт баш ийгенин жана берилгенин көрсөтүп, ханзаада менин алдыман чыгып тосуп алды ...» деген кабар жөнөттү» (396). «Бу Пуга өндөнгөн немененин Бүткүл Россиянын *императоруна* кереги болучу» (478).

Ар өлкөнүн бийлөөчүлөрүнүн, монархтарынын ар баш аталыштары, наамдары, титулдары жалаң гана доорду мүнөздө

касиетке ээ болбостон, ар элдин, ар өлкөнүн өзгөчөлүгүн белгилеген тилди улуттук стилдештирүүнүн каражаты болуп да кызмат кылат.

Романда Кокон ханынын ставкасына тиешелүү *ордо, так (такты), тажы (таажы), сарай* деген историзмдер колдонулат. Мисалы: «- Ошол күндөн Кокон *ордо* аталды, *сарай* салынды» (Ажыбай датканын аңгемесинде, 49). «- Ит тартышы бүтчү беле *ордоңуздун*! – деди Бекназар. –Элдин башына гана туулган шор болду го *ордоңуз*» (22). «Нечен *ордо* шумдуктарына катышып көргөн куу ушу азыр кичине алданып турганын туйду» (25). «Өзүнөн өзү кадыры *ордодо* өкүмдардан кийинки даражага жетти» (332). «Эки жолку *тактан* куулуп, эки жолу тең минтип кайра алган Кудаярдын бактына аңыз кылышып, кишилер баштарын ийкендетип отуруп калышты» (33). «Кудаяр-хан Кокон *тактысына* келерин келип, элеттен көңүлү тынбай, туш-тушка элчи салып, эски сөөк улатып, күн санап бекемденүү аракетинде эле» (34). «- ... *Тажыны* биринчи Өмөр-хан кийди, *такка* отуруп арыз сураганды биринчи Өмөр-хан баштады» (Ажыбай датканын аңгемесинде, 50). «- Кече, элеттин даткалары бүт ичкиликти, тоолукту баштап барып, *ордого* кирип Кудаярдын башынан таажыны жулуп алганда, танат белек, биздин жигиттер да кошо барышкан, кошо кылыч чабышкан» (Абил бийдин кебинде, 33). «Ушундан соң казый кыска сүрө окуп, Шералиге хандык *тажы* кийгизди» (90).

Кокон хандары ордодо өз тегерегине ар кандай даражадагы, титулдагы жанжөкөрлөрдү, ордо кызматкерлерин топтогон. Булардын ичинен ордодогу эң улуу даража, хан жаш мезгилде өлкөгө башчы, регент - *аталык* эсептелет. Мисалы: «Алымкул *аталыктын* киши колдуу болушу булардын ортосун ого бетер суутуп кетти» (22). «Баягы кайран Мусулманкул *аталыктын* уулу Абдырахман» (32). «-Сөздүн ачыгы ушул ки, ... азыр эчтемеден капары жок Маргаланда жүргөн Нүзүп *аталыктын* башы кетет ...» (108). Хан сарайындагы эң жогорку даражаны билгизген историзм катары бул сөз романда биринчи колдонулган. Аталык ордодогу гана эмес, аскер ишинде да эң жогорку даража, колбашчы, башкы командачы болгон. Ошондуктан романда Алымкул, Мусулманкул, Нүзүп аталыктар *аскербашы, колбашчы, миңбашы* деп да аталышат. Мисалы: «Генерал алдыңкы акбоз атчанды көп имерип тиктеди ...-Алымкул ... даңазалуу *аскербашчысы* ... Ошол өзү ... - деди, аксаргыл жүзү, көгүлтүр көзү жайнап» (6). «Кубалап тийген октордон үркүп, өтө кысталыш жерде *колбашчыны* мерт кылган ичтеги тымызын күч, жүрөккө күдүк салып ... колго кеткен беш жүз жигит кайтып келатты» (17). «Андан нары отурууга көңүлү чаппады окшойт, Мусулманкул *миңбашы* эшик жакты карап, колун

шак-шак чаап, ордунан козголду» (121). «Жаңгер Нүзүп *миңбашы* б
калган ордого келип түштү» (84) ж.б.

Мындан башка хан сарайындагы ордонун даража
адамдарынын тобуна *увазир, парваначы, абтабачы, ынак, на
казынабашы, эшик ага* жана башкалар да кирет. Мисалы: «
*увазирлердин* акылын, *аскербашылардын* эрдиктерин баса айт
көтөрүп мактады» (85). «Ага улук *увазир* Калназар *парваначы* б
болгон жаат каршы чыкты» (284). «Ушул жерде Абдырахман *абтаба*
ордунан турду» (35). «Эки ортодо Шады *ынак* барк алды» (10
«Тилмеч: -Бул адам *наиб*, баатыр Пулат-хандын жакын адам
катчысы, - деп баштады» (443). «*Казынабашы* кирпиктерине чей
агарып, ак күп жөжөдөй бүжүрөп карыган адам» (122). «- Диван
эмне иш бүтүрдүңөр? *Эшикага* эшикти бек тосту го ...: (109). «Кура
Абдымомун бек катчы *наиби,* кадыршаа Сулайман удайчы *казы
башчысы,* адигине Өмүрбек датка *парваначысы,* өз уругу бостонд
Молдо Муса *ынагы,* кутлук-сейит Момун *эшик агасы* болду» (435).

Кокон хандыгында «Саясий башкаруу нагыз феодалдык мүнөз
болгон. Хан формалдык түрдө толук бийликтүү өкүмдар бол
эсептелген, бирок чынында анын бийлиги борборго жак
жайланышкан райондорго гана таралган. Калган округдарда и
феодалдардын өкүлдөрү - кушбегилер, акимдер, даткалар жана бект
башкарышкан»*. Демек, романда жергиликтүү бийлик ээлерин
наамдары катары *кушбеги, аким, датка, бек* деген историзмдер кени
колдонулат. Мисалы: «Көп өтпөй буларга Маргалаң *беги* Өтөмб
*кушбеги* кошулду» (133). «Мына ушул мезгилде жергиликт
*акимдерден* эзүү көргөн эл орустан калка издеп бир четинен
ыктыяры менен Россиянын кол алдына өтө баштаган эл» (29
«Ажыбай *даткага* келип жүрүшкөн баягы көп саламчылар го д
ойлогон» (43). «Көп өтпөй бүткүл элетке сөзү өтүмдүү Курманжа
*датка айым* Ошко келип, генерал Скобелев менен жолугушту» (55
«Үстүнө үңүлүп турган эң күйөрман кишиси Абдымомун *бек* өкс
жиберди» (11). Бул историзмдер романда жеке эле тарыхый доор
мүнөздөбөстөн, локалдык территориялык мүнөзгө да ээ экендиг
байкоого болот. Мындай пикирибизди тарыхый эмгектердин берг
маалыматтары да ырастайт. «XVIII кылымдын аягынан, кыргызд
Орто Азия хандыктары менен, анын ичинде Кокон менен, бир кый
тыгыз саясий байланышта боло баштаган мезгилден тарты
кыргыздын феодалдык ак сөөктөрүнүн арасында «датка» жана анча
мынча, түштүк кыргыздардын арасында «бек» деген наамд
таралган. «Датка» деген наам Кокон ханы тарабынан саяк урууснн

*История Киргизской ССР. Том 1. –Фрунзе: 1968, 257-258-беттер. Мындан ары «История» деп кыскартылып, китептин бети көрсөтүлөт.

Медет-датка, Таластан Ажыбек датка сыяктуу кыргыз феодалдарынын айрым чоң-чоң өкүлдөрүнө сыйлык кылып берилген» (Жамгерчинов Б.: 60).

«Кыргыздарда башкаруучу феодалдык аристократияны ар бир уруунун жана уруктун башында турган манаптар түзгөн» (Жамгерчинов Б.: 51). Бирок «манап» тарыхый доорго тиешелүү түшүнүктү билгизүү менен бирге, территориялык таралышы жагынан чектелген. Академик. К.К. Юдахин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» (1965) *манап* деген сөздүн түндүк диалектиге тиешелүү тарыхый термин экендигин көрсөткөн (ист., сев. – деген белги койгон) (ЮКОС: 515). Романда бул сөз үч жерде учурайт:

1) «Эки *манап* тиктешип калды» (266); 2) «Эртеси эки *манап* жыйынга жүздөрү жайнап, көңүлдүү чыгышты» (276); 3) «Бири бирине итарка майда хандар өлкө ичинде Россия империясынын кызыкчылыгына жолтоо кылмак турмай, кыңк этпей колдоп, кол бала болуп берип отурушканда кай бир уруунун же айрым манаптын өтүнүчүнүн зарылдыгы жок болуп калды» (290). Биздин пикирибизче, биринчи эки сүйлөмдөгү *манап* деген тарыхый термин өз ордунда колдонулган эмес. Бул жерде сөз «Кокон ордосунун бу Аксы багытындагы таасирдүү кишиси, аскер ишинде пансат атагы бар бий Абил» менен Кокон ханынан элетке келген кары кеңешчи жөнүндө болуп жатат. Кыргыз ССРинин тарыхы боюнча авторлордун чоң коллективи тарабынан жазылган фундаменталдуу эмгекте: «Кетмен-Төбөдөн башка Кыргызстандын түштүгүндө манаптар болгон эмес. Бул жерде даткалар менен бектер болушкан. Алардын пайда болушу кокондук басып алуу менен байланыштуу. Кокон хандары жергиликтүү феодалдык ак сөөктөрдүн өкүлдөрүн өз жагына тартуу максаты менен аларга датка жана бек деген наамдар беришкен. «Бек» деген наам бара-бара мурас болуп, атадан балага өткөн. «Датка» деген наам мурас боюнча өткөн эмес. Түштүк Кыргызстандын шартында манаптардын социалдык функциясын бектер менен даткалар аткарышкан, алардын кызматы аздыр-көптүр Кокон хандарынын башкаруу аракеттери менен тыгыз байланыштуу болгон. Алардын айрымдары тике хан сарайында кызмат кылышкан жана хандык башкарууда белгилүү роль ойношкон»,- деп көрсөтүлөт (История: 282). Демек, «манап» деген сөздүн бул учурда колдонулушу тарыхый чындыкка туура келбейт. Үчүнчү сүйлөмдө жалпы эле кыргыздардын феодалдык-уруулук ак сөөк төбөлдөрү жөнүндө сөз болуп, «манап» сөзү чыгармада орундуу колдонулган.

Феодалдык-уруулук эзүүчү таптын өкүлү катары атадан балага өтүп келген мансап *бий* болгон. Бул тарыхый термин да «Сынган кылычта» кеңири колдонулат. Мисалы: «Хажи *бий* менен Нарбото *бий*

атасы бир, энеси башка бир тууган болучу» (49). «Не кылган ме
Абил *бий* алда нерседен кооптуудай, ичи түтпөй турган өңдүү» (
ж.б. Кыргыздарда *бий* эбактан белгилүү экендиги фольклорд
тарыхый материалдардан маалым. XIX кылымдын биринчи чейрег
чейин бий уруунун же уруктун толук укуктуу башкаруучусу бол
келген болсо, XIX кылымдын орто ченинен баштап бийде адат боюн
сот иштерин жүргүзүү гана калган (Жамгерчинов Б.: 57-58).

Кокон хандары бардык жерлерде бийлерди сот иштер
шарияттын эрежелери боюнча жүргүзө турган *казыйлар* ме
алмаштырууга аракет кылган. Бирок кыргыздарда сот иште
жүргүзүү бийлердин колунда кала берген (История:283). Романдан
муну ачык байкоого болот. Маселен, элет жеринде уруу ичиндеги ч
чатактар адат-нарк боюнча Абил бий аркылуу чечилген бол
мамлекеттин борборунда хандын, аталыктын укугу, милдети шар
жолу менен казый тарабынан закондоштурулган. Мисалы: «Бир ке
Нүзүп шаардын *казыйын* жалгыз чакырып алды» (84). Ушундан
*казый* Нүзүпкө чоң салтанат кылып тизгин (бийлик белгиси –
тизгин, бир чылбыр) берди» (90).

Сүрөттөлүп жаткан мезгилде кыргыздарда феодалдык - уруу
башкаруучу төбөлдөрдүн өкүлдөрүнө жакын турган *баатыр* де
тарыхый термин кеңири таралган. Бул термин чыгышы жагы
кандайдыр бир социалдык-таптык мазмун менен байланышкан эм
Мындай наамга сырткы душмандардан элин коргогон, согуш сыр
мыкты билген, эр жүрөктүгү, тайманбастыгы менен атагы чык
адамдар ээ болгон. «Сынган кылыч» романында бул титул көбү
Бекназарга карата колдонулат. Мисалы: « - ... Тилинде эми б
билегинде күчү бар жаш азаматтардан тандап саркер көтөрүп алгы
*Бекназар баатырдан* өтөрү жок. Буга кандай дейсиңер» (2
«Ишенимдүү жигит Абил бийдин бул катын *Бекназар баатыр*
апкелип тапшырды» (200). Чыгармада *баатыр* деген сөз тарых
термин катары эмес, кадимки эле «эр, каарман, жүрөктүү азам
деген мааниде да колдонулат. Мисалы: «Кемпир эки бөйрөгүн мыж
таянып, бейитке өбөктөй отуруп, ойлуу армандуу, өксүктүү үн сал
качандыр бир кездерде капыстан кара ниет душмандын жаасын
ажал канаттуу огу артынан кадалып, жарагы колунан түш
кансырап жыгылып, жолдоштору карабай элсиз чөлдө калган ата
жалгыз *батыр* жөнүндөгү армандуу кошокту кошту» (65). Бул
чыгармада урматтоо, кайрылуу иретинде да көп жолу колдону
Мисалы: «Кары адам сакалын сылады: -Сакалыма ишен, *батыр*
ушул жашымда калыс сөзүм болбосо, көрүмдө болобу! ...» (
Романдан *баатыр* деген сөздүн какшык иретинде колдонулган учу

да жолуктурабыз. Мисалы: «Нүзүп чаңырып жиберди: -Токтот! Ой, *батыр* наймандын бийи, кемпирдин көңүлүнө карабай *батырлык* кылып жөөлөп кое кала турган учур беле? ...» (63).

Автор романда бул сөздү «*баатыр*» жана «*батыр*» деген эки фонетикалык вариантта аралаш колдонот. Биздин пикирибизче, бул сөздүн мындай эки формада берилиши эч кандай стилистикалык максатка багындырылган эмес. Автордук баяндоодо да, каармандардын кебинде да тарыхый термин катары же кадыресе түз маанисинде болсун эки түрдүү форма ажыратылбайт. Бул сыяктуу стилистикалык максатты көздөбөгөн чаржайыт сөздүк дублеттер аздап башка учурларда да жолугат. Албетте, мындай мүчүлүштөр окурмандардын бирдиктүү кабыл алуусуна жана адабий тилдин нормасынын сакталышына өзүнүн кедергисин тийгизбей койбойт.

Романда жергиликтүү эл башкаруучу кызмат адамдарын атаган *элбеги, элтүзөр* деген тарыхый терминдер да учурайт. Мисалы: «Исхак өзүнүн бостон уругунан Амал эшик ага деген адамды элбеги атап, ошол эле күнү Анжиянга жөнөттү» (482). «Абил бийдин *элтүзөр* чалы Мадылды кыстады» (280).

«Сынган кылыч» романынан бийлик адамдарына тиешелүү *мырза, төрө* деген наамдарды да кезиктиребиз. *Мырза* деген наам адамдын көбүнчө ак сөөк тегине жана байлыгына жараша атала тургандыгын романдан алынган мисалдардан ачык байкайбыз: «Бүт Таластын кадырман карылары, жакшы чыкма *мырзалары* он эки канат кең өргөөгө толуп отурушуптур» (43). «- Кадырлуу Нүзүп *мырза* Коконго жүрө турган болду» (53). «Нүзүп эми гана муруту кылайып келаткан жаш *мырзаны* имерип тиктеди» (63). *Мырза* деген термин ошондой эле «катчы» (писарь) деген маанини да билдирип, романда *катчы мырза* болуп, кабатташып колдонулган учуру да бар. Мисалы: «Кудаяр-хан шашып калды: -Куп ...! А куп ... - деп эшиктен *катчы мырза* көрүнгөндө, таазим кылууга үлгүртпөй, кет дегендей шилтеп салды. *Катчы мырза* бүгүлүп кетенчиктеп чыгып кетти» (368).

Кыргыз тилинде эзелден колдонулуп келген *төрө* деген наам менен романда сүрөттөлүп жаткан доордо бардык орус чиновниктери гана аталат. Салыштыр: фольклордо: «Ошондо *төрө* муну айтат: «ой, чоролор!» деп айтат» («Манас»). «Эр Табылды *төрөбүз*, оозуңуздан чыккан сөзүңдү нур жаагандай көрөбүз» («Эр Табылды»). Романда: «Кудаярхан көзүн кыбындатып ойлоно калды: - Мен жаңылбасам, урматтуу *төрө*, жарымпаша менен биздин ортобузда 1868-жылы түзүлгөн шартнама бар эле ...» (367). « – Ассалому алейкум, улуу *төрө* ... жарым паша ... - деп үнү дирилдеп салам айтты Атакул батырбашы» (450). «Улук *төрөнүн* үнүнөн эч ырайым сезилбей, кары

ичинен чыйралып, башын акырын көтөрүп, көк мончоктой чекире[illegible] турган көзүн көрдү» (504).

Романда сүрөттөлүп жаткан доордун социалдык абалын реал[illegible] чагылдырып берүүдө мамлекеттин бийлик ээлеринин, феодал[illegible] аристократ төбөлдөрдүн мураскорлорун, тукумдарын, үй-б[illegible] мүчөлөрүн атаган *ханзаада, шаазада, султанзаада, бекзаада, мурас[illegible] айым, ханике айым* деген сыяктуу историзм сөздөр да доо[illegible] мүнөздөөчү касиетке ээ. Мисалы: «Ушул учурда кичинекей *ханза[illegible]* Кудаяр ойноп тапырап кирип келди» (109). Романда ушул мааниде тизмеги аркылуу *хан баласы* түрүндө берилгенин да миса[illegible] көрсөтүүгө болот: « –Кайран бий! Таш тиштетти *хан баласын*! Ка[illegible] кай пенде батынат хан тукумдарына! – деп мактанып, сыймык бо[illegible] тарады» (266).

«О, Карабек *шаазада*,
Колдогонуң зор экен,
Күлүгүң чыгып даңк алды
Кылданган жетимиш буудан ичинен» (77).

«Көп караламандын бири болсоң бир жөн эле, *султанзаада* болгон [illegible] атамурасын талашпай, көрокаттын артынан коңулда калган нам[illegible] (52). «Индус эки алаканын жупташтырып чекесине алып «-Кудайд[illegible] корсунтканы, кудайдын жазасы азбы буга, о *бекзаада* ырайым к[illegible] *бекзаада!*» (58). «-Аттангыла! Нүзүп мырзанын колунда тажын *мураскору*. Аттангыла» (53). «Эчтемеге түшүнбөй Жаркын *ай[illegible]* селдейип туруп калды» (109). « ... Кудайга шүгүр, сиздин тамырың элетте Нүзүптөн кем эмес, *ханике айым* Жаркындын атасы Токтоназ бийдин балдары бар ...» (107).

Бийлик ээлерине, улуу даражалуу адамдарга карата салтанат[illegible] кайрылуулар, алардын ар түрдүү шаан-шөкөттүү эпитеттери [illegible] тарыхый жана улуттук колоритти түзүүдө чоң мааниге ээ. Рома[illegible] Кокон хандары *аллаяр, хазрети, бахтияр, сеид, жаңгер* деген эпитет[illegible] менен аталат. Мисалы: «О, *аллаяр* ... - депууртунан жылмайып күл[illegible] Шады ынак – О, *аллаяр*, өлгөндүн артынан эч ким ээрчиген э[illegible] алмустактан бери эле ...» (107). «А балким, *аллаяр* хан бир каш[illegible] канын кечип коер» (141). «– Эми *хазретинин* амирине кар[illegible] жүргөндүн катыны талак, өзү капыр! – деди ...» (37). «- Бир кудай[illegible] жолун ачып, *бактияр сеид* Кудаяр качанкы кеткен ооматы кай келип, ата арбагы жар болуп, иши агынан тактына кай миниптир»(32). «*Жаңгер* Алым-хандын тукуму ушунчал[illegible] майдаланып кеткенине ал астейдил таң калды» (325).

*Хазрети, азирети* деген эпитет ханга гана эмес, башка ул[illegible] даражалуу адамдарга да берилгендиги төмөнкү мисалдардан көрүн[illegible]

«- О, *хазрети* ... Ар заманда ордо тартиби ар башка боло берген ... - деп, жем таштап, Нүзүпкө көз кыйыгын сала отуруп, жумшак сөз баштады» (83). «Исхак бир элтейип тиктеп, боолгоп ордунан тура калды да: -э –э ... *азирети* капызбы? – деп, көзү жайнап, кучак жая басты» (457).

*Таксыр, жарандар (жараным)* деген кайрылуулар да доорду, улуттук өзгөчөлүктү мүнөздөөчү каражат катары кызмат кылат. Мисалы: «-*Таксыр*! Мен бар болгону буйрук аткарып жүргөн кулмун» (93). « - О, *жарандар*! ... Ушул мүңкүрөгөн бойдон туулган эмеспиз энеден биз дагы, чачыбыз күнүгө агарган эмес биздин дагы» (408). « - ... Бул дүйнө ушундай, *жараным*, бирде төө мингизет, бирде жөө жүргүзөт ...» (465).

«Сынган кылычтын» автору Россия императоруна же Түркстан генерал-губернаторуна карата кайрылууда орус тилиндеги «Его Величество, Государь, Император», «Его Императорское Величество», «Ваше сиятельство» деген оригиналдуу титулдарды имитациялаган *«Улуу даражалуу ак паша», «Улук даражалуу амиран император», «Урматы улук жарыктык», «Бийик даражалуу жарыктык»* деген титулдарды колдонот. Мисалы: « ... өз башымды да, Кокон мамлекетин да *улук даражалуу амиран императордун* колуна тапшырам ...» (369). «Бу селсаяктын тополоңун тез бассак, ошол улуу азем үстүндө *улуу даражалуу ак пашанын* өзүнө сизди кол алыштырам го деген үмүттөмүн ...» (452). «Түркстан генерал-губернатору *урматы улук жарыктык* фон Кауфман төрөгө ...» – деп, андан нары, жай тактап айтып, жаздыра баштады» (369). *«-Бийик даражалуу жарыктык,* - деди адъютант шашып, -башка кийим кийбей койду ...» (397). Ошондой эле романда орус чиндерине карата *«адам атанын балдары», «адам атанын ыкыбалдуу балдары»* деген кайрылуулар бар. Мисалы: «Сакалы белине түшкөн кары карга бүк түшүп таазим кылды да, ошол тизелеп турган бойдон өйдө болбой: -Ырайым кылгыла, о *адам атанын балдары!* ... - деп, калчылдап, киркиреп акырын сүйлөдү» (503). «- Келгиле ... Төрүбүзгө өткүлө ... о, *адам атанын ыкыбалдуу балдары* ...» – деп, жер мөгдөп келип, Абил полковник Машиндин үзөңгүсүнө жетип тооп кылды» (560).

Жазуучу Т. Касымбеков Кокон хандыгынын бийлик ээлерине, даражалуу адамдарына карата айтылган титулдарды, эпитеттерди доордун мүнөзүнө ылайык пайдалануу менен, башка тилге тиешелүү улуттук мүнөздөгү титулдарды, кайрылууларды кыргыз тилинде берүүдө да бир топ сөзгө чебердигин көрсөткөн. Ошондой болсо да, орус тилиндеги «Ваше Высочество», «Ваше Сиятельство» деген титулдук кайрылууларды «урматы улук жарыктык» же «бийик

даражалуу жарыктык» деп берүүдө «жарыктык» деген компон стилистикалык жактан өз ордунда эместей сезилет. «Жарыктык» де сөз оригиналдын маанисиндеги официалдуулукка, салтанаттуулу караганда эркелетүү маанисине көбүрөөк жакын.

Романда сүрөттөлүп жаткан коомдун социалдык катмарлар феодалдык-патриархалдык эзүүчү таптын өкүлдөрүнүн кара каршысындагы эзилген эмгекчи элдин ар түрдүү өкүлдөрүн ата *букара, дан багар, томаяк, жумушкер, кул, күң, карал, кара ча* сыяктуу тарыхый терминдер да кирет. Бул терминдер жогоруда феодалдык-аристократтык төбөлдөрдүн өкүлдөрүн, алардын кандай титулдарын, даражаларын атаган историзм сөздөр сыяктуу Кокон хандыгынын мезгилиндеги социалдык мамилеле мүнөздөөчү каражат болуп эсептелет. Мисалы: « ...Ордонун шумда Мусулманкулдун мезгилинде ордо бийлигинин оорчулугун көр *букара* калктын кыжырын жалпы кыпчак уруусуна каршы бу жибериштги» (138). «*Дан багар* карынын жүзү күлүңдөп, ... алакан тоголонуп түшкөн бадырайган көк данды тырмактап көрүп, кубан башын ийкеди» (13). «Кара атчан ачуудан тили туттуга түш Дудаланып: -муну ...муну... Бу *томояктын* айтканын ... - деди ара Эмне? *Томаяк?!* Хантагасын кудай жаратып, *томаякты* куу жаратыптырбы!» (236). «Ошол убакта *жумушкер* күмүш табакка б чөйчөк менен мойну узун саймалуу кумура коюп көтөрүп кир келди» (390). «Эшмат, Ташмат деген *евнух кулдары* колтук алпарышып, төшөк үйүнө эс алууга жаткырышты» (109). «Насирд хан: -Тартууга келген *күң* эдиңиз. Эсиңиз менен, көңүлүңүздүн түзд менен ордомдун эркеси, ак никелүү зайыбым болдуңуз ...- деп зайып сынай тиктеди» (432). «Ар өргөөгө мейман күзөтө турган экиден *ка* коюп, эшигине экиден сүт эмди тай согум байлатты» (315).

«Сынган кылыч» романында Кокон хандыгынын коомдук-сая түзүлүшүнүн, социалдык-экономикалык абалынын реалдуу жү ачып берүү үчүн, Т. Касымбеков чыгармасында эмгекчи элди эзүү ар түрдүү формаларын атаган историзм сөздөрдү ылайык пайдаланган. Мисалы: «Казынабашы ... дүнүйөнүн тарыхын ... ка жылкы элден жыйган *зекеттен* чогултканын ... бежиреп сүйлөп кел (122). « - ...Беш сары таман атты силер менин атамдын ашына кош жаттыңар беле? Бу *хан салыгы!*» (296).

Кокон хандыгынын мезгилинде көчмөн эл *зекет, хан салы* сыяктуу эзүүнүн формаларынан өтө оор запкы чегишкен. Рома автор эмгекчи элдин хандан көргөн азап-тозогун, адам чыда зордук-зомбулугун абдан ишенимдүү сүрөттөйт жана са

системасынын бул түрлөрүн атаган жогорку историзмдерди бир нече ирет колдонот.

«Көчмөндөрдүн турмушундагы экстенсивдүү мал чарбачылыгы жана патриархалдык-уруулук калдыктардын болушу көчмөн кыргыз коомунун ичинде феодалдык эзүүнүн формаларына өзгөчө түр берген» (История:290). Букаралардын, кедей-кембагалдардын жергиликтүү феодалдык-уруулук төбөлдөргө төлөгөн салыктары, кылып берген кызматтары сыртынан караганда ыктыярдуудай көрүнгөн, «тууганддык жардам» катары патриархалдык формага далдаланылган. Романда феодалдык эзүүнүн мына ушул уруулук мамилелерине далдаланган *чыгым, тартуу, конок алуу, кошумча* сыяктуу формалары да сүрөттөлөт. Мисалы: «-журтчулук ошо, колубузда камчы калганча бирге көтөрөлү *чыгымын!*» (207). «Мадыл шашып: -Жо-о, бий, *тартуу* эмес, жөн эле, жеңемин босогосун куру аттабайын деп ... - деди астейдил» (338). «Ар бир үйдүн эшигине бирден кемеге ойдуруп, үй ээси карал болуп тике туруп күтүнүп, көзүнүн агы менен тең айланып, жумшаган жагына бутунун учу менен жүгүрүп, *конок алууда*» (218).

Эмгекчи элдин башына түшкөн зордук-зомбулуктун дагы бир түрү *айып, кун төлөө* болгон. Домбу бийдин өлүмү үчүн элеттиктердин ханга *кун* төлөшү эзилген букаралар үчүн канчалык кыйынчылыкка турганын романдан даана сезебиз. «Бүт эл күңгүрөп, Домбу үчүн Насирдин бектин *кун* сурап камынып жатканын кооп менен кеп кылып, кулак түрдү» (266). «- ... сынык мүйүз жүкчүл өгүздүн баркына арзыбай турган аксым тагасынын *кунуна* миң сары таман ат, миң кызыл дилде талап кылып отурганы акылга сыярлык эмес, мырзалык эмес ...» (277). «Кызды зордоп ала качса, ала качкан киши кимдигине карабай өлүмгө буйрулат, журту көптүгүнө карабай *айыпка* жыгылат» (195). «-Жалакор жазасын алат. Томояк болсо да *тогуз айыпка* жыгылат! – деп шар кести» (231).

Социалдык, урууучулук топтордун ортосундагы экономикалык мамилелерди билгизген *барымта, жаат, жамият, жамагат, ижара,* феодалдык Кокон хандыгындагы эзүүчү таптардын эмгекчи элди баш көтөртпөй кол алдында кармап туруунун куралы катары колдонулган дене жазаларынын каражаттарын жана ыктарын атаган *дар (дарга), зындан, чидер (темир чидер), сыйыртмак, казыкка отургузуу, баш алуу,* жазалоочу адамдарды атаган *миршаб, ясаул, желдет* жана кызмат адамдарынын ар кандай башка топторун же алардын өкүлдөрүн атаган *амалдар, билермандар, увакил, хан элчиси, салык жыйноочу, тилмеч, кербенбашы, кутумдар,* административдик-аймактык бөлүнүштү билгизген *вилает* деген сыяктуу коомдук турмуштун ар түрдүү жактарына тиешелүү көптөгөн историзм сөздөр

колдонулуп, өткөн доорду сүрөттөөнүн көркөм каражаты кат кызмат аткарган.

«Сынган кылыч» романында Кокон хандыгынын мезгилинд социалдык жана экономикалык мамилелерге байланыштуу «доор нагыз сөздөрү» эскирген лексиканын башка тематикалык топтор караганда сан жагынан алда канча артыкчылык кылат. Жогоруд мисалдардан көрүнгөндөй, романда коомдун структурасы о коомдук түзүлүшкө тиешелүү реалдуу социалдык топтор, катмар сүрөттөлүп жаткан мезгилге таандык тилдеги аталыштары аркы ачылып берилет. Кокон хандыгынын коомдук структурасына кир социалдык топтор романда жалпы жонунан эле берилбестен, алар ичинен майдаланып, конкреттештирилип, ар кайсыларынын жек коомдук орундары кеңири сүрөттөлгөн. Ошондуктан романдын сөз курамында коомдун ар кандай топторун жана алардын өкүлдө атаган эскирген сөздөр көп. А.Н.Толстой жаңыдан жаза башта авторлорго жазган катында: «Тарыхый каармандар алардын до жана ошол доордун окуялары талап кылгандай ойлошу жана сүйлө керек. Эгер Степан Разин алепки накопление тууралуу сөз кыла тур болсо, окурман андай китепти столдун алдын көздөй ыргыт жиберер эле-жана анысы туура болмок, бирок алгачкы накопле жөнүндө, айталык, автордун билүүсү жана унутпоосу жана тигил бул тарыхый окуяны ошол көз караш менен кароосу керек», - көрсөткөн (Толстой А.Н.,1949:593).

Тарыхый романдын эң көрүнүктүү устатынын бул пикири то бойдон Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романына тиешелүү. Бул романдан азыркы тилибиз үчүн кадыресе бол социалдык жана экономикалык түшүнүктү атаган сөздөрдү кезикт албайбыз. Романда сүрөттөлүп жаткан доордун коомдук ж экономикалык өзгөчөлүктөрү мааниси жактан ушул түшүнүк менен байланыштуу болгон тарыхый сөздөрдүн кеңири колдонул зарылчылыгын туудурган. Бул категориядагы сөздөрдү колдонуу өзүнчө өзгөчөлүгү бар. Коомдун социалдык жана экономикал жактары менен байланыштуу сөздөрдү сүрөттөлүп жаткан мезги ылайыктуу гана маанисинде колдонууга болот. Ансыз тары чындык бурмаланып калышы ыктымал.

Романдын тилине социалдык жана экономикалык терминдер бир кыйла көп санда киргизилиши - Т. Касымбековдун сүрөттө жаткан коомдун структурасынын тарыхый жактан так болу сактоого кылган аракетинин натыйжасы. Жазуучу Т. Касымбе өзүнүн тарыхый романына Кокон хандыгынын мезгилиндеги коом саясий турмушка тиешелүү историзм сөздөрдү мынча өлчө

киргизгени менен, өткөн доорго тиешелүү сөздөрдү майда-чүйдөсүнө чейин терип-тепчип жыйнап, чыгарманын тилинин түшүнүктүүлүгүнө залал келтирген эмес. Автор тарабынан кылдаттык менен тандалып алынган лексиканын бул тобу чыгармада сүрөттөлгөн коомдун мамлекеттик-административдик түзүлүшүндөгү жана кызмат адамдарынын, мекемелердин иштеген ишиндеги өтө маанилүү белгилерди, мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү чагылдырып көрсөтүү үчүн колдонулган. Ал эми бул болсо тарыхый романда мезгилдин колоритин түзүүдө зарыл болуп саналат. Анын үстүнө, мындай сөздөр чыгарманын бүт тулкусуна баштан аяк себеленип чачырап, органикалык түрдө сиңирилген.

2) **Согуш ишине байланыштуу историзмдер**. «Сынган кылыч» романында баталдык сценаларды сүрөттөөгө көп орун берилген. Кокон тагы үчүн болгон кармашууларды, ордо менен элеттин ортосундагы кагылышууларды, көтөрүлүшчүлөр менен хан аскерлеринин ортосундагы кандуу кыргындарды, орустун аскердик бөлүктөрү менен жергиликтүү аскерлердин ортосундагы согуштук аракеттерди реалдуу сүрөттөп көрсөтүш үчүн автор чыгармада эскирген лексиканын бул катмарына да көп ирет кайрылууга муктаж болгон. Сүрөттөлүп жаткан мезгилге тиешелүү согуштук лексиканы жалпысынан үч топко бөлүп кароого туура келет.

### а) Аскердик даражаларды, чиндерди жана кызматтарды атаган историзм сөздөр.

Кокон хандыгында аскердик эң жогорку даража *мин башы* болгондугун жогоруда айтканбыз. Ал бүткүл хан аскерлеринин башкы командачысы, кол башчысы, ошондой эле ордодогу хандан кийинки даражалуу адам болгон. Романда мындан башка командалык составдын ар кандай рангаларын көрсөткөн *сардар, саркер, пансат, жүз башы, элүү башы, он башы, туу башы, баатыр башы, жигит башы, караул башы, корбашы, ясаулбашы* сыяктуу историзмдер пайдаланылган. Мисалы: «Улук *сардар* Абдырахман сиз туурасында пикири жакшы» (273). «Бири оң канаттын *саркери* Момун, бири сол канаттын *саркери* Саранчы» (281). «Науман *пансат* тез келди» (285). «Элчи алдына келгенде, Нүзүптүн жанында Абил *жүз башы* гана бар эле» (91). «*Онбашы* сарбаздын айтуусу боюнча мылтыктарынын милтесине чакмак менен от кое баштапты» (444). « - … кулак сал, сен

бул жортуулда *туубашы* болууга арзыдың. *Туу башы* бол. Ко
алдына түш. Уктуңбу? ...» (63). «Жан жигити *батырбашы** Ташка
бегин сүйлөтпөй сынар тизелей калып, баш уруп жиберди» (2
«Абил бий муну билип, алдыңкы *жигит башыларды* бир имере тик
тамагын жасады» (23). «Жигиттерин чубатып Насирдин бе
*корбашысы* жыйынга түптүз ат коюп кирип келаткан эле» (2
«Лүкүлдөп *караулбашы* кирип келди» (434). «Ушул учурда тиги д
Абдуллазиз *ясаулбашы* жүзбашыларына керектүү жаңы буйрукта
берип турду» (421). «Айтар жаңылыгын угууга, *жүзбашылар*
артынан, *элүүбашылардын, онбашылардын* артынан дүр
паңсаттын отун тегеренишип, тирелип ооз карап калышты»(23).

Эски орус армиясынын командалык составына *генерал-адъют*
*штабс-капитан, унтер-офицер, сотник* сыяктуу генералдык, жог
жана кенже офицердик чиндерди атаган историзмдер кирет. Тары
романда бул историзмдердин колдонулушу Кокон аскерлери ме
орус армиясынын түзүлүшүндөгү айырмачылыкты айгине
тарыхый чындыкты элестетүү үчүн кызмат кылат. Мисалы: «
*Генерал-адъютант* фон Кауфман ханды оор топ кишилери менен да
кабыл алып, аларга жылуу жүз, урмат көрсөтүүгө шашты» (2
«Коңур кара чачтуу *штабс-капитан* муңдирин кийген, сулуу мурут
ак саргыл жигитти экөбү тең утурлай басышты» (447). «Эки са
ортого алып, туткун *унтер-офицерди* айдап келди» (442). « ... Улу
сарала өрүктүн башына салаңдатып таштап, жөнөй бербейбизб
деди кутурган *сотник* атын тыбыратып» (559).

## б) Аскердик бирикмелерди, бөлүктөрдү жана аскерлерди түрлөрүн атаган историзм сөздөр.

Талдоого алынып жаткан чыгармада аскердик бирикмеле
атаган *кошун* жана *кол* деген историзм сөздөр кеңири колдону
Мисалы: «Акбоз аргымактын тизгинин жыя тутуп, сары талаанын
тарабына, боз чаптуу майда адырларга өңүт тандап бөлүнүп ке
жатышкан *кошун* кыйрына назар таштады» (4). «Көп *кошун* ушу
кысталыш учурда башсыз калды» (11). «Он миң ашык *кол* ме
барып, Нүзүп Коконду камады» (66). «Дарбазадан куйругу үз
түшкөндө, өңүп турган көп *кол* чуру-чуу көтөрө кыйкырык салыш
туш-туштан качырып киришти» (83). Бул эки сөз тең кыр
фольклорунда, өзгөчө эпостук чыгармаларда кеңири учураган.

* Баатыр башы – военачальник, которому подчинялись тысяцие (ЮКОС: 90).

Бул сөздөрдүн кыргыз тилинин сөздүктөрүндө берилген маанилери жалпысынан романдагы маанилерине туура келет. Бирок К.К. Юдахин өзүнүн сөздүгүндө *кошуун (кошун)* жана *кол* деген сөздөрдү бири-биринен сан жагынан айырмалап, «жүзгө чейинкини «жасоо» дейт, миңге чейинкини «кол» дейт, миңден ашыгын «кошуун» дейт» же «басыз, чоролордун колу өтө көп, кол эмес, кошуун болуптур» деген мисалдарды келтирүү менен, кошуун (романда *кошун) колго* караганда ири аскердик бирикме экендигин көрсөтөт (ЮКОС:412). Романдан бул оттеноктор байкалбайт, *кошун* да, кол да бирдей эле чоң аскердик бирикме катары сүрөттөлөт. Сал.: «Туш-туштан *кошундар* куралып, ак, көк тууларын туйлатып, жер түтөтүп келе баштады» (54); «Генерал Скобелев Уали менен Балыкчынын жанында кездешип, беш күнкү катуу салгылаштан соң, Уалинин он миң ашуун *колун* кыйратып өтүп, Балыкчыны ээледи» (478). *Кошуун, кол* сыяктуу аскердик бирикмелерден башка романда *оң канат, сол канат, кош, жүздөр* деген сыяктуу аскердик бөлүктөрдү атаган семантикалык историзмдер да учурайт. Булар тууралу өз кезегинде сөз кылабыз.

Романда автордун түшүндүрүүсү боюнча Кокон армиясынын аскердик түрлөрү катары *сыпай* «атчан аскер» жана *сарбаз* «жөө аскер» деген маанидеги историзмдер колдонулат. Мисалы: *«Сыпайлар* бет алдын, өңүтүн бат-бат өзгөртүп, тушкелди бастырышып, бирде дыр коюп ат ойнотуп, бирде элтейип токтой калышып жатты» (4). «Кызыл кийинген *сарбаздар* далдакташып, шашып жүрүшкөн болуу керек» (5). Сөздүктөргө кайрыла турган болсок, бул сөздөрдүн маанилери так ажыратылбайт. Маселен, К.К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» (1965) «тарыхый термин» (ист.) деген белги менен *сыпайы, сыпаа* деген сөз «Кокон армиясынын аскери (көбүнчө атчандары, начальниктери ушундай аталышкан)», - деп берилген (ЮКОС:681), *сарбаз* да «Кокон армиясынын атчан аскери» - деп түшүндүрүлөт (ЮКОС:636). «Өзбекче-орусча сөздүктө» болсо, *сипойи* «хандын, эмирдин сарайындагы чиновник; чиновниктик катмардын өкүлү» деген маанисинен башка «солдат, жоокер, аскер» (Узб РС:370) – деп берилсе, *сарбоз* да ушул эле мааниде «сарбаз, катардагы солдат» (Узб РС:355) деп которулган. «Тажикче-орусча сөздүктө» да *сипохи* «жоокер, солдат» (ТадРС:359), *сарбоз* «сарбаз (Бухара хандыгындагы катардагы жөө аскер); солдат» (ТадРС:343) – деген түшүндүрмөлөр берилген. Демек, мында чыгарманын автору бул сөздөрдүн жалпы маанисин бузбастан, аларды конкреттештирген.

Т. Касымбеков романда бул сөздөрдүн маанилерин сөздүктөргө караганда тагыраак кылып көрсөтүү аркылуу *сыпай, сарбоз* деген

сөздөр менен тааныш эмес окурмандарга да ал сөздөрдүн маанилерин, сөздүктөрдүн жардамысыз эле, сезе билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Регулярдуу хан аскерлеринен айырмаланып, ханга каршы чыккан элеттик көтөрүлүшчүлөр жөнүндө сөз болгондо, сүрөттөлүп жаткан мезгилге да жана азыркы учур үчүн да бирдей болгон *атчан* деген кыргызча сөз колдонулаган. Мисалы: «- Болот-хан! Болот-хан! – деп, дагы ураан кыйкырып, ат туягынан жер дүңгүрөп, мыкты куралданган үч миң ашуун *атчан* дагы Наманган багытын карай селдей каптап түштү» (312).

«Сынган кылыч» романында Кокон хандыгындагы регулярдуу армиядан тышкары согуш мезгилинде элден чогултулган жардамчы күч катары *каракелтек (кара келтек)* деген сөз да колдонулган. Мисалы: «Казынанын кошунунан башка да, курал кармоого жараган эр бүлөдөн сансыз *каракелтек* жыйылды» (91); « ... алтымыш миңдей талоончу *каракелтек* топтолду да, кыпчак уругунун мекени Эки-Суу-Арасына карай жер түтөтүп, чегирткедей самсып жөнөлдү» (138). Кыргыз тилинин сөздүктөрүндө бул сөз учурабайт, бирок эл ичинде сейрек болсо да колдонулат. Түрк тилдеринин башка сөздүктөрүндө анын мааниси романдагыдан бир аз башкачараак берилген. Маселен, караңыз: УзбРС, - 623-бет: *коракалтак разг.* самосуд, самочинная расправа; Радлов ОСТН II 1, 139-бет: *кара тajак* (Dsch) бродяга, возстаніе.

Романда ошондой эле хандарды, аскер башчыларын кайтарып, коштоп жүрүшкөн жан жигиттери катары *нөкөр, удайчы, дөлөнгүт* деген историзм сөздөр да колдонулат. Мисалы: «Жакындагы *нөкөрлөрүнөн* кымкуутта аскербашы ажырай түшкөн эле» (9). «Бир гана *удайчысы* ээрчип жүрдү» (9). «Бу көрүмсүз абышканы жандап турган нөкөрлөр, *удайчылар* көзүнүн агы менен чимирилишип ... акырын ооз кыбыратуу менен керектүү буйруктарын оң канатка, сол канатка берип турду» (4); «Колтук керип *дөлөнгүттөр,* солдаттар, алма-телме шилтеп, тынымсыз сабап жатты» (512). Нөкөр кыргыз фольклорунда, көбүнчө эпостордо да кеңири учурап, романдагы мааниге жакын бир нече маанилерди билдирет*. Ушундай эле маанилерде өзбек, тажик ж.б. тилдерде да колдонулат**.

---

* Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк, 557-бет: нөкөр (в эпосе) 1. слуга эпического богатыря, хана, феодала; 2 отрок (княжеский); 3. свита жены или дочери эпического богатыря, хана, феодала. Карасаев К.К. Өздөштүрүлгөн сөздөр. Сөздүк. –Фрунзе: КСЭнин башкы редакциясы, 1986, 212-бет: нөкөр (монг) кызматчы жигит, малай жигит.

** Узбекско-русский словарь, 278-бет: навкар уст. 1 слуга; 2. ист.солдат нерегулярного войска; ополченец, дружинник. Таджикско-русский ловарь. 253-бет: навкар ист.военный слуга феодала или правителя; слуги. Радлов В.В. Опыт словаря тюркских наречий; т III, ч.1. –С-Петербург: 1905, 695-бет: нӧкӓр сотоварищъ, товарищъ, кліентъ, солдатъ, чиновникъ; Ошондо эле, 695-бет: нӧкӧр=нӧкӓр.

Романда чалгын чалып, душмандын согуш күчтөрүн тыңдаган, жоонун жолун тосуп, кароол караган аскерлерди атаган *кайгуул, кайгуулчу, жесек* деген историзмдер да бар. Мисалы: «Бул алдыга кеткен *кайгуулдун* бири болчу» (418); «Абдуллазиз ясаулбашы ... -Гм, - деди башын ийкеп, акырын, -жоонун *кайгуулу*... жакындап калышкан экен ...» (419); «Эки жагында эки *кайгуулчу* турган эле» (420); «Айылдан айылга киши каттатпай, топтонтуп ат бастырбай, жол-жолдун тоомдоруна куралдуу *жесек* койду» (268). «Те четте *жесекте* турган жигиттер да үргүлөп кетишкен» (526). Бул сөздөр фольклордо да, башка көркөм чыгармаларда да колдонулат жана кыргыз тилинин сөздүктөрүндө ушул маанилеринде катталган*. Ошондой эле чыгармадан ушул мааниде азыркы кыргыз тилиндеги *чалгынчы* деген сөздү да жолкутурабыз. Мисалы: «*Чалгынчылар* тонологон жер ушул жер болучу» (307).

Төлөгөн Касымбеков бул чыгармасындагы автордук баяндоодо орус аскерлеринин бөлүктөрүнүн аттары катары *козак, орус козак отряды, козак-орус отряды, козак жүздөрү, козак полку, каратель, каратель отряд, каратель аскер* деген сөздөрдү жана сөз тизмектерин пайдаланган. Мисалы: «Те четте бирөө секин жылып жөнөдү эле, атчан турган *козак* аттын омуроосу менен, суурулган кылыч менен алдын тосту» (520); «Генерал Вейнберг Кокондогу полковник Скобелев башчылык кылган *орус-козак* отряды менен түздөн-түз хан ордосун, Кудаяр-хандын керт башынын амандыгын коргоого алды» (371); «Полковник Мишин Наманган шаарынан чыгып Сефит-Булан аркылуу жүрүп келатты. Кутурган үч жүз *козак-орус отряды* жанында» (558). «Бир жөн тиктеп, жерди көзү менен чендеп алды да, буйгада бутуп турушкан атчан козак жүздөрүн эки канаттан тең ок менен алга жыла берүүгө буйрук кылды» (5). «А генерал Скобелев дароо Миллер-Закомельскийди башчы кылып, *атчан козак полкун*, Насирдиндин, Абдырахмандын аскерлерин жол көрсөтүүгө, көмөккө берип аттандырды» (499); «*Каратель* ат үстүндө соксоңдоп баратып удаа-удаа ок чыгарды» (506); «Көтөрүлүштүн тамырын биротоло кыркуу үчүн «Зимняя экспедиция» деп аталып, генерал Скобелевдин командасы астында каратель отряд түздү» (503); «*Каратель отряд* олжо жүктөп, мал айдап, кечке утур кыштактан чыкты» (505); « ... мылтыгынын найзасы арпанын кылканындай ширелип келаткан *каратель аскерге* келип урунуп жаткандар болду» (488). Персонаждардын кебинде *каратил* түрүндө да айтылат: Абил бий чаңырып жиберди: - ... четибизден *каратил* жалмап, кырып, өрттөп келе жатат го?! Эмне кыл дейсиң?! ... « (545). Бул жерде бизге автордун тарыхый жактан алганда, Москва мамлекетинин чет жакаларына

көчүп барып жайланышкан эркин согуштук-дыйкандык уюмдун мүчөсү жана ошол казактардын тукумдары, алардан түзүлгөн согуштук бөлүктүн жоокери *казак* деген сөздү романда *козак* деген фонетикалык өзгөчө формада алгандыгы түшүнүксүз. Балким бул сөздү кыргыз тилиндеги түпчүл жана орус тилинен өздөштүрүлгөн артчыл жарылма каткалаң үнсүз фонемалардын кыргыз алфавитинде бир эле «К» тамгасы менен белгиленишинин натыйжасында бирдей жазылуучу түрк тилинде сүйлөгөн, Казак Республикасынын түпкүлүктүү калкы болгон улуттун өкүлүн билгизген *казак* (казак тилинде kazak, орусча казах) деген сөз менен чаташтырбоо аракети чыгар. Андай болсо, бул аракет – негизсиз аракет. Анткени, биринчиден, ар бир сабаттуу кыргыз окурманы буларды маанисине карай айырмалап окуй алат, экинчиден, кыргыз тилине бул сөз келип кирген башат тил (язык-источник) – орус тилинин бардык сөздүктөрүндө *казак* формасында гана берилген (Караңыз: ОСРЯ 78:146: СРЯ II:13). Орус тилинин этимологиялык сөздүктөрүндө бул сөздүн түрк тилдеринен өздөштүрүлгөндүгү, эстеликтерде XV кылымдардан бери белгилүү экендиги жана түрк тилдеринин *казак* «эркин адам, жигердүү азамат» (вольный человек, удалец) деген сөз менен байланыштуулугу белгиленет (КЭСРЯ:137). Ал эми романда сүрөттөлүп жаткан доорго жакыныраак мезгилге таандык болгон В.В.Радловдун сөздүгүндө бул сөз *казак* (сөздүктө *kasak*) түрүндө бир нече түрк наречиелеринде (тилдеринде), анын ичинде кыргыз тилинде да кезиге тургандыгы белгиленет да, бир сөздүк макаланын ичинде «эркин, көз каранды эмес адам, укмуштуу окуяларды издөөчү, селсаяк, *kasak kiши* кайраттуу, шамдагай киши, машыккан чабандес» деген маанилер менен бирге, жогоруда бизди кызыктырган омограф сөздөр да бир сөздүн ар түрдүү маанилери катары берилген (ОСТН II 1:364). Демек, бул сөздөрдүн ортосунда кандайдыр маанилик байланышты болушу да мүмкүн, ошондуктан буларды, тилдин тарыхына, фонетикалык, семантикалык өзгөрүү закондоруна карабай туруп эле жасалма түрдө ажырымдоонун зарылдыгы жок. Ал эми ушул эле сөздүктүн немисче котормосунда *der Kosak* же украин тилинде *козак* болушу кыргыз тилинде жазылган романда колдонууга негиз боло албайт. Ал тилдердин кыргыз тили менен эч кандай карым-катышы жок. Бул омограф сөздөрдү айырмалоочу кыргыз тилинин өзүнүн небактан бери калыптанып калган «казак» жана «казак орус» деген лексикалык каражаттары бар. Муну автор эске тутканы менен, мында да сөздүн *казак* деген компонентин дагы эле *козак* түрүндө берген. *Орус казак* деген сөз айкашы В.В.Радловдун аталган сөздүгүндө да учурайт (ОСТН III 1,1252-бет: орус казак төрөсү, казачий офицер)

Кокон хандыгынын карамагына кирген элдердин (өзбек, кыргыз, тажик) *сөздүктөрүнүн бардыгында бул маанидe казак түрүндө гана* берилген (ЮКОС:316;УзбРС:197;ТадРС:175). Жыйынтыктап айтканда, тилдик фактыга туура келбеген жана чыгармада стилистикалык атайын жүк көтөрбөгөн айрым жасалма дублеттерге романдын кийинки басылыштарында ондоо киргизүүнү автор ойлонуп көрсө жаман болбос эле.

Автордук баяндоодо *каратель, каратель отряд, каратель аскер* деген сөздөрдүн, сөз тизмектеринин ушундайча колдонулушу да орунсуз. Биринчиден, бул сөз революцияга чейин кыргыз тилинин сөздүк курамына кирип, анын лексикасын байыткан жүздөгөн сөздөрдүн катарында кыргыз тилине сиңген эмес жана азыр да бул сөз, мейли, тарыхый термин катары, мейли, оозеки кепте эч пайдаланылбайт. Ошондуктан кыргыз окурмандарына эне тилинде эч качан болбогон жат сөздү кара күчкө эле сунуш кылуу, бери болгондо, ошол сөздүн маанисин так түшүнүүгө кедергисин тийгизбей койбойт. Экинчиден, революциядан мурда эле эзилген эмгекчи элдин эркиндик үчүн болгон күрөшүн (1916-жылкы кыргыз элинин революциялык улуттук-боштондук көтөрүлүшүн) канга боеп талкалаган падышалык жазалоо аскерлерин ошол кезде эле кыргыздар *жазалоо отряды* деп атагандыгын ошол окуяга өзү аралашып жүрүп, окуянын суук элек изи менен дароо жазган жазгыч акын Ысак Шайбековдун «Азган эл» поэмасындагы:

«*Жазалоо отряды* кол салганда:

Чыдабай Кытай жакка кире качтык»,-

деген ыр саптарынан көрүүгө болот. Жазуучу Т. Касымбеков деле маңызы жактан бири бирине окшош бир түшүнүктү азыркы күндөн сексен жыл ашуун илгери кыргыздар атагандай, шайбековчулап *жазалоо отряды, жазалоочу* деп атаса, жөнөкөйлүгү, окурмандарга түшүнүктүүлүгү, адабий норманын сакталышы жагынан гана эмес, сүрөттөлүп жаткан тарыхый мезгилге хронологиялык жактан дагы бир кыйла жакын болмок. Анын үстүнө XIX кылымдын 73-76-жылдарындагы Түштүк Кыргызстандын эзилген эмгекчилеринин Кокон хандыгынын зордук-зомбулугуна каршы антифеодалдык кыймылы менен 1916-жылкы бүткүл Кыргызстанды кучагына алган элдик көтөрүлүштүн мүнөзү жана максаты да окшош болгон. Ошондуктан ал элдик көтөрүлүштөрдү талкалап баскан жазалоочуларды кыргыз тилинин өз аренасында болгон бирдей сөз менен атоодон тарыхый чындык да, көркөм чындык да залал тартмак эмес, утуш албаса, эч уттурбайт эле.

**в) Жоо жарактарын, курал-жабдыктарды, согуштук кийимдерд коргонуу жана кол салуу каражаттарын, ыктарын атаган историзмде**

Кокондуктардын жоо жарактарынын ичинен басымдуусу кылы менен найза болгон. Ошондуктан романдын тилинде *кылыч, най* деген сөздөр көп жолу колдонулат. Бирок бул сөздөр жеке алган Кокон хандыгынын мезгилин мүнөздөөчү эч кандай деле мааниге боло албайт. Бул куралдарды дүйнөнүн башка элдери сыякт кыргыздар алмустактан бери эле колдонушуп келгендигин жана Кок хандыгынан кийин деле колдонгондугун атайылап далилдөөн кажети да жок. Буга «Манас» баштаган зор эпостон тартып, май макал-ылакаптарга чейинки фольклордук материалдар, кыргыздардын эзелки жашоо-турмушунан элес-булас маалымат берге археологиялык табылгалардан тартып, элге кеңири маалым тарыхы эмгектерге чейин четинен далил боло алат. Бул сөздөр азыркы кыргы тилинин активдүү сөздүк запасынан чыккан сөздөр да эмес. Ал сөздө качан гана *ийри кылыч, чолок кылыч, кандуу кылыч, наркеске кылыч, тыктуу кылыч, дамашки кылыч, куу найза* сыяктуу атрибутта менен бирге айтылган сөз айкаштарында жөнөкөй гана куралды түрлөрүн атаган номинативдик мааниге ээ болбостон, сүрөттөлү жаткан доордун колоритин түзүү үчүн автордун калеминен элестүү сө каражатына айланат. Романдын башталышында эле *ийри кылы* Кокон аскерлеринин символикалык образы катары көрүнөт. Мун 1865-жылкы Ташкент алдында генерал Черняевдин отряды мене Алымкул аталыктын кошунунун беттешкен учурун сүрөттөгө эпизоддон ачык байкоого болот. «Кокондуктар мынчалык кандуу келерин генерал күтпөгөн эле. Бирок жүрөгүнүн өртү өчө элек курагы аксаргыл жүзүнөн кандайдыр бир кооптонуу көрүнбөдү, жеңишинин тагдырына санаркоо болбоду. Кайта, эч капарсыз гана, каралжы саргыл мурутунун алдынан текебер жымыйып тиктеп турду. Бу *ийр кылыччандарды* биринчи жолу көрүп отурабы? Бат атар мылты менен толук куралданган бир жарым миң солдаты, бул жер түгү Европага жүрүш кылууга жарай турган мыкты артиллериясы бар. Эмнеден кооп санамакчы? Кандайдыр бир коркунуч түзүүчү шар азырынча бет алдында жок сыяктуу болуучу» (3). Ал эми чолок кылы деген сөз айкашы жалпы эле Кокон аскерлеринин курал жабдыктарынын, орус армиясынын согуш куралдарын салыштырганда, эч нерсеге арзыбай тургандыгын мүнөздөөчү маани ээ экендигин Кудаяр-хандан Абдрахман абтабачы элетке элчи болу келип, элет элин хандын амирин тутуп, орус аскерлерине каршы ко куроо тууралуу болгон жыйында Бекназар баатырдын хан элчисин

карай айткан сөзүнөн байкоого болот: « - ... мына, тууган, амирин тутар замат ордо бизди Чырнай пашага аттандырат турбайбы. Куп, аттаналы. Ордо Чырнай пашаныкындай түз, алыска атар, бат атар мылтык берсин! Замбирек берсин! *Чолок кылыч* жарабайт! Бул эми түн каткан ууруларга гана курал боло алат болсо! Уктуңузбу, мылтык берсин! Замбирек берсин» (38).

Ошентип, романда *кылыч* жеке эле жоо жарагынын аты эмес, Кокон хандыгынын символикалык образы катары да колдонулат. Ал кылыч бирде эзилген эмгекчи эл үчүн кандуу да, каардуу да, зордук-зомбулуктун, ырайымсыз кан төгүүнүн куралы болсо, бирде ал Россия сыяктуу өзүнөн күчтүү мамлекеттин алдында алсыз да, чолок да. Ошондуктан автор элдин эркиндик үчүн болгон көтөрүлүшү басылып, Кокон хандыгы жоюлуу менен, анын Россиянын карамагына киришин «мүдөөсү элдин мүдөөсүнө төп келбей, элдин колдоосунан такыр ажырап, эски ордо биротоло жыгылды, анын *кандуу кылычы* сынды ...» (551) – деп жыйынтык чыгарат. Демек, коңшулаш өзбек, тажик, казак элдери сыяктуу эле кыргыз элинин турмушунда да өтө азаптуу мезгилдердин бири болгон Кокон хандыгынын кыйрашы менен түштүк кыргыздардын өз тагдырын орус элинин тагдыры менен бирге кошкон зор тарыхый окуяны сүрөттөгөн романдын «Сынган кылыч» аталышы символикалуу да, образдуу да, элестүү да. В.В. Виноградов көркөм кептин маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири катары «Бир сөздүн же бир синтаксистик бирдиктин ичине камтылган образ айрым учурда, адабий чыгарманын көркөм синтези же жалпыланган символу катары чыгуу менен, анын бүтүндөй композициясын аныктап калат»,- деп көрсөтөт (1971:53).

Романда кылыч жалаң эле эзүүнүн, зордук-зомбулуктун куралы катары эмес, элдин калканчы, ар-намыстын, баатырлыктын куралы катары да сүрөттөлөт.

«Кыргын салчу *наркескен*

*Кылычын* ичтен байланды» деп, атактуу «Манаста» айтылуучу *наркескен кылыч* элдик баатыр Бекназардын колунда эрк талашкан элдин жек көргөн душманына шилтенген чыныгы айбаттуу куралы болуп көрүнөт. «Көтөрүлүшчүлөр улам жакындап келе жатты ... Баары кылычты бир суурган, баары бирдей тик көтөрүп, шилтенүүгө даппдаяр, күнгө жалт-жулт этип, баары бирдей кылкылдайт. Эң алдыда, эшик төрдөй алдына куланчаар аргымак элирип, камыш кулагын бир жапырып, бир тикчийтип, тыбырай жортот. Үстүндөгү алпатан баатыр ыргытып кайра тосуп *наркескен кылычын* ойнойт» (422).

Жалпыга түшүнүктүү атрибуттар менен айтылган *ийри кылыч, чолок кылыч, кандуу кылыч, наркескен кылыч* дегендерден башка

романда кыргыз окурмандарына анчалык кеңири түшүнүкт болбогон *тыктуу кылыч, дамашки кылыч* деген сөздөр да учура Бирок *тыктуу кылыч* талданып жаткан чыгармада туташ контекст *эрөөл, эр чабыш* деген сөздөр менен синоним катары берил окурмандардын түшүнүүсүн кыйындатпайт. «Ак кийим кий жарчылар аттарын локулдата желдиришип, туш тарапка *эрөөл* шартын майышкан муңдуу үн менен зоңкулдап ырдашып, жар кылып жүрүштү. –О, калайык, азаматтар намыс үчүн чыгышты алба *тыктуу кылычка*. Атты чапмай, тизеге какмай жок болду. З чабыштын шарты ушул, өлгөнү кунсуз. Жеңген эрге төө баштаган э тогуз байге бар! О, калайык, угуп ал, өлгөнү кунсуз, жеңген эрге ба бар!» (221).

«Кыргыздарда көпчүлүк массалык көңүл ачуулардын, спорт көнүгүүлөрдүн мүнөзү тарыхый жактан дайыма коргонууга жана к салууга даяр турууну талап кылган согуштук, жортуулдук турм шарттары менен, жана ошонун натыйжасында, тайманбастыкты, жүрөктүүлүктү, күчтү жана шамдагайлыкты өөрчүтүү мен байланыштуу болгон» (История:318). Чыгармада *тыктуу кыл* жөнөкөй гана элдик оюндардын же көңүл ачуучу зооктун аты эме согушка ылайыкталган мелдештин түрү катары жа жалтанбастыктын, баатырдыктын, ар-намыстуулуктун, ыкс чеберчиликтин ажырагыс белгиси катары сүрөттөлөт. Ошондукт *тыктуу кылычка* да эл баатыры Бекназар чыгат, тыктуу кылычтан намысын Бекназар алып берет. «Тиги атынан оонап түшкөн киши е көгала сакал болуп жүргөнүнө карабай кемпирди «эне» атап жашып Айланайын, ак эне, өзүң бейне кылган ... Бекназар уулуң *тыкт кылычка* түшүп намыз алды. Кубан, кубана турган күнүң, жан эне! .. деп этегине тооп кылып, ... сүтүндөй таза эне пейлине сыйынды» (22

Кыргыз тилинин сөздүктөрүнөн *тыктуу кылыч* түрүндөгү с айкашын жолуктура албайбыз, бирок мунун биринчи компонентин унгусу *тык* иран тилдеринен киргендиги жана кыргыз тилин найзанын курч учуна байланыштуу түшүнүктү берери белгил (ЮКОС:790;КТТС:635).

Өзбек, тажик тилдеринде бул сөз кыргыз тилине караганда ал канча кеңири мааниде колдонулуп, жалаң эле найзанын өткүр у эмес, *«уч, миз, кылычтын мизи, кылыч, албарс кылыч, болот кыл канжар, устара»* сыяктуу жалпы эле курчтукка, өткүрлүк байланыштуу маанини берет (Узб РС:438; Тад РС:393). Т.Касымбек өзүнүн чыгармасында бул сөздү мына ушул маанисинде түшүнү *тыктуу кылыч* деген сөз айкашын абдан так, өз ордунда пайдаланга Бул кылыч өткөн каардуу заманда бирөөлөр үчүн тамаша, көңүл ача

зоок болсо, биреөлөрдүн башын кесип, өмүрүн кыркты, биреөлөрдүн көз жашын агызып, зар какшатты. «*Тыктуу кылыч!* Тамашаң түш ай! Ыя, *далай эрдин жаздыгы куураган жок беле ушундан, далай жаш кара* чүмкөнүп какшанып калбады беле мындан. Кемпир аландап кетти» (225).

Романда биринчи компоненти боюнча окурмандарга дагы табышмактуурак *дамашки кылыч* деген сөз учурайт. Мисалы: «Насирдин бек белиндеги кара болот *дамашки кылычты* чечти». Кыргыз тилинин сөздүктөрүндө кылычтын атрибуту катары колдонулган мындай сөз катталган эмес. Коңшулаш элдердин тилдерине кайрылууга туура келет. Өзбек тилинде *Дамаск шаары Дамашк* деп аталат (Узб РС:667). Балким, кылычтын бул түрү ушул топонимиялык ат менен байланыштуу чыгар? Ооба, чындыгында эле байыркы мезгилдерде адамдар ушул топонимиялык ат менен байланышкан кылычты пайдаланышкан экен. 1975-жылкы Москва Кремлин археологиялык изилдөө учурунда табылган баалуу табылгалардын ичинде XII кылымдарга тиешелүү кылыч да болгон. Бул табылганы изилдеп текшерген илимпоздор кылычтын кесүүчү бөлүгү байыркы Чыгыштын албарсына окшоштурулуп, оймо-чиймелүү дамаскалык эң мыкты болоттон жасалгандыгын аныкташкан (Меч из XII века. «Поиски и находки» // Правда, 1975, 20 мая, №140 (20744). Мындай кылычты XIX кылымда кокондуктар пайдаланганбы, жокпу, бул жагы бизге белгисиз. Бирок Т.Касымбеков муну да символикалык образ катары туура колдонгон. Дамашки кылыч Насирдин бектен Бекназар баатырдын колуна өтөт.

Эски курал-жарактарды атаган башка историзмдер да чыгармада жөн гана номинативдик функцияны аткарбастан, ошол кездеги согуш аракеттеринин, согуш жүргүзүү каражаттарынын мүнөзүн, жааттардын согуштук күч-кубатын сүрөттөп берүүнүн көркөм сөз каражаты катары колдонулуп, стилистикалык функцияга да ээ болот. Маселен *кара мылтык, куу найза, каскак, шылк этме, чоюн баш, чокмор, үч ача* сыяктуу куралдарды атаган историзмдер ээзүүдөн онтоп, эрк талашып көтөрүлүп чыккан эмгекчи элдин жоо жарактарын, ошол аркылуу алардын согуштук күч-кубатын мүнөздөйт.

Азыркы кыргыз тили үчүн жеке алганда эч кандай эскирген сөздүн катарына кирбей турган *мылтык, замбирек* сыяктуу куралдар да ар түрдүү сыпаттоочу атрибуттар менен бирге келгенде сүрөттөлүп жаткан доордун согуш күчтөрүнүн, согуш аракеттеринин ал-абалын көз алдыга элестеткен көркөм сөз каражатына айланат. Маселен, *милтелүү мылтык, кытайча замбирек* Кокон армиясынын согуш күчүн

мүнөздөсө, *бат атар мылтык, артиллериялык орудиелер, ракета[…] станоктор, ядролор* орус армиясынын курал-жарагын, согуштук к[…] кубатын окурмандарга элестетет. Салыштыр: Кокон аскерлерин[…] согуш аракеттерин сүрөттөгөндө: «Алардан бери, ал жерде үйрүл[…] токтоп калып турган сыпайлардын үстү жагында *милте[…] мылтыктарын* улам түтүндү бурк эттире мергендери бат-бат чыгарууда» (5); «Кармашууга чындап киргендей түр көрсөт[…] *кытайчаларынан* тындырбай ок чыгара баштады. Бирок *кытайчаларын* бирдемеге жарайт деп үмүт кылган жок, *кытайча[…] орус замбиректерине* караганда көсөө эле, антсе да, сарбаз[…] кутургандай дүңкүлдөтүштү, мелжеген жерге жетпей октору ара жол[…] чаңга аралаша тоголонуп калып жатты» (6). Орус армиясынын кура[…] жарагы жөнүндө сөз болгондо: «Тууган! – деди Бекназар кыйкырып[…] ... эртең миңдеп *орус мылтыктын* оозуна тосмокчу беле! Сиз менен б[…] билебиз, *орус мылтык* түз болот, *орус мылтык* алыска тиет, б[…] атылат!» (38); « ...жарымпаша берген жүз *бат атар мылтык* бар, (Абдуллазиз ясаулбашы) ошону медер тутту» (421). «Улам күч[…] *замбиректин, ракет станканын* октору сепилдин ичин мөндүрд[…] сабап, тытып, астын-үстүн түшүрүп жатты» (392); «*Замбирект[…] ракета станкалар* кайрадан атыла баштады, кайрадан шорд[…] сепилдин ичин топон кыла баштады» (393).

«Ал (Черняев) дүрбүнү кайра көзүнө кармады. Ушул кароо[…] орудиесинин кубаттуу *ядрасы* дөбөнү ак чаңга бөлөп, кандай кымку[…] түшүрөрүн, акбоз аргымак кызуу кандуу ээсин көтөрүп, канд[…] ызылдап качып баратканын тамаша кылып тургусу келди» ([…] «Учкаяк аргымактар аралаша тийген *ядрадан* чакчандап элир[…] качып, ... кара селдин сүрдөнүндө үркүп чуркап келатты» (8).

Романда бир-эки жерде эски согуш кийимдерин атаган *зоо[…] туулга* деген историзмдер колдонулат. Мисалы: «Куралканасы[…] киргенде, шыгырап тизилип турган мылтыктарды, сабы күмүштөлг[…] кылычтарды, шалдыраган көк темир *зооторду* бир сый[…] кыдырышты» (123). «Абдуллазиз ясаулбашы тагдырына сыйынды: к[…] чалма менен башын оротуп, үстүнө кара темир *туулга* кийип, ка[…] куштун канатынан кылынган ясаулбашылык жарлыгын оңдонуп, б[…] кубарып, бир шерденип, дем тартпай карап турду» (422). Мында[…] башка согуш кийимдери жөнүндө романда сөз болбойт. Бир[…] ушунчалык көп согуштук сценалар сүрөттөлгөн тарыхый көрк[…] чыгармада мындан учурдун реалдуу элеси залал тартпайт. Айры[…] учурда муну деталдаштырып отурбастан, «жоо кийимчен» дег[…] жалпылаштыруу менен гана чектелет. Мисалы: «Кудаяр-хан бурул[…] карап, алдында таазим кылып турган экинчи уулу Мухаммед-ам[…]

бекти көрдү. Жаш жигит шыңга бойлуу, келбеттүү. *Жоо кийимчен»* (364).

Сүрөттөлгөн мезгилге жараша согуштук тараптардын урунган курал-жарактарына байланыштуу историзмдерди тандоодо жана аларды чыгарманын денесине сиңирүүдө «Сынган кылычтын» автору Т.Касымбеков, согуштук лексиканын башка топторун пайдалангандай эле, бир кыйла чеберчиликти көрсөткөн. Бир жагынан, романда сүрөттөлгөн мезгилде да, азыркы кыргыз тилинде да толук бирдей түшүнүктүү *кылыч, найза, мылтык, тапанча, замбирек* сыяктуу курал-жарактардын аттарын колдонуу менен жалпы окурмандарга чыгарманы оңой кабыл алуу жагын камсыз кылса, экинчи жактан, ал куралдардын аттарын *ийри кылыч, чолок кылыч, тыктуу кылыч, куу найза, милтелүү мылтык, кара мылтык, орус мылтык, бат атар мылтык, бир атар тапанча, бир атар орус тапанча* сыяктуу атрибуттар менен бирге ал куралдардын учурга ылайык мүнөзүн ачат. Ал эми *шылк этме, чоюн баш, булдурсун, каскак, үч ача, ок чонтой* сыяктуу эзелден колдонулган эски жоо-жарактарынын аттары «Манас» баштаган эпикалык баатырдык эпосторго, башка элдик оозеки чыгармаларга өзгөчө бай кыргыздар үчүн түшүнүү кыйынчылык туудурбайт, анын үстүнө алар романда бар болгону бир-эки ирет гана, башка жоо-жарактарынын катарында, түшүнүктүү контекстте берилет.

Роман эски жоо-жарактардын, курал-жабдыктардын аттарын колдонууда айрым мүчүлүштөрдөн да куру эмес. Булар көбүнчө орус армиясынын курал-жарактарынын же кокондуктар колдонгон орустун эски үлгүдөгү куралдарынын аталыштарында байкалат. Биринчиден, алардын аталыштарында бирдейлик жок. Мисалы, орус тилиндеги *ракетный станок* (артиллериялык курал) автордук баяндоодо эле бир жерде *ракет станка* (392) деп берилсе, башка учурларда *ракета станка* (393, 485, 486) деп колдонулат. Мында *ракета* (снаряд) деген сөздүн биринчи учурда *ракет* түрүндө берилиши тилдик эч законго негизделген эмес. Кокондуктар колдонгон орустун эски үлгүдөгү атуу куралы *пистоль* да романда уңгу түрүндө турганда эле бирде орус тилиндегидей *пистоль* (403) болуп туура берилсе, экинчи жерде *пистол* (517) деп себепсиз жумшартуу белгиси түшүрүлөт, анын аныктагыч компоненти да бир жерде *бир атар* (320), экинчи жерде *бир атма* (430, 452, 454, 455) болуп аралашып кете берет. Экинчиден, орус тилинде жекелик санда *станок, ядро* түрүндө айтылуучу сөздөр кыргыз тилинде берилгенде орус тилиндеги көптүк санда *станка, ядра* түрүндө алынышына да эч кандай себеп жок, эч стилистикалык максатты көздөбөйт. Муну жөн гана башка тилден сөздөрдү кабыл алууда ал

тилдеги фономорфологиялык закондорду анчейин этибарга албоо натыйжасы катары баалоого болот.

Романда *кынырак* деген сөздүн жоо жарагынын аты кат колдонулушу да ишенимсиз. Ал сөз чыгармада үч ирет жолугат: би эр Эшимдин (292), экинчисинде Исхактын (403), үчүнчүсү Курманжан датка айымдын белинде илинген жоо жарагы кат берилет. Мисалы: «Көп өтпөй бүткүл элетке сөзү өтүмдүү Курман датка айым Ошко келип, генерал Скобелев менен жолугушту. ... ур токтогондун белгиси кылып, белиндеги алтын саптуу кичине *кынырakты* чечип берди» (551). Кыргыз тилинин сөздүктөрү түшүндүрүүсү боюнча *кынырак* (*же кынарак*) «көбүнчө кийиз ке үчүн колдонулуучу олдоксон жасалган эки миздүү бычак; мо бычак» (КТТС:400). Бул сөздүн ушундай гана мааниде колдон тургандыгын иллюстрация катары сөздүктө акад. К.К. Юда келтирген «Ынырчакта сыр жок, *кынаракта* кын жок» (ЮКОС:4 деген элдик макал да ачык далилдейт.

3) **Динге байланыштуу историзмдер.** «Сынган кылыч» романы тарыхый стилизациялоонун каражаты катары тилдик лексика кызмат кылат. Чыгармада сүрөттөлүп жаткан мезги Кыргызстандын Кокон хандыгынын карамагына кириши ме кыргыздар арасында ислам дининин таралышы күч алат. Себе ислам дини хандын амириндеги букараны кыңк эттирбей баш ийди кармап туруунун кубаттуу куралы катары эсептелген. Ошондук романда бүгүнкү күндөгү окурмандарга түшүнүктүү *дин, ку пайгамбар, куран, шарият, мечит, намаз, имам, кожо, молдо, со азанчы, календер, мусулман, кайридин, каапыр, бейдаарат, бейна бейиш, тозок, шейит, шайтан, периште, жаназа, ыман, даарат, ке зыярат, зикир, айт, курбандык, селде, жайнамаз* сыяктуу көп санда диндик лексика менен катар окурмандардын кеңири массасы анчалык түшүнүктүү болбогон, ошол эле ислам динине тиеше *Шайх-уль-Ислам, Калам-и-Шариф, риваят, сежде, улама, мюр газават, гази* деген жана мусулман дининен башка динде байланыштуу түшүнүктөрдү атаган *испарас, буддапарас, будка буркан, чүрчүт* деген сыяктуу историзм сөздөр колдонулган. Мисал «Насирдинге Абдрахман өз колу менен таажы кийгизип, өзү *шайх-у исламдан* бата алып, казыйдан минбашылык даражага жол ач жатты» (373). «- Жалган айтсам *Калам-и-Шариф* урсун – де бышактап көзүнө жаш кылгырды» (90). «Исхак кыраатын келтир узун *сүрөгө* түшүп муңканып окуду» (312). «Ал *сеждеге* баш кой (115). «Өз атасы чала *улама* Асандын кыжылдаганына көңүлү чө

отурган чагында келип, колтуктан сүйөгөндөй кубат болду» (472); «Жакында өзү *шейх-уль-ислам* деп мартабасын көтөрүп, колун берип *мюриди* болгон кожо» (104). «*Газават* көтөрүп, орус менен алака кылуудан баш тартыш Абдрахмандын каталыгы дебеди беле?» (478); «Маргалан эли жолуна бойро төшөп, улуу урмат көрсөтүп, «Көп жаша, *гази!*» деп дуулдап тосту» (489). «*Буддапарастардын* табынган үйүн, *испарастардын* сыйынган үйүн, мусулмандардын *мечитин* жанаша салдырган» (473). «-...э, мусулмандар, качан *будкана* менен ыйык *мечит* жанаша болучу эле?!» (474). «Эмне болуп кетти бу *чүрчүттөргө*: ...» деп, өзүнчө күңкүлдөп Насирдин аларды аргасыз ээрчиди» (507).

Бирок XIX кылымда кыргыздардын диндик ишеними ислам менен эле чектелген эмес. Кыргыз калкынын басымдуу көпчүлүгү мусулманчылыкка өтө ынтаа коюшпаган, кыргыздар арасында диндик фанатизм жок болгон. Исламдын догмаларын аз билишкен, диндик ырым-жырымдарды бардыгы эле кунт коюп аткарышкан эмес. Романдын өзүндө да Кокондун билерманы аталык Нүзүптүн исламга карата мамилеси тууралуу «Ал намаз билчү. Бирок адаты болуп кетпегениненби, көп кунт кылчу эмес. Ошол кунт кылбагандыгы кандайдыр бир күнө сыяктуу сезилип эч качан анын жүрөгүн өйүчү да эмес» (114) деп баяндалат. Исламды кыргыздар үстүртөн гана өздөштүргөндүктөн, аларда байыркы диндик ишенимдердин калдыктары да көп сакталган, алардын ичинде ата-бабанын арбагына, *теңирге* сыйынуу сыяктуу шаманизмдин, бутпарастыктын элементтери чоң орун ээлеген (Бул тууралу караңыз: Жамгерчинов Б.: 78-80; История:316-318). Ошондуктан романда элеттик кыргыздар алланын атын атап, кудайга тобо келтирүү менен бирге эле, «- ...о, *көкө теңир*, атасынын топурагы муздасачы ... кемпирдин арык эки ийни солкулдап ыйлады. –О, *көкө теңир*, көңүлүм түтпөй атасынын башына куран окуп келейин деп бейитине кетсем, о, *көкө теңир*, каралуу келинге ээ кылбай алып баса бериптиптир ...» (58-59) деп, асманга (көккө) жалынышат. Иши оңунан чыккан, бактылуу болгон учурду *Хызыр колдоду* деп ишенишкен. Мисалы: «- Иш оңунда, колбашчы ... *Кожо Хызыр* жылооңузда экен ... Жолуңуз ачык, эртең Ибрагим Хайал Коконду сизге таштап, чыгып кетмей болду! ... деди куттук айткансып кубанычтуу» (82); «Эки зайып элтейишип, «*Кызыр* жолугат дечү эле го, ошол *кызыр* өзүбү? ...» дешип, же кубанарды, же коркконду билишпей отуруп калышты» (471). Өлгөндүн *арбагы* болот деп ишенишип, аларды абдан сыйлашкан. Мисалы: «...аларды шейиттин арбагына атады, ушул шордуу *арбакка* кудайым тиги дүйнөдө ырайым кыла көр деп, көзүн сүзүп тилек кылды» (65). Кыргыздарда өлгөн адамдын сырт

кийими менен баш кийимин жыгач баканга кийгизип, күйөөсүн сөлөкөтүн жасап, *тул* тигүү да ата-бабанын арбагына сыйынуу мен байланышкан салт болгон. Мисалы: «Үйдө *тулдун* түбүндө Айза жамачы жамап отурган болучу» (172). Көптөгөн магиялык аракетт ырым-жырымдар менен байланышкан *мазарга сыйынуу, жер-суу та курмандык чалып, түлөө кылуу* сыяктуу эски диндик ишеним жөнүндө да «Сынган кылычта» сөз болот. Мисалы: «Бул бейит *ма* болсун. Ыйык жер болсун биз үчүн ... -деди акырын» (31 «Пайгамбардын көк туусу калган ыйык жер деп аталган Сефит-Бул *мазарына* ак төө союп, тайып, өңкөй бектер сыйынып жатышат» (35 «Өз жамагатына өлбөгөндөй баркы бар Султанмаамыт алдын кудайга атап *аксарбашыл* чалып, түлөө өткөрдү» (305).

Диндик лексика Т. Касымбековдун бул романында тек га номинативдик функцияда колдонулуп, тарыхый стилдештирүүн каражаты болбостон, дин өкүлдөрүнүн жана башка персонаждард кеп өзгөчөлүгүн түзүү менен, социалдык стилизациялоонун каражат катары да колдонулат. Маселен, самаркандык Ахрар кожонун таасир менен «өзүнүн хан тукумунан экенинен, ата мурасынан түңүлүп, са болуп, түн терметип, уктабай кылжыңдап зикир чалып, бирото дувана болуп кеткен» Кокондун биринчи ханы Алымдын небере Болот бектин, Исхактын атасы молдо Асандын, ташкендик кура Абдымомун бектин кебинде диндик лексика туташ учурагандыгы байкайбыз. Мисалы: «Дувана мукактанып, колу титиреп, ү калтырап: -менинби? ...*Кудайга шүгүр* ... атым Болотдур ...*альхам алла, мусулманмын, бир кудайдын пендесимин, Мухамма пайгамбардын үмөтүмүн* ... -деп, үзүп-үзүп жооп кылды» (379) «Абышка нестейип, оозун кымтый албай, «Ой, бу балам акылын ажыраганбы? *Астапурулла! Кудайды экөө деген мусулман эмес. Му мусулман айтса, шарт динден чыгат.* Бул эмне деп отурат:» де жалдырап отуруп калды» (456); «Жалгыз Абдымомун бек о кыбыраткан жок. «*Ие, кудай, өзүң сакта!... Жандуунун да, жансызд да сүрөтүн түшүрүү чоң күнөө* эмес беле? *Калам-и-Шарифден кабар бар мусулман ушу будпарастын* ишин кылганы кандай, *о бир кудай!*» деп оюна коркунуч кирди» (412).

Романда диндик лексика какшык, сарказм үчүн да колдонула Маселен, элдин өкүлдөрү - Теңирберди, Бекназарлардын кебин «*бейиш*» деген сөз Кудаяр-хандын элге көрсөткөн адам чыдаг зордук-зомбулугун ашкерелөө үчүн какшык катары айтылат. «Куда Кудаяр болуп жүрүп, айткылачы, не *бейиш* көрсөттү эле элге» (Теңирберди, 35). «Баягы кыпчактарга көрсөткөн *бейишидир!*» (эл, 3 «Хазрети жакшы *бейиш* камдап жаткан экен букараларын

(Бекназар, 38). Ал эми орустун туткун унтер-офицери Данилди мусулман динине кирбейсиң деп, аттырып өлтүргөн Абдымомун бекке карай диндик сөздөр элдик көтөрүлүштүн башчысы Исхактын оозунан ок болуп атылып, чок болуп куйкалайт: « – Бир *капырды мусулман* кылса, өзү гана эмес, жети атасына сооп, ага *дозок оту арам, таңгы машур кезинде пайгамбардын шапаатын* токтоосуз алат. Жакшы эле аракет кылган экенсиз. Кызыталак *капыр* Данил өлүп кете бердиби? Аттиң, өмүрүнчө элдин акысын жеп, *дозокко* кеткен жети атаңызды саал жерден *бейишке* тартып чыгарып кое албай калыпсыз да, бек?!»

4) **Турмуш-тиричиликке байланыштуу историзмдер.** «Сынган кылыч» романынын негизги каарманы - жалпы эл массасы. Мында элдин турмушу - кайгысы менен кубанычы, күчтүүлүгү менен алсыздыгы, үрп-адаты менен каада-салты, жашоо-тиричилиги менен көңүл ачуу, оюн-зооктору кеңири сүрөттөлөт. Демек, ушуларды элестетип көрсөтүп, окурмандын сезимине конорлук кылып жеткирүү үчүн автордун турмуш-тиричилик лексикасына кайрылуусу мыйзамдуу көрүнүш. Турмуш-тиричиликке байланыштуу лексика өз ичине өтө кеңири түшүнүктү камтыйт. Ага жашоо-тиричиликке, чарбачылыкка керектелүүчү буюм-тайымдардын, кийим-кечектердин, үй жасалгаларынын, тамак-аштын, ичимдиктердин, кездемелердин, музыкалык аспаптардын, казына байлыктарынын, акча бирдиктеринин, ар кандай чендердин жана башка толуп жаткан нерселердин, көрүнүштөрдүн аттары кирет. Чыгарманын сюжети тарыхый романдын авторуна лексиканын бул катмарын өтө кеңири пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет. Анткени тарыхый роман жанрынын спецификалык мүнөзү типтүү тарыхый кырдаалды, доордун өзгөчө колоритин түзүүнү талап кылат. Бирок Т. Касымбеков бул чыгармасында тарыхый экзотикага, турмуш-тиричиликти натуралисттик менен сүрөттөп отурууга берилип кетпейт. Ал тарыхый турмуштун типтүү кырдаалдарын жалпы колдонулуучу лексиканын жардамы менен өтө чебер сүрөттөөгө жетишкен. Романдагы турмуштук лексиканын негизин адамдын жашоосундагы эң зарыл нерселерди атаган жана тилдин лексикалык системасында узакка жашаган туруктуу сөздөр түзөт. Буга тамак-аштын, кийим-кечектин, турак-жайдын, тууган-туушкандык мамилелердин, эмгек процесстердин жана дагы ушул сыяктуулардын аттары кирет.

Ошону менен бирге Т. Касымбеков конкреттүү доордогу элдин турмуш-тиричилигин сүрөттөө үчүн кылдаттык менен тандап алынган анчалык көп эмес сандагы төмөнкүдөй историзмдерди пайдаланат:

а) кийим-кечектин жана алар тигилген кездемелердин аттары: *манат, быязы, быязы чепкен, бенарес, паттайи кепич* ж.б. «*Кызыл манат* тышталган төбөсү бийик кундуз бөрк кийген» (373). «Унчукпа... тоолуктардын кымбат саналган ак төөнүн жүнүнөн жасалган *быязы чепкенин* апкелдирип казыйдын ийнине салдырды» (87). «Нүз... *бенарестин* кызыл кымкабын кийген» (54). «Макмал топучан узун эт... кымбат желбегей, апкыты жапыс кызыл булгаары *кепич паттайи*» (359). Ушулар менен бирге романда сырт кийимдин аты катары *камзол* деген сөз көп ирет колдонулат. Мисалы: « ... тик жака кызыл манат *камзол* кийип, белине чымкый көк ботокур оронгон» (403); « ... дагы коюп койгон ак быязы *камзолду* Бекназардын ийнине жапты» (554) ж.б. Бул сөз *кемсел, кемсал* түрүндө бүгүнкү күндө да кыргыз тилинде учурайт. Бирок, биздин пикирибизче, бул сөздүн романда колдонулушун орунсуз деп эсептейбиз. Анткени *камзол* кыргыз тилине орус тилинен кирген (ЮКОС:372; КӨС:149). Орус тили бул сөздү 1... кылымдын башында немец тилинен кабыл алган. Ал өз кезегинде итальян тилинен алынып, түпкү чыгышы боюнча латын тили менен байланыштуу экендигин орус тилинин этимологиялык сөздүктөрү далилдейт (КЭСРЯ:139). Демек, чыгармада сүрөттөлүп жаткан түштүк кыргыздардын али Россиянын составына кошула элек кезинде жергиликтүү элдин арасында европалык (же орусча) формада тигилген кийимдин жана аны атаган сөздүн ушунчалык кеңири таралышы күмөн туудурат. Ошондуктан бул сөздүн «Сынган кылычта» колдонулушун өз мезгилине ылайыксыз пайдаланылган анахронизм катары баалайбыз.

б) Кыргыздар өткөн мезгилдерде колдонгон музыкалык аспаптардан *дабыл, кернай, сурнай* сыяктуулар. Мисалы: «*Кернайлардын, дабылдардын* тынымсыз дүңгүрөшү, кан көксөгөн салтанаттын муздак сүрү жүрөк үшүттү» (56); «Күлкү, тамаша менен турган бейпил элди тиги *сурнай* сестентип жиберди» (220). Азыр элдин эсинен чыгып калган бул аспаптар кыргыздардын жоокерчилик заманында көбүнчө жортуулга аттанганда, душман менен кармашканда баатырлардын күчүнө күч, кубатына кубат кошуу... жоонун үшүн алгандыгы элдик оозеки чыгармаларда таамай... сүрөттөлөт. Романдагы *дабыл* «Манаста» *добул, доол, добулбас, доолбас* деген сыяктуу бир нече фонетикалык вариантта кездешет.

в) Турмуштук лексиканын катарына эски убакта ойнолгон *кыз оюн, ак чөлмөк, топу бекитмей, чек эчки* сыяктуу улуттук оюндардын аттарын кошууга болот. Мисалы: «*Кыз оюн* деген, *кыз оюн* да. Кыздар күйөөнү алкап, көңүл ырларын, наз ырларын сызылтып, *кыз оюн* гүлдөп, күүлдөп жатты» (189). «-Жеңе, сен *ак чөлмөктү* жакшы көр...

турбайсыңбы, мен *топу бекитмейди* жактырам көбүнчө, - деди Эшим аны сары зил ойдон тартмакка» (255); «Айылдын ортосунда бир топ балдар *чек эчки* ойноп жүрүшкөн» (171).

г) Элдин аза күтүү үрп-адатына байланышкан *көк көйнөк, кара такыя* сыяктуу этнографиялык мүнөздөгү историзмдерди да турмуштук лексикага киргизебиз. Мисалы: «Куу таалайынан, *кара такыя, көк көйнөк* таалайынан качып, ... чымыркаңып качып баратты» (297).

д) Эски өлчөмдөгү акча жана башка чен бирдиктерин көрсөткөн *бир мири, тилла теңге* жана *теше* сыяктуу историзмдер да турмуштук лексиканын катарына кирет. Мисалы: «Дос таап кетет деп, колуна *бир мири* алтын теңге карматпайт» (120); «*Тилле теңгелерге* алардын сүрөтүн, ысмын чийдирип, а тилле теңгелерди өзү жумшаган» (86); «Жүз *теше* жерге төрт чарчы кылып тиктирген» (359).

Жогорудагы мисалдардан көрүнгөндөй, өткөн замандын ойку-кайкы турмушун чоң чеберчилик менен сүрөттөй алган Т.Касымбековдун бул романында азыркы окурмандарга таптакыр түшүнүксүз сөздөр жок дээрлик. Анткени автор өткөн турмушту сүрөттөө үчүн сөздөрдү өтө кылдаттык менен иргеп алган, тарыхый экзотиканын артынан кууган эмес. «Тарыхый экзотиканын, башкача айтканда, эмне болсо да азыркыга окшобогондордун артынан кууган жазуучулар тарыхый окуялардын маанисин түшүнүүнү кыйындатып, өткөн менен азыркынын ортосуна өзү үчүн капыстан эле жолто түзүп алат» (Щербина В.Р., 1950:141).

Т. Касымбеков «Сынган кылычта» сүрөттөлүп жаткан доордун турмуштук деталдарын өтө эле тыкаттык менен тактап берүүгө аракет кылган эмес. Бул романдын тилинде ачык байкалат. Романдын сөздүгүндө колдонуудан чыккан нерселердин, буюмдардын атын атаган сөздөр өтө эле аз.

Эски буюмдарды атаган сөздөрдү колдонуу принциби хан казнасын сүрөттөгөн учурда дагы даанараак ачылат. Хан казынасы буга Мусулманкулдун Алмамбетти ээрчитип киришине байланыштуу сүрөттөлөт.

Бул жерде сөз турмуштук реалдуу кырдаал жөнүндө болбостон, хан казынасында сакталып турган дүнүйө-мүлк жөнүндө болот. Демек, Т.Касымбековдун хан казынасындагы асыл таштарды, дүнүйө-мүлктөрдү, курал-жарактарды майда-баратына чейин сүрөттөп, көптөгөн археологиялык маанидеги деталдарды пайдалануу мүмкүнчүлүгү бар эле. Бирок бул жерде да азыркы тилибизде активдүү колдонулбаган *жамбы, бермет, каухар, буркан, зоот, фарсы килем, букары килем, кашкары чапан* деген сыяктуу бир аз гана сөздөр менен

чектелген. Мисалы: «Хан казынасы, кызыл алтын, ак күмүш ... башындай, кол башындай туптунук уюткан *жамбылар*. Тигил жерд чети Хиндустандын көк деңизинин түбүнөн гана табылчу түсү миң б эки ак *берметтер*, ак булуттарды жиреп учуп жүргөн кууларды жемсөөсүнөн табылчу түркүн шурулар. Жылдыз болуп күлүндөп, ш болуп үлбүрөп, кээде чакмактын отундай жалтырап күйгөн *каух* таштар ...» (123) ж.б.

Чыгарманын мазмуну жагынан алганда турмуштук эскирг сөздөрдү романда болгонго караганда алда канча көп колдону мүмкүнчүлүгүнө карабастан, аз гана санда колдонулушун автордун идеялык оюн жүзөгө ашыруудагы художниктик манерасы мене байланыштуу кароо керек. Т. Касымбеков сүрөттөлүп жаткан доорду турмуштук деталдарын толук чагылтып берүүгө аракеттенбеге артыкбаш деталдаштыруудан качкан. М.Горькийдин сөзү мене айтканда: «Адабиятта артыкбаш кооздоо (орнаментика) жана деталдаштыруу сөзсүз фактылардын жана образдардын маанисин караңгылатууга алып барат» (Горький М., 1953:523).

Тарыхый замандын элесин берген көркөм чыгармадагы артыкба деталдаштыруу жана кооздоо романдын тилинин эскирген сөздөрг жык толуп, ошонун натыйжасында аны түшүнүүнү кыйындатма Албетте, бул өз кезегинде романдын тилинин автордун оюн жана образдарды берүү үчүн ишенимдүү каражат катары кызмат кылуусуна салакасын тийгизбей койбойт эле.

Турмуш-тиричиликке байланыштуу эскирген сөздөрдү анчалы көп эмес санда тандап алууну жөн гана кокустук катары эсептөөг болбойт. Бул жерде бардыгы чыгарманын идеялык максатын багындырылган. «Сынган кылыч» романында негизги идеялык о Кокон хандыгынын мезгилиндеги кыргыз элинин социалдык экономикалык абалын көркөм сүрөттөп берүү аркылуу Түшт Кыргызстандын Россиянын карамагына киришинин тарыхы себептерин, шарттарын ачып көрсөтүү болуп эсептелет. Ошондукта автор романда «тарыхый экзотиканын артынан куубастан» колдонуудан чыгып калган нерселерди атаган сөздөр мене чыгарманын тилин оордотпой туруп, жогоруда айтылгандай, сүрөттөлүп жаткан доордогу коомдун социалдык-экономикалы структурасы менен байланыштуу эскирген сөздөрдү кенир пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзгөн.

II. **Фразеологиялык историзмдер.** Фразеологиялык историзмде да лексикалык историзмдер сыяктуу эле көркөм сүрөттөөнү каражаты катары адабий чыгармаларда колдонулат. «Сынга

кылычта» коомдук-саясий турмушка, диний ишенимдерге жана элдин өткөндөгү үрп-адатына, ырым-жырымдарына байланыштуу тарыхый доордун элесин берген бир нече фразеологиялык түрмөктөр жолугат. Атап айтканда:

1) Коомдук-саясий турмушка байланыштуу *хан көтөр-, ыкрар кыл-, амирин тут-, дамамат түш-, эрез талаш-* сыяктуу фразеологизмдер: «Өзүбүз ак тилек кылып, *хан көтөрүп* отурсак ...» (63); «Кудаярхан *амирин тутушту* сураптыр» (33); «-О, падишах, биздин душманыбыздын башына *дамамат түшүп* турар зулпукарыбыз ...» (150); «Баланын хан атына далдаланып, баланы бетине кармап, мени менен *эрез талашкысы* келип жүргөн кишилер да бар эле» (119).

2) Диндик түшүнүктөргө байланыштуу *тиги дүйнө, дозок оту, азиреилдин канаты, периште айда-, кудай жалга-, бейишке чык-, келме айт-, келме келтир-, бата тарт-, бата кыл-, бата бер-, куран оку-, куран түшүр-, зикир чал-, тооп кыл-, таазим кыл-* деген фразеологизмдер:

« ... шарияттын эрежесин чийткеген пенде ... *тиги дүйнөдө* кудайдын дозогуна күйөт» (153); « ... ага *дозок оту* арам» (446); «*Кудай жалгап*, кайсы *периште айдап*, ... ордонун тиреги мында келип турганын билсек болор бекен?» (36); «*Бейишке чыкпаса*, кызыталак, жети атасы көрүндө өкүрүп жата турбайбы» (455); «Каландер мунканып *келме айта* баштады» (462); «*Келме келтирип*, кудайдан тынччылык тиледи» (341); « ... *Омийин, аллау акбар!* – деп бата тартып жиберди» (73); «Теңирберди мунканып созуп, узун сүрө *куран түшүрдү*» (352); « ... уктабай кылжыңдап *зикир чалып*, биротоло дувана болуп кеткен болучу» (324); «Йа, алла! Йа, алла!» деп, башын силкип, калчылдап, шилекейи чачырап *зикир салып* кирди» (325); «Нүзүп тирмийген тик көздөрүн сүзүп, ийилип, Ажыбай датканын колун кош колдоп кармап, акырын *тооп кылды*» (53).

«Сынган кылычта» фразеологиялык историзмдерге бир кыйла жакын болгон ар кандай ритуалдык учурларда – жакшылык тилөөдө, алкоодо, ыраазылык билдирүүдө, бата берүүдө, нике кыюуда, кайрат айтууда, бирөөгө кайрылууда, каргап-шилөөдө жана башка кырдаалдарда айтылуучу, бүтүндөй сүйлөмдөрдөн, сөз тизмектеринен, сөз топторунан туруп, кептин туруктуу элементтерине айланып кеткен: «*Омин ... Бак карасын, Кызыр дарысын. Кем болбо» (198); «Жигит пири Шаймардан колдо» (220); «Жолуң ачылсын! Кожо Хызыр жылоондо болсун» (57); «Аталардын арбагы колдосун ... Шералини силерге тапшырдым, силерди ыйманыңарга тапшырдым» (53); «Аллау акбар! Бир кудайдын жолуна! Султандардын жолуна ... Чилтендердин жолуна», «Салават! Өч түгөндү. Кек бүттү. Салават» (148), «Пашалык эркиңиз», «Дениңди багыштадыңбы?*» (301) деген сыяктуу тилдик

формулалар да тилди тарыхый стилдештирүүдө таасирдүү кара
катары колдонулган.

Т. Касымбеков «Сынган кылычта» *«-Назары атчан сакта ... салгандын көзүнө көр топурак тыгылсын ... Тилдүүнүн т кыркылсын ... Ата арбагы колдосун, жигит пири жылоондон кетпе ... Элиңе аттай арка, тоодой медер боло жүр, айланайын»* де сыяктуу эм-домдо айтылуучу, *«Алда нече күн болду, алда нече болду, сенде жазык жок, менде азык жок, курсак жоо мага да кыл сага да кылды»* (187) деген сыяктуу бата кылганда айтылуучу тил даяр формуланы да «Бул эски бата болучу. Улам кийинкилер соердо оозангандай «кудай жолуна» атоо эмес, эч күнөөсүз өлү кыйылып турган макулук менен акыркы сүйлөшүү, андан кечир тилегендей бир ниет эле» деген автордук түшүндүрүү мен коштолгон.

Мындай муундан муунга өтүп, элдин элегинен себеленип чык даяр туюнтмаларды көркөм чыгармаларда билгичтик мен пайдалана билүүнүн зарылдыгы жөнүндө айтып келип, Жээнб Мукамбаев: «Сынган кылычта» элдик не бир сөздөр тулку-тулку бузулбай учурайт. Автор ошолорду абдан этияттык менен м толгоолордон өткөрүп, өйүз-бүйүзгө серпип көрүп - өз орду мен колдонгон» - (1972) деп, Т.Касымбековдун сөз маданиятын жогорулугун, көркөм сөзгө устаттыгын өтө ыраазы болуу мен белгилеген.

Өткөн доордун тилдик өзгөчөлүгүн элестетүү үчү өкүмдарлардын айрым жан-жөөкөрлөрүнүн, вельмождордун кеб аркылуу Т.Касымбеков эски чыгыш адабиятына мүнөздүү өтө ык кооздолгон (витиеватый), шаан-шөкөттүү салыштырууларга толг кайрылууларды да ишенимдүү имитациялаган. Мисалы: *«Бухара-Шарифтин бекайбат амираны сейид Насрулла – батыр-хандан куун жаткан Фаргана журтунун сиздей бактияр эгесине, хазрати Ам Темир Көрөгөндүн сиздей анык тукумуна күндөн нурлуу, күнд жылуу, ыйык дуба-и-салам апкелдим»* (элчи Абу-Сатар калпан кебинде, 92); *«О, биздин дидары айдан тунук, күндөн жылуу атабы* (Шады ынактын кебинде, 105); « *–Улук төрөлөр, адам атан ыкыбалдуу балдары, кызыр жылоологон пенделер* ... деп мунакана үн салды Абил, *-менде, менин элимде азирети ак пашага, урматы улу жарымпашага, бир кудайым жолун ачып бизге келип турган төрө жаман ниет, арам ой жок»* (560) ж.б.

Мындай чыгыш адабиятына мүнөздүү ыксыз кооз салыштыруулардан турган сүйлөмдөрдү **синтаксистик историзмдер** деп атоо туура болор эле.

III. **Историзм-макалдар**. «Сынган кылыч» романында өткөн доордун мүнөзүн, элдин духун, тил өзгөчөлүгүн реалдуу сүрөттөө үчүн элдик оозеки чыгармалар авторго баа жеткис бай, укмуштуудай көркөм материалдарды берген. Ошондуктан романда, мейли, автордук баяндоодо болсун, мейли, персонаждардын кеби болсун, элдик тил менен камыр-жумур болуп аралашып, элдин тилинин духу ар кандай эле окурманга даана сезилип турат. Муну биз элпек айтылган элдик санжыралардан да, эл тарыхынын элесин берген уламыштардан да, не бир көркөм мезел сөздөрдөн да, кыт куйгандай салмактуу афоризмдерден да сезе алабыз. Романда эскирген жеке лексемалардан, фразеологиялык айкалыштардан, калыптанган тилдик формулалардан тышкары өткөн замандын келбетин мүнөздөй ала турган элдик акылмандуулуктун, элдик салттын көрсөткүчү - макалдар, ылакаптар да зор чеберчилик менен пайдаланылган. Мисалы: «*Пашаң капыр болсо да, амирин тут, аксактын акырын күт*» (562); «*Атасыз уул, ажоосуз кул болмокпу*» (544); «*Кудайдын эркинен тышкары; кырк жылы кыямат жүрсө да, кумурсканын бели сынбайт*» (276); «*Кырк жылы кыямат жүрсө, бейажал чымын өлбөйт*» (38); «*Өйдө тартсаң өгүз өлөт, ылдый тартсаң араба сынат*» (269); «*Какайганга какайгын, машайыктын уулу эмес, эңкейгенге эңкейгин, атаңдан калган кул эмес*» (34); «*Эңкейгенге эңкейгин, чекең жерге тийгиче, какайганга какайгын төбөң көккө тийгенче*» (240); «*Уурусу күчтүү болсо, ээсин баса калат*» (229); «*Бийди кул десе, күлкүсү келет, кулду кул десе, өлгүсү келет*» (201); «*Баатыр мактанса бир октук, бай мактанса бир журттук*» (165); «*Сынбасты уста жаратпаптыр, өлбөстү кудай жаратпаптыр*» (144); «*Ишенген кожом сен болсоң, калдайган селдеңди урайын*» (128); «*Күн көзүн көргөн суукка тоңбойт, хан көзүн көргөн арам өлбөйт*» (63); «*Өз агасын агалай албаган, жаттын улагасын сагалайт*» деген историзм-макалдар бирде автордук баяндоодо, бирде персонаждардын кебинде колдонулуп, чыгарманын тилине элдик оозеки тилдин ажарлуу мүнөзүн берет. Макал, ылакаптар мазмуну жактан доорду мүнөздөөчү касиетке ээ болуу менен бирге, тилде кылымдар бою калыптанган туруктуу элемент катары улуттук мүнөзгө ээ.

Тилде номинативдик функциядагы зат атооч сөздөр, кыймыл-аракеттеги процессти көрсөткөн этиштер гана стилизациялык каражат катары колдонулбастан, адамдардын ички сезимин билдирген

*астопуралла, инша-алла* деген сыяктуу диндик мазмундагы сырдуу сөздөр да роман үчүн тарыхый стилизациянын каражаты болуп кызмат аткарган.

## 4- §. Архаизмдер – өткөн доордун тил өзгөчөлүгүн берүүнүн каражаты

Тарыхый көркөм чыгармада өткөн доордун колоритин түзүү үчүн жазуучулар белгилүү доорго тиешелүү нерселердин, түшүнүктөрдүн жападан жалгыз номенклатурасы болгон историзмдерди гана пайдаланышпастан, ошол мезгилге мүнөздүү болгон тилдик өзгөчөлүктү элестетүү максатында азыркы тилибиздеги сөздөрдүн эскирген синоними болгон архаизмдерге да кайрылышат. «Сынган кылычта» жазуучу архаизмдердин ар кандай типтерин пайдаланат.

Чыгармада колдонулган **лексикалык архаизмдерди** чыгыш теги жана кыргыз тилинин лексикасына сиңиш даражасы боюнча үч топко бөлүп кароого болот:

1) Кыргыз тилинин төл лексикасынан архаизмге айланган сөздөр: *күн жүрүш же күн жүрүш жак* (азыркы адабий тилде түштүк): «*Күн жүрүш* этегинде мелмилдеп жаткан асыл Фарганага да ... жараткандын мээрими жаан токумдай булуттан тарайт» (315). «Бозбу тоонун *күн жүрүш жагы* кайдасың деп жолго чыктым» (247);

*Жарлык* (указ, буйрук): «-Бу сиздин улук *жарлыгыңыз*» (107). «-Таксыр, - деди бек акырын, - ордодон *жарлык* келди» (111).

*Бакыла* – (байка, көзөмөлдө-): «- ...Соодагерлерин *бакылайт* имиш дейт» (177).

Эскиче тогуздап саноо тартиби – *бир тогуз, эки тогуз, үч тогуз*: «-*эки тогуз* чөйчөк; *бир тогуз* чара аяк кырдым». «Көрксүз, калпыс кылып *үч тогузду* жасагандан көрө, жакшылап кырын, чийинин, сырын келиштирип, жеңил кылып, урунган кищи кубангыдай үчтү гана жаса» (336).

Мисалдардан көрүнгөндөй, романда эне тилдин эсебинен эскирүүгө дуушар болгон сөздөр өтө аз санда колдонулат жана алар мезгил жактан нейтралдуу башка сөздөрдөн анчалык өзгөчөлөнбөйт. Анын үстүнө автор бул колдонгон архаизм сөздү чыгарманын башынан аягына чейин стилдик норма кылып албайт, бир жерде эскирген сөз колдонулса, экинчи жерде ошол эле сөздүн азыркы тилдеги синоними берилет. Маселен, романдан *жарлык* деген менен катар *буйрук* дегенди да жолуктурабыз: «Ушинтип, *буйрукту* Шералинин өз колунан алдым дечи, желдетим» (113). Ошондой эле,

жазуучу архаизм сөздөрдү атайылап бөлүп, түшүндүрүп отурбайт, жөн гана ал сөздү мааниси жактан жакын башка сөздөрдүн катарына коюу менен окурманга анын маанисин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Маселен, *күн жүрүш* деген архаизм сөздүн мааниси *күн батыш, күн чыгыш* деген сөздөр менен катар коюу аркылуу ачылат.

2) Мурда кыргыз тилинин лексикасына кирген, бирок кийин ордун башка сөздөргө бошотуп берүү менен пассивдүү сөздүктүн катарына өтүп кеткен араб-иран сөздөрү:

*мөөр* (ЮКОС:535) (печать): «Шады-ынак хандык *мөөр* басылган кагазды алыстан көрсөтүп, бийик кармап өзү тооп кылып алды» (108). Сөз орус бийлигине тиешелүү болгон учурда, азыркы тилибиздеги синоними колдонулат: «фон Кауфмандын өз колу менен коюлган *печаты* басылган документти көрүп, унтер-офицер колун чекесине алып, урмат көрсөтүп өткөрдү» (453);

*күбөнама* (ЮКОС:458) (күбөлүк, күбөлүк кат, удостоверение): «...айтыңызчы, айланайын, төрөгө бирдеме деп, *күбөнама* жазып таштап кетсин...» (565);

*амир же амыр* (ЮКОС:56) (бийлик, буйрук, приказ): «Эми хазретинин *амирине* каршы жүргөндүн катыны талак, өзү капыр! – деди» (37);

*собол* (ЮКОС:648) – (суроо): «Пансат аке! Элчиге бир *собол*!» (38);

*абире* (ЮКОС:19)– (ар намыс, абийир): «- ... эмне кереги бар эле алакандай *абиреси* калбаган миң тукумунун сизге?» (376);

*жахан* (ЮКОС:240,208) – (аалам, дүйнө);

*жаңгер* же *жахангер* (ЮКОС:208) (ааламды жеңүүчү, дүйнөнү багындыруучу): «Жакшыдан бөөн, а жамандан *жахан* деген ушубу? *Жаңгер* Аалым-хандан тиги дубана, а Асан мылжыктан бу! деген ойго келип турду» (326);

*вазифа* (ЮКОС:506) (тапшырма, милдет): «Мунун *вазифасы* кылыч менен баатырлык кылуу эмес, мунун *вазифасы* жылма сөз аркылуу, адаттын чеги, парияттын жобосу аркылуу тушап жыгуу» (265).

Бул топтогу сөздөр азыркы учурда жаштардын кебинде таптакыр колдонулбаганы менен, айрым улгайган адамдардын кебинде али кезиге тургандыгын байкоого болот. Кээ бирлерин фразеологиялык түрмөктөрдөн, фольклордон жана көркөм чыгармалардан да жолктурабыз. Мисалы: «Кол – кудайдын *мөөрү*» (макал); «Аны айтып Текес хан, *Амырында* канча жан» («Манас»); «Баяндамачыга *соболуңар* барбы? – деди көпчүлүккө кайрылып» (К.Б.); «Аппак кожомдун алдына кире турган адамдарды кадырлап тура турган

биздин *вазифабыз*, деп эшен кашын кагып жылмаң эттирди» (К.Ж.); «Ал уулум баатырлардын баатыры эле *Жаханга* жалын чачкан кызың туудаң» (А. Т.); «Жарамдуу эрлер көп өттү, *Жахандын* ишин ойлосоң» (эл ыры).

3) Кыргыз тилинин лексикасына сиңбеген араб-иран сөздөрү:

*авлад* (УзбРС:20) (урук, тукум): «Миң *авлади*, жахангер Алим-хандын углу болгон таксыр ... (399);

*аклах* (Узб РС:45;Уйг РС:23) (адеп, этика, мораль): «О, көр пенде, көр пенде, качан *ахлак* жүргөйсүң?!» (142);

*аср* (Узб РС:42) (кылым): «Көк асмандан жылдыз болуп баркырап, Адамга акыл, *асрга* нур төгөсүң» (475);

*банд* (Узб РС:53) (байланган, туткун): «Мени каапыр туткун кылып, *банд* кылып алды» (398);

*бахадур* (Узб РС:59; Тад РС:53) (баатыр, эр жүрөк): « ...чын эле кайран *бахадур* Алим-хандын аблади би? ...» (437);

*канавайран* (Узб РС:504;Тад РС:426) (кыйраган, талкаланган): « - ...Жети атаң мекен кылган өлкөң *канавайран* болуп жатса, кайсы ырысыңа күлөт экенсиң? – деди Исхак жай» (384);

*капыз* (Узб РС:662;Тад РС:507) (ырчы, акын): «Ал акырын энкейип, акылман *капыздын* этегине тооп кылды» (475);

*лабиз* (ЮКОС:504) (напси): «Аттиң ай, болсо кана?! Исхактын өзү бийлик деп, даңк деп чаап жүргөндүр?! Өлгөндөн соң бейишиндин кереги жок ...» деп, *лабзи* өрттөндү» (452);

*лазим* (Узб РС:241) (керек, зарыл): «-Аталык, кимдин коргонунда отурганыңызды билишиңиз *лазим*» (112);

*муштаид* (Будагов ССТТН II:229;Тад РС:242) (зээндүү, жөндөмдүү): «Сөз жалгап, каландер байыркы өткөн акылмандардан, *муштаидтерден* маани айтты» (467);

*шартнама* (Узб РС:537;Тад РС:452) (келишим, договор): «*Шартнама* боюнча Кокон хандыгынын Ташкенге чейинки жер-суусу, эли Россия империясынын карамагына өттү» (234).

Кыргыз тилинин лексикасына таптакыр кирбеген, же кирсе да пассивдүү сөздүктүн катарына өтүп кеткен араб-иран сөздөрү романда негизинен Октябрь революциясына чейин Орто Азиянын жана Казакстандын түрк тилдеринде сүйлөгөн элдери үчүн официалдуу документтердин, диний адабияттын жана эпистолярдык жанрдын тили болуп келген эски өзбек адабий тилинин, же чыгарманын автору атагандай, адабий жана аралашма түркинин, тилдик өзгөчөлүктөрүн берүүнүн каражаты катары колдонулган. Анткени «Элдик түрк тилине таандык болбогон түрмөктөрдү пайдалануу жана араб-парсы лексикасын кеңири колдонуу бир нече жүз жылдар бою адабий тил

(эски өзбек адабий тили – Ж.М.) үчүн мүнөздүү болуп кала берген» (Щербак А.М., 1962:13).

Романдан сүрөттөлүп жаткан доордогу тилдик өзгөчөлүктү берүү үчүн өз орду менен пайдаланылган араб-иран сөздөрү менен бирге өз маанилеринде колдонулбай калган айрым сөздөрдү да учуратабыз. Маселен: 1) «Ошол бойдон сөз кечки *маазүрдө* дасторкондун четинде уланды» (325) деген сүйлөмдөгү *маазур* араб тилинен кирген «кечиримдүү» деген маанидеги сөз (ЮКОС:507;УзбРС:255;ТадРС:221). Бул сөз менен жогорку сүйлөмдүн мазмунунда эч байланыш жок.

2) «Кара башынын камынан бөлөк *мудаты*, арманы жок турбайбы?!» (489), «...бирге жүргөн адамды эң акыры бир көрүп калуу *мудаты* окшойт» (521) деген сүйлөмдөрдө *мудат* эмес, «максат, тилек» деген маанини түшүндүргөн *мудаа//мүдөө* ( ЮКОС:536,542; УзбРС:268) же *мурат* (ЮКОС:539; Будагов ССТТН II:220;УйгРС:715) деген сөз колдонулууга тийиш болсо, автор аны тыбыштык жактан жакын болгон башка маанидеги сөз менен чаташтырган. Мудат «убакыт, мөөнөт» деген маанини билгизет (УзбРС:268;УйгРС:715; Будагов ССТТН II: 219).

3) «Кыздын бир да сепкили жок, жумуртканын агындай *найын* жүзүнөн көз албады» (178) деген сүйлөмдө контекст боюнча *найын* «назик» деген маанини билдириши керек эле. Бирок бул сөздүн мындай мааниде колдонулары жөнүндө автордун пайдасы үчүн тиешелүү сөздүктөр эч кандай маалымат бербейт. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө «жумшак, назик» деген мааниде түштүк диалектиге тиешелүү *майин* [мэйин] деген сөз бар (ЮКОС:510). Л.З. Будаговдун сөздүгүндө «назик, келбеттүү, көркөм» деген мааниде найын эмес, *нарйнъ* деген сөз учурайт (Будагов ССТТН II:277). Ал эми наин тажикче «камыштуу» деген маанини берет (ТадРС:255). Демек, мында да сөздөрдүн сырткы тыбыштык жакындыгына байланыштуу кетирилген ката болушу ыктымал.

* *
*

«Сынган кылыч» романында сүрөттөлүп жаткан доордогу айрым социалдык топтордун өкүлдөрүнүн сүйлөө өзгөчөлүктөрүн имитациялоо үчүн, эскирген лексикалык каражаттар менен катар фонетикалык жана грамматикалык каражаттар да пайдаланылат.

Муну төмөнкүлөрдөн көрүүгө болот:

жана айрым ордо адамдарынын кептеринде *угул, эге* (ДТС:165,204) деген архаикалык формада берилген. Мисалы: «-Ыракматты кудайга айт, *углум* ... - деди да Иса-оулия жанагы сөздүн учун жалгады» (390); «- ... Бул бийлик *эгесинен* бийликти зордуктап алганга жатпайт» (Казыйдын кебинде, 85). Бирок мындай формада айтуу бардык учурда бекем сактала бербейт. Кээде бир эле персонаждын кебинде *эге* жана *ээ* формалары катар учурайт. Маселен, Нүзүптүн кебинде бир жерде «-Шерали! Мына, карагым, эми сен журт *эгесисиң»* (89) деп, архаикалык формада айтылса, экинчи жерде «Бухаранын анык *ээси* Шерали-хан» (95) деп, азыркы түрүндө айтылат. Демек, тигил же бул архаикалык форма атайын көркөм максат үчүн колдонулат да, ал милдетин аткарган соң, башка учурда азыркы тилдеги синонимдик варианты менен эркин алмаштырыла берет.

2) Араб-иран тилдеринен кыргыз тилинин фонетикалык өзгөчөлүгүнө ылайыкталып өздөштүрүлгөн *казат* (ЮКОС:317), *казы* (ЮКОС:317), *календер* (ЮКОС:331), *маркабат//маркамат* (ЮКОС:518), *маслаат//масилет//маслет* (ЮКОС:519), *олуя//оолуя* (ЮКОС:567), *өкүл* (ЮКОС:590) сыяктуу сөздөр романда адабий түркидеги жазылышына жакындаштырылып, *газават, гази, каландер, мархамат, маслахат, оулия, увакил* түрүндө берилген. Мисалы: «...толкуган элди газават менен алаксытып, ...бийликти өз колуна топтомокчу эле» (376); «Маргалан эли ... «Көп жаша! Көп жаша, *гази!»* деп дуулдап тосту» (489); «Бир аз убакыт өткөн соң Момун алдына салып *каландерди* алып кирди» (457); «...*мархамат,* жай мейман болуп, акыл, насият таштап кетиңиз, эл куту» (466); «Кайра жыйын, кайра *маслахат* куруп отурушка убакыт жок» (37); «*Оулия,* сиз капа болбой үйгө кирип жай ала бериңиз» (275); «Ошол түнү *увакилдер* Самаркандан чыгып кетишти» (325).

Анткени «Жазма традицияны бекем сактоонун натыйжасында эски өзбек тилиндеги эстеликтерде араб жана парсы тилдеринен кирген сөздөрдү оригиналдагыдай жазуу нормага айланган» (Щербак А.М., 1962:96).

Атайын стилистикалык максатты көздөгөн жогорку сөздөр менен бирге, романда кээ бир терминге айланган араб-иран сөздөрүн, азыркы кыргыз тилиндеги айтылышынан өзгөчөлөш үчүн, оригиналына жакындатып бербестен, орус тилиндеги жазылышы боюнча берип койгон учурлар да бар. Маселен кыргыз тилине *мурут* (ЮКОС:540) түрүндө кирген диндик маанидеги *мурид* (БудаговССТТН II: 225;УзбРС:272; ТадРС:241) деген араб сөзү чыгармада орус тилиндеги жазылышы боюнча *мюрид* болуп туура эмес берилген. Мисалы: «Жакында өзү шайх-уль-ислам деп

мартабасын көтөрүп, колун берип *мюриди* болгон кожо» (104). Биздин пикрибизче, бул автор пайдаланган орус тилиндеги тарыхый материалдардын таасирине байланыштуу кетирилген так эместик. Мында автор башка ареалга тиешелүү түшүнүктү ошол түшүнүк менен катышы бар элдин (маселен, өзбектердин, тажиктердин) тилиндеги аталышы, жазылышы менен салыштырып тактабай туруп колдонгон.

Албетте, бул бирди-жарым гана факт болсо да, өткөндүн элесин, улуттук жана жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү чебер сүрөттөгөн мындай көркөм чыгармада абайлап караган адамдын көзүнө чалдыга түшкөн бул сыяктуу кичинекей мүчүлүштүн болбой койгону абдан жакшы эле.

3) Тилди тарыхый стилдештирүүнүн морфологиялык каражаты катары персонаждардын кебинде эски өзбек тилине (адабий түркиге) мүнөздүү болгон арсар келер чактын *–гай* (Щербак А.М., 1962:166), учур-келер чактын *–ур* (Щербак А.М., 1962:75,145) аффикстери жана предикативдик аффикс *–дур* (Щербак А.М., 1962:76,202,203) колдонулат. Мисалы: «Дагы кандай асыл акыл *бергейсиз*» (419); «-Кечирип *койгойсуз*, бий» (266); «О, көр пенде, көр пенде, качан кулак *түргөйсүң*» (142); «-не *дегейсиз*? Не ойлук *кылгайсыз*?» – деп таазим этти» (220); «Дөөлөт консо бир чымындын башыга, Зымырык куш салам *берур* кашыга» (408); «-Кантели, Теңирберди аке, жаш балдарга туугандын баасы жок болсо *болоттур*» (201); «-Кайсы периште айдап келгени ханзаадага *маалумдур*» (361); «-Атым *Болотдур*, таксыр ...» (399); «*Бейбападур* жыргалың, күткөн бактың, ... Дайра үстүндө *көбүкдүр* минген тактың» (475).

Дайыма дубай-саламда колдонулуучу *ушбу* (*ошбу*) деген шилтеме ат атооч да эски эпистолярдык үлгүнү имитациялоонун каражаты катары пайдаланылган. Мисалы: «Баатыр, *ушби* куш тилиндей ак кагаз менен барган дубай саламды жашы улуу агабыз Абилден экен деп билгейсиңер» (199); «*Ушби* катты көрсөткөн батырдын айтканы айткан болсун!» – деп, араң жазды да, этегине мөөрүн басты» (481).

Романдын тилинде эски өзбек жазма адабий тилине тиешелүү болгон жогорку грамматикалык формалардан башка көбүнчө оозеки сүйлөшүү кебине мүнөздүү **грамматикалык плеоназм** (маанилеш грамматикалык каражаттарды ашык топтоо) да тилдик өзгөчөлүктү берүү үчүн колдонулган. Маселен, субстантивдешкен *бир* деген сан атоочко табыш жөндөмөнүн мүчөсү кабатташа жалганган: «Кай бирөө жандык мал айтат, кай бирөө өзү алган идиштин ичи менен *бирдини* дан айтат» (336).

Ошондой эле автор азыркы тилибизде жок *жаки* деген байламтаны да колдонгон. Мисалы: «-Баштаган, *жаки* бүтүргөн, *жаки*

Ошондой эле автор азыркы тилибизде жок *жаки* деген байламтаны да колдонгон. Мисалы: «-Баштаган, *жаки* бүтүргөн, *жаки* кылам деген иштеринде башында болуп, колубуздан келсе, акылыбыз жетсе, ийрисин түзөп, кемдигин бүтөп турабыз!» – деп кошумчалады» (24).

Өткөн мезгилге мүнөздүү болгон грамматикалык өзгөчөлүктөрдү элестетип көрсөтүү деле романдын тилине «доордун нагыз сөздөрүн» киргизген сыяктуу эле максатты көздөйт. Азыркы тилибизде жок эски грамматикалык формалар, сөзсүз белгилүү стилистикалык эффектини берет. Бирок аларды кеңири колдонуу көркөм чыгарманын тилине коюлган негизги талаптардын бирин бузууга алып келет, атап айтканда, анын жалпыга түшүнүктүүлүгү кемийт. Муну туура түшүнгөн чебер жазуучу Т. Касымбеков, мисалдардан көрүнгөндөй, өзүнүн романында эски грамматикалык формаларды тарыхый стилдештирүүнүн көмөкчү каражаты катары пайдаланып, өткөн доорго өтө мүнөздүү деп эсептеген анча-мынча гана формаларды тандап алган.

Мунун өзү да автордун чыгарманын тилинин түшүнүктүүлүгүн көздөгөн жалпы принцибине шайкеш келет.

Романда сүрөттөлгөн доордогу китептик тилдин өзгөчөлүктөрүн берүү үчүн жекече лексикалык, фонетикалык жана грамматикалык каражаттар гана эмес, бүтүндөй туташ чыгыш поэзиясынын рубаи, бейт, касыйда сыяктуу түрлөрү жана эпистолярдык жанрдын үлгүлөрү да имитацияланган.

* *
*

«Сынган кылыч» романында архаизмдердин башка типтери менен катар **семантикалык архаизмдер** да учурайт. Архаизмдин бул тиби лексикалык, фонетикалык, грамматикалык архаизмдер сыяктуу чыгарманын сөздүк составында анчалык бөтөнчөлөнбөйт. Анткени алар тыбыштык формасы жактан азыркы адабий тилдеги сөздөргө туура келет, бирок андан башка мааниде колдонулат. Ошондуктан чыгарманын тилинде мындай сөздөрдү пайдалануунун жазуучу үчүн ыңгайлуу жагы да жана татаалыраак жагы да бар.

Бир жагынан алып караганда, семантикалык архаизмдер тыбыштык составы боюнча азыркы адабий тилдин лексикасынан эч айырмаланбайт да, окурманга кадимки эле тааныш сөз катары туюлат-

жазуучу үчүн өткөн доордун тилдик колоритин түзүүдө ийкемдүү каражат болуп кызмат кылат.

Экинчи жактан, бир эле чыгарманын ичинде эки доорго тиешелүү тилдик каражаттар катар пайдаланылгандыктан, окурман тигил же бул сөздү автор колдонгондой эмес, азыркы маанисинде түшүнүп алышы мүмкүн. Мындай болбос үчүн, жазуучу өзүнүн чыгармасына семантикалык архаизмдерди өтө кылдаттык менен киргизип, аларды так мааниде кабыл алууну камсыз кыла тургандай контекстте берүү керек. Ансыз чыгарманын идеялык мазмуну бурмаланып калышы ыктымал. Бул тууралуу Н.М. Шанский: «особенно коварными являются семантические архаизмы, своеобразные омонимы хорошо знакомых нам и активно употребляемых нами слов» (1971:99) -деп, адилеттүү эскерткен.

Демек, семантикалык архаизмдерди тарыхый көркөм чыгармада колдонуунун ыңгайлуу жактары менен бирге, өзүнчө кыйынчылыгы да бар, ал жазуучудан өтө чоң чеберчиликти талап кылат. Маселен, Т.Касымбеков «Сынган кылычта» төмөнкүдөй сөздөрдү стилистикалык максат менен өткөн доорго тиешелүү маанилеринде колдонгон.

Романда азыркы кыргыз тилиндеги *көтөрүлүш, көтөрүлүшчү* деген сөздөр менен катар ошол мааниде *эрегиш, эрегишчи* деген сөздөр да колдонулат. Мисалы: «Көз алдына азыр *эрегиштин* башында турган Исхак келди» (322); «*Эрегишчилер* өжөрлөнүп улам жаңыланып келип жатты» (287). Чындыгында бул сөздөр кыргыз тилинде *көтөрүлүш, көтөрүлүшчү* деген сөздөрдүн эскирген синонимдери эмес жана жекече алганда, алар туюнткан таптык, саясий түшүнүктү бере албайт: *эрегиш* жөн гана атаандаштык жана атаандаштыктан чыккан кастык, уруш-талаш, чыр-чатак маанисин берсе, *көтөрүлүш* таптык жана улуттук кызыкчылыкты коргоо, же болбосо эски коомдук түзүлүштү кулатып, жаңы коомдук түзүлүштү орнотуу максатында бийлик жүргүзүп турган эзүүчү тапка каршы эмгекчи масса тарабынан жүргүзүлгөн куралдуу күрөш (КТТС I:580) дегенди билгизет. Бирок Т. Касымбеков өзүнүн тарыхый романында *эрегиш, эрегишчи* деген сөздөрдү атайын стилистикалык максат менен тийиштүү контексттик чөйрөдө колдонгондуктан, окурманга алар *көтөрүлүш, көтөрүлүшчү* деген сөздөрдүн сүрөттөлүп жаткан учурдагы синонимдери катары сезилип, өткөн доорго мүнөздүү тилдик иллюзияны берет.

*Жакшы, мыкты, жаман* деген сын атоочтор сапаттык белгини билгизген тике маанилеринен башка өткөн доордо социалдык катмарлар жөнүндөгү түшүнүктү да туюнткан, тактап айтканда,

феодалдык уруу төбөлдөрү, бай-манаптар өздөрүн «*жакшы*», «*мыкты*» аташкан да, эмгекчи элди, букараны «*жаман*» деп кемсинтишкен. Мисалы: «Ошол кыргыз, кыпчак, кырк, миң уруктарынын *жакшылары* чогулуп, жети өлчөп бир кесип дегендей, баланын тагдырына ойлуу кылышат экен» (47); «Тегерегиндеги *мыктылар* демдерин ичтерине алып, тым туруштү» (21); «Кермекаш айым ордунан оолжуп тура келди: -О-о, кайран *жаманым*, өнөрүң күч сенин! ... деп, кеселерди, чара, аяктарды кармалап көрө баштады. – Түзүк, түзүк, *жаманым* ...» (337).

*Топ, жыйын* деген сөздөр, бир жагынан, мезгил жактан нейтралдуу маанилерде колдонулуп, азыркы адабий тил менен ассоциация түзсө, экинчи жактан, романда «талаш маселелерди чече турган чогулуш» маанисинде өткөн доорду мүнөздөөчү каражат катары пайдаланылган. Мисалы: «*Жыйын* башында элеттин көкүрөк көтөргөн билермандары, аксакалдары бүт бар» (269). «Бекназар кылчайбай *топтон* чыгып кетти» (279).

*Канат* деген сөз түз маанисинде куштун учууга ылайыкталган органын билдирсе, «Сынган кылычта» өткөн турмуш менен байланыштуу эки мааниде колдонулат: 1) жайгашуу тартибине карай бөлүнгөн аскер күчтөрүн билгизет. Мисалы: «-Оң *канат* дайра бойлоп, Балыкчы аркылуу Маргаландын этегинен өтүп, андан нары түз Коконго бет алат. Сол *канат* Кувасай аркалуу Маргаландын үстүнөн имерилип, андан ары Коконго бет алат» (414). Романда бул сөздүн тике жана өтмө маанилеринин ортосундагы ассоциация Исхактын көтөрүлүштүн согуштук планын бүркүттүн сүрөтүн тартып көрсөтүп, «Эки канаттын, тумшуктун, куйруктун, чеңгелдин байланышы тынымсыз болсун» деп берген буйругу аркылуу даана ачылып берилет; 2) жоокерчилик заманда согуш күчтөрүнүн бөлүнүшүнөн келип чыккан кыргыздардын жалпы уруулук эки чоң тобун билгизет. Мисалы: «Ушундан соң ал тоолуктардын оң, сол *канатын* бириктирген эзелки салтын, улуу алдында ийменип, төбөсү көккө жетип кеткен күндө да, ызат билиш сыпаалыгын айтып, аларды шарият менен бекемдеп өттү» (24).

## 5- §. Эскирген сөздөрдү чечмелөөнүн ыктары.

Тарыхый көркөм чыгарманын тилинде эскирген лексиканы стилистикалык каражат катары колдонуу мүмкүнчүлүгү өтө эле кеңири. Мындай сөздөрдүн көпчүлүк бөлүгү азыркы окурмандардын түшүнүүсүнө эч кандай кыйынчылык туудурбайт. Анткени ал

сөздөрдүн кыйласы тарыхый терминологиянын катарына кирген болсо, айрымдары фольклордо, көркөм чыгармаларда кеңири колдонулуп, көпчүлүк окурмандардын лексикалык арсеналында турган сөздүк запастар болуп эсептелет. Атап айтканда, «Сынган кылыч» романында элдин коомдук-саясий, экономикалык турмушуна байланыштуу колдонулган *ордо, так, таажы, сарай, падыша, хан, бек, бий, датка, ханзаада, бекзаада, таксыр, айып, букара, томаяк, кул, күң, зекет, кун, айып, барымта, жаат, дар, зындан* сыяктуу историзм сөздөр «кыргыз элинин өткөн кылымдардагы турмушу жөнүндөгү монументалдуу эстелиги, анын өмүр баяны жөнүндөгү өзүнчө бир энциклопедиясы» (Б.М. Юнусалиев) болгон «Манас» эпосу баштап эскинин элесин берген элдик оозеки чыгармаларда, өткөн заман жөнүндө баяндаган кыргыз көркөм адабиятында кеңири кездешет. Ошондуктан алар эч кандай атайын кошумча түшүндүрмөлөрдү талап кылбайт.

Ошону менен бирге эле жазуучу тарыхый көркөм чыгармада элдин эсинен эчак чыгып калган эскирген сөздөрдү да колдонушу мүмкүн. «Сынган кылыч» романында мындай сөздөр бир топ учурайт. Өткөн турмуштун элесин берүү үчүн азыркы тилибизде жолукпаган бул сыяктуу сөздөрдү өзүнүн чыгармасына киргизүү менен, автор алардын маанилеринин окурмандардын кеңири массасына түшүнүктүү болуусу жөнүндө кам көрөт.

Жалпы эле тарыхый көркөм чыгармаларда азыркы окурмандар үчүн толук түшүнүктүү болбогон бул сыяктуу сөздөрдү чечмелөөдө эки түрдүү ыкма колдонулгандыгын көрөбүз: 1) чыгармада тексттин ичинде түшүндүрүү; 2) беттин алдындагы эскертүү аркылуу түшүндүрүү.

Эскирген сөздөрдү тексттен бөлбөй, чыгарманын ичинде түшүндүрүүнүн чоң устаттары советтик көрүнүктүү тарыхый романисттер А.Н. Толстой жана С.П. Злобиндер болушкан. Алар өздөрүнүн «Петр Биринчи», «Степан Разин» аттуу романдарында азыркы окурмандарга түшүнүксүз сөздөрдү бүт дээрлик контекст аркылуу чечмелешет. Автордук эскертүү контекстте мааниси бүдөмүк болуп калган бирин-серин сөздөрдү түшүндүрүүдө гана кездешет (Бул тууралуу караңыз: Степанова В.В., 1951, 1955; Пауткин А.И.. 1957; Лапин В., 1972; Кононова В.И., 1973; Пронина Н.Т., 1960).

Эскирген сөздөрдү контекстте түшүндүрүү да ар түрдүү ыкмалар аркылуу жүзөгө ашырылат. Кээ бир учурда авторлор эбак жок болуп кеткен түшүнүктөрдү кыскача сүрөттөө аркылуу же бүтүндөй жагдайды, ситуацияны баяндоо аркылуу түшүндүрүшү мүмкүн. Н.Н.Амосованын термини менен айтканда бул ситуациялык контекст

болот (Амосова Н.Н., 1958). Экинчи бир учурда авторлор түшүнүксүз эскирген сөз менен катар азыркы окурман үчүн түшүнүктүү болгон синоним сөздөрдү колдонуу, же сүрөттөлүп жаткан нерсенин мүнөздүү бир белгисин атоо аркылуу да түшүндүрө алышат.

Т. Касымбеков өзүнүн романына киргизилген эскирген сөздөрдүн маанисин окурмандарга ачып берүү үчүн ар кандай ыкмаларды пайдаланат. Маселен, коомдук-саясий турмушка байланыштуу жогоруда аталган историзмдерден *аталык* деген сөз автор тарабынан ар башка ыктар менен түшүндүрүлөт. Романда Коконду жаңыдан Букара эмиринен бошотуп, ордону Нүзүп ээлегенден кийин, шаардын казыйы менен болгон аңгемелешүүсүндө: «О, хазрати ... Бийлик эгеси паша ... Бирок ... -деп, эритип тартып сүйлөдү. –Бирок, паша, демек бийлик эгеси, мамлекет ишин кудайдын каалоосундай жүргүзүп кетүүгө акылы толбогон жаш болсо, ушул учурда мамлекеттин пайдасы үчүн, ошол мамлекетте күн көрүп турушкан мусулмандардын тынчтыгы үчүн, башка бир акылга дыйкан, ишке канык адамды ханга *аталык* бийлигине чакырса болот ... Дагы, агер бийлик эгеси, демек паша жашы толук туруп, бирак мамлекет иши башта башынан өтпөй, ага ылайык камы болбой, иштин көзүн билбей турса, ушул учурда хам башка бир жетик адамды ханга *аталык* бийлигине чакырса болот ... Албетте, бул мамлекеттин пайдасы үчүн! Бул бийлик эгесинен бийликти зордуктап алганга жатпайт. Адалаты ушул ки, бийлик эгесинин бир ооз макулдугун алып коюу зарыл ... О, хазрати ... *Аталыктардын* вазифасы жуда зор болгон. *Аталык* таксыз падишах, тажысыз өкүмдар ...» (85-86). – деген казыйдын узак сөзү аркылуу кеңири ситуациялык контекстте түшүндүрүлсө, Алмамбет менен Мусулманкул аталыктын ортосундагы диалогдо: «-Кантип? Ким? Хан турганда, сендей *хан атасы* тууганыбыз турганда, кайдан келет кырк атчан бизге!» деген Алмамбеттин репликасындагы *хан атасы* деген сөз тизмеги аркылуу аталык кыскача мүнөздөлөт. Ошондой эле, автор китептин бетинин этегинде «*Аталык* – ордодогу эң улуу даража, хан жаш мезгилде өлкөгө башчы, хан атасы» деген эскертүү берип, сөздүн маанисин окурманга жеткирүү үчүн ашкере камкордук көрөт. Дегеле бүтүндөй романда мааниси ачык эмес сөздөрдү окурмандарга жеткирүүдө Т. Касымбеков түшүндүрүүнүн башка ыкмаларына караганда беттин алдындагы автордук эскертүүгө көбүрөөк умтулган. Мындай ыкманы ашкере колдонууну кубаттоого болбойт, себеби бул, сөзсүз, чыгарманын сюжетине үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүүдө окурманды алагды кылбай койбойт жана тексттин биримдигине салакасын тийгизет. Романда *аталыктан* башка коомдук-саясий маанидеги историзмден: «*бий* – атадан балага кала келген мансап»

(21), «*абтабачы* – ордодогу даража, хандын колуна суу куйгучу» (31), *датка* – бийлик даражасы, бир вилаеттин башкаруучусу, уруу башчыларынан көтөрүлгөн» (36), «*өкүмдар* – мамлекеттин ээси, государь» (44), «*жаңгер* – согушчул, жеңүүчү» (84), «*казый* – сот, шарияттын эрежелери боюнча иш жүргүзгөн сот» (84), «*ынак* – хандын ынагы, сүйлөшүп отуруучусу, кеңешчиси» (93), «*кушбеги* – даража, хандын куш тайтоочусу» (133), «*элтүзөр* – айыл арасындагы майда иштерге арачы түшүп бүтүрө коюучу киши» (280), «*парваначы* – даража, хандын эркин жарыялоочусу» (328), «*ажо* – байыркы кыргыз башчысын ушундайча атаган» (539), «*карачапан* – отурукташып күн көргөн элди атаганы» (134), «*ыкрар* – баш ийүү, моюн сунуу» (133), «*ижара* – акысын алып дыйкандарды жерге иштетүү, аренда» (311) деген сыяктуу автордук эскертүүлөр берилген. Биздин пикирибизче, эскертүү берилген жогорудагы историзмдерден *бий, датка, казый* деген сөздөргө эч кандай атайын комментарийлердин зарылдыгы жок болучу. Алар элдик оозеки чыгармалар жана башка адабий көркөм чыгармалар аркылуу жалпы кыргыз окурмандарына дайын сөздөр. Ал эми *ынак, карачапан* деген сөздөрдүн маанилери чыгарманын өзүндө: «Эки ортодо Шады *ынак* барк алды. Башта хандын китеп окуп берер, эрмек үчүн сүйлөшүп отурар *ынагы* гана болуп жүргөн Шады эми ордодо чечүүчү күчтөрдүн бири болуп баратты» (103-104), «...а сарт атыгып кеткен, отурукташкан жааты көбүнчө *кара чапан* кийинишкен» (138-139), же «*кара чапан* эле дейсиң, *карачапанды* ал элге сен кийгизгенсиң, Мусулманкул. *Карачапан* деп сен атыктыргансың, Мусулманкул. Тили, кейпи, кайгысы, кубанычы бир элбиз» (Алмамбеттин кебинде) деген сыяктуу автордук баяндоо же персонаждын кеби аркылуу чебердик менен чечилген, чыгарманын өзөгү менен эриш-аркак болуп бириккен контексттик түшүндүрүүлөр турганда, дагы кошумча сноска артык баштык кылат, ал окурмандардын чыгарманы органикалык түрдө бирдиктүү кабыл алуусуна кедерги болот.

## 6- §. Автордук баяндоо жана каармандын кеби.

Көркөм адабияттын тилин тарыхый стилдештирүүдө автордук баяндоо менен каармандардын кебинин ортосундагы карым-катыш эң маанилүү маселелерден болуп эсептелет. Анткени чыгарманын өзүнүн биримдиги жана бүтүндүгү мына ушул карым-катышка көз каранды.

Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романында сүрөттөлүп жаткан доордун тилдик өзгөчөлүктөрү жеке эле каармандардын

кебинде гана чагылдырылбайт. Эскирген сөздөр байкалбастан кейипкерлердин кебинен автордук баяндоого өтүп, кээде эки башка пландагы тилдик көрүнүштөрдүн ортосундагы чек жоюлууга чейин барган учурлар кезигет. Бул аркылуу автор сүрөттөлүп жаткан тарыхый каармандардын ички жан дүйнөсүнө тереңирээк үңүлүп кирип, алардын сезимин, паанайын жана ой толгоосун чагылдыруу аркылуу тигил же бул каарманга карата өзүнүн мамилесин, жакындыгын билгизет.

Автордук баяндоого каармандардын ой-пикиринин, сарсанаасынын жана кебинин өтүшү «Сынган кылычта» көбүнчө өздүк эмес тике сөз (несобственно – прямая речь) түрүндө жүзөгө аша тургандыгын байкоого болот. Маселен: *«О, тагдырдын ойну, ... Ал Алымкул аталык эмес беле? Бүтүндөй бир уюктуу журттун туткасымын дечү эмес беле? Акылдуу тандап бурадар күтпөдү беле, белдүү тандап сүйөк күтпөдү беле? Кайда алар? Кайда кетти баарысы? Кан жеткүрүп жыгылганда колтугунан жөлөргө бир жан болбодубу жанында?»* -деген өздүк эмес тике сөздө 1865-жылы Ташкен алдында орустун аскер бөлүктөрү менен болгон салгылашууда Алымкул аталыктын киши колдуу болуп, өлүп бара жаткандыгы ички монологун, күйүт-арманын берген. *«Сөзүмдү эч ким жыра тартпасын! Алдыма эч ким ат бастырбасын? Атаңдын көрү ай, хандарды чүкөдөй өкчөгөн миңбашылар мындай сөздөрдү ачык оозуна алган беле! Пансаттын жүрөгү сыгылды»,* - деген өздүк эмес тике сөздө Абил бийдин кол баштоону Бекназар баатырга тапшырып коюп, бирок аны эл колдоп кеткенин көрүп, кайра ичи тарып, ачуусу келгендеги ички уйгу-туйгусун, ызаасын көрсөтөт.

Мисалдардан көрүнгөндөй, өздүк эмес тике сөз сюжеттик-композициялык түзүлүшү боюнча эки жактуу келет, башкача айтканда, ал, бир жагынан, автордук баяндоого тиешелүү болсо, экинчи жактан, чыгарманын каарманынын ой-пикирин, дилин билгизип, анын кеп өзгөчөлүгүн, тонун, стилин, интонациясын элестетип турат.

В.К. Фаворин өздүк эмес тике сөздү персонаждын кебинин автордук контекстке өтүшүнүн эң жогорку жүзөгө ашкандыгы катары баалайт. Анын пикири боюнча өздүк эмес тике сөздө «доор өзүнүн нагыз сүрөттөө каражаттары менен, мындайча айтканда, ичтен, ошол доордун замандаштарынын дүйнө сезүүсү жана психологиясы аркылуу ачылат». «Автордун кебине персонаждардын кеби органикалык түрдө биригет, ал өзүнө бардык ар түрдүү жандуу сүйлөөдөгү интонацияларды сиңирип алат, демек, катышуучу адамдардын тили

менен автордун тилинин ортосундагы принципиалдуу айырмачылык жоюлат» (Фаворин В.К., 1947).

Ошентип, өздүк эмес тике сөздүн эки жактуулугу жана стилистикалык жактан ийкемдүүлүгү аны тарыхый жанрда өзгөчө натыйжага ээ кылат. Анткени тарыхый көркөм чыгармада, Н.А.Добролюбовдун сөзү менен айтканда, автор «өзүнүн каармандарын өзү жашаган доордун түшүнүгү боюнча баалабастан, алардын мезгилине жараша баалаш керек, алардын көзү менен карап, алардын турмушу менен жашап, алардын акыл-эсинин өнүгүшүнө ылайык ойлош керек жана өзүнүн окурмандарына да так ушундай көз карашта түшүндүрө билүү керек» (Добролюбов Н.А., 1934:530). Бул тарыхый жанр үчүн абдан маанилүү.

Автордук текстке сүрөттөлүп жаткан доордун тил өзгөчөлүктөрүнүн интенсивдүүлүк менен кириши тарыхый чыгармадагы баяндоону азыркы адабий-китептик тил менен чектелүүдөн, стилистикалык солгундуктан, бир түрдүүлүктөн куткарат, ал ар кандай мүнөздөгү каармандардын, ар башка социалдык чөйрөнүн өкүлдөрүнүн экспрессивдүү тилдик формалары менен байып, элдик оозеки сүйлөөнүн түркүн түстүү боектору менен жаркылдап чыга келет. Катышуучу адамдардын репликалары эле эмес, автордук баяндоо да бирде макал, ылакаптар менен коштолуп, элдик таамай салыштыруулар, эпитеттер менен коздолсо, бирде андан элдик ырлардын, жомоктордун, уламыштардын, афоризмдердин жаңырыктары угулуп, автордун аңгемеси элдик тилдин мөлтүр булагына сугарылат.

Тарыхый романда баяндоонун мындай формасы көркөм максатка ылайык келет. Эгер жалпы чыгарманын тили бир бүтүндүктү түзбөй, автордун аңгемеси архаикалык мүнөздө болгон каармандардын сүйлөөсүнөн кескин айырмаланып, тилдик эки контекст бири-бирине анчалык коошпой турса, окурмандын сезиминде да эки анжылык пайда болот: ал чыгарманын каарманы менен өткөн доордо жашаса, автор менен азыркы күнгө кайрылып келип, сүрөттөлүп жаткан окуяга алыстан туруп көз чаптырат. Мында бүтүндүн бирдиктүү колорити бузулуп, чыгарманын эстетикалык таасирдүүлүгү начарлайт.

Тилди стилдештирүүчү элементтер чыгарманын бүт тулкусуна тарап, автордук баяндоо менен каармандардын кеби бирдей стилдешкен болсо, автордун тили өткөн доор менен үндөшүп, чыгарма бүтүндөй ошол мезгилге таандык тил менен жазылган сыяктуу иллюзия пайда кылат да, окурман сүрөттөлүп жаткан окуяны, каармандарды өзүнө жакын сезип, ошол окуяларга өзү кошо аралашып, өзү катышып жаткандай күчтүү таасир алат. Демек, бул

аркылуу жазуучу өзүнүн идеясын окурмандарга терең сиңирүүдө кеңири мүмкүнчүлүккө жетишет.

Бирок, чындыгында, «Сынган кылыч» романынын тили – эч кандай XIX кылымдагы Кокон хандыгынын мезгилиндеги тил эмес, азыркы кыргыз тили. Чыгарманын автору Т. Касымбеков, азыркы тилге өткөн доор үчүн типтүү болгон стилизациялык каражаттарды киргизүү менен, анын тоналдуулугун гана архаикалаштырган, башкача айтканда, өткөн доордогу кыргыз тилинин анча-мынча өзгөчөлүктөрүн элестетип көрсөткөн. Бул айткандарыбызды В.В.Виноградовдун «Язык писателя, с одной стороны, рассчитан на понимание его в плане языка читателя, то есть в плане общелитературного языка и его норм; а с другой стороны, язык писателя подчинен тем категориям литературного искусства, которые определяют строй художественной литературы той или иной эпохи, будучи обусловлены, в свою очередь, социально-политическими и идеологическими потребностями общества и его разных классов и групп», (Виноградов В.В., 1959:34) – деген пикири менен бекемдесек болот.

Өткөн мезгилдин өзгөчөлүгүн абсолюттук түрдө так калыбына келтирүүгө аракет жасоо реалисттик көркөм адабияттын принцибинен баш тарткандык болор эле. Бул тууралуу Г.О.Винокурдун төмөнкү пикирине кошулбай коюуга болбойт: «Адабияттын кайсы эле түрүнө жатпасын, бардык көркөм чыгармалар өз мезгилинин тилинде гана жазылышы мүмкүн ... Текстти ар кандай диалектилерден жана өткөндөгү тилдик эстеликтерден алынган архаизмдер менен ашкере толтуруу чыгарманы бузат» (1959).

Жыйынтыктап айтканда, өткөн доордун колоритин түзүүдө тилди тарыхый стилдештирүүнүн негизги каражаты катары эскирген сөздөр образдык-эстетикалык зор кызмат аткарат. Эскирген сөздөрдүн семантика-стилистикалык табиятын конкреттүү тарыхый көркөм чыгарманын контекстинде гана бөлүнбөс бүтүн система катары далилдеп түшүндүрүүгө мүмкүн.

## III БАП

# ДИАЛЕКТИЗМДЕР – ЖЕРГИЛИКТҮҮ КОЛОРИТТИ БЕРҮҮНҮН КАРАЖАТЫ

### 1-§. Диалектизмдер жөнүндө жалпы маселе

Жалпы улуттук кыргыз тили өзүнүн азыркы өнүгүш этабында эки түрдүү формада жашап жатат. Тактап айтканда, анын ар түрдүү адабияттар, окуу китептери жана окуу куралдары, газета-журналдар басылып, радио жана телеберүүлөр уктурулуп, сабак окутуу жана ар кандай коомдук иштер жүргүзүлүп жаткан жогорку адабий тил формасы жана «Жалпы элдик тилге мүнөздүү белгилер менен катар өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ болгон» (Юнусалиев Б.М., 1971:5) белгилүү аймакта жашаган жергиликтүү адамдар жамаатынын күнүмдүк турмуш-тиричилигинде колдонулуп жаткан диалект, говорлор сыяктуу төмөнкү формасы бар.

Кыргыз улуттук жазма адабий тили фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык жактан кыргыз тилинин бардык диалект, говорлоруна мүнөздүү болгон жалпы белгилерди өз ичине камтуу менен улуттук жамааттын бүт мүчөлөрү үчүн орток катнаш жасоо, пикир алышуу каражаты катары кызмат кылат жана аларды жалпы улуттук жамаатка бириктирип турат. Ал мына ушул жалпы улуттук функциясы боюнча жергиликтүү диалект, говорлордон айырмаланат.

Кыргыздын жалпы улуттук жазма адабий тилинин диалектилик негизине кыргыз тилинин бардык диалектилеринин, говорлорунун тилдик белгилери алынган (Юнусалиев Б.М., 1985:344; Орузбаева Б.Ө., 1997:287).

Ошол эле учурда кыргыз тилинин структуралык бардык деңгээлдери боюнча жалпы элдик мүнөзгө ээ болгон түндүк диалектинин өзгөчөлүктөрү көбүрөөк чагылдырылган (Тыныстанов К., 2000:167; Юнусалиев Б.М. 1985: 351; Орузбаева Б. Ө., 1997: 287). Адабий тилдин калыптанышында түндүк диалектинин активдүү роль ойногондугу, акад. Б.М.Юнусалиев белгилегендей, тарыхый жактан эки чоң кырдаалга байланышкан: биринчиден, алгачкы республикалык басма сөз интеллигенттеринин басымдуу көпчүлүгү түндүк диалектинин өкүлдөрү болушкан, экинчиден, республиканын саясий-экономикалык борбору түндүк Кыргызстандан орун алган. Бул эки кырдаалдын пайда болушу өз иретинде дагы бир чоң тарыхый кырдаалга – түндүк Кыргызстандын мурунураак Россияга кошулуп,

маданий жана экономика жагынан анын прогрессивдүү таасири эртерээк көрүп калгандыкка байланышкан (1985:351).

Ошону менен бирге кыргыз адабий тили азыр жашап жаткан түндүк жана түштүк диалектилердин, ошондой эле алардын составына кирген говорлордун эч бирине толук дал келбейт. Бул жөнүндө академик В.В.Виноградов: «Литературный язык никогда не совпадает со своей диалектной основой, даже если этот диалектный источник литературного формирования является главным или претендует на основную роль»,- деп көрсөтөт (1978:294). Аны кыргыз говорлоруна мүнөздүү болгон төмөнкүдөй бир катар белгилер даана көрсөтөт. Алсак, түндүк диалектиге кирүүчү говорлордун көпчүлүгүнө мүнөздүү болгон сөз башындагы *н* тыбышынын түшүрүлүп айтылышы (*Арын, айза, амыс);* айрым гана сырдык сөздөрдү эсепке албаганда, сөз башында каткалаң *п* тыбышынын колдонулбасы (*байда, бадыша);* Ысык-Көлдөн башка түндүк говорлордо бардык орундагы з тыбышынын ордуна *с* тыбышынын колдонушу (*самана, кысыл, күс);* Чүй өрөөнөө батыш жагында жана Талас говорунда учур чактын татаал түрүн уюштуруучу жардамчы этиштердин *жатыры, отуру, туру, жүрү* түрүндө айтылышы (*келе жатыры (келатыры), ойноп жүрү)* ж.б. өзгөчөлүктөр түндүк диалектиге кирүүчү говорлордун адабий тилден айырмалуу экендигине далил боло алат. Ал эми түштүк диалектиге кирүүчү говорлорго жалпы мүнөздүү болгон тогузунчу үндүү *ә* фонемасы (*әсәл, тәтти, жәйлөө//жәйлөw*); III жакты көрсөтүүчү ат атоочтун *ол* түрүндө айтылышы; *һ, х* тыбыштарынын кенири колдонулушу (*һар ким, бәһәр, халк, хат);* сөз башында. п, г тыбыштарынын жүйүр айтылышы (*полот, палван, пут, пычак, геп, гилем);* көпчүлүк түштүк говорлордо эринчил созулма үндүүлөрдүн ордуна эриндүү дифтонгдордун йтылыш өзгөчөлүгү (*тоw, суw, күw, төw*); ичкилик говоруна мүнөздүү айрым мүчөлөр уланганда бир муундуу этиш сөздөрдүн аягындагы *л* тыбышынын түшүрүлүп айтылышы (*боvойт, кеген);* жанаша айтылган эки сөздүн экинчисинин башындагы *к* тыбышынын жумшак үнсүздөрдөн жана үндүүлөрдөн кийин жумшарбай айтылышы (*ала карга, һар кандай)* сыяктуу тыбыштык өзгөчөлүктөр, буйрук ыңгайдын II жагынын жекелик сылык түрүнүн *-ың* формасы менен айтылышы (*алың, барың);* дааналык сандарды уюштуруучу *тә//та* мүчөсүнүн колдонулушу (*питта, онта);* сүйлөмдөрдү же сөз менен сөздү байланыштыруучу *ки, лекин, һам//йәм//әм, амма//әммә* байламталары жана *һам//йәм, кү, у//йу* бөлүкчөлөрүнүн колдонулушу; ичкилик говоруна мүнөздүү болгон этиштин көптүк түрүнүн *-лар* мүчөсү менен уюштурулушу

*(келеттер, бардылар);* таандык уландынын III жагында турган зат атоочтордун өзгөчө жөндөлүшү (*атыга, атыны, атыда, атыдан)* сыяктуу грамматикалык өзгөчөлүктөр жана башкалар түштүк диалектиге кирүүчү говорлорду адабий тилден айырмалап турат.

Эгерде фонетикалык жана грамматикалык белгилер боюнча адабий тилдик норма менен диалектилик өзгөчөлүктөрдү айырмалоо бир кыйла жеңил болсо, лексикалык өзгөчөлүктөр жөнүндө аны кесе айтуу көп учурда кыйынчылык туудурат. Бул кыйынчылык төмөнкү шарттарга байланыштуу:

Биринчиден, адабий тил менен диалект, говорлордун фонетикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө салыштырганда лексикалык айырмачылыгы сан жагынан өтө эле көп (алардын материалы боюнча бир же бир нече томдук сөздүк түзүүгө мүмкүн) жана лексика-семантикалык тематикасы боюнча бир кыйла чаржайыт. Анткени грамматикалык, фонетикалык өзгөчөлүктөр системалуу мүнөзгө ээ, ал эми лексикалык өзгөчөлүктөр көп учурда конкреттүү жеке сөз менен байланышат.

Экинчиден, кыргыз улуттук жазма адабий тили жаш адабий тилдердин катарына кирет жана азыр да көбүнчө лексикалык жактан жаңылануу процессин башынан өткөрүп жатат. Ошол себептен адабий норма катары калып алган сөздөр менен бирге али диалектилик тагы кете элек аралык көрүнүштөгү сөздөр да бар. Маселен, *агет, ок арык, гозо, гозопая, жегене, шалыпая, пилла, писта, гүлдесте, гүлзар, гүлчамбар, айван, шып, адамзаада, инсан, астейдил, лазим, маара, набыт, оропара, чабандоз* сыяктуу дагы көп сөздөр газета-журналдык кабарларда, публицистикалык чыгармаларда, айыл чарба жөнүндө китепчелерде, лекция, докладдарда, радио же телеберүүлөрдө, ошондой эле көркөм адабиятта бир топ эле активдүү колдонулуп жүргөндүгүн байкайбыз. Ошону менен бирге бул сөздөрдүн жергиликтүү диалектилик мүнөзү да айкын сезилет.

Үчүнчүдөн, жалпы эле лингвистикалык адабиятта, ошондой эле кыргыз тил илиминде «диалектилик сөз», «диалектилик лексика» жана «диалектизм» деген терминдер жана алар туюнткан түшүнүктөр жөнүндө бирдиктүү так пикирлер жок. Атап айтсак, Н.М.Шанский: «Диалектилик лексика деп, жалпы элдик лексиканын системасына кирбестен, жалпы улуттук орус тилинин бир же бир нече диалектисине тиешелүү болгон сөздөрдү түшүнөбүз ... Диалектилик мүнөздөгү сөздөр диалектизмдер деп аталат»,- (Шанский Н.М., 1972: 117-118) деген түшүнүк берүү менен жогоруда аталган терминдерди синонимдик мааниде колдонгон. Диалектизмге ушул эле мазмундагы

аныктаманы А.В. Калинин да берет. Бирок ал диалектизм дегенибиз, бул говор үчүн мүнөздүү болгон жана бизге адабий эмес катары туюлган сөз, же сөз тизмеги, же тыбыштык өзгөчөлүк, же грамматикалык белги деп толуктайт (Калинин А.В., 1966:124).

Кыргыз тили илиминде да «диалектизм» деген түшүнүк диалектилерге, говорлорго тиешелүү лексикалык, фонетикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрдөн ажыратылбай түшүндүрүлүп келген. Ж. Мукамбаев өзүнүн «Кыргыз тилинин жалпы элдик жана диалектилик лексикасы» деген макаласында: «Диалектизм деп, адабий тилдин нормасына мүнөздүү болбогон, жалпы элдик тилге бирдей тарабаган, жергиликтүү диалектилерде, говорлордо гана учураган тыбыштык, лексикалык, семантикалык, морфологиялык, синтаксистик, фразеологиялык өзгөчөлүктөрдү айтабыз», -деген аныктама берет (Мукамбаев Ж., 1969).

Т.Ахматов, Ж.Мукамбаевдин (1978: 152-158), А.Сапарбаевдин (1997: 189-198), Э.Абдулдаевдин (1998: 221-125), С.Өмүралиеванын (2001: 104-110) жогорку окуу жайлары үчүн лексикология боюнча окуу китептери, окуу куралдарында да «диалектилик лексика» менен «диалектизм» эки башка термин катары ажырымдалбастан, аралаш колдонула берет.

«Диалектизм» деген түшүнүктү биз да мурда ушундайча түшүнүп, лексикология боюнча жогорку окуу жайларына арналган окуу куралында «Тилдин белгилүү гана территорияга таралып, жалпы элдик мүнөздө болбогон фактылары диалектизмдер деп аталат», -деп аныктаган элек (Мамытов Ж., Кулумбаева З., 1971: 64). Кийин бул көз карашыбызды өзгөртүп, диалектизмдерге жаңыча аныктама, түшүндүрмө бердик (Мамытов Ж., 1999: 197-198).

О.С.Ахманова «Лингвистикалык терминдердин сөздүгүндө» «диалектизм» деген терминдин эки маанисин ажыратып берет:

1. Диалектные слова, употребляющиеся в языке художественной литературы как средство стилизации слога...

2. Фонетические, грамматические и лексические особенности, свойственные тем или другим диалектам и вкрапливаемые в речь, в основном соответствующую нормам литературного языка» (1966: 131). Ал ошондой эле «диалектизмден» «диалектилик лексика» менен «диалектилик сөздү» айырмалап: «**Диалектное слово** 1) Слово, бытующее только в одном или нескольких диалектах данного языка и неизвестное в его литературном образце. 2) Территориальная разновидность слова (территориальный вариант слова), которая может отличаться от литературного его образца в фонетическом,

морфологическом и семантическом отношениях», - деп аныктайт (1966: 132).

Б.Ө.Орузбаева «Лингвистикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгүндө» диалектизмге «чыгармаларда же речте учуроочу белгилүү диалектиге тиешелүү сөздөр же сөз тизмектери» (1972: 94),- деген аныктама берип, диалектилик лексиканы «белгилүү бир диалектиге мүнөздүү же ошол диалектиде жалпы тилдеги маанисинен башкача мааниге ээ сөздөр» (1972: 151-152), - деп аныктайт.

Башка бир изилдөөчүлөр «диалектизм» деген түшүнүктү жөн эле жергиликтүү, территориялык диалектиге, говорго тиешелүү сөздөр же диалектилик лексика эмес, адабий тилде колдонула турган диалектилик сөз катары түшүндүрүшөт. Маселен, В.Н. Прохорова: «Диалектизмдер - адабий тилдин составында колдонулган жергиликтүү диалектилерге таандык сөздөр»,- деп аныктайт (Прохорова В.Н., 1957: 4). Бирок кийинки аныктаманы да толук жана так деп эсептөөгө болбойт. Мындагы так эместик «адабий тил» менен «көркөм адабияттын тили» деген түшүнүктөрдү чаташтыруудан келип чыгып отурат. Бул жагынан: «Эгерде диалектилик сөз адабий тилге кирген болсо, анда ал адабий сөздөрдүн катарына өтүү менен диалектизм болуудан калат. Эгерде диалектилик сөз стилистикалык максат менен көркөм чыгарманын тилине кирип калса жана ал ошону менен бирге адабий тилдин нормасы болуп эсептелбесе, анда ал диалектизм бойдон калат», -деген казак окумуштуусу Ш.Ш.Сарыбаевдин (1973: 12-13) пикирине толук кошулууга болот. Анткени көркөм адабияттын тилинде учураган тилдик сүрөттөө каражаттарынын бардыгы эле адабий нормага туура келе бербейт жана адабий тил менен көркөм чыгарманын тили адамдар жамаатынын тилдик катнашуу каражаттарынын адабий эмес формаларына карата ар башкача мамиледе болот. Көркөм чыгарманын тилинде жалпы улуттук тилдин негизин түзгөн адабий тилдин материалдарынан башка, жергиликтүү диалект, говорлордун элементтери да кездешет.

Демек, диалектизм дегенди жалпы улуттук тилдин составында жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү берүү үчүн адабий чыгармаларда *атайын стилистикалык максатта колдонулган* тилдик көркөм каражат деп түшүнөбүз.

Иштин бул бөлүгүндө, диалектизмдерди стилистикалык категория катары аныктоо менен бирге, диалектизмдердин типтерин мүнөздөө, диалектизмдерди көркөм чыгарманын структуралык элементи катары көрсөтүү, изилденип жаткан бирдиктердин көркөм контекстке карата

болгон мамилесин, б.а. көркөм чыгармадагы диалектилик лексиканын эстетикалык кызматын аныктоо, ошондой эле адабий тилде жазылган көркөм чыгармаларда диалектилик лексиканы колдонуунун принциптерин жана ыкмаларын тактоо милдеттери коюлду. Айрым жазуучулардын стилистикалык каражат катары диалектилик лексиканы колдонуудагы жекече ыкмаларын көрсөтүү да ушул изилдөө иштин кошумча милдетине кирет. Анткени тигил же бул жазуучунун чыгармачылык жүзү көркөм чыгармада диалектилик лексиканы канчалык көлөмдө колдонгонунан эмес, эстетикалык функцияда кандай сапатта колдонгондугуна жараша мүнөздөлөт.

## 2-§. Диалектизмдердин түрлөрү

Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармаларында колдонулган диалектизмдердин спецификалык кайсы белгилеринин берилгендигине карай аларды төмөнкүдөй түрлөргө бөлүштүрүп кароого болот.

Жергиликтүү диалектиге, говорго тиешелүү лексиканын көркөм чыгармаларда колдонулушу **лексикалык диалектизмдер** деп аталат.

Лексикалык диалектизмдердин составы бир тектүү эмес. Кээ бир лексикалык диалектизмдер адабий тилдеги сөздөргө синоним болот, башкача айтканда, адабий тилдеги сөз менен диалектидеги сөз бир эле түшүнүктү берет. Мисалы: диал. *илеп*//ад. т. эрин: «*Илептери* кеберсип, кара сур өңү түнөрөт» (Ш. А. Өкүм); диал. *ука*//ад. т. ини: «Өзүм сүйүнчүлөгөн *укамдын* ачыктан ачык шылдыңдап, кемсинткен кылыгына ушундай жаным кашайды»; диал. *астана*//ад. т. босого: «Ол эки кыз 1-класстын *астанасын* кошо аттап, ошол жоон топ кыздан үчөөбүз калдык»; диал. *ликап*//ад. т. далинке: «Чыны, табактар менен *ликаптарга* көзүңүз түшөт» (К.Боб. Түштүк кызы); диал. *дасоромол*//ад. т. кол жоолук, бетаарчы, жүзаарчы: «Менин сага түбөлүк берилгендигиме ушул күбө болсун, -деди да, Зейнеп Бекжанга *дасоромолун* сунду» (М.А. Жашагым келет); диал. *асел*// ад. т. бал: «Жыйын *асел* аарынын уюгундай күңгүрөп баратты»; диал. барик//ад. т. жалбырак: «Жолбун жел *бариктерди* акырын шыбыратып, кайта дым болуп жоголуп кетет» (Т.К. Сынган кылыч). Лексикалык диалектизмдердин мындай түрү **нагыз лексикалык диалектизмдер** деп аталат.

Диалектилик лексиканын экинчи бир түрү - жергиликтүү элдин турмуш шарттарына, чарбачылыгына, үрп-адатына гана тиешелүү болгон нерселердин, буюмдардын, көрүнүштөрдүн аттарын атаган сөздөр. Бул сыяктуу түшүнүктөрдүн аттары бүткүл улуттук жамаатка

белгисиз болот. Көркөм чыгармада колдонулган мындай диалектизмдердин адабий тилде синоними болбойт. Диалектизмдин бул түрү **этнографиялык диалектизмдер** деп аталат.

Жазуучулар белгилүү территорияда жашаган адамдардын турмуш-тиричилигинин, чарбачылыгынын өзгөчөлүктөрүн сүрөттөө үчүн этнографиялык диалектизмдерге көп кайрылышат. Мисалдар келтирели: «Той кызматындагы аялдардын экөө бир-бирден мис чылапчын, жаркыраган мис *абдесте* көтөрүп кирип келишти». «Анын ийининде *байтешеси* бар эле». «Алымкулдун үстүндөгү сүзүлүп калган боз *жегдесинин* ийиндери айрылып, кызыл-ала болуп кандын тагы көрүндү». «Анда бир топ кишилер менен кошо *мандикер* кылып жүргөн окшойт» (М.А. Жашагым келет). «Төрүбүздө шыпка жете катар жыйылган үч *мээрап* жүк үйүбүздүн көркү». «Бетимди жууп, эртеңки *наңүштага* апам экөөбүз отурдук» (К.Боб. Түштүк кызы). «*Пешайбандын* кыбыла жакка бурчундагы *чарпаяда* бостек төшөп орун салды» (Ш. А. Өкүм) ж.б.

Лексикалык диалектизмдердин дагы бир түрү - **семантикалык диалектизмдер**. Буга тыбыштык формасы боюнча адабий тилдеги сөзгө туура келип, бирок мааниси боюнча адабий тилден өзгөчөлөнүп турган сөздөр кирет: «Айзада каракөз башатка эки *челек* («чака» маанисинде) ийиндеп сууга келди» (Т.К. Сынган кылыч). «Сайдан өткөн соң аттан түшпөй эле, көк моюн *шишени* («бутылка» маанисинде) суурду» (Ш.А. Өкүм). «Тарткынчактатып жетелеп, *торпокту* («музоо» маанисинде) аркандап келди» (К. Боб. Түштүк кызы). «... Төлөнбай миңбашы ... *шай көрпөнүн* («төшөк» маанисинде) үстүндө жатат» (М.А. Жашагым келет).

Көркөм адабиятта лексикалык диалектизмден башка жергиликтүү говорлорго тиешелүү туруктуу сөз айкаштарынын - фразеологизмдердин колдонулган учурлары да жолугат. *«Аптапта катык жалашканбыз»* (Ш.А. Өкүм); *«Чүчбараны кам ойлогон* боз баш кыз акыл айткысы бар мага*»* (Ш.А. Тааныш адамдар).

Диалектизмдин бул түрү **фразеологиялык диалектизм** деп аталат.

Кыргыз көркөм адабиятында жергиликтүү диалект, говорлордун жалаң гана лексикалык, фразеологиялык өзгөчөлүктөрү чагылдырылбастан, фонетикалык жана грамматикалык (морфологиялык, синтаксистик) деңгээлдеги өзгөчөлүктөрү да чагылдырылат.

Көркөм чыгармада берилген жергиликтүү диалектилердин, говорлордун тыбыштык өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылганда, төмөнкү эки учурду эске алуу зарыл. Эгерде тигил же бул тыбыштык өзгөчөлүк белгилүү диалектинин же говордун бүтүндөй фонетикалык

системасына мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрдү чагылдырса, анда б[...] нагыз фонетикалык диалектизм болуп эсептелет. Буга төмөнкүлөр[...] көрсөтүүгө болот:

1) Түштүк диалектиге тиешелүү тогузунчу *д*, *дд* фонемаларын[...] берилиши. Кыргыз алфавитинде *д*, *дд* тыбыштарын белгилей турга[...] атайын тамгалар болбогондуктан, бул көрүнүш чыгармалар[...] графикалык жактан бир сөз ичиндеги жанаша муундарда тил арты[...] менен катар тил алды *и* же *э(е)* үндүүлөрүн берүү аркылуу белгиленге[...] Мисалы: «Ар кимиси *арди* айтып ... Кудаярхандын башы чынд[...] каңгы болду»; «Көзү жок жерде ким көрүнгөн шакебелеп, ата[...] жаман *калдин* тилегин көр дешип, күлүп жүрүштү»; *«...Майли...* ме[...] иракет намаз окуп алайын» (Т.К. Сынган кылыч).

2) Түндүк диалектинин төмөнкү Чүй, Талас, түштүк диалектинин Чаткал, Ала-Бука, Аксы жана ичкилик говорлоруна мүнөздүү адаб[...] тилдеги эринчил созулмалардын ордуна эриндүү дифтонгдорд[...] берилиши. Адабий тилдеги эринчил *өө, оо, уу, үү* созулмаларын[...] ордуна колдонулган дифтонгдор көркөм чыгармаларда көбүнчө *өү, өбү, өб, обо, обу, оу, уба, убу, уб, ау* тыбыш айкалыштары аркылу[...] берилген. Мисалы: «Эки эгиздин *бирөвүн* кем жараткан сен дүйнө» (ад.т. бирөө); «Сөздү эмнеден баштарды билишпей *экөбү* тең салбыра[...] отуруп калышты» (ад.т. экөө); «Ошол бойдон унчугушкан жок, *үчөбү* үңкүрдүн оозуна барышты» (ад.т. үчөө); «-Бул кайран сары атымды[...] *төлөбү*! -деди Кулкиши жаркылдап» (ад.т. төлөөсү). (Т.К. Сынган кылыч). - «Өлүктү эстеп мусапырларга аш берүү - чоң собоп болот де[...] укчу элем» (ад.т. сооп) (М. А. Жашагым келет). «Шералинин үсті[...] башын ушу убакка чейин эл көргүдөй кылып *обуштуруп* койбогондугу үчүн ичинен Нүзүпкө кине ойлоп кетти» (ад.т. ооштур); «Кожо башын калтылдатып: *-Тоуба ... Тоуба ...* -деп жакасын кармады» (ад.т. тооба); «-Жеңе, үшүп калба, сумбула быйыл эрте *тубабы*, күн жакшы эле салкындап баратат» (ад.т. тууйбу); «Бир тизеси олдоксон бүгүлүп, ошол жак ийни пас түшүп, колу жансыздай шалдайып, өз денесине *жубубай* турду» (ад.т. жуубай); «-Канга боелгон көйнөгүбүздү көрбөй эл үмүтүн үзбөс, душмандын көкшүнү *субубас*, өчөштүгү тынчыбас! - деди Исхак» (ад.т. суубас) (Т. К. Сынган кылыч); «Бул кандай бийик күнөө? Мен аны кандай *жубам*?» (ад.т. жууйм). (Ш.А. Буркан); «Ошондо туугандарым менен артынан *куба* келдим» (ад.т. кууй келдим); «Көк теректер желге *шаулдап*, туш-туш жактан гүлдүн балдын жыты буруксуп келип жатты» (ад.т. шуулда) (Т.К. Сынган кылыч).

Кээде эринчил дифтонг созулма үндүү сыяктуу эле эки окшош үндүү тамга аркылуу жазылып, бирок ага *н* тыбышы менен башталган мүчө жалганганда, *я* тыбышы *д* тыбышына өткөрүлүп берилген. Мисалы: «...жыландын куйругундай гана эч шабыртсыз *тууду* ээрчигиле» (ад.т. тууну); «Акыр кыямат жакындап калганбы дейм, жашы *улуудун* насаатын жаштар терс алып, жамандык катары көрүп, пурсатына кыспай турган болду» (ад.т. улуунун) (Т.К. Сынган кылыч).

Көркөм адабиятта адабий тилдеги эринчил созулмалардын ордуна байыркы *[гъ (г)]* тыбышынын катканга айланган формасы да учурайт. Мисалы: "*Улук* даражалуу, мусулман баласынын бир ишеничи, Мирза Насирдинбек жээнчеринин урматы үчүн көкбөрү алып чыкты! Бул *улук* сыйдын, кадырдын белгиси! - деп жаш мырзасынын көңүлүн тындырды" (ад.т. улуу); "-*Эликке* чыгып али келин сынын бузбайт" (ад.т. элүү) (Т.К. Сынган кылыч). "Ат *кечикте* катары менен төрт темирчи уста бар" (ад.т. кечүү) (М.А. Жашагым келет).

3) Кыргыз говорлорунда айрым сөздөрдүн эки түрдүүчө айтылышы, башкача айтканда, кээ бир жерлерде кыска үндүү менен айтылуучу сөздөр башка бир говордо созулма үндүү менен айтылган учурлар да көркөм чыгармаларда чагылдырылган. Мисалы: "Ар кимиси өзүнчө ой *жооруп* күтүштү" (ад.т. жоруп); "Хан амирин тутса тутуп, бирок аскер болууну токтото туруу керектигин Бекназардан *оозунуп* сүйлөйт болучу" (ад.т. озунуп); "Бүгүн сыйлуу *оорунда* отурган Теңирберди аксакал да күттү" (ад.т. орунда); "Айзаданын жүрөгү дикилдеп *чоочулады*" (ад.т. чочулады); "-Ыя! - деп, чоочуп кыйкырып, башын көтөрдү" (ад.т. чочуп) (Т.К. Сынган кылыч).

4) Түндүк говорлордо жана адабий тилде белгилүү позициялык шартка жараша сөз башындагы кош эринчил оозчул жумшак *б* тыбышы кош эринчил мурунчул жумшак *м* тыбышына өткөн болсо, түштүк говорлорунда көбүрөөк мурдагы түрүндө сакталып калган. Түштүк темасына арналган чыгармаларда бул тыбыштык өзгөчөлүктөр да учурайт. Мисалы: "Исхак башын жерге салып, *бууну* калтырап оозуна эчтеме кирбей, көпкө унчуга албады" (ад.т. муун); "Жакшыдан *бөөн*, а жамандан жахан деген ушубу? ..." деген ойго кетип турду" (ад.т. мөөн) (Т.К. Сынган кылыч).

5) Түндүк диалектинин Ысык-Көлдөн башка бардык говорлоруна, башкача айтканда, Чүй, Тянь-Шань, Талас говорлоруна жана түштүк диалектинин түндүк жана түндүк-чыгыш (Чаткал, Ала-Бука, Аксы, Кетмен-Төбө) говорлоруна мүнөздүү *з* тыбышы менен *с* тыбышынын алмашылып айтылыш учурлары да көркөм чыгармаларда кездешет.

Мисалы: "Абил бий ... жээги күмүш кызыл кесени *кесеги* келгенде акырын алып ... дагы эле ойдон бөлүнө албай, ой толгоо тартып отуруп калды" (ад.т. кезек) (Т.К. Сынган кылыч); "Бери болчу? ... *Соңкойгон* садага болоюн" (ад.т. зоңкойгон) (С. Ө. Бороондуу күндөр); "Эгер мунун колунан келсе абактыга жаптырам. *Сындангa* салдырам" (ад.т. зындан) (К.О. Эзелки кек); "Бетегеси буралган жайытта жылкы ыңкып, *кымыс* жыттанат" (ад.т. кымыз) (Ш.Б. Данакер).

6) Айрым говорлордо учураган синкопа (абсорбция) процессин, башкача айтканда, уяң үнсүздөр менен катар келгенде сөз ичиндеги үндүү тыбыштын түшүп калыш учурларын да адабий чыгармалардан кезиктирүүгө болот. Мисалы: "-Жинденбесин ... Жинденбесин! ... Токтотсун ... Токтотсун! ... деп *шыбрады* аптыгып" (ад.т. шыбырады) (Т. К. Сынган кылыч).

"Эгерде ким *унтуп* койсо энесин, (ад.т. унутуп)

Эч ким анын сунган колун албасын" (Т. Кож. Апа).

7) Адабий тилдеги йvр тибиндеги муундун түштүк говорлорго мүнөздүү йрv тибине өтүп метатезаланышы да көркөм чыгармаларда учурайт. Мисалы: "-... кудай бизди *айрыды* ... Жамгырчы жашып кетти" (ад.т. айырды); "Ал азыр башка туугандарынан *айрымасы* жок" (ад.т. айырмасы); "Ынтымак туугандык бир болсо, кудайдын *буйруган* ырыскысы өзү табылар" (ад.т. буйурган); "-..Кутурган күчүгүңө *кайрыган* сөзүңүз мени ыраазы кылды" (ад.т. кайырган); "- ...А сени, Абдырахман! Териңди тескери гана *сыйрыбай*" (ад.т. сыйырбай); "Айланайын, эл агасы, жеңеме камчы *уйрүдү*!" (ад.т. үйүрдү) (Т.К. Сынган кылыч).

Эгерде адабий тилден айырмаланган тыбыштык өзгөчөлүк тигил же бул диалектинин же говордун бүтүндөй фонетикалык системасына тиешелүү болбой, бирин-эки сөз менен гана чектелсе, мында сөз **лексика-фонетикалык диалектизм** жөнүндө болуу керек. Көркөм чыгармалардан бир нече мисалдар келтирелик: "-Бий *тууру* айтат" (ад.т. туура) (Т.К. Сынган кылыч).

"Тууган жер, аман тургун, колду келе!

Балдарың сени *тыштап* кетмек беле?" (ад.т. ташта)

(Т. Кож. Оттон өскөн кызыл гүл).

"-*Жиендериңиз* эч кимдин чекесин жылыткан жок, бий - деди" (ад.т. жээн); "Эки колу, эки буту кара темир *жынжыр* менен чидерленип ... төрт атчан төрт жакка керип алышкан" (ад.т. чынжыр); "-Мадылым, мүнүшкөр тууганыңдын колунан *мылтык* көргөндөй болдум беле?" (ад.т. мылтык); "...*дарбиясы* болбой, иштин көзүн

билбей турса, ушул учурда хам башка бир жетик адамды ханга аталык бийлигине чакырса болот" (ад.т. тарбия) (Т.К. Сынган кылыч). "...көпчүлүгүнүн башындагы *допулары* гана жаңы" (ад.т. топу) (М.А. Жашагым келет).

" *Чөңөр* кирип бутуна, (ад.т. чөмөр)

Араң келди сороктоп" (Т. Кож. Азат ыйлайт).

«Өтөгү күдүрөйгөн *жанак*, ак чечектүү бадал" (ад.т. жангак); "Иса-оулия күймөнүп, чекесин алтын менен чегеленген, түбү *чукур*, кичинекей чөйчөккө кумурадан бирдемени куя баштады" (ад.т. чуңкур); "Төбөсү бийик, кайырмасындагы көрпөсү *ничке* келген бөрк" (ад.т. ичке) (Т.К. Сынган кылыч).

"Кимдин, кимдин *дарды* өттү? (ад.т. дарт)

Көз жашын жигит көлдөттү ..." (М.А. Жашагым келет).

Көркөм адабияттын материалдарынын негизинде эле диалектилердин, говорлордун фонетикалык өзгөчөлүктөрүн нагыз фонетикалык жана лексика-фонетикалык диалектизмдерге бөлүштүрүү бир кыйла шарттуу болушу да мүмкүн, анткени көркөм чыгармаларда жалпы улуттук тилдин составындагы диалектилик өзгөчөлүктөрдүн толук чагылдырылышы мүмкүн эмес жана анын зарылдыгы да жок. Анын үстүнө, көркөм адабиятта диалект, говорлордун фонетикалык өзгөчөлүктөрүнүн тигиниси да, мунусу да жергиликтүү калктын тил өзгөчөлүгүн берүү максатын көздөп, стилистикалык жактан бирдей эле милдет аткарат. Ошондуктан көркөм адабияттын тилин талдаган учурда, ылайыгына жараша аларды өз ара дифференциациялап отурбай, жөн гана **фонетикалык диалектизмдер** жөнүндө сөз кылуу ылайыктуу. Ошондой эле тыбыштык жактан адабий тилдеги сөздөн айырмаланган кээ бир жеке сөздөрдү кандайдыр бир локалдык изоглосса менен чектөөгө да болбойт. Маселен, жогоруда келтирилген *мынтык, чөңөр, чукур* сыяктуу өзгөчөлүктөрдү белгилүү бир ареалга тиешелүү көрүнүш катары кароо мүмкүн эмес. Мындай учурда жеке сөздөгү жергиликтүү фонетикалык өзгөчөлүк жөнүндө салыштырмалуу түрдө гана айтып, буларды карапайым тилге (просторечие) тиешелүү көрүнүш катары кароо жөндүү болот.

Көркөм адабияттагы сөздүн морфологиялык өзгөчөлүгүнө байланышкан диалектизмдер да фонетикалык диалектизмдер сыяктуу **нагыз морфологиялык** жана **лексика-морфологиялык** диалектизмдерге бөлүнөт. Диалект, говорлордун көбүнчө сөз өзгөртүү системасына тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрүнүн көркөм чыгармада берилиши **нагыз морфологиялык диалектизм** болот.

Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармаларынан диалект,

говорлордун сөз өзгөртүү системасына байланыштуу төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдү көрүүгө болот.

1) Түштүк диалектинин көбүнчө түштүк-батыш (ичкилик) говорлоруна мүнөздүү таандык уландынын III жагында турган зат атоочтордун барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө өзгөчө жөндөлүшү. Мисалы: «-Күмбөз *айланасыга* көп жыл жашай турган чынар терек сайдым» (ад.т. айланасына); «Өз *калкыны* кор тутуп, залим болду падыша ...» (Т.К. Сынган кылыч).

2) Түштүк говорлоруна мүнөздүү болгон буйрук ыңгайдын экинчи жагынын жекелик сылык түрүнүн адабий тилдеги *–ыңыз* формасы менен катар көбүнчө *-ың* мүчөсү менен уюштурулушу. Мисалы: «-Сиз, Науман пансат, аскерден канча керек болсо *алың* ...» (ад.т. алыңыз); «-*Келиң*... *Келиң* ... - деп калды коончу абышка бүжүрөй» (ад.т. келиңиз); «... *Караңчы*, бул жашыл чөп ар кандай төшөктөн таза, ар кандай килемден көрктүү ...» (ад.т. караңызчы) (Т.К. Сынган кылыч). «-...Эми өзүмө *коюң*» (ад.т. коюңуз) (Ш.А. Темирбайдын тукумунун баяны); «*Айтың, айта бериң*, -деди Кабыл түшүнө бербей» (ад.т. айтыңыз, айта бериңиз) (Ш.А. Бушайман). «-Болуптур эмесе, эже, жакшы *туруң*» (ад.т. туруңуз) (М.А. Жашагым келет).

3) Адабий тилден айырмаланып, кээ бир көркөм чыгармалардын текстинде этиштик мамилелерди уюштуруучу айрым мүчөлөр түшүп калган түрүндө берилсе, кээде, тескерисинче, кошулуп берилген. Мисалы: «...тийбегени ташка урунуп чырылдап, тескери кайып кетип жаткан октун чуусу кулагын *жаңырды*» (ад.т. жаңыртты). «Бекназар колундагы кесе менен Абилди уруп жиберди да, унчукпай эшикке чыга *жөнөлдү*» (ад.т. жөнөдү) (Т.К. Сынган кылыч). «Ошол замат эле молдолор, имамдар, мударистер, өзүнүн жан-жөкөрлөрү элдин арасына *таралды*» (ад.т. тарады) (М.А. Жашагым келет).

4) Айрым көркөм чыгармаларда адабий тилдеги атоочтуктун *-ган* мүчөсүнүн ордуна ниет ыңгайдын *-макчы* мүчөсү колдонулган. Мисалы: «Аны *көрмөкчү* саркерлер, бектер аттарынан күбүлүп түшүп, артынан шашылып жөнөштү» (ад.т. көргөн) (Т.К. Сынган кылыч).

5) Адабий тилге мүнөздүү *-ганы* формасындагы максат чакчылдын ордуна көркөм чыгармаларда негизинен түштүк-батыш говорлоруна мүнөздүү жана түндүк диалектинин кээ бир пункттарында да параллелдүү форма иретинде кездешкен *-галы* формасы да учурайт. Мисалы: «Бизди шектүү кишилер катарында эсептеп, өз жолубузга *салгалы* келатышабы? — деп өз ичибизден ар түрдүү нерселерге жоруп отурдук» (ад.т. салганы) (М.А. Жашагым келет).

6) Этиштин татаал учур чагын уюштурууда көмөкчү этиштин функциясында колдонулуучу *жат, отур, тур, жүр* деген этиш сөздөр менен катар түндүк диалектинин Талас, төмөнкү Чүй говорлорунда жана түштүк диалектинин түндүк-батыш (Чаткал, Ала-Бука, Аксы) говорлорунда бул төрт этиштин узарган формасы да *жат-жатыр-жатыры, отур-отуру, тур-туру, жүр-жүрү* болуп параллель колдонулат. Мисалы: «-Кудай бербесе! Султанмаамыт бекер чабылып *жатыры* ...» (ад.т. жатат) (Т.К. Сынган кылыч).

«Төбөсүндө күндөн тоскуч чатыры,
Күйгөн түштө кулак байлап *жатыры*» (ад.т. жатат)
(Т. Кож. Эненин да, эмгектин да баатыры);

«-Кишинин кебин укпай, эмне деп дөлдүрөп *отуру* бу! ..» (ад.т. отурат) (Т.К. Туулган жер); «... көзү чекирейип, талашка түшкөн ат кайда *туру* экен дегендей, алдыртан серп салып, топко акырын салам айтып келди Абил бий» (ад.т. турат); «-*Жүрү* да бир тентек» (ад.т. жүрөт) (Т.К. Сынган кылыч).

7) Кыргыз говорлорунда татаал этиштин үчүнчү компоненти болуп колдонулуп, татаал этиш аркылуу берилген кыймыл-аракеттин (ал-абалдын) чала, мүчүлүш бүткөндүгү жөнүндө модалдык маани берген *жазда* - деген көмөкчү этиш менен бирге *жаз* - деген кыска формасы да көркөм текстте колдонулат. Мисалы:

«Теңселип араң калдым ат үстүндө,
Тебелеп кете *жазды* мени кошо» (ад.т. кете жаздады)
(Т. Кож. Чалкашка).

8) Адабий тилдеги татаал өткөн чакты уюштуруучу *эле* көмөкчү этишинин ордуна колдонулган диалектилик *эде//эди* формалары да көркөм чыгармаларда бир топ учурайт. Мисалы: «... Жана гана сиз бизди желдеттин алдына салып берем деп, кудайды эсиңизге албай текебер кеп урган эдеңиз» (ад.т. элеңиз); «...-.Мындай бир алды-артын абайлап жүрө ала турган болсо, майли эле, кеп-кеңешке аралаштырып да коер *эдим* го ...» (ад.т. элем); «Тартууга келген күң *эдиңиз*» (ад.т. элеңиз) (Т. К. Сынган кыыч).

9) Кыргыз говорлорунда кыймыл-аракеттин тездик, ыкчамдык менен бүткөндүгү же бүтө тургандыгы жөнүндөгү кошумча модалдык маанини берүүчү *ир* -деген көмөкчү этиш да көркөм чыгармаларда учурайт. Мисалы:

«Чымчык тиштеп бара жаткан үрөндү
Таштап *ирди*. Үстүн көмдү күрөндү»
(Т. Кож. Үрөн).

«Азынап үйүр жылкы сууга кирди.

Боз айгыр турган жерин казып *ирди*»

(Т. Кож).

10) Күчөтмө даражадагы *көпкөк* деген сын атоочтун ордуна түштүк говорлордо *көкмөк* болуп колдонулушу да көркөм чыгармаларда берилген. Мисалы: «Ана, шаңкайган улуу тоолор. Көкмөк чөп ... Бейгам күн...» (ад.т. көпкөк) (Т. К. Сынган кылыч).

11) Көркөм чыгармаларда ат атоочтун диалектилик *ол* (ад.т. ал), *маңа, саңа, оно* (ад.т. мага, сага, ага), *шол, шо* (ад.т. ошол, ошо), муногу, *тигиногу* (ад.т. мына бу, тиги) сыяктуу формалары да колдонулган. Мисалы: «*Муногуну* көзүмө көргөзбөй кетирчи!» - деп жиберди» (Т.К. Сынган кылыч). «-...Нуркул экөөбүз *тигиногу* жерде ойноп жүрчү элек, дүмбүл бышырып жечү элек! ...» (Т.К. Туулган жер). «*Шол* замат кемзелимдин ички чөнтөгүнөн сууруп чыгып, ага сундум» (К. Боб. Түштүк кызы).

Тигил же бул диалектинин, говордун бүтүндөй сөз өзгөртүү системасына тиешелүү болбой, диалектилик мүнөздөгү жекече сөздөргө байланышкан морфологиялык көрүнүштөр **лексика-морфологиялык диалектизмдер** деп аталат. Лексика-морфологиялык диалектизмдерде диалектилик сөз менен адабий тилдеги сөздүн уңгусу окшош келип, көбүнчө сөз жасоочу мүчөсү же сөз жасоо структурасы боюнча айырмаланат. Ошондуктан айрым авторлор муну грамматикалык (морфологиялык) диалектизмдерден айырмалап, **сөз жасоочу (словообразовательный)** (Калинин А.В., 1966: 126) же **лексикалык сөз жасоочу (лексико-словообразовательный)** (Шанский Н.М., 1972:119) диалектизмдер деп да аташат. Буга мисал катары төмөнкүлөрдү көрсөтөүүгө болот: «Бирок өзүнүн тигил *дөдөбай* күйөөсү муну кандайча түшүндү экен?» (ад.т. дөдөй); «Ал эми май айларында бул жол менен базарга каттагандар кайра кайтканда ар кайсы жердеги *өрүкзарларга* токтошуп, көк шиберде жайбаракат гана дем алышчу» (ад.т. «өрүгү көп бак») (М.А. Жашагым келет). «Бүркүтүндү үксөйтүп тыттын башына кондуруп койсоң болду, ошондо эле чымчык *атпай* бу чөлкөмгө жолобой калат» (ад.т. аттуу) (Т.К. Сынган кылыч); «Менин Ошто эң кадырдан өзбек досум бар» (ад.т. кадырлуу) (М.А. Жашагым келет). «-Ала-Тоо коюну азбы!? Табылар бизге баш катар бир *бурчек*» (ад.т. бурч); «-Тылагында *мүйүзеги* барбы кызыталактын?! -Хи-хи ... *Мүйүзегин* сен кайрып койбойсуңбу?» (ад.т. мүйүз) (Т.К. Сынган кылыч). «-Сен көчө *чаўыткандьі*, ашык ойногонду айтасың» (ад.т. чандатканды); «*Морудан* бурк этип коюу түтүн асманды көздөй атырылды» (ад.т.

мордон); «Алымкул аны эки *мурусунен* жай гана ылдый баскансыды» (ад.т. мүрүнөн) (М.А. Жашагым келет).

Кыргыз тилинин диалект, говорлорунда адабий тилден айырмаланган жеке мүнөздөгү бирин-серин сөз өзгөртүү структурасына тиешелүү өзгөчөлүктөр да учурайт. Мисалы: «Ал *түндөлөрү* уктабайт деп айтсак да болот» (ад.т. түнү, түндөсү, түнкүсүн) (М.А. Жашагым келет). Ошол себептен кыргыз тилиндеги жогорку көрүнүштөрдү сөз жасоочу деп атаганга караганда, лексика-морфологиялык деп атоо түшүнүктүн мазмунуна көбүрөөк ылайык келет.

Лексика-морфологиялык диалектизмдердин катарына диалект, говорлордун сөз өзгөртүү жана сөз жасоо структураларына байланышкан жекече көрүнүштөрдөн тышкары сырдык сөз, жандооч, бөлүкчө, модаль сөз сыяктуу грамматикалык категорияларга тиешелүү жекече өзгөчөлүктөрдү да кошууга болот. Мисалы: «-*Ка*, өзүнүн шору, ... Казыкка! - деп, катуу айтып бурулуп басып кетти» (сырдык сөз, «мейли» деген мааниде); «Өз эл, өз журт, качан болсо да алаканда *кү*?» (бөлүкчө, күчөткүч, ырастагыч мааниде колдонулат); «Көп ичтик *жүде* ... деп койду ал» «эң, өтө, абдан» деген маанидеги бөлүкчө) (Т.К.Сынган кылыч). «*Апти* мээнети кайтып, көңүлү тынса, шаарга чыгып кетсе керек»; «*Апти,* Базыл аке кимден кандай сөз өткөнүн инисине төкпөй-чачпай айткан окшобойбу» («сыягы, болжолу, кыязы» деген маанидеги модаль сөз). (Т.К. Адам болгум келет).

Кыргыз адабий тили менен анын диалект, говорлорунун ортосунда синтаксистик айырмалар жок дээрлик. Ошондуктан кыргыз диалектологдорунун көпчүлүгүнүн эмгектеринде синтаксистик өзгөчөлүктөр жөнүндө атайын сөз да кылынган эмес. Э. Абдулдаев Чаткал говору жана Т.К. Акматов Талас говору боюнча изилдөөлөрүндө гана кыскача токтолушуп, аталган говорлордогу адабий тилден өзгөчөлөнгөн *йдм//дм, ки, апти* сыяктуу байламталардын колдонулушун жана Таласта айрым убакта сүйлөмдүн баяндоочу биринчи орунга, ээси экинчи орунга, андан кийин баяндоочко таандык айкындооч мүчөлөр келип айтылган учурун синтаксистик өзгөчөлүк катары көрсөтүшкөн (Абдулдаев Э., 1956: 102; Ахматов Т.К., 1959: 116-117).

Чындыгында эле байламтага тиешелүү диалектилик-говордук өзгөчөлүктөрдү морфологиялык өзгөчөлүк эмес, синтаксистик өзгөчөлүк катары кароо жөндүүдөй. Анткени байламталар жеке сөздүн структуралык түзүлүш чегинен чыгып, сүйлөм ичиндеги сөздөрдү жана кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү

өз ара байланыштыруучу каражат катары кызмат аткарат. Кээде байламталардын өзгөчөлүктөрү сүйлөмдөгү сөздөрдүн, баш жана багынынкы сүйлөмдөрдүн айкалыш конструкцияларына, орун тартибине өзгөртүү киргизиши мүмкүн.

Кыргыз жазуучулары өз чыгармаларында төмөнкүдөй диалектилик байламталарды колдонушкан.

1) *Хам [һдм//йдм//дм]* байламтасы. Бул байламта түштүк говорлордо активдүү колдонулат да, аткарган кызматы боюнча адабий тилдеги *да* байламтасына туура келет. Мисалы: "... ушул учурда *хам* башка бир жетик адамды ханга аталык бийлигине чакырса болот ..." (Т.К. Сынган кылыч); "Баканын өзү чөлдө болсо *ям*, көзү көлдө" (М.Б. Барпы).

2) ***Амалейким*** байламтасы. Бул байламта адабий тилдеги ***бирок, анткени менен, эгерде*** деген байламталарга жана ***чындыгында, сыягы*** деген модаль сөздөргө туура келет. Мисалы: "***Амалейким,*** чөбүндү билбейм; оягын өзүң карап көр"; "***Амалейким,*** ошол силердин айлыңардагы кишилердин төрөсү" (М.А. Жашагым келет); "***Амалейким,*** сен эс тарткандан бери минтип бир дасторкондо сүйлөшкөн эмессиз" (Ж.Мав. Келе колунду).

3) ***Ки*** байламтасы да түштүк говорлорунда бир кыйла активдүү колдонулат жана бардык учурда багынынкы кошмо сүйлөмдө багынычтуу сүйлөмдөрдү баш сүйлөм менен байланыштырып, мааниси жактан ар түрдүү милдет аткарат. Мисалы: "...чоң кудайдын каалоосу ушул экен *ки,* биз эмес сиз желдеттин алдына түшө турган болупсуз"; "-...Адалаты ушул *ки,* бийлик эгесинин бир ооз макулдугун алып коюу зарыл ..."; "-Булардын ортосу ушундай чаташкан *ки,* бир жагы кыйрамайынча тынччылык болбойт"; «...Менин сизге жан тартып айтар кеңешим ушу *ки,* бек, Болот-ханды тез бошотуп бергениңиз оң" (Т.К. Сынган кылыч).

Ошондой эле *ки* байламтасы бөтөн сөздүн ар кандай түрлөрүн берүү үчүн да кеңири пайдаланылат. Мисалы: "-...Эң акыры сизден ушуну өтүндү *ки,* колбашчы дарбазалардан аскерлерин нарыраак тарта турсун, алсызга ырайым ойлоп, чыгып кетүүгө жол берсин деди (Т.К. Сынган кылыч).

Жогоруда белгилүү болгондой, кыргыз көркөм адабиятында диалектизмдердин ар кандай типтери: нагыз лексикалык, этнографиялык, лексика-семантикалык, лексика-фонетикалык, лексика-морфологиялык, нагыз фонетикалык, нагыз морфологиялык жана синтаксистик диалектизмдердин кеңири колдонулгандыгы байкалат. Албетте, диалектизмдерди көркөм каражат катары колдонуу

маселеси ар бир жазуучунун чыгармачылык чеберчилигине, адабий көзкарашына, тилдик ченемди туя билүү сезимине, идеялык мазмунуна, тематикалык-композициялык түзүлүшүнө жараша чечилет. Бул жөнүндө кийинки бөлүмдө сөз болот.

### 3-§. Диалектизмдердин стилистикалык функциялары

Кыргыз көркөм адабиятында жергиликтүү колоритти түзүүнүн, кейипкердин кеп өзгөчөлүгүн берүүнүн тилдик каражаты катары диалектизмдерди пайдалануу жагы өткөн кылымдын 60-жылдарынан бери карай гана башталды деп айтууга болот. Мындай жагдай кыргыз адабият майданына Т.Касымбеков, К.Бобулов, М.Гапаров, Ш.Абдыраманов, Ж.Мавлянов, М.Борбугулов сыяктуу түштүк жергесинен чыккан жазуучулардын келиши жана алардын жергиликтүү темаларга көбүрөөк кайрылууларына байланыштуу. Кийинчерээк өзүнүн чыгармачылык багытын мурунку муундагы жазуучуларыбыздын бири М.Абдукаримов да түштүк темасына бурду. Буга чейин кыргыз жазуучуларынын адабий чыгармаларында диалектизмдер көркөм каражат катарында колдонулбай келгендиги жөнүндө «Адабий тилдин кээ бир маселелри» (1958) деген макаласында Б.М.Юнусалиев: «Адабий тилдин өсүшү, байышы, биринчи кезекте, көркөм чыгарманын өнүгүшүнө, анын тилине байланыштуу болот. Биздин советтик жазуучуларыбыз адабий тилдин биринчи куруучулары болгондугунда эч талаш жок. Бирок жазуучуларыбыздын тили бир ыңгайлуу мүнөздө болуп келаткандыгын эске албай кое албайбыз. Ар бир жазуучу ар бир чыгармасында ар түрдүү окуяга катышкан каармандарды өз тилинде сүйлөтүш керек, б.а. каармандардын профессионалдык жана диалектилик тил өзгөчөлүктөрүн толук сакталышы зарыл.

Касымалы Жантөшев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Аалы Токомбаев, Саткын Сасыкбаев жана башка жазуучуларыбыз түштүк райондордун турмушуна арналган азыноолак чыгармалар беришти. Бирок андагы колхозчу же дыйкан каармандарынын тилинде диалектилик өзгөчөлүктөрдүн жыты да жок. Алардын лексикасы баягы эле түндүк райондордун лексикасы. Диалектилик лексика – өсүп келаткан адабий тил үчүн түгөнгүс булактардын бири. Бул кырдаал дайыма эске тутулуш керек» (1985:331-332), - деп адилет пикирин айткан. Ушундай эле мазмундагы ой-пикирин «Кыргызча-орусча сөздүгүнүн» (1965) баш сөзүндө академик К.К.Юдахин да: «Кыргыз адабий тилинин

калыптанышы бүтө электигин далилдөөнүн анчалык эле зарылдыгы барбы. Ал диалектилик лексиканы пайдалануу өтө зарыл болуп эсептелген мезгилди башынан кечирип жатат. Ошол эле учурда көркөм адабият аны эң эле начар чагылдырууда. Ал гана эмес окуясы Кыргызстандын түштүгүндө жана Синьцяндын ага чектешкен бөлүгүндө өткөн көркөм адабий чыгармаларда да каармандар тили боюнча, айталык, эч нерсеси менен түндүктөгүлөрдөн айырмаланышпайт. Жергиликтүү тилдик колорит дээрлик жок» (ЮКОС:7), - деп айткан эле. Ошентип, диалектизмдерди көркөм чыгармада колдонуунун зарылдыгы айкын болду.

Көркөм чыгарманын текстинде диалектизмдер эстетикалык өтө эле ар түрдүү функцияларды аткарат: алар образды индивидуалдаштыруунун каражаты катары колдонулушу мүмкүн. Алардын жардамы менен турмуш-тиричиликти, социалдык чөйрөнү, ал-абалды жана башканы көркөмдүк жактан ишенимдүү, этнографиялык жактан так элестетип берүүгө болот. Диалектизмдерди пайдалануу менен автор көбүнчө элеттик пейзажды сүрөттөйт, жалпы фонду түзөт жана баяндоону өнүктүрөт. Диалектизмдер көптөгөн жазуучуларга көркөм чыгармада лирикалык башталышты жүзөгө ашырууга көмөктөшөт. Ошондой эле диалектизмдер көп учурда персонажды белгилүү бир этнографиялык жана социалдык чөйрөгө "таандык кылуу менен" мүнөздөөчү каражат катары да кызмат аткарат. Чыгармада күлкүлүү кырдаалды, какшык, шакабаны берүү үчүн да диалектизмдер колдонулат.

Ар бир диалектинин лексикасында жергиликтүү калктын жашоо-тиричилигине байланыштуу толуп жаткан сөздөр, терминдер болот. Мына ушул диалектилик терминологияны да өз чыгармаларынын текстине киргизүү менен жазуучулар көркөм баяндоодо этнографиялык тактыкка жетишет. Элет турмушу менен байланыштуу болгон мындай сөздөр окурманды айыл-кыштак турмушунун ага белгисиз жактары менен тааныштырат. Бул учурда мындай сөздөр жөн гана тааныткыч кызмат аткарбастан, чыгармада жазуучу тарабынан ойлоштурулган колоритти түзүү менен көркөм кызмат да аткарып калат. Бул көбүнчө текстте айтылып жаткан реалийди туюнта турган сөз адабий тилде болбой, ал сыпаттоо аркылуу гана түшүндүрүлүп, аны так атаган сөз говордо болгон учурда көбүрөөк колдонулат. Мындай учурда этнографиялык диалектизмдин колдонулушу "аргасыздан" болот, бирок ошондо да, диалектизмдердин мындайча колдонулушу жалаң гана терминологиялык жактан эле эмес, эстетикалык жактан да жүйөлүү

болушу керек: "Ал багымдат намазына даарат алган *абдестесин* коюп жатып апама көрсөтүп кубүрөдү". "Саяк болсо көбүнчө *айвандагы чарпаяда* ойлуу отурат». «Бекмат *дарчага* өбөктөй салам айтты". "-Баяракта темир уста Антон орустун балдары менен *хаузга* түшүп ойноп жүрөт болчу" (Ш.А. Жарык дүйнө). "Ээгиңдеги сакалы бириндеп, бети шапалактай болуп кичине көрүнгөн Темирбайдын кышын-жайын казганы көөра-жерди ийиндей үңүп казып барып, анан кичирээк боз үйдүн ичиндей тегерете казына кылып казат да, үстүнөн жеңдей ничке түндүк чыгарат", "Өзүнүн кийгени да боз *жегде*, боз дамбал-эскирип бүткөн". "...анын айланасында беш-алты адам,-.алдында аппак *шырман* нандар, жүзүмдөр, кесе кылып тилинген коондор ..." (Ш.А. Темирбайдын тукумунун баяны). "Алыскы сапардан кайткан Бурканды колдон келишинче жакшылап тосуп алышып, эртеси бир чымчымдан топтоп, төрт *чексе* дан чогултуп беришти". "Көңүлү ачылган Кадича *көзөөгө* куйган суюк ашын көтөрүп, Буркандын алдында жадырап кубанып келе жатты" (Ш.А. Буркан). "Чокон бара жаткан талаа *шыйпаны* алыс эле" (Ш.А. Чокондун ыйлагысы келет). "Айгүл кантти экен деген ой менен артына кылчайды эле, жакында эле өзү уруп бүтүргөн алты *пакса* дубалы көзүнө урунду" (Ш.А. Мады). "Бастыра берип карасам, бир боз үй көрүндү, жанында *марттан* ийип жасалган кара алачык үпөйөт ... Алачык менен үйдүн ортосунда сереси бар экен, үстүнө *кыша* таштап курут жайып коюптур" (Т.К. Туулган жер). "Бир паста бозо сүзчү чыт жоолук, *аты* даяр болду, куурай да апкелинди"; "Ошол замат *далистен* кыржыйган арык бала шып деп кирип келди" (Т.К. Жетим).

Мисалдардагы диалектизмдер жергиликтүү калктын жашоо-тиричилигинде колдонулган буюм-теримдердин, нерселердин жана башкалардын аталыштары болуп, чыгармада аларды этнографиялык жактан реалдуу сүрөттөөгө көмөк берген. Адабий тилде буларды төмөнкүчө сыпаттоо аркылуу гана туюнтууга мүмкүн: ***абдесте***-*узун чорголуу, мойну бийик, суу куюучу идиш,* ***айван***-*үйдүн маңдайкы калканчы;* ***чарпая***-*көбүнчө ачык абада же чайханада коюлуучу бир нече адамга ылайыкталган чоң орундук;* ***дарча*** *- коргондон сыртка чыга турган кичинекей эшикче, кичинекей терезече;* ***хауз*** *-чарбачылык үчүн керектелүүчү кичинекей жасалма көлчүк;* ***көөра*** *— автордун түшүндүрүүсү боюнча — жерди ийиндей үңүп казып барып, анан кичирээк боз үйдүн ичиндей тегерете казына кылып казылып, үстүнөн жеңдей ичке түндүк чыгарылган көмүр өчүрүлүүчү жай;* ***жегде*** *- жакасыз, киндикке чейин боору тилик, чалдар кийүүчү узун көйнөк;* ***шырман*** *- жогорку сорттогу ундан буурчактын уну кошулуп, сейдана*

*себилип, сүт, майга жуурулуп жасалган нан;* **чексе** *- 5-6 килограмм жакын чен бирдиги;* **көзөө** *- өзүнчө формадагы карапа идиш;* **шыйпаң** *– пахтада иштеп жаткан адамдар эс алуу үчүн талаада курулган бастырма;* **сере** *— там үй;* **пакса** *— ылайдан урулган дубалдын катмарлары;* **март** *— топ-топ болуп өсүүчү бадал өсүмдүгү, кээсинин узундугу 3 метрге чейин жетип, жоондугу адамдын билегиндей болот, март, апрель айларында ак гүл ачат;* **кыша** *- камыштан согулган бойро;* **аты** *- бозо сүзүүдө колдонула турган жыгач;* **далис** *- оозгу үй* ж.б.

Этнографиялык кызмат аткарган диалектизмдер да текстке кошумча экспрессия киргизгендиктен, аларды жазуучулар өз чыгармаларында аң- сезимдүүлүк менен пайдаланышат. Мында тигил же бул диалектизмдин пайдаланылышы анын адабий тилде жеке сөз менен берилген эквивалентинин жоктугуна гана байланышпайт. Бул учурда диалектизмдин экспрессивдүү функциясы алдыңкы планга чыгат да, ал сүрөттөлүп жаткан чындыкка карата жазуучунун субъективдүү мамилесин көрсөтүү үчүн, кандайдыр бир көңүлгө жакын таасирди берүү үчүн колдонулат. Мисалы: "Эски *бостекти* сүйрөп келип, мукул тыттын көлөкөсүндөгү таардын үстүнө жая салды" (ад.т. көлдөлөң); "Ал *текматымды* кош колдоп бекем кармап келет" (ад.т. кур); "*Бариктин* кай бири түнкү сыдырымда ушул калган көпөлөктөй делдектеп келип, баланын жонуна түшөт, басынткансып шилисине конот" (ад.т. жалбырак); "-Ие, Ыраке! - деди, ал *астанадан* аттабай туруп, кубарып-кумсарып ..." (ад.т. босого) (Т.К. Жетим). "Токой арасындагы бирин-экин бейбечаралар менен жармакташып төлө казып, күн өткөрдү" (ад.т. жер там); "...атасы аны он беш жашында өзүнүн бир *ашынасынын* кызына үйлөп салды" (ад.т. тааныш, дос, жолдош) (Ш.А. Темирбай тукумунун баяны); "Балдарынын түрүн көрүп, коркуп кеткен Буркан үйүнө бир эле түнөп, эртеси тээ алыскы тоо арасындагы *тагаларына* жөнөдү" (ад.т. таяке) (Ш. А. Буркан); "Жоон, жылаңач билегин баш жакка узатып сыйпалап папиростун *күкүртүн* тапты" (ад.т. ширеңке); "Чокон зыңгырап оор тарткан башын жумшак жаздыктан көтөрбөй, зордоп көзүн жыртканда, эң мурун бир көзү ачылып, ага *шыпка* жакын илинген калпагы урунду" (ад.т. потолок); "Анан, стулду тарс эттире бир муштаганын, *пияла, шише* шалдырап кулап түшкөнүн эстеди" (ад.т. чыны, бөтөлкө); "Кең пахта *шүдүгөрүн* как жарган жолдо ал жай кадам шилтейт" (ад.т. тоңдурма, коңтормо); "Муздап калган мотордун ооруна *ылата* жагып от алдырды" (ад.т. чүпүрөк) (Ш. А. Чокондун ыйлагысы келет); "Көп өтпөй Абаз Камка эжесиникине барып, *меле*

кайрыткан бир ашарда Сейданага экинчи жолу жолукту" (ад.т. жүгөрү) (Ш.А. Абийир); "Мады эртели-кеч кол тийгизе коюп жүрүп, кичинекей *чаркардын* алты пакса дубалын бүтүрүп койду" (ад.т. малкана) (Ш.А. Мады).

Автордук кепте бир эле реалийдин диалектизм менен да жана адабий тилдеги сөз менен да туюнтулушу көркөм тексттин ушул бөлүгүндө диалект менен адабий тилдин ортосундагы нормативдүү чекти жойгондой сыяктанат. Структуранын бир элементин экинчиси менен алмаштыруунун мүмкүнчүлүгү бул элементтердин функцияларынын бирдейлигине негизделген. Көркөм адабияттын тилинде бирдей же өтө жакын көркөм функцияга ээ болгон тилдик фактылар гана өз ара бири менен бири синоним болушу мүмкүн. Мында синонимдүүлүктүн негизи болуп көркөм функциянын бирдейлиги эсептелет. Маселен, Т. Касымбековдун бир эле чыгарманын ичинде диалектизмди да жана анын адабий тилдеги эквивалентин да синоним катары колдонгондугун көрөбүз: "Саркерлер ымга көнмөк тургай, мына *азел айрынын* уюгундай дуу-дуу болуп, толкуп, ордонун жаңы ээсине баш койбой, өз башчысын бошотуп берүүнү талап кыла башташты". Салыштыр: "Ичкертен кишилердин кобуру *бал аарынын* уюгундай бир калыпта күңгүрөп угулуп жатты". "Гүл соргон *бал аарылар* тээ алыстан кара чекит болуп келип, зың деп кулак түптөн жанып, кандайдыр шашып өтүп жатты" (Сынган кылыч). "Шарак-шурак деп тоголонуп да кеткенсиди, мунусуна караганда бош турган кандайдыр бир *темир челек* окшойт". Салыштыр: "Ал кың дебей гана колуна *чака* алып, дикилдеп тышка чыгып кетти" (Жетим). Ошондой эле, бир автордун эки башка чыгармасында диалектилик сөз менен адабий тилдеги сөз синоним катары колдонулат. Мисалы: "Казан бөксө, анткен менен мурунку калыбым мында эле деп, бозонун ак тагы *эрнөөдө*" (Т.К. Жетим); Салыштыр: "Бошогон кесенин *жээгин* бир имере сөөмөйү менен сыдырып, түбүн ууртады ..." (Т.К. Туулган жер).

Адабий көркөм чыгарма өз ичине структуралык жактан өтө эле ар түрдүү контексттерди камтыган кыйла татаал система болуп эсептелет. Буга автордук кеп менен катар персонаждын тике сөзү да, кыйыр сөзү да, өздүк эмес тике сөзү (несобственно-прямая речь) да, ошондой эле оозеки диалектилик кепке мүнөздүү болгон тике сөз менен кыйыр сөздүн аралашмасы да кирет. Көркөм чыгармада баяндоо да, сыпаттоо да, пейзаж да, каармандын ички монологу да болот. Баяндоо кимдир бирөөнүн атынан айтылган аңгеме түрүндө, айтып берүү (сказ) ыкмасында болушу да ыктымал ж.б.у.с. Кептин мына ушул

түрлөрүнүн бардыгы автордун кабылдоо призмасы аркылуу, сүрөттөлүп жаткандарга карата автордун мамилеси аркылуу көрсөтүлөт. Ушулардын баарына диалектизмдердин киргизилиши мүмкүн. Ар кайсы авторлор муну ар башкача жүзөгө ашырышат: кээ бирөөлөрү каармандын кебинин өзгөчөлүгүн мүнөздөө үчүн диалектизмдерди персонаждын тике сөзүнө киргизүү менен гана чектелсе, башка бирөөлөрү керектүү кырдаалды жана маанайды түзүү үчүн пейзажга киргизет, үчүнчү бирөөлөрү көркөм чыгармасын кандайдыр бир кептик бөлүгү менен чектелбестен, диалектизмдерди ар түрдүү контекстте эркин пайдалана алат.

Диалектилик лексиканы чектебей колдонгон жазуучулар кандайдыр бир этнографиялык жана социалдык-турмуштук чөйрөнү сүрөттөш үчүн ошол чөйрөгө тиешелүү сөз каражаттарынан пайдаланышат. Элдик говордун ээси болгон персонаж кандай сүйлөп, кандайча ойлонуш керек? деген суроого жооп бере коюш анчейин эле жеңил эмес. Көркөм чыгармада алардын кебин адабий лексика менен эле берип койсо, каармандын кебинин индивидуалдуулугу жоголуп, кандайдыр бир оригиналдан которулган котормо сыяктанып калат, экинчи жагынан алганда, жазуучу персонаждын кебин жалаң эле диалектизмден да түзө албайт. Бул жерде, бир жагынан, көркөм текстти диалектилик лексика менен ашкере көөмп салуудан куткара турган, экинчи жактан, көркөм образдын, жекече мүнөздүн негизги компоненттеринин биринен болгон персонаждын индивидуалдуу кебинен кол жууп калбай турган адабий тил менен говорду айкалыштыруучу кандайдыр бир алгылыктуу жолду издеп табууга туура келет. Бул жагынан Т.Касымбеков өзүнүн чыгармачылык практикасында кыйла ийгиликке жетишкен.

Адабий чыгармадагы диалектизмдердин негизги функцияларынын бири болуп мүнөздөө (характерологическая) функциясы эсептелет. Жазуучу, диалектизмди персонаждын кебине киргизүү менен, аны белгилүү бир социалдык-турмуштук чөйрөгө таандык кылып көрсөтөт. Персонажды белгилүү социалдык чөйрөгө тиешелүү кылуу менен диалектизмдер анын образын ачуунун каражаты болуп да кызмат аткарып калат. Мүнөздөө максаты үчүн жазуучулар көбүнчө адабий тилде сүйлөгөн ар бир эле адамга тааныш болгон диалектизмдердин чектелүү тобуна кайрылышат. Диалектизмдин мындай тобунан көп учурда сөз болуп жаткан диалектинин, говордун өкүлү болбогон жазуучулар пайдаланышат. Маселен, Кыргызстандын түштүгүндө өткөн окуялар сүрөттөлгөн К.Жантөшевдин "Каныбек" романында жана "Менин тагдырым",

"Айып мендеби" повесттеринде диалектизмдердин көпчүлүк окурмандарга тааныш чектелүү тобу гана колдонулган. Мында диалектизмдер адабий кептин фонунда мүнөздөөчү орнамент катары кабыл алынат.

Диалектилик лексиканы жакшы билген жазуучулар аны персонаждын кебине киргизүү менен, жогоркудай стандарттуу диалектизмдердин чегинен чыгып, алардын фондусун кеңейтет жана диалектизмдердин жардамы менен каармандын сырткы кебетесин гана сүрөттөбөстөн, анын ички дүйнөсүн да ачып көрсөтөт.

Диалектизмдерди мүнөздөө функциясында колдонуу көркөм чыгарманын текстине персонаждын кебин берүүчү тике сөз формасын киргизүүнү талап кылат. Көркөм чыгарманын башка синтаксистик структурасына караганда, диалектизмдер репликаларда, диалогдордо жыш учурайт. Кээ бир жазуучулардын чыгармаларында тике сөздүн лексикасы эле эмес, бүтүндөй синтаксистик структурасы да диалектилик мүнөзгө ээ болот. Буга Т. Касымбековдун прозалары айкын мисал боло алат. Башка жазуучулар да персонаждардын тике сөзүн берүүдө диалектизмдерди кеңири колдонушат. Бир нече мисалдар келтирелик: "-Таксыр! *Энди* кут этмей жок. Сөздүн ачыгы ушул *ки*, эми бул бир *парча* кагаз желдеттин колуна берилсе, азыр эчтемеден капары жок Маргаланда жүргөн Нүзүп аталыктын башы кетет, а кокустан Нүзүп аталыктын колуна түшүп калгыдай болсо, о кудай анын бетин *нары* кылсын, анда ... сиздин азиз башыңыз кетип калышы да бар ..." (Т.К. Сынган кылыч). "-Турбайбы! ... -Шекепасы тиштене калып, жекирип жиберди. *-Караң өчкүр* десе! ...", "-Балакет ба-ас ... -Шекер адатынча чаңырып жиберди, -айтыша баштадыбы! Сөтөйгөн гана арамы, ичпесең балээ-батерди ичип кал. Чык эшке! Сыйды билбеген *арамы* десе! ..." "-Ырас гана болду. Төбөңү тосо бер эми! Мээң түшө калат беле, сенде мээ дегенден *испат* жок. Турушун карасаң, куркуйган *арамы* десе! ..." "-Көрбөй турасыңбы? Карачы, жүгөрүнү *жуалдыс* менен көзөгөм", "-Кайда кеткен? -Айылдап *жүрү*!", "Тигини ... алдап кармап *алганы туру*" деп ойлоп, Кеке ээсине таарынган күчүктөй үлүрөйүп, нары басты" (Т.К. Жетим). "Келин жалтактайт, күлөт: -О коюнчу ..." "*-О наалаты*! - Кары ощерде эле камчы үйрүп сөгүп бербейби. *-Садиси бузук ит*! ..."; "-Ой, ой, биргат үке, катуу кетпе! Сиз билген иштин жөнүн биз да билебиз ... -Атам өнөгүн кетирбей "сиз" дегенди ныгырып, ууга чылап сүйлөдү", "-Атаны *муногу* эшектен күйбөдүмбү?!" "-Кой, сени менен такымдашып отурбайм. Эч ким сени кул деген жок. Жообун *раистин* өзүнө бересиң. Орко солдойгон керзо өтүгү менен күрсө-күрсө теминип жөнөп

калды"; "Апам эмнегедир улутунуп жиберди: -Түзүк. Ар пенде көрсүн. Биз дагы Асылды *үйлөсөкпү* дейбиз, ылайыгы көзгө илинбейт"; "-Саламатчылык! *Келиң*, жигит! – Келин леп этип, атты жылоодон алды. –*Түшүң, түштөнүң*! ..." "-Кел эми, бир ойнойлу. *Дангесе* десе арданасыңбы. Иштебей басып жүргөндү *дангесе* дейт да, же жалганбы?"; "-Ие, түшкөндө эмне, Чаке, айтарым бир ооз сөз. Чаке, билсең, мен сага *нап* болсун дейм"; "-Ох ... үнүңдөн *үргүлөйүн-а*! ... - деди, көзү жайнап, чекесинен чыбырчыктап тер көрүндү" (Т.К. Адам болгум келет). "Абышка (жарым үн менен) -...Э, кемпир! ... Кайсы *бурчекке* тыгылып калдың, кокуй?! Ачсаңчы! Ошол экен ..."; "Кемпир: -*Экөөбүңдүн* тең бетиңер жок экен!". (Т. К. Жетилген курак). "-Эй, *укам*, сен каякта өскөнсүң?"; "-Кел, *отуруң*, - деди Алийма баш ийкеп"; "- Садык, *раисти* капа кылып койдуң, - деди кара сакал Муса акырын коопсунуп сүйлөп, - антип эмне кыласың, "куп" деш керек. *Раис - раис* да". (Ш.А. Дыйкандар).

Диалектизмдердин мүнөздөө функциясы жанаша келген репликаларда бир эле маанидеги диалектизм менен адабий сөз катар колдонулганда өзгөчө даана байкалат. Мисалы:

"-*Ортогуң* барбы? - деди Акбаралынын аялы.

-Э, кызык экенсиң ... Бейтааныш адамдын *күйөөсүнүн* барыжогунун сага кереги эмне? - деди Акбаралы" (К.Ж. Менин тагдырым).

Диалектизмдердин тике сөздө колдонулушу персонаждын көбүнчө тышкы мамилелерин, тышкы белгилерин көрсөтүүгө көмөк берүүчү жөнөкөй функцияларына кирет. Диалектизмдер жалаң эле диалогдун ар кандай формаларында колдонулбастан, монологдо да колдонулушу мүмкүн.

Автордук кеп менен персонаждын кебин айкаштыруунун ар кандай структуралык түрлөрү адабий чыгарманын текстине диалектизмдерди кийирүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтет. Жазуучулар бул ыкманы персонаждын кебин автордун кебине жакындаштыруу үчүн, аларды мүмкүн болушунча стилистикалык мүнөзү боюнча бирдей болгон тилдик биримдикке бириктирүү үчүн пайдаланышат. Мисалы:

"О, олжонун алдын өзүм ооз тиейинчи" дегенсип, ак короз бирди чокуп жутту да ... анан канатын каккылап: "кү-кү, кү-күрү-күк-күк! ..." деп, жүгөрүдөн бирден тиштеп кайра таштап, мойнун койкоңдотуп, *мекиштерин* чакырды... Жиптүү жүгөрү кекиртекти керип өтүп *жагжакка* кетти, ак короздун айласы кетти. Чубалжыган бышык жипти каякка жайгараарын билбей нары-бери жүгүрүп мойнун *жугжуңдата* созуп жутунат" (Т.К. Жетим). "-Чеч белбакты бери! - деди Нүзүп б*елбак* менен эки чокойду кошоктоштуруп бекем байлатты";

"Ал "тил билги үке жайкап коет го" деп күттү. А тил билги Абил үкесин жайкабады". (Т.К. Сынган кылыч).

Автордук кеп менен персонаждын кебин синтездештирүүнү өздүк эмес тике сөз формасында да жүзөгө ашырууга болот. Мындай синтаксистик структура адабий чыгарманын текстине бир топ сандагы диалектизмдерди киргизүүгө мүмкүндүк берет, ошону менен бирге эле текстти диалектинин эсебинен натуралисттик менен ыгы жок толтуруудан да сактайт. Мисалы:

"Нузун ойго эзилди. Тентиген аксылык! *Кэл*! Аны ушул сөздөр жылан болуп чакты" (Т.К. Сынган кылыч).

Сүйлөөнүн жогоруда эскерилген структуралык типтери каармандын ички монологунда биригип келүүсү мүмкүн. Анда каармандын ой толгоосу, ички сезими, анын адамдарга, же айлана-чөйрөгө карата болгон мамилеси ачылып берилет же каармандын кимдир бирөө жөнүндө, кандайдыр бир нерсе жөнүндө эске түшүрүүсү берилет. Каармандын ички монологу тике сөз түрүндө да, кыйыр сөз түрүндө да жана өздүк эмес тике сөз түрүндө да болушу мүмкүн. Мында бул синтаксистик структуралар бири менен бири аралашып кетет. Өзгөчө каармандын ички сезимин, толкундануусун берген учурда булар бир сүйлөгөн сөздүн ичине да батырылат. Ички монолог тике сөз түрүндө болгондо, чыгарманын каарманы диалектиде сүйлөсө, ички монолог да адабий текстке диалектилик лексиканы киргизүү үчүн кызмат кылат. Мисалы: "Эмне *көйү* бар? Табият өзү кам көргөн. Көр оокаттын машакатын билишпейт, жайы-кышы талаада, токой арасында, жел менен жарышып учуп, бийик учуп, алыс учуп, жаркын күндүн алдында эркин сайран кылып, мандайына *атаа* кылган жемин терип жеп, а мейли денедеги биртике кубаты түгөнгөн мүнөттө отурган бутагынан шырт деп жерге түшүп кала берет, табыптын кереги жок, кепиндин кереги жок, артында оокатын өткөзө албай ыйлап турганы жок, өзү бутактан ылдый кулаганда жаңы учурган балапаны *чоочуп* пыр-р учуп, ак баш *кулунчактардын,* кызыл гүлдүү гүлкайырлардын, жаңы гана баш алган көк буудайдын үстүнөн эч кейишсиз, тиги терейип жатып калган эмне экенин туйбай, сезбей *наркы* шаркыратмага ийилген *самби талга* барып конот да, көңүлдүү чыйтылдап, көк тиктеп, андан нары учуп кете берет, өз күнү менен ..." деп ойлонду Эсен" (Т.К. Жетилген курак). "Бул ушунчалык эле билимдүү немеби? Ушунчалык эле өтүмдүү немеби? Ыя, кайдан жүрүп, минтип *баркдар* болуп алды экен?" -Ушул көз көрүнөө эле шыбагамы жеп жүргөн сыяктуу, мени кандайдыр кызганч пикирлер чырмады, ичим тырышты ..." (Т.К. Адам болгум келет).

Эгерде жазуучу диалектизмди жалаң эле персонаждын кебинде колдонбой, аны колдонуунун сферасын кеңейтүүгө аракет кылса, анда ал диалектизмдерди сюжетти жылдыруучу, өнүктүрүүчү баяндоого, автордук кепке да киргизет. Бул учурда диалектизмдер мүнөздөө функциясына караганда алда канча татаал функция аткарат: жазуучунун жалпы стилистикалык багытын жана адабий чыгармада аны кандайча иш жүзүнө ашыргандыгын аныктайт.

Диалектизмдер автордук кепте өзгөчө сапатка ээ болот. Диалектизмдердин автордук кепке киргизилиши анын белгилүү өлчөмдө адабий тилдин нормативдүү лексикалык чегине жакындагандыгын белгилейт, ошондой эле анын адабий тилге киришинин анча-мынча гарантиясы катары да кызмат кылат. Диалектизмдерди автордук кепте колдонуу менен жазуучулар аны адабий лексика менен теңештирет, аларды адабий тилдин лексикасы менен бир катарда бул чыгарманын нормасына кийирет.

Автор тарабынан кырдаалды, абалды, бир нерсенин сырткы кебетесин, ошондой эле пейзажды сүрөттөгөн көркөм чыгарманын бөлүгүндө диалектизмдер адабий лексика менен бир даражада, бирдей көркөм функцияда катар жашай алат. Пейзажды сүрөттөө үчүн диалектизмдерди киргизүү пейзажга белгилүү бир жерге таандык мүнөз берет, аны индивидуалдаштырат, ага лирикалык өзгөчө түр берет. Көбүнчө мындай сүрөттөөдө жазуучу бирди -жарым гана диалектизмди пайдаланат, бирок ошол бирди - жарым диалектизмдин жардамы менен адабий текст керектүү стилистикалык тоналдуулукка ээ болот: "Айлана адыр-кудур тоо, миң түркүн гүлдүү көйкөлгөн ыраң, көк жашыл, чычкан мурду өткүс *жынс* бадал. Ар жерде келберсин жаңгак, *акчечек*, кайың дүпүйөт, те алыста кылда учу жомоктогу алптын найзасындай короюп карагай, арча көзгө түшөт"; "Канаттары башайы калдыркан көпөлөктөр делдектеп, *асел* аарылар алтыгананын гүлүнө жабышып жүрүшөт, тынымсыз ыңылдашат, кай бири абага көтөрүлөт да, кандайдыр өтө шашылыш иши бардай сызып кетет" (Т.К. Туулган жер). "Майда бадал, дүпкүр көп. Самби талдардын куш тилиндей, ***бытыкый***, көгүлтүр кызгылт, жалбырактуу ***шалайлары*** куду жаш келиндин шалпар жоолугундай түрлөнүп суу үстүнө ийилет" (Т.К. Адам болгум келет).

Адабий чыгармалардагы автордун образын чагылдырган лирикалык контекст өзгөчө стилистикалык жүк көтөрөт. Персонаждын кебинде кеңири учураган диалектизмдерге караганда лирикалык каарман колдонгон аз сандагы диалектизм бул жерде өзгөчө эстетикалык мааниге ээ болот. Диалектизмдердин лирикалык

монологдо, чегинүүлөрдө жана башкаларда колдонулушу жазуучунун тилге болгон табитин, шыгын ачып көрсөтөт, жазуучунун табиятка, туулуп өскөн жерине, андагы жашаган адамдарга, өз эне тилине болгон сүйүүсүн билдирет. Диалектизм аркылуу кээ бир жазуучунун элет жерине болгон лирикалык түшүнүгү берилет.

Азыркы "элеттик" прозада жазуучунун өзү туулуп өскөн жери, андагы жашоо-тиричилик, курчап турган жаратылыш чөйрө, анда жашагандардын эмгек ишмердүүлүгү, үй-бүлөлүк мамилелери ж.б. жөнүндө майда-чүйдөсүнө чейин төкпөй-чачпай сүрөттөп көрсөткөн лирикалык аңгеме түрүндөгү адабий жанр да учурайт. Мындай аңгемени ушул жерде туулуп өскөн автор өзүн өз жердештеринен бөлбөстөн, алардын тилинен кеңири пайдаланып, өз атынан өз говорунда айтып берет. Буга мисал кылып Т.Касымбековдун "Туулган жер" деген аңгемесин көрсөтсөк болот. Мындай жанр чыгарманын текстине өтө ар түрдүү диалектизмдерди киргизүүгө кеңири жол ачат. Мында диалектизмдер, катышуучу каармандын тике сөзүндө да, ошондой эле чыгарманын башка контексттеринде да колдонулушу мүмкүн. Аңгеменин турпаты диалектизмдерди контексттик алкак менен чектебей киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мисалы: «Үйдүн ичинен кандайдыр бир киркиреген үн чыкты, бирпас күймөнө түшүп, тотугуп эле калган бир кара катын босогодон көрүндү.

- *Арбаңыз*, - дедим мен.

- *Бар бол*! ... -Кайсы баласың? ..."

" - Чын эле жибересизби? - деп сурадым мен - Деги ошенткениңиз жакшы эле. Сагынычын басып келсин да.

- Кантем анан? ... *Тигинтип отуру* ...

Мен Сатыкулга колумду булгаладым";

"Аткулактан жулуп, *белчирге* төшөп, көрпөчөнүн бир учун аңын үстүнө салып берип, Сатыкулду учкаштырып алгам. Ал *текматымды* кош колдоп, бекем кармап келет"; "Кылтылдак көпүрөдөн өткөн соң оңго буруллук да, улам өр тарта жээктеп жүрүп кеттик. Кара-Суу буркан-шаркан күрүлдөп жатат. Туш тарабы *жынс* токой, боз чаптуу кемерлерди шарп-шарп уруп улам төмөндөсө, аскалардын жаңырыгына кошул-ташыл болот. Салкын, себеп дегенде, жолмо-жол көлөкө, суунун *шапатасы* бар"; «Үч-Курт, Мал-Калды, Ак-Жол өрөөндөрү бүт бойдон алакандагыдай дапдаана көрүнүп турат.

-Ой-и-ий ...Ак-Жол ... Карачы, Тилеген аке, Ак-Жол! ... - Сатыкул жадырап-жайнап, мен бул жерди биринчи жолу көрүп отургансып, колу менен жаңсап коюп, бажырай берди. -Тигине, и-и-ий ... биздин там! ... Миңбай абамын тамы ... Нуркулдардын тамы ... Ой-и-ий ...

дагы эле турган турбайбы! ... Тилеген аке, бизчи ... Нуркул экөөбүз, *тигиногу* жерде ойноп жүрчү элек, дүмбүл бышырып жечү элек! ..." (Т.К. Туулган жер).

Аңгеме жалаң эле өзүнүн айылдашынын атынан эле эмес, жергиликтүү турмушту, адат-салтты ж.б. жакшы билген бөтөн адамдын атынан да айтылышы мүмкүн.

Башка бир чыгармаларда бардык сүрөттөлүп жаткан чындык каармандардын биринин көзү менен каралат, чыгармада эмне болуп жатканын, андагы катышкан адамдарды окурман, автордун эрки боюнча өзүнчө бир лирикалык "айтып берүүчүнүн" ролундагы персонаждын көркөм образынын призмасы аркылуу көрөт. Бул учурда да тилдик белгилер айрым сүйлөмдүн чегинен чыгып, автор өзү сүрөттөп жаткан дүйнөгө каармандын көзү менен карайт. Эгер "аңгемечи" персонаж диалектиде сүйлөсө, чыгарманын тилин автордук кепке жана персонаждын кебине бөлүштүрүү өзгөчө мааниге ээ болбой калат, мында ар башка контексттер өз ара бири-биринен өтө аз айырмаланышат. Буга мисал кылып Ш. Абдырамановдун "Жарык дүйнө" повестин көрсөтсөк болот. (Повесттеги ушул сюжет кийин жазуучунун "Тагдыр" аттуу романы үчүн да негиз болгон). Повесть "Үмүттөр жетеги" жана "Жарык дүйнө" деген эки бөлүмдөн туруп, Шакир деген жигиттин эскерүүсү катары Саяк аттуу сокурдун татаал өмүр жолу, ага карата адамдардын ар түрдүү мамилелери сүрөттөлөт. "Үмүттөр жетегинде" азиз Саяктын балалык кезинде башынан өткөргөн эң аянычтуу оор күндөрү, табигат берген таш боор тагдырына кошул-ташыл болуп, согуштун каардуу кесепетинен бардык жакын адамдарынан айрылып, кароосуз калган абалы эскерилет. Автор окуяны жанма-жан тике сүрөттөө максатында аңгемечинин баянына жергиликтүү түс берүү аракетин кылган. Ал үчүн Шакирдин баяндоосуна, ошондой эле башка персонаждардын кептерине ар түрдүү типтеги диалектизмдерди, атап айтканда: *абдесте, айван, алем, •дарча, даргөй, дугдурум, жанчык, жонос, пеште, рабшан, сагыр, тараша, хауз, чарпая, шарпа* сыяктуу лексикалык диалектизмдерди, *коргон* ("короо" маанисинде), *калта* ("баштык" маанисинде), *күрсү* ("дөңгөч" маанисинде), *көөлө* - («каз-, чуку-» маанисинде) сыяктуу семантикалык диалектизмдерди, *ала тап, кадага сай, карал тап, кандек өрүк, ыкрал бол, жаннаты болгур* сыяктуу диалектилик мүнөздөгү фразеологиялык түрмөктөрдү киргизген. Мисалдар келтирелик: "Жокен *калтасы* толо чүкөсүн Саяктын кулагына жакын келтире шыгыратып силккилеп, анын *алемине* ого бетер өрт коюп жатты"; "-Кой, антпе. Кудайдын *даргөйү* кең.

ушунчалык баш көтөрүп алдың, эми айыгып кетесиң". "Ой-тоону көк жаап, бак-дарактар кара кочкулдана *дүгдүрүм* тартат"; "Саяк экөөбүз өгүздүн куйругун кармап алып, тынбай *жанчык* айдап жүрдүк"; "Адыр-түзү да көзүнө коошпойт: адырлары биздин жердегидей типтик көтөрүлүп чыгып, анан жонос, белес болуп катмарланып кетпей, жапсар тартып созулуп жатат"; "Кыязы, ал кере-кере дем алып, акылын *пештей* албай жүрдүбү, ким билет"; "Эртең менен тануунy чечсе - Садданын көзү *рабшан* ачылган ..."; "-Атасыз *сагыр* калып, бул байкушка да жаман болду эми ...- деди башын сала ойлуу отурган Бекмат акырын кобурап сүйлөп"; "Бекмат кээде балдагына кошо кармап, *тарашадан* жасалган кичине комузун дөбөгө ала чыгат"; "Анан баягы сокур бала ордунан тура калып, каштарын жыйра менин *шарпамды* тыңшап токтой калды"; " ... бет маңдайымдагы *коргондун* олдоксон дарбазасы "кыйч" этип ачылып, андан мен куруктуу, бирок саал сөөк-саактуураак бала уй жетелеп чыкты"; " ...Бекматтын мүрзөсүнүн жанынан *көр көөлөп*, тынымсыз убараланып жүрүштү"; "- ..бурчтагы *күрсүгө* көчүк басты да, көз жашын сөөмөй учу менен сүртүндү"; "Бая бири-бирине кезек бербей чуруулдашкан *ала тап* катындар суу сепкендей өчүп, отурган-отурган жеринде тынып калышты"; "Мен такыр-ишене албай, акылым түк *карал* таппай турду"; "Мен өрүктүн салпынчак шагындагы сарала болгон *кандек өрүктөн* бир нечени үзүп алып жатып, *чарпаяда* бийик жазданып жаткан Бекматты көрдүм"; "Өз кыштагымдагы балдардын эч кимиси майыптыминтип кемсинтүүгө барбай турганына терең көңүлүмдө *ыкрал болдум*"; "Акмат акем *жаннаты болгур* бозду кышын-жайын устарадай кылоолонтуп минер эле" ж.б.

Жазуучу жергиликтүү калктын көп кырдуу турмуш өзгөчөлүктөрүн адабий тилдеги сөздөргө караганда ачык-даана, так сүрөттөп берүү үчүн өз чыгармасына жогорудагы лексикалык, семантикалык, фразеологиялык диалектизмдерди киргизген. Бирок жергиликтүү сөз, качан окурман тарабынан образдуу сөз менен сүрөттөө үчүн кандайдыр бир өзгөчө кошумча штрих катары кабыл алынганда гана, адабий чыгарманын тилдик формасынын чыныгы таасирдүү элементи болуп кала алат. "Жергиликтүү колорит", албетте, курулуштардын, кийимдин, өсүмдүктөрдүн ж.у.с. диалектилик аталыштары менен эле өзүнөн өзү берилип калбайт, ошол аталыштар аркылуу, алардын "жалпыга бирдей эместиги" аркылуу ошол курулуштардын, кийимдин, өсүмдүктүн кандайдыр бир өзгөчө мүнөзү же алардын сүрөттөлүп жаткан персонаждардын турмушундагы өзгөчө милдети атайын белгиленип көрсөтүлөт" (Шмелев Д.Н., 1964:

90).

Фонетикалык жана морфологиялык диалектизмдер бүт дээрлик персонаждардын тил өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү үчүн повесттин башкы каарманы Саяктын жана окуяны баяндап жаткан аңгемечинин , Шакирдин, кээде Бекматтын сүйлөгөн сөздөрүндө колдонулат. Мисалы: "-Жокен, чүкөлөрүмдү бер. *Агери* бербесең барбы ..." (Саяк); "-... Бизге *буйругандары* желелерге илинишет" (Саяк); "Жокен тайсалдап *нары* кача берди" (Шакир); "*Наркы* коргондон баланын *ничкерек* үнү угулду" (Шакир); "- ...Чымчыктарга салсаң жанын чыгара *кубат* - чымчыктар жакын келе албай калат" (Саяк); «Чыр болбосун ...*Кырам* болбосун ... Ак ойнойлу" (Саяк); "Кырмандын дал ортосуна *момук* орнотулуп, жаңы орулган арпа чачылган эле" (Шакир); "-Мен Бекмат акенин *мүрдөсү* менен коштошом" (Саяк); "Саяктын алчы түшкөн чүкөсүн *таба* түштү деп, бөк түшкөн чүкөсүн чик түштү деп, көзгө илейштирбей шыпырып алып жатты" (Шакир); "Ар ишке кайрат керек, ар ишке *чапсандык, табакелдик* керек" (Бекмат); "Кээ бир *морудан* түтүн чыгып, абага жалкоо көтөрүлө улам сиңип жок болуп, асман саал күүгүмдөнө коюуланып баратат" (Шакир)" "- .. .А биз болсо желе тартып кармап алып, *шорпо* кылып турабыз" (Саяк); "Саяктын секунд сайын өзгөрүп, бирде *утуктун* кубанычына бөлөнүп, жадырай түшсө, бирде ачуу тартып кабагына чыккан өкүнүчүн таң калуу менен байкап турдум" (Шакир); "Качан көрсөм көк-жашыл чөп жамынган боордо, же *шамалкоо* дөбөгө чыгып ... тура берет" (Шакир); "Анан оозун чоң ачып *эсинеди*" (Шакир).

Диалектизмдер чыгарманын жалпы контекстинде бардык учурда эле өз ордун тапкан деп айтууга болбойт. Диалектилик элементтерди пайдаланууга байланышкан бир топ мүчүлүштөр кетирилген.

1) Повестке *пасенде, дудалактан, дудалаканга түш* мүнөзүндөгү уккулугу жок сөздөр киргизилген: "Саяктын ичиндеги уюлгуган бугу кыйладай чыгып, ал саал *пасенде* боло түшкөнсүдү". "Ошон үчүн бир айткан сөзүн кайра айтып *дудалактана* да түшөт". "Жокен *дудалаканга түшүп,* оозуна сөз кирбей калды".

2) Кээ бир сөздөр контекст боюнча башка мааниде колдонулуп калган. Маселен, "Эки дос *дашти-биябандарды* ашып, ээн талаа, эрме чөлдөр менен жүрүп отурушат" деген сүйлөмдөгү *дашти-биябандарды* ашып деген сөз айкалышын окурман "ашуу ашып" деген мааниде түшүнүшү мүмкүн, бирок *дашти-биябан* "ашуу" эмес - ээн талаа, эрме чөл (ЮКОС, 1965: 188; УзбРС, 1959:123,70; ТадРС, 1955:124, 71).

3) Айрым жалпы тилдик элементтер эч кандай стилистикалык зарылчылыксыз эле бузулуп берилген. Маселен, *жан тарт* деген

фразеологизм повестте бир нече ирет *жам тарт* түрүндө колдонулат (ЮКОС: 226).

4) Кай бир диалектилик сөз баяндоонун башынан аягына чейин нормага айландырылып, ыксыз кайталана берүү менен окурманды тажатып жиберет. Маселен, автор абдан жакшы көргөн *шарпа* деген сөз повестте өтө эле жүйүр колдонулат. Анын үстүнө көбүнчө *тынша* деген сөз менен айкашкан окшош конструкцияда кездешет да, ал сөздүн, автор каалагандай болбой, эстетикалык таасирдүүлүгү начарлайт. Сөзсүз жалпы элдик тилдеги *шуудур, шуудурт, шыбыш, шыбырт, шоокум, дүбүр, дүбүрт, добуш, табыш* сыяктуу бай синонимдери менен алмаштырып бергенде, ал сөздүн окурмандарга таасири алда канча артмак. Дегеле көркөм адабиятта ыктуу табылган бир эле каражатты же ыкманы кайра кайталай берүү анын эстетикалык маңызын супсак тарттырып, өңүн өчүрүүгө алып келет. Көркөм сөз чеберлеринен окурмандар дайыма жаңы жандуу сүрөттөө каражаттарын, жаңы табылганы күтүшөт.

5) Турмуштук тажрыйбасы мажес, али билим деңгээли чектелген, сөз байлыгы жергиликтүү чөйрөнүн алкагынан жогору көтөрүлө элек тестиер уландын – аңгемечинин стилизацияланган кебин берүү үчүн колдонулган диалектизмдер менен катар *сезон, темп, мотив, кинолента, инстинкт* сыяктуу көбүнчө илимий же публицистикалык стилге мүнөздүү терминдердин жана ылайыксыз курулган сөз түрмөктөрүнүн колдонулушу повесттин биринчи бөлүмүнүн стилистикалык-композициялык биримдигин бузуп, жазуучунун сөз тандоо принцибине экилектикалык мүнөз берет. Мисалы: "Бу кезде кекиликтердин өтүү *сезону* да бүтүп калган эле"; "...кыңгырап угулган комуз үнүнөн ... кандайдыр кайрылууларды, бирде өйдө, бирде төмөн кеткен *темпти* да сезем"; "Ал эми кыстаган өлүм коркунучун эсине алган коопсуу, тынчсыздануу сыяктуу *мотивдер* да жок эмес эле"; "*Кинолента* үзүлгөндө *экрандагы* адам кыймылсыз ката түшкөндөй, Саяктын ээги кымтылбай, бир ирмем шал боло калгансыды"; "Саяк бу жорукка ишене бербегендиктенби, же тим эле адат болуп калган *инстинкттен* уламбы, негедир туш тарабына колдорун узата сыйпанып, алда нени издегенсий берди"; "Мен көптө барып *өзүмдү өзүм колго алдым"*; "Ошон үчүн анын эми *өнүккөн* бул *ишенимин* да биротоло жок кылуу жаман эле"; "Кийинчерээк мен Саяктын комуз кармаганына Бекматтын *жакшы маани берерин* байкадым"; "Анда өтүп жаткан өмүр жөнүндө, жашоо жөнүндө *ойго чакыруулар* ... бар болучу"; "Кеч курун төшөктө жаткан соң, ушулардын баарын кайрадан *акылымдан өткөрдүм*".

Жазуучу повесттин экинчи бөлүмүн Саяктын интеллектуалдык жан дүйнөсүн, анын турмушундагы, көз карашындагы чукул бурулушту сүрөттөөгө арнайт. Мында баяндоо формалдык түрдө биринчи бөлүмүндөгүдөй эле аңгемечинин эскерүүсү катары берилгени менен, чындыгында автор сөздү өзү алат. Саяктын башка чөйрөдө, башка адамдардын алкагында, башка улуттун өкүлдөрүнүн арасында өткөргөн өмүрү жөнүндөгү баяндоо ушуну талап кылат. Албетте, автор муну туура түшүнгөн жана бөлүктүн сюжеттик-композициялык өзгөчөлүгүнө ылайык баяндоонун башка ыкмасын - автордук кадыресе объективдүү баяндоону колдонгон. Демек, бул бөлүмдө автордук кеп да, персонаждын кеби да сүрөттөөнүн стилизациялык каражаттарын талап кылбастан, толук адабий тилде жазылган. Колдонуш чөйрөсү алда канча кеңири, башка көркөм чыгармалар аркылуу эбак окурмандардын калың катмарына маалым болгон *шып, дасоромол, майин* деген сыяктуу бирин-эки диалектизмдин болушун жазуучунун өзүнүн кеп өзгөчөлүгүнүн чагылышы катары баалайбыз. Мисалы: "Көбүнчө ал *шыпты* тиктеп, сулк жатат". "Саша Тутушкин стулду салмактуу кычырата олтурду да, ак *дасоромолун* алып, чылпылдап тердеп чыккан маңдайын сүртүндү". "Анын келиши менен Саяктын көңүлүндөгү *майин* жумшактык жоголуп, алда неден коопсунуу, этияттануу пайда болот".

Ар кандай эле жазуучунун өсүп-өнгөн, жашап, иштеп жаткан чөйрөсү анын көз карашына, сөз байлыгына, кептик өзгөчөлүгүнө бир кыйла таасирин тийгизет. "Турмуштагы тилдик фон автордун кебинин негизин түзөт. Ошондой эле бир да жазуучу, ал өз уясынын турмуштук психологиясынан алыстоого канчалык аракеттенгенине карабастан, анын таасиринен эркин эмес", - деп жазган бул тууралуу акад. А.С.Орлов (1948).

Автордук кептин же персонаждын кебинин компоненти катары диалектизмдер чыгарманын бардык контекстине кирет да, алар түз мааниде да жана өтмө мааниде да колдонулушу мүмкүн. Өтмө мааниде колдонулган диалектизм өзүнүн экспрессивдүү дүрмөтүн күчөтөт жана кошумча стилистикалык белгиге ээ болот. Адабий чыгарманын текстинде мындай диалектизм, түз мааниде колдонулган диалектизмге караганда, белгилүү көркөм образдын борбору болуп, көбүрөөк эстетикалык функция аткара баштайт. Мисалы, түштүк диалектидеги *нокотек* деген сөз түз маанисинде адабий тилдеги *түлкү куурай* деген өсүмдүктүн атын билгизсе, өтмө мааниде "никесиз төрөлгөн бала" дегенди билгизет. "Биз чоочун короого адашып келген *нокотек* жандыктай баарынан четпиз" (Т.К. Адам болгум келет).

Кээде автор метафоралык өтмө мааниде колдонулган диалектизмдердин жардамы менен бүтүндөй көркөм картинаны түзө алат. Мисалы: "Айзаада жарк этип күлүп жиберди: - О, садагам, наристем! Болжолго айы толбой туулган баланы арам сийдик, никесиз, *нокотек* дейт. Оозуна алы жетпеген үйлөп учурбайбы!? Экөөбүз "Жо, бала өзүбүздүкү!" - деп кимге түшүндүрүп жүрө алабыз?! Кимдин оозун басабыз, садагам?! Ишенген күндө да ... никеден мурун кошулуу адепке, шариятка сыйбаган күнөө иш экен го ... -Өзүм билсем болду. Шарияты менен ишим эмне?! Айзада убайымга батты: -Макул, биз билебиз, өз балабыз экенин билебиз, нике болбосо да ак көңүлдөн, ак сүйүүдөн жаралган экенин билебиз. Бирок, садагам, никесиз кошулуп, шарият бузулган, эреже бузулган. Балабыз "арам", "*нокотек*" атыгат го. Тең курунан маанайы пас болот го. Бактысыз болот го... Эшим жооп таба алган жок. Жер боортоктоп, былк этпей жатты» (Т.К.Сынган кылыч).

Диалектизм көркөм салыштыруунун составында да колдонулат. Мисалы: "Мен аттан түшүп, Сейде энем менен кол алышып, амандашып турсам, үйдөн *тарашадай арык кемпир* чыга келди". (Т.К.Туулган жер). "... алда кайдагы алыскы үндөрдү тыңшап, *кадага сайып койгондой* ҫороюп кыраңда тура берет" (Ш.А. Жарык дүйңө). "Чеке териси бышарып кетиптир, *журчукелден бетер* кашкаят", "*Алакандын чукурундай* кичинекей сай ..." (Т.К. Адам болгум келет).

Диалектизмдер көркөм чыгармада жалаң гана тилдик сүрөттөө каражаты эле эмес, сюжет куруу каражаты катары да колдонулат. Буга мисал катары Т. Касымбековдун "Сынган кылыч" романынан Кокон ханы Кудаярдын кыпчактарга жасаган кыргынын сүрөттөгөн эпизодго көңүл бурсак, мында буудайдын "*бугдай*", "*бийдай*" болуп айтылышы бүтүндөй сюжеттик окуяны түзүүнүн борборуна айланган:

"... Ушунун баарын баамдап, сылык көрүнгөн жүзүн жымыйтып турган Нияз кушбеги колундагы бир баш буудайды Касым миңбашынын алдына кармады:

Миң башы... бул эмне?

Жарына албай араң турган миңбашы бурадарын ыразы болбой тиктеди. Ушундай учурда тапкан тамашаңызга жол болсун дегендей түрү. Нияз кушбеги көздөрү сырдуу жылтырап:

- А?.. Муну эмне дейт? ... - деп дагы кайталап сурап, кадалып турду. Бул эмнеси? Баары тиктеп калышты.

- Йе, кушбеги! .. Бул эмне деген ойнуңуз? Бул эмне, бул бугдай го? Өзүңүз көрбөй турасызбы, кушбеги? Йе ... - деди Касым миңбашы тырчып.

- Рахмат ... - деди кушбеги көзүн сүзө. Анан буудайды Кедейбай даткага сунуп баратып, анын хандын бир тууган тагасы экендигин сыйладыбы, же анын артында турган элеттин салмагы токтоттубу, кайра тартып алып, датканын төмөн жак катарында отурган Абилге кайрылды:

Сиз айтып коюңчу, мырза бий, бул эмне?

Абил чоочуркап карап:

- *Буудай* ... - деди акырын. Нияз кушбеги ыразы болгондой жылмайып башын ийкеди. Ал буудайды Нармамбет датканын бетине өтө жакын кармады:

Кана, энди сиз айтыңчы ...

Нармамбет датка итиркейи келгендей:

Көрүп турасыз, эмне өзү? – деди. Нияз кушбегинин көздөрү суун кетти:

- Мен сизден сурап турам, датка. Сизден укканыбыз кызык.

-... *Бийдай!*

*Бийдай* ... - деп такмазалады Нияз кушбеги мыйыгынан жылмайып.

-Гм ... *Бийдай* ... Кыпчакты ушул сөзүнөн тутуп алса болот а, датка? -

-Дагы?

Нияз кушбеги Нармамбет датканын сөзүн атайы барктабай жоопсуз калтырып, Кудаяр ханга эңилип таазим кылды да:

- Мына, аллаяр ... Ушул жалгыз сөздөн кыпчакты тутуп алса болот. Падишах! Башыңыздагы бактыңыз, дөөлөтүңүз, калкыңыз тынч болсун десеңиз падишахтын өз кулагы укту го, кыпчактын каргыш тийген уругу али үзүлбөптүр, мына ушерге да кирип келиптир, жарлык бериң, миңбашы мына бул кылкылдаган ак кулдарыңыздын ичинен азыр терип таштасын ...

Бир заматта желдеттердин баарынын колунда бирден баш буудай пайда болду.

Чум кара кийим желдеттер кыркар тартып, элдин бир четинен түшүп, бет келген кишиден буудайды бетине такап сурап киришти.

Бул эмне?

- *Бугдай* ...

- Бул эмне?

- *Бугдай* ...

Тополоң түштү. Кишилер дүрүлдөп үркүп качып, бирине бири калкаланып, бирин бири кара тутуп, үрөй учту, аң учту.

- Бул эмне?

- *Буудай...*

- Эмне? Кайта айтчы!

*Буудай...*

Андан нары.

- Бул эмне?

- *Бугдай ...*

- Сен! ...

Кебетеси жүдөө, ала чапан кийген адам бетине тосулуп турга буудайдан айбыгып кетти. Суроону түшүнбөй калгандай маңыро тартып, көздөрүн алайтты. Жанында турган киши (өзү да жооп берд го) күйкөлөктөп:

- *Бугдай да. Бугдай* дебейсиңби. Хасанали ...

- Сенден ким сурады! Жайыңда жым тур! - деди желдет ага, ана тигиге айкырды:

- Тез! Бул эмне? Тез!

Кишинин эриндери кыбырады, бирок үн чыкпай калтырак басы артына кетенчиктеди:

- *Би ... Би ...*

Бир кубарып, бир кызарып, куду жарга камалган мал сыякт бүткөн бою менен кылчылдады. Шек алып, желдеттин көздө кыпкызыл болуп кетти:

- Эмне?!

Кишинин куту учуп, көпкөк болуп кеткен эриндери титире артына кетенчиктеп, жалт-жалт каранып сыйпаланып, ошол жак жердин жарыгы болсо да түшө качып кетчүдөй тырмаланд жанталашты:

- Менин күнөөм эмне? ... Мен эмне кылдым? ... Эмне кылдым? Ы ...

Эмне кылдым? ...

Желдеттин бою кечки көлөкөдөй узарды. Калбыйган оозу чоюл түштү. Кош миздүү муздак болотту бийик көтөрүп улам кыс жакындады.

- Эмне? Мен эмне...

- Кыпчак!

А-а-а...

Оор болот шарт деп тийди. Дене топуракка оонап жатып калд Нары.

- Бул эмне?

-*Бугдай...*

- Бул эмне? Тез!

-*Бугдай...*

-Бул?

-О, жараткан... *Бугдай... Бугдай...*

Каландар керберсиген эриндерин кыбыратып, күнгө, терге бышкан каратору жүзүн бырыштырып, ар топко бир барып, озондоп дагы ыр айтып басып жүрдү».

Жогоруда келтирилген бардык учурларда диалектизимдер адабий чыгарманын тилинин толук баалуу көркөм компонентинин ролунда көрүндү.

Көркөм чыгармада жолуккан бардык эле диалектизмдердин көркөмдүк жактан колдонуш жүйөсүн тике же кыйыр себеп менен, маселен, каармандын кебинде колдонулгандыгы менен, адабий тилде туюнта турган ылайыктуу сөзү болбогон элеттик нерсени атоо зарылдыгы менен ж.б. аркылуу конкреттүү далилдеп түшүндүрүү мүмкүн эмес. Анткени диалектизмдердин көркөм чыгармада колдонулушунун мындан да алда канча татаал себептери бар. Айталы, чыгармага аңгемечинин же болбосо кабылдоочу каармандын образын киргизүүгө байланыштуу да диалектизмдерди колдонууга туура келет. Бирок бул жүйөлөрдүн ичинен автордун образы өзгөчө мааниге ээ, анткени ал сүрөтөлүп жаткан чындыкка карата өз мамилесин билдирүү менен, көркөм чыгармада дайыма, баштан-аяк катышат. Көп диалектизмдердин колдонулуш жүйөсү тике болбостон, автордун жалпы багытына жараша болот. Мына ушул багыт автордун образынын маанилүү аспектилеринин бирин жүзөгө ашырат жана акыры барып диалектилик лексиканы кантип тандоо, аны канчалык өлчөмдө адабий чыгарманын тигил же бул композициялык бөлүгүнө кийирүү керек экендигин аныктайт. Диалектизмдер жазуучулар тарабынан кандайдыр бир нерсени сүрөттө үчүн эле эмес, сүрөттөлүп жаткандарга карата автордун мамилесин ачып көрсөтүү үчүн да колдонулат. Автордун образы дегенибиз – бул сүрөттөлүп жаткан чындыкка карата жазуучунун көз карашы жана ошол көз карашка көркөм чыгарманын бардык компоненттерин баш ийдирүү болуп эсептелет. Ал жазуучунун жеке стилдеринин айрым фактыларынан чогулат, ал эми диалектизмдер –так ошондой фактылардын бири. Аларды колдонуу менен автордун образынын эң бир көрүнүктүү, маанилүү жагы ачылат, автордун чыгармачылык жүзүнүн аспектилеринин бири жүзөгө ашырылат. Бул жагынан алганда, Т.Касымбеков, Ш. Абдыраманов, М. Гапаров ж.б. жазуучулардын өздөрүнүн чыгармаларында диалектизмдерди кеңири колднушун

алардын көркөм чындыкка карата умтулуусу катары түшүндүрүүгө болот.

Диалектизмдердин колдонулушуна жараша көркөм чыгарманын бирдиктүү тилдик негизин бөлөк-бөлөк жекече контексттерге бөлүштүрүү белгилүү өлчөмдө шарттуу мүнөзгө ээ болот, мындайча бөлүштүрүүдө дайыма алардын ортосундагы чекиттин туруксуздугун, так эместигин эсте тутуу керек. Көп жазуучулар, өзгөчө диалектилик лексиканы жакшы билген жазуучулар, көркөм лексиканын мындай элементтерин баяндоонун бир түрүнөн экинчи түрүнө, маселен, персонаждын тике сөзүнөн автордук кепке же анын тескерисинче кылып, оңой эле алмаштырышат.

Таралыш территориясы боюнча алып караганда, жазуучулар тарабынан адабий чыгармаларга киргизилген диалектилик лексика өтө эле ар түрдүү. Кээ бир диалектизмдер абдан тар территорияга таралган, алар кыргыз тилинде сүйлөгөн тар чөйрөдөгү адамдарга гана белгилүү. Мындай диалектизмдер айрым говорго же говорлордун тобуна гана тиешелүү, ошондуктан буларды жазуучу кайсы говордон алгандыгын бир кыйла так аныктоого мүмкүнчүлүк болот. Диалектизмдин мындай тибинен конкреттүү говорду өтө жакшы билген жазуучу гана пайдалана алышы мүмкүн. Мындай типтеги диалектизмдерге Т. Касымбековдун чыгармаларында колдонулган *жынс, калдач, чарс, шапата, эрнөө, кесмана, кесманачы, абире, шалдама, чосмо, тогорок, токмейде, суусокто, мугамыр, кердеш, тажык, корчоло, ындыт, абжал, корээли, мүзөл, сазе, үгөндү, тоозун, ооберме, ойрума, энчер, жоосанда, мүйүш, кузара, кыйгаз, асил, асилдүү, чилги, зап, такмын, убанч, уван, бине, пайнем, шагдам, шагдан, марзе, эштендек, гүлас, шем, найын, уун, сасирең, кунава, байымын, ырайыш, кошкана, козучак. коренди, ысмалак, пеште, тазия, жанкеп, чөкөрлө, чогура, азет, аптеши, үдө* деген сыяктууларды келтирүүгө болот. Мисалы: «Мойну тердеп кетти, соорусун карасам, эти *калдач* болсо да, куюшкан алды ак көбүктөнүп чыккан экен»; «Мындай учурда *чарс* кыял жылкы болсо, баракты торойто тээп салмак» (Туулган жер). «-Челегиңди көңтөр! Уктуңбу? Акча десең мына! Бир сен эмес, үч *кесманачынын* бозосуна жетет»; «Эл катары колхозго да иштебейт. *Кесмана* сатып, күн батырып жүрөт»; «Бала менен тилдешсе, *абире* албасын Чоро билип, кыт-кыт күлгөн болуп, баланын атасы жөнүндө акарат кылып, Көкөнү күйдүрө баштады»; «Бозо турмак *шалдамасын* бекер уртатчу эмес эле ... эми карасаң, ысылыгына тоок соет, жумуртка кууруп ...»; «Адатынча мурдун шыр тартып алып, текматына кысталып жүргөн *чосмосун* өзгөчө бир кыяс

менен кекирейтип туруп, кармалап койду»; «Анан ал сол тараптагы чоң *тогороктун* түбү ченди жаңсады да, бүйүртө басып алдыга түштү»; «Бир-эки алгыча, кандайдыр көңүлү чаппагандай, *токмейде* өңдөнүп, оокатка анча үзүлүп түшпөдү»; «Түндөгү *суусокто* шалдама өзөккө түшүп, жүрөгүн ого бетер үзө тарткызып койгон эле». «Таза ниет *мугамырлардын* балбан колдорунда турмуш барскандары карса-курса ойноп, миң түтүктүү көөрүктөрү куу-шуу эте баштаган эле ...»; «Дубалдын үч *кердешине* түркмөн уздарынын колунан чыккан, түрү көз тайдырган килемдер тартылган»; «Оңолмок түгүл экинчи бучкак карматпай *тажыгып* кетер»; «Жубайын мындан ары эч жамандыкка кириптер болбосо экен деп, өз ичинен купуя *корчолойт*, көңүлүнүн тереңинде тилек кылат»; «Ким билет? Жетим баккан кыйын болчу эле, *ындыты*, милдети болчу эле ...» деген ою сезилип турду»; «Анын үстүнө арыктагы суунун шарапаты менен *абжалып*, жашаң кайрадан күдүрөйө дагы өсүптүр»; «Анда-санда гана *корээли* камыштын куудураган жалбырактарынын арасында улам бирине куйтуңдап өтө калып, «чийип! ...» деп койгону болбосо, кыбыр эткен жан жок»; «Замана дегениң өзү тынымы жок көч *музөл*» (Жетим). «Бир оокумда апам: Ой ... эмне мынча үрпөйдүң, окубаса жүрөр! - деп сазе айтып жиберди»; «Столдун үстүндө каткан боорсоктун *үгөндүсү*, дарбыздын таза кемирилген бөчөгү калыптыр»; «Аттын тизгинин тамдын соройгон *тоозунуна* иле салып, кайра келип көчкөн жерден аткепенин ичине башбактым»; «Анда Канымкул башын ийкегилеп, *ообермe* баласынын жоругун ырастабайт бекен»; «Артынан *ойрумада* бир атчан жете барыптыр»; «Арык чырай, бою *энчер*, ирик соккон боз таардай чаар»; «-Ой, а - деп эле *жоосандай* бересиңби? Чүнчүттүн го баланы?! - деп, апам чыдабай мага жан тартты»; «*Мүйүштөн* чыга берсем, шактары тарбайган бай түп алманын түбүндө бир үй тигилип туруптур»; «...Базары өтүктөн *күзара* кылып, бир жакшылап тигип берем өзүңө»; «Ар бир түбү экиден-үчтөн бала кучактап, *кыйгаз* дүмбүл кези экен»; «...Көрүп турабыз, ой ушундан эки центнер *асил* алсаңар, атаң экөөңө, мына мурдумду кесип берейин!»; «-Оух! *Зап* бышкан экен да, өзү да!»; «Мына, *такмыным* туура чыкты»; «... Ойногонго жараша беш жүз сомчо *убанч* чогултуп алып, анан ойнош керек»; «Чынында, жанында *уванч* болбосо иштин арык аттаары арсар»; «-...Атасы жок бала *бине* болмок беле, сен наристеге шек келтирбе! - деди катындардын бири арына келип»; «Бирок *пайнеми* бободу»; «Шылкылдап күлүп, кээде кыңылдап ырдап жеберип, нары карап турган теңтуштарын картошке менен топ дегизе уруп калып, жок жерден тамаша, оюн чыгарып, *шагдам* жүрөт»; «Садыр

ылээндилерге корсулдап жатып, кетмен-күрөктөрдү *марзедеги* алмуруттун түбүнө чогулттурду»; «Канткен менен кыз да, ал кездеги *эштендек* мүнөздү артка калтырып, адеп сактап, эркектен айбыгып, ыгы менен, ылайыгы менен сүйлөп калыптыр»; «Же тултуң этип жүргөн бойдон кетип кала албай, же мисирейип менин жүзүмө тике карай албай *гуластай* кызарды»; «Баягы тоголок каттын азабынан чыккан жаңжалдаң кийин атамын *шеми* тайган»; «Комуздун көөдөнү боздогон каймалдын көмөкөйүндөй күңгүр чалып, чыйрак кыл беш бармактын *уунда* шыңгыр какты»; «Бырыш баскан сасиреӊ жүзүнөн ылдый кулаган ысык жашты көрүшүм мага жеңил келмекпи ...» (Адам болгум келет); «-Вах! Этият болгула, бармагыңарды кырча тиштеп аласыңар, этият болгула. Өзүм басып, көп *кунава* жеп атып ...»; «Эсен *байымын* басып турган эле» (Жетилген курак);

«И?
Неге ыйлагандайсын, кызым,
Ыя, күйөөң жайсыз жерденби?
*Ырайышы* келбеген,
Күлү додо болбогон,
Тойбогон токур элденби?» (Алымкан).

«Көк эшегин «кых» деп теминип, бир абынка *кошкананын* жанынан өтүп баратты»; «Бири козулап, *козучагын* тамыры ийип эмгизе албайт, тойпоңдотуп ээрчитип, эне кумарын кандыра албайт, көрүп көзү кана элегинде козучактын териси сыйрылат»; «Кадыркул этке башынан *корендн* болгон киши эмеспи»; «А эненин ою, көздөгөнү башка, кара жерден жей турган «*ысмалак*» деп аталган майда жалбырактуу чөп издейт»; «Көйнөгү жуулган, сакалы таралган, кудай буюрса жаңы төшөк басууга өзүн өзү пештеп алган»; «...Каным көгүнө таянып, «Атам баладан кечкен күнү эле мен атадан кечкем!» деп, *газиясына* барбай койду»; «Каным леп тура калып, жыты буруксуган жүгөрү талкан экен, ченеп бир жанкеп салып, ченеп бир пияла суюк атала жасады ...»; «*Чөкөрлөп* суудан чакасына нары карап отуруп куя баштады»; «Эки тоонун аралыгындагы кең өрөөн чалкайып дагы кең сезилип, ар жеринде *чогурагаи* кыштактары, акталган үйлөрү күкүрттүн кутусундай ирээттүү»; «Келин эми Эсенди астыртан тиктей: «-Жалгыздык *азет* экен го, чиркин?! ..» - деп сөз улады»; «Жорокул *аптешинин* сөзүн уккан жок ...»; «...жазуучу болуп кетмекчи болуп, бирдемелерди тантырап жазып, газеталардын улагасын жыртып, андан *удө* чыкпай ... минтип тик турмаларда жүрүп калган болучу» (Жетилген курак).

Диалектизмдин башка бир тиби, адабий тилдин лексикалык нормасынын чегинен тышкары турган менен, кыргыз тилинин көпчүлүк говорлоруна кеңири тараган. Ошондуктан алар кыргыз тилинде сүйлөгөн көпчүлүк адамдарга аздыр-көптүр белгилүү болот. Мындай диалектизмдердин так ареалы жок, алар кыргыз адабий тилинин диалектинин, говордун эсебинен байышынын негизги тенденциясы менен биринчи типтеги диалектизмдерге караганда бир кыйла тыгыз байланыштуу болот. Маселен, кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармаларында колдонулган *шып, дарча, айван, далис, шыйпаң, чаркар, пакса, чарпая, астана, төлө, панжыра, акчечек, барик, жегде, көзөө, үкө, жеңгел, пияла, шүдүгөр, ашына, күкүрт, шише, кашек, ноода, оропара* сыяктуу бир кыйла кеңири территорияга тарап, көпчүлүккө түшүнүктүү болгон айрым диалектилик элементтер жалпы элдик адабий тилден орун алса, анын сөз казынасын толуктап, синонимдик катарларын байытып, туюнтуу жөндөмдүүлүгүн арттырар эле. Бул тууралуу акад. Б.М.Юнусалиев «Кыргыз адабий тилинин маанилүү маселелери» (1954) деген макаласында: «Түштүк райондордогу кыргыздар түндүктөгүлөргө караганда илгерирээк отурукташкандыкка, дыйканчылыктын ар түрдүү тармактарын мурунураак өздөштүргөндүккө жана байыркы доорлордо Орто Азиянын маданий борборлору менен алакалаш болгондукка байланыштуу, адабий тилибиздин сөздүк составын көп маанилүү терминдер менен байыта алат...Адабий тилибиз курулуш терминологиясына кедей, ал эми түштүк говорлордогу *шып, торсун, серап, дарча* жана ошол сыяктуу сөздөр алиге колдонулбай жүрөт. Түштүк говорлор пахтачылык, багбанчылык, бакчачылык терминологияларына да бай. Кыргыз тилинде сүйлөөчүлөрдүн теңине жакынына белгилүү болуп тургандыктан, андай сөздөрдү тартынбастан адабий тилге киргизүүгө толук негиз бар», - (1985: 326-327) десе, «Адабий тилибиздин диалектилик базасы жөнүндө» (1962) деген макаласында жогоруда аталган тармактык лексика тууралуу айтып келип, ал: «Асыресе бул жагынан түштүк диалектилердин мол мүмкүнчүлүгү бузулбаган дың сыяктуу кебеле элек десек жаңылышпайбыз...Жергиликтүү диалектилер адабий тилдин негизин түзүүгө кандай бүт катышкан болсо, алар адабий тилдин мындан ары өрчүшүнө да, биринчи кезекте, анын сөздүк байлыгын арттырууга бүт активдүү катышып, ар бири белгилүү даражада өз үлүшүн берүү керек», - (1985: 350-351) деп белгилеген. Бирок бул айтылгандан ар кандай эле диалектилик лексиканы адабий тилге киргизүүгө болот экен деп түшүнүүгө болбойт. Адабий тилди диалектилердин эсебинен

байытуу жана диалектилик элементтерди көркөм адабияттын тилинде пайдалануу маселеси жөнүндө сөз болгондо, өтө кылдат мамиле, ченемди туя билүү сезими талап кылынат. Жазуучу өзүнүн чыгармасынын тилин башкалардан өзгөчөлөш үчүн ылгабастан эле колго тийген жергиликтүү материалды пайдалана бере албайт. Ал ошол көп сандаган жергиликтүү материалдардын ичинен абдан мүнөздүүсүн, таасирдүүсүн тандап алуу керек. Ансыз чыгарма көркөм искусство болуудан калып, натуралисттик ремеслого, кунарсыз фотографияга айланып кетет.

Кээ бир жазуучулардын диалектизмдерди экспрессивдүү каражат катары гана пайдаланып, анын семантикалык маанисин бузуп колдонгон учурлары да кездешет. Диалектизмдердин маанилик жагын эске албай, белгилүү экспрессия үчүн гана колдонуу адабий чыгарманын образдык системасын бузат, анын көркөмдүк эффектисин төмөндөтөт. Буга мисал кылып Ш. Абдырамановдун «Жарык дүйнө» повестинде *даштибиябан* деген диалектилик сөздүн семантикалык маанисин бузуп колдонгонун жогоруда белгилегенбиз.

Эне сүтү менен говордо оозанган жазуучу демейде диалектизмди өз маанисине толук ылайыктап колдонот. Бирок өз турмушунда диалектиден адабий тилге өткөн жазуучулар чыгармаларында аң-сезимсиз түрдө диалектизмдерге дуушар болушу мүмкүн. Муну биз элеттен чыккан кыргыз жазуучуларынын кыйласынан эле байкайбыз. Алар өздөрүнүн чыгармаларында эч кандай эстетикалык зарылчылыксыз эле, персонаждардын кебинен тышкары, автордук баяндоодо да адабий тилдин нормасынан айырмаланган фонетикалык жана морфологиялык диалектизмдерди колдонушат. Мисалы:

а) Эриндүү созулмалардын ордуна дифтонгдордун колдонулушу: «...артынан *куба* жетип, же алдынан тосо чыгып, жулкуп алып кете тургандай Эшимдин колун бек кармап, ошол жерден тезирээк, эптеп эртерээк узап, көздөн далдаа, сөздөн далдаа кетүүнү самады»; «Мээ ооруткан ойлор ноюттубу, *экөбү* тең ныксырап, шалдырап отуруп калышты»; «*Төртөбү* бата кылышты» (Т. К. Сынган кылыч); «*Экөөбү* тең жер карап, тынчтык аралады ортону» (М.С. Колукту).

б) Адабий тилдеги кыска үндүүнүн ордуна созулма үндүүнүн колдонулушу: «Жаңы мугалимдин сыпаа жүрүмү, үлпөт отуруштарга кошулбаганы астыртан баарын эле *чоочутуп* жүргөн» (Т.К. Жетилген курак); «Башта Батийналардын жолун тороп, ырысын кырккан *адаатка* эми шек кетип, «сүйдүм, тийдим» жолу менен каалаган каалаганына бара баштады» (Т.С. Зайыптар); «Үй ичи бул *араада* чымындын ызылдаганы угулгандай жымжырт болду» (Т.С. Биздин

замандын кишилери). «Аба *даары,* темир ыстанып, айлана куйкум, кан жыттанат» (И.С. Токой күңгүрөнөт).

в) Айрым сөздөрдүн аягына үндүүлөрдүн ашыкча кошулуп берилгендиги: «*Морудан* түтүн буруллап, койдун чыбашы, сасык кыктын жыты урду» (Т.К. Адам болгум келет). «Уруш башталгандан бери колхоздо почточу болуп, кан майдандан келген жакшы, жаман кабарларды мындагыларга жеткирип турган буурул сакал, *бүкүрү* абышка» (Ж.Мав. Күтүү).

г) Сөз башындагы *м* тыбышынын ордуна *б* тыбышынын колдонулушу:

«Кишилердин бири балбалактап, *бууну* бошоп, атынан оонап түшө баштады» (Т.К. Сынган кылыч);

д) *с* тыбышы менен *з* тыбышынын алмаштырылышы: «Катуу *кезек* чаң ызгып, кулак туштан желпип өткөндө Ырайымкандын жалтанбаска, токтобоско чарасы жок да» (Т.К. Жетим); «Сыдырым жүргөн желге баягы баш алган буудай деңизче чайпала түрү бирде кочкул кызгылт, бирде *босомук* көгүш тартып көрүнөт эле» (А.С. Жаңы тууган); «Кечүүгө жеткенде кер бышты сууга *үстүгө* жуткунуп, ооздугу менен сууну чурк-чурк шимирип токтой калды» (Т.К. Адам болгум келет). «Тизеге оролгон тоө туланынан *кепич-маазысын* щеткалатып жай баскан эне жамбаштай тизе бүктү» (Ш.Б. Данакер); «Султанаалы атчан, трийке кемселинин топчуларын чыгарып, деле *ызуулап* кеткенсип желпинип коет» (К.К. Атай).

е) Адабий тилдеги *жаңгак* дегендин ордуна *жаңак* болуп колдонулушу:

«Өтөгү күдүрөйгөн *жаңак,* ак чечектүү бадал» (Т.К. Сынган кылыч); «Тургунбектер ушул топ *жаңакка* жеткенде токтой калышып, ...көйнөгүнүн этегин толтуруп түшө турган» (Ж. Мав. Ачык асман).

ж) Адабий тилдеги *чынжыр* дегендин ордуна *жынжыр* болуп колдонулушу: «Ордонун кечеги айбаттуу билерманы Кокон базарынын ортосундагы атайын курулган бийик жыгач секиде кара темир *жынжыр* менен бек чырмалып, үстүндө ыштанынан башка эчтемеси жок, жылыңач турду» (Т.К. Сынган кылыч);

з) Чакчыл формасындагы негизги этиштер менен айкалышып келип, татаал учур чакты уюштурууучу адабий тилдеги *жат, тур, отур, жүр* деген жардамчы этиштердин көркөм чыгармаларда диалектилик (говордук) *жатыры, туру, отуру, жүрү* түрүндө берилип калышы: «Жылкылардын оттогону оттоп, калгандары магдырап көк жайытта жуушап *жатыр*» (Ш.Б. Данакер); «Айкашканы тамеки бригадири минип *жүрү*» (А.Ж. Биз атасыз өскөнбүз).

Мында биз көзгө даана көрүнө калган фактылар жөнүндө гана сөз кылдык.

Адабий чыгарманын тилинде диалектизмдердин алкагын кеңейтүү, б.а. көркөм текстке жаңы стилистикалык каражаттарды киргизүүнүн өзү стилистикалык жаңылык болуп эсептелет. Бирок мындан көркөм чыгармага диалектизмдерди канчалык көп киргизсе эле, ошончолук көркөмдүк натыйжага жетишүүгө болот экен деп ойлоого да болбойт. Көркөм чыгармага диалектизмдерди ашкере көп киргизүүдөн автор ойлобогондой терс натыйжа чыгып калышы ыктымал. Көп санда киргизилген диалектизмдер көркөм текстти оордотуу менен, адабий тилдин нормасын бузуп, диалектини көздөй артка чегиндирет да, ошонусу менен окурманда терс таасирди пайда кылышы мүмкүн. Бардык эле көркөм чыгармада анын жеке өзүнө тиешелүү тилдик нормасынын деңгээли болот, бирок баары бир анын негизин адабий тил түзөт. Көркөм текстте тилдик ченемди туя билүү сезими сакталбай, диалектизмди киргизүү мүмкүн болгон чектен чыгып, адабий тилдин нормасынан ыгы жок эле четтеп кетсе, текстти окуп түшүнүү оордойт жана адабий тилде сүйлөгөн окурманга ал текст көркөмдүк жактан толук баалуу эместей таасир калтырат да, анын кыжырын келтирет.

### 4-§. Поэзиялык чыгармалардагы диалектизмдер

Поэзияда диалектизмдер прозадагыдай эле стилистикалык кызмат аткаруу менен бирге, андан тышкары версификация (ыр түзүү) каражаты катары да пайдаланылат. Маселен, Р. Шүкүрбековдун атактуу «Жинди суусунан» алынган:

«Көрөсүң күндө жанжалды,
Сүзөсүң терек, талдарды.
Билбей мээң айланып,
Кийбейсиң кээде *чалбарды.*
Маймыл көргөн немедей,
Ээрчитесиң балдарды
Баткакка оонап каласың.
Турууга сенде ал барбы» - деген үзүндүдө *чалбар (чалбарды)* деген диалектилик сөз *жанжалды, талдарды, балдарды, ал барбы* дегендерге уйкашып, ырдын рифмасын түзгөн.

Диалектилик элементтерди рифмалык каражат катары акын Б.Сарногоев да кеңири пайдаланган. Мисалы:

« - Кимсиң балам?
- Акынмын.
- Акыны бар акындын.
Таш талкалап жол түзөп,
Мен да келе *жатырмын*» (Карыянын жообу);

«Согуш ...Согуш ...Соолуп бүтүп акыры,
Жеңиш алып эл көңүлү ташыды.
Ошондогу кол жетпеген бут кийим,
Азыр үйдө мени кий деп *жатыры*» (Буттар);
«Ырчынын алпы Осмонкул
Ыр жандуу калктын баласы.
Тоо булбулу таңшыган
Токтогул болсо агасы.
Жайык жердин торгою
Жамбыл экен *тагасы*
Ал экөөнөн кем түшпөйт
Айтып кеткен санаты» (Осмонкул агама);
«-Осмонкул болчу тилегим,
Ошондон тартып жанданды.
Журналга ырым бастырып,
Беришти бир топ жардамды.
Таптаза кийим кийинип,
Таштадым эски *чалбарды*» (Көк-Арык) ж.б.

Диалектизмдер поэтикалык чыгармаларда ыр саптарындагы муун өлчөмүн сактоо үчүн да керектелет. Маселен, акын Т.Кожомбердиевдин ырларында, поэмаларында төмөнкүдөй диалектизмдер ыр сабындагы муун өлчөмүн сактоо үчүн пайдаланылган:

а) Сөз ичинде үндүү тыбышы түшүрүлгөн диалектизмдер:
«Жазында бардык жүрөк өмүр кошот,
*Унтулуп* өлүм калат артта, ыраакта» (Оттон өскөн кызыл гүл).

Мында адабий тилдеги *унутулуп* дегендин ордуна *унтулуп* болуп, ыр сабы бир муунга кыскартылган. *Унт-* түрүндө «Атама», «Кулпулар», «Экинчи энем Уулчага », «Согуштагы балалык», «Эне жүрөгү», «Апа бала жана түн», «Апа» деген чыгармаларында да колдонулган.

б) Сөз аягындагы үндүү тыбышы түшүрүлгөн диалектизмдер:

«Арык, чабал, айырмасыз кенеден,
Балчык кечип, *кокоч* кетпей денеден,
Атасына күйгүлтү түшүргөн,
Эрке калган, эрте калган энеден,
Ошол менби?» (Ошол менби?).

Бул жерде адабий тилдеги *кокочо* дегендин ордуна *кокоч* болуп, муун саны кыскарган.

в) Метатезанын натыйжасында муун саны кыскарган диалектизмдер:

«Эл менен бирөө өлсө, мен да барам.
Узатып, чеңгелдектеп *турпак* салам» (Түн жана апа).

Адабий тилдеги *топурак* деген сөздүн говордогу *турпак* формасы ыр сабындагы муун өлчөмүн сактоо үчүн кызмат кылган.

г) Сөз аягына ашыкча муун кошулган диалектизмдер:

«Сенден алган бир *чеңгелдек* топурак
Учуп кетчү балапан деп сеземин» (Меkенге).
«Жей берип кекиртектен кермек текей,
Байлыгым бир *чеңгелдек* байчечекей» (Балалыкты эскерип).

Адабий тилдеги *чеңгел* деген сөздүн аягына ашыкча муун кошулган говордогу *чеңгелдек* формасын колдонуу аркылуу акын ырдын муун өлчөмүн сактоого жетишкен.

Поэзиялык чыгармаларда диалектизмдер аллитерация жана ассонанс ыкмаларын жаратуу үчүн да пайдаланылган:

«*Казыр* да көз алдыман сызып өтөт,
Кыйчылдак арабалар өлүк тарткан» (Түн жана апа).
«Аз да болсо ак эмгегин актоого,
*Абан* салам апакебай жөнүндө» (Апа).

Жогорку ыр саптарында адабий тилдеги *азыр* деген сөздүн ордуна төмөнкү Чүй говоруна мүнөздүү *казыр* формасы кодонулуу менен, ыр саптарынын башында *к* тыбышынын кайталануусу аркылуу аллитерация түзүлсө, төмөнкү ыр саптарында *обон* дегендин ордуна *абан* болуп колдонулуп, ыр саптары *а* тыбыштары менен башталып, ассонанс пайда болгон.

Акырында, поэтикалык боёктуулукка ээ болгон диалектизмдер ырдын көркөмдүгүн арттырып, такстке көтөрүңкү, салтанаттуулук маанини киргизет (Аширбаев Т., 2000б: 156):

*Газалдардын* көрүп шалпар көйнөгүн,
Муну эстедим баарын коюп өңгөнүн:
Тыт баригин кырк күнү жеп жибек курт,
Сулууларга жибек чубап өлгөнүн (Ж.Мам.).

Бирок дайыма эле кыргыз акындары диалектилик, говордук өзгөчөлүктөрдү ыр түзүүнүн зарыл каражаты катары колдонбой, жөн гана жалпы улуттук тилдин адабий нормаларына этибарсыз мамиле жасоодон келип чыгып калган учурларды да байкоого болот. Муну биз, өз кезегинде поэзия ышкыбоздору жылуу тосуп алган Турар Кожомбердиевдин «От өчпөгөн коломто» жыйнагына кирген ырларына жана поэмаларына көз жүгүртсөк, ачык көрө алабыз. Акындын поэзиясында жолуккан диалектизмдердин бир кыйласы жогорудагы сыяктуу эстетикалык жүк көтөрбөстөн, карандай эле автордун кептик көнүмүшүнүн фактысы болуп эсептелет. Анын чыгармасындагы диалектилик мүчүлүштөр негизинен кыргыз адабий тили менен диалект, говорлордун ортосундагы төмөнкүдөй фонетикалык айырмачылыктарга байланыштуу:

а) Адабий тилдеги кыска үндүүнүн ордуна созулма үндүү колдонулган. Мисалы:

«Канча жылдар *жоортуулдасын* санаса (ад.т. жортуулдасын)
Заман сенин эмгегиңе тараза» (Гүл сунуу);
«Келе жаткан кыштан *чоочуп* турушту (ад.т. чочуп)
Кеткен кейиптер, кеберсиген эриндер» (Апа);
«Канча киши *соолуктаган*, карачы (ад.т. солуктаган)
Жалгыз коюп апам менен өлүмдү
Жардамдашып боло албадык арачы» (Апа);
«Алыста күн күркүрөп, чакмак чагат
*Соолуктап*, көкүрөгү бат-бат кагат» (ад.т. солуктап, Чалкашка);
«Жайдагы гүлдөр *соолуп*, көңүл сыздап, (ад.т. солуп)
Жан жактар салкын тартып, аба муздап,
Күркүрөп-шаркырабай бир калыпта
Күзгү жаан жалбыракты жатат туздап» (Зарыгуу).

*Соолу* - деген сөз бир ирет эмес, бир нече ырында («Үрөн», «Тууган жер», «Кызыл гүл», «Дөң үстүндө толгонуу», «Эне жана от», «Эне жүрөгү» ж.б.) кайталанат. Анын үстүнө, сөздөрдүн тыбыштык түзүлүшү этибарга алынбагандыктан, *солу* - менен *соол* - деген эки башка маанидеги сөздөр ажыралбай, бирдей эле *соолу* - болуп калган. Мисалы:

«Же *соолубай,* же шаркырап агалбай, (ад.т. соолбой)
Же жүрөктүн каалаганын табалбай,
Капаланам, зарыгамын, издеймин,
Алоолонтуп сүйүү отун жагалбай» (Кайдасың сен);
«Күбө го, кылымдардын тарыхтары
Өмүрдүн *соолубаган* арыктары» (ад.т. соолбогон)
(От өчпөгөн коломто).

б) Сөз ичинде катар келген үндүү тыбыш менен үнсүз тыбыштын орундары алмашылып калган. Мисалы:
«Кабат-кабат, *сыйрыса* да түгөнбөй (ад.т. сыйырса)
Катмарлары адамдардын жүзүндө» (Кыргыз күнү);

в) *а* тыбышы *ы* тыбышына алмаштырылган:
«Бирок да үмүт сени *тыштап* кетпейт, (ад.т. таштап)
Бийик бол, өйдө тур деп колун берет»
(Оттон өскөн кызыл гүл).
*Тышта* - «Конок болгон чөкөтаан», «Кармап турат жибербей», «Күн оозунда», «Жашыл жаз», «Досум төө», «Арча бешик», «Апа» ж.б. чыгармаларында да учурайт.

г) з тыбышы *с* тыбышына алмаштырылган:
«Чабалекей жаа огундай атылган
*Жасбай* тапты былтыр учкан ууаны» (ад.т. жазбай).
д) *с* тыбышы з тыбышына алмаштырылган:
«Шапалак шайын тонол, өңүн бузду.
Утуру уюп калган канды *кузду*» (ад.т. кусту). (Вьетнамдык апа);

«Сен жөнүндө баштаарымда ырымды
Телегейим келе калды төп болуп.
Жалкы нерсем санат *жеткиз* көп болуп (ад.т. жеткис)
Столумдан сөздөр өсөт чөп болуп» (Апа). .
*с, з* тыбыштарын чаташтырууларды башка акындардан да көрөбүз. Мисалы:
«Тоолорумду *жасып-жайып* жиберсем, (жазып-жайып)
Ашып түшөр Азиянын теңинен» (Б.С. Менин жерим);
«Ачууланат экөө тең,
Ач көз байга *кесенип* (ад.т. кезенип, Б.С. Токойдогу жолугушуу).
«Кеминде жүз жыл *түгөнгүз* (ад.т. түгөнгүс)
Кендердин көбү Ошто экен» (Б.С. Ош)

«Көмүрдү жагып көө болдум,
Көргөн жан окшуп *кузгандай*» (ад.т. кускандай)
(Б. С. Беш күнкү түйшүк).

е) *к* тыбышы г тыбышына алмаштырылган:
«Бийиктердин жапыздады барааны ...
Жүрүп калды *мүңгүрөөнүн* арааны» (ад.т. мүңкүрөө).

з) Сөз ичинен үнсүз тыбыш түшүрүлгөн:
«-От жак десем бутум деп,
Жатып калдың, ойлосоң!
Оорубайбы буттарың,
*Оропой* тээп ойносоң?» (ад.т. оромпой, Жүкөн менен энеси).

Мисалдардан көрүнгөндөй, акындын поэзиясында учураган автордук өзгөчөлүктөрдүн көпчүлүгү чыгарманын көркөм курулушу үчүн башка менен алмаштырууга болбой турган бирден бир каражат эмес, автордун жеке көнүмүшүнөн келип чыккан кесепеттин натыйжасы болуп калган. Буларды жалпы улуттук адабий тилдеги варианттары менен алмаштыруудан аталган чыгармалар пайда таппаса, залал тартмак эмес.

Бул сыяктуу мүчүлүштөрдү айрым дасыккан акындан да, жаңыдан калем кармаган жаш жазуучулардан да табууга болор эле. Бирок максат алардын бардыгын тизмелеп чыгууда эмес. Биздин айтарыбыз: сөз өнөрүн курал туткан калемгерлер үчүн элдик тил – көркөм сүреттөөнүн соолбос булагы, түгөнгүс кенчи. Аны зергерге тете чебердик менен кынаптап, баркына жете кастарлап, туш келди чача бербей, сарандык менен сарп кылып уруна билсе, көркөм чыгарманын ажарын ачып, сөз устатынын куралын курчутмак.

Бап боюнча жыйынтыктаганда: диалектизмдер жергиликтүү колоритти, кейипкердин реалдуу кеп өзгөчөлүгүн берүү үчүн көркөм чыгармаларда стилдештирүү каражаты катары кеңири колдонулат. Каармандын тике же кыйыр сөзүндө колдонуган диалектизмдер демейде жөнөкөй мүнөздөөчү кызмат аткарып, каармандын сырткы кебетесин гана сыпаттай алган болсо, автордук баяндоого атайылап киргизилген анча-мынча диалектизмдер алда канча татаал стилистикалык функция аткарат, башкача айтканда, автордун жалпы чыгармачылык принцибин аныктап, автордун образынын маанилүү аспектилеринин бирин жүзөгө ашырат.

## КОРУТУНДУ

Көркөм чыгарманын стилин, идеялык мазмунун, образдар системасын туура түшүнүп, терең талдай билүү үчүн анын тилин изилдөө чоң мааниге ээ болот.

Көркөм чыгарманын тилин изилдөө «адабий тил» жана «көркөм адабияттын тили» деген түшүнүктөр менен барып байланышат. Ошондуктан бул маселени туура түшүнүү үчүн кыргыз адабий тили качан, кантип, кандай шартта калыптанган деген суроолорго жооп издөөгө туура келет.

Советтик мезгилдеги идеологияга баш ийдирилген расмий пикир боюнча революцияга чейин кыргыздардын жазуусу, адабий тили болгон эмес деп эсептелип келген. Бирок улут болуп калыптанганга чейин эле кыргыз тилинин жалпы элдик белгилерин өз ичине камтыган оозеки чыгармалары, ошондой эле XIX кылымда пайда боло баштаган басылма жана кол жазма түрүндөгү адабияттар, ар кандай расмий документтер аркылуу кыргыз элинин бирдиктүү нормасы толук калыптанып бүтпөгөн улутка чейинки адабий тили түзүлгөн.

Революциядан кийин кыргыздын улуттук жазма адабий тили түзүлдү. Улуттук жазма адабий тил улутка чейинки адабий тилден бир канча белгилери боюнча айырмаланат: Алар төмөнкүлөр:

1) Лексикалык, фонетикалык жана грамматикалык жактан белгилүү бир нормага салынгандыгы;

2) Бир тилдик жамааттын бардык мүчөлөрүн бирдей тейлөөгө жөндөмдүүлүгү;

3) Тилдик катнашуунун бардык чөйрөлөрүндө колдонулуу мүмкүнчүлүгү;

4) Анын ар кандай функционалдык стилдерге бөлүнүшү;

5) Сөз чеберлери тарабынан узак убакыттар бою иштетилүү процессинде калыптанышы.

Улуттук адабий тил жогорудагы белгилерди толук өз ичине камтуу менен бирге, жалпы улуттук масштабда катнашуунун маанилүү каражаты катары колдонулуп, орфографиялык, орфоэпиялык жана пунктуациялык эрежелер аркылуу нормага салынып турат.

Улуттук адабий тил бүтүндөй улуттун бардык талабын камсыз кылгандыктан, коомдук турмуштун ар кандай чөйрөлөрүн толук

тейлөө үчүн тилдин коомдук функциясына, башкача айтканда, адамдардын ортосундагы тилдик катнашуунун максатына, аткарган кызматына жараша жалпы улуттук тилдин системасында функционалдык стилдердин пайда болуш, калыптаныш жана өнүгүш зарылчылыгы келип чыгат.

Кыргыз адабий тилинде бир кыйла калыптанып калган функционалдык стилдер болуп расмий – иш кагаздарынын стили, публицистикалык стиль жана илимий стилдер эсептелет.

Көркөм адабияттын тилин же көркөм кептин стилин адабий тилдин башка функционалдык стилдери менен бир катарга коюуга болбойт:

Биринчиден, көркөм адабияттын тили кабарлоо же пикир алышуу милдетин гана аткарган тилдин кадыресе функционалдык стилдеринен таптакыр өзгөчө функцияга ээ болгон өзүнчө көркөм кептин стили болуп эсептелет. Анткени көркөм чыгармада тил эки жактуу кызмат аткарат. Тилдин жардамы менен көркөм чыгарма жаралат жана ошол чыгарманын өзүн түзгөн материал да болот, башкача айтканда, тил кадыресе аткарган кызматынан тышкары эстетикалык функцияны да аткарып калат;

Экинчиден, кеңири көркөм контекстте алганда, көркөм чыгармадагы ар бир сөздүн образдуулукка ээ болушу, тактап айтканда, автор түз, номинативдик маанидe колдонгон жөнөкөй эле сөз контекст аркылуу образдуулукка жана көп пландуулукка ээ болот;

Үчүнчүдөн, көркөм адабияттын тили адабий тилдин функционалдык стилдеринен айырмаланып, стилистикалык жактан өтө сыйымдуу жана кеңири келет, аны эч бир тилдик алкак менен чектөөгө болбойт. Көркөм чыгарманын текстине адабий тилдин кадыресе функционалдык стилдеринин кайсынысынын болбосун элементтерин киргизүүгө болот;

Төртүнчүдөн, көркөм адабияттын тили, нормага салынган стандартуу адабий тилдин кандай гана функционалдык стилдерине караганда, кептик катнашуунун"адабий эмес" формаларына алда канча чыдамдуу келет, башкача айтканда, көркөм мазмун менен шартталган болсо, диалектилик лексиканы, карапайым сөздөрдү жана башкаларды көркөм адабияттын текстине киргизүүгө толук мүмкүн жана жөндүү да болот;

Бешинчиден, адабий тилдин функционалдык стилдеринен көркөм адабияттын тили жазуучулар тарабынан башка тилдин лексикалык, фразеологиялык элементтерин колдонушу боюнча да айырмаланат;

Алтынчыдан, көркөм текстте сүрөттөлгөн доорго ылайык ошол эле тилдин өткөн мезгилине тиешелүү болгон архаикалык элементтерди жана автордук стилистикалык неологизмдерди, окказионалдык сөздөрдү колдонсо болот.

Ошол эле учурда, адабий тил менен көркөм адабияттын тили бир эле жалпы улуттук тилдин эки башка кырдаалдагы жүзөгө ашырылышы болуп эсептелет. Көркөм адабиятсыз адабий тил жок, тескерисинче, адабий тилсиз көркөм адабият жаралбайт. Бардык көркөм чыгарманын тилинин негизин адабий тил түзөт.

Иштин негизги мазмунун көркөм адабияттын тилин тарыхый стилдештирүү проблемасы түзөт. Бул проблема акыркы мезгилдерге чейин кыргыз тил илиминде жана адабият таануусунда изилдөөнүн атайын объектиси болбой келди. Ал ошондой эле башка түрк тилдеринде да начар иликтенген.

Тарыхый стилдештирүү маселеси коомдун жана тилдин өнүгүшүнүн өткөн мезгилин реалдуу сүрөттөп көрсөтө турган лингвостилистикалык ыкма катары каралды. Бул проблеманы Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын тилине талдоо жүргүзүүнүн негизинде чечүүгө аракет жасалды. Анткени кыргыз элинин өткөндөгү тарыхый турмушун реалисттик менен көркөм сүрөттөп көрсөтүүдө Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романы өзгөчө орунду ээлейт. Ал - кыргыз адабиятындагы тарыхый роман жанрынын бардык мүнөздүү белгилерине ээ болгон биринчи көркөм чыгарма.

Роман кыргыз элинин турмушундагы эң оор, азаптуу мезгилдердин бири болгон Кокон хандыгынын ээүүсү жана Түштүк Кыргызстандын Россиянын карамагына кошулуунуун тарыхый өбөлгөлөрүн сүрөттөөгө арналган.

Көркөм адабияттын башка жанрларынан айырмаланып, тарыхый жанрдагы чыгарма көркөм чындык менен бирге объективдүү тарыхый чындыкты да туура чагылдырып берүүгө тийиш. Мына ушуга байланыштуу тарыхый көркөм чыгарманын автору чече турган бир катар спецификалык адабий проблемалар келип чыгат, тактап айтканда, тарыхый фактыны көркөм пайдалануу, тарыхый-турмуштук

колоритти түзүү жана ошол тарыхый доордун тилин чагылдыргандай өзгөчө тилди иштеп чыгуу сыяктуу маселелер. Ал эми тарыхый чындык, доордун колорити тилди стилдештирүү аркылуу жетишилет. Ошондуктан Т. Касымбековдун «Сынган кылычынын» тили көркөм адабияттагы тарыхый стилдештирүү системасынын үлгүсү катары атайын талдоого алынды.

Автор өзүнүн тарыхый романын азыркы кыргыз тилинде жаратуу менен бирге, өткөн доордун колоритин жана тил өзгөчөлүгүн элестетип көрсөтүү үчүн борборго карата, б.а. адабий тилге карата перифериялык абалда турган башка лексикалык, грамматикалык жана фонетикалык каражаттарга да кайрылган. Булардын ичинен белгилүү бир элдин тарыхый өткөн мезгилин көркөм сүрөттөөнүн жана тил өзгөчөлүгүн чагылдыруунун каражаты катары эскирген сөздөргө өзгөчө орун таандык.

«Сынган кылыч» романында жазуучу ансыз тарыхый жана көркөм чындыкты реалисттик түрдө берүүгө мүмкүн болбой турган өтө зарыл эскирген сөздөрдү кылдаттык менен ылгап алган.

